МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

НАЦИОНАЛЬНАЯ АКАДЕМИЯ НАУК КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

ОШСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ

МАТЕРИАЛЫ

МЕЖДУНАРОДНОЙ НАУЧНО-ПРАКТИЧЕСКОЙ КОНФЕРЕНЦИИ

«ИННОВАЦИИ И ПАРТНЕРСТВО В УСТОЙЧИВОМ РАЗВИТИИ: БИОРАЗНООБРАЗИЕ, ЗЕЛЕНАЯ ЭКОНОМИКА И ЭКОЛОГИЯ»,

посвященная 65-летию доктора биологических наук, профессора

Болота Карамырзаевича Кулназарова

23-24 мая 2025 года

Ош, Кыргызская Республика

Организационный комитет конференции

Председатель:

Кожобеков Кудайберди Гапаралиевич, ректор Ошского государственного университета, доктор физико-математических наук, профессор;

Заместители председателя:

Эшаров Элзарбек Асанович, проректор по научной работе и инновациям Ошского государственного университета, кандидат физико-математических наук, доцент;

Низамиев Абдурашит Гумарович, директор института естествознания, физического воспитания, туризма и аграрных технологий Ошского государственного университета, доктор географических наук, профессор.

Члены оргкомитета:

Абдуллаева Майрам Дукуевна, профессор кафедры химии и химической технологии Ошского государственного университета (Кыргызстан), доктор технических наук;

Абдурасулов Абдуганы Халмурзаевич, заведующий кафедрой ветеринарной медицины и биотехнологии Ошского государственного университета (Кыргызстан), доктор сельскохозяйственных наук, профессор;

Абдыкааров Абдиманнап Момунович, доцент кафедры зоологии, экологии и биоинженерии Ошского государственного университета (Кыргызстан), кандидат биологических наук, доцент;

Алимжанова Холисхон Алимжановна, ведуший научный сотрудник Института ботаники АН РУз (Узбекистан), доктор биологических наук, профессор;

Алтыбаева Дилбар Тойчиевна, профессор кафедры химии и химической технологии Ошского государственного университета (Кыргызстан), доктор химических наук;

Алымкулова Анара Абдыкуловна, Институт биологии НАН КР (Кыргызстан), доктор биологических наук, доцент, зав. Зоологическим музеем;

Благинин Виктор Андреевич, начальник Управления наукометрии, научно-исследовательской работы и рейтингов Уральского государственного экономического университета (Россия);

Валиев Айрат Расимович, ректор Казанского государственного аграрного университета (Россия), доктор технических наук, профессор;

Гричик Василий Витальевич, заведующий кафедрой общей экологии и методики преподавания биологии БГУ (Беларусь), д.б.н., профессор;

Дундарова Хелиана, главный ассистент отдела экосистемных исследований, экологического риска и природоохранной биологии Института исследований биоразнообразия и экосистем БАН (Болгария), доктор PhD;

Ермаков Вадим Викторович, Институт геохимии и аналитической химии им. В.И. Вернадского РАН (Россия), доктор биологических наук, профессор;

Дженбаев Бекмамат Мурзакматович, заведующий лабораторией биогеохимии и радиоэкологии Института биологии НАН КР (Кыргызстан), член-корреспондент НАН КР, доктор биологических наук, профессор;

Исмаил Туркан, университет Яшар (Турция), д.б.н., профессор;

Каримов Болотбек Акимович, директор ботанического сада Ошского государственного университета (Кыргызстан), кандидат биологических наук, доцент;

Кенжебаев Азамат Арстаналиевич, Министерство природных ресурсов, экологии и технического надзора КР (Кыргызстан), к.б.н., доцент;

Кожошев Арзыбек Орозбекович, Член Коллегии (Министр) по энергетике и инфраструктуре Евразийской экономической комиссии (Кыргызстан), доктор экономических наук, профессор;

Маматкулов Орозбай Идирисович, заведуюший кафедрой ботаники, общебиологических дсциплин и МПБ Ошского государственного университета (Кыргызстан);

Мамедова Афет Огтай гызы, Бакинский государственный университет (Азербайджан), д.б.н., профессор;

Матикеев Курманали, профессор кафедры физической географии, географии Кыргызстана и КСЕ Ошского государственного университета (Кыргызстан), доктор географических наук;

Миралы кызы Анара, проректор по учебной работе Баткенского государственного университета (Кыргызстан), кандидат биологических наук, доцент;

Мухаммад Зафар, Университет Каид-и Азама (Пакистан), д.б.н., профессор;

Нурашов Сатбай Бакытбаевич, заведующий лабораторией микологии и альгологии Института ботаники и фитоинтродукции АН РК (Казахстан), к.б.н., доцент;

Орунбаев Сагынбек Жолчуевич, заведующий центра ГИС и дистанционного зондирования факультета экологической устойчивости и климатологии Американского университета Центральной Азии (Кыргызстан), кандидат физико-математических наук, доцент;

Остроумов Сергей Андреевич, Московский государственный университет им. Ломоносова (Россия), доктор биологических наук, профессор;

Самиева Жыргал Токтогуловна, директор НИИ «Инновационные технологии» Кыргызско-Узбекского международного университета им. Б. Сыдыкова (Кыргызстан), доктор биологических, профессор;

Стамалиев Кутманалы Ыманалиевич, заведуюший кафедрой зоологии, экологии и биоинженерии Ошского государственного университета (Кыргызстан), кандидат биологических наук, доцент;

Стегнар Питер, Международная школа последипломного образования имени Йозефа Стефана (Словения), доктор биологических наук, профессор;

Тожибаев Комилжон Шаробитдинович, генеральный директор Института Ботаники АН РУз (Узбекистан), доктор биологических наук, академик;

Турдубаева Гулсара, и.о. профессора кафедры химии и химической технологии Ошского государственного университета (Кыргызстан), кандидат педагогических наук;

Ферах Сайим, Эгейский университет (Турция), д.б.н., профессор;

Шамшиев Бакытбек Нуркамбарович, Ошский технологический университет (Кыргызстан), д-р с.-х. наук., профессор;

Шатманов Суйнали Токтоназарович, профессор кафедры гистологии и патанатомии Ошского государственного университета (Кыргызстан), доктор медицинских наук, профессор РАЕ (Россия);

Шералиев Бахтиер Махмутали угли, Ферганский государственный университет (Узбекистан), PhD, доцент;

Ященко Роман Васильевич, генеральный директор Института зоологии РК (Казахстан), доктор биологических наук, профессор.

УДК: 574.583

ПАПАН СУУ САКТАГЫЧЫНДАГЫ ЗООПЛАНКТОНДУН МҮНӨЗҮНҮН СЕЗОНДУК ЖАНА ЖЫЛДАР АРАЛЫК ФАКТОРЛОРГО КАРАТА ӨЗГӨРҮЛҮҮСҮ

ВЛИЯНИЕ СЕЗОННЫХ И МЕЖГОДОВЫХ ФАКТОРОВ НА ЗООПЛАНКТОН ПАПАНСКОГО ВОДОХРАНИЛИЩА

SEASONAL AND INTERANNUAL DYNAMICS OF CHARACTERISTICS OF THE ZOOPLANKTON COMMUNITY OF SOME RESERVOIRS IN THE SOUTHERN KYRGYZSTAN (ON THE EXAMPLE OF THE PAPAN RESERVOIR)

Абдымомунова Буниса Аметжановна
Абдымомунова Буниса Аметжановна
Abdymomunova B.A.
улук окутуучу, Ош мамлекеттик университети
ст.преподаватель, Ошский государственный университет
Senior Lecturer, Osh State University
bunisa-08@mail.ru

Абдымомунов Ислам Аметжанович
Абдымомунов Ислам Аметжанович
Abdymomunov I.A
ага окутуучу, Ош мамлекеттик университети
ст.преподаватель, Ошский государственный университет
Senior Lecturer, Osh State University

ПАПАН СУУ САКТАГЫЧЫНДАГЫ ЗООПЛАНКТОНДУН МҮНӨЗҮНҮН СЕЗОНДУК ЖАНА ЖЫЛДАР АРАЛЫК ФАКТОРЛОРГО КАРАТА ӨЗГӨРҮЛҮҮСҮ

Аннотация

Планктон коомдоштуктарынын, анын ичинен планктондук рак сымалдарды жана коловраткаларды түрлүк структурасынын узак мөөнөттүү динамикасынын өзгөрүүсүн илимий изилдөөлөр бир нече негизги аспектилер менен негизделген: экологиялык маанилүүлүк; антропогендик факторлордун таасири; климаттык өзгөрүүлөр; биологиялык көп түрдүүлүк; ресурстарды башкаруу; илимий изилдөөлөр жана мониторинг. Бул изилдөөнүн максаты Папан суу сактагычындагы планктондук рак сымалдардын жана коловраткалардын таксономиялык курамы жана биомассасы боюнча узак мөөнөттүү динамиканы баалоо, ошондой эле суу деңгээлинин өзгөрүүсүнөн көз карандылыгын талдоо болду. Изилдөө суу деңгээлинин термелүүлөрүнө жараша зоопланктондун түрдүк структурасындагы өзгөртүүлөрдү аныктоого багытталган, бул экосистеманын абалы боюнча индикатор болуп кызмат кыла алат. Макалада Папан суу сактагычындагы зоопланктондун динамикасынын суу деңгээлине жараша өзгөрүүлөрүн жылдар бою изилдөөлөрдүн натыйжалуу көрсөтмөлөрү берилген.

Ачкыч сөздөр: *зоопланктон, калак бутуу рак сымалдар, бутак муруттуу ветвистоусые рак сымалдар, коловраткалар, суу сактагыч, сезондук динамика, жылдык динамика, суунун деңгээли*.

ВЛИЯНИЕ СЕЗОННЫХ И МЕЖГОДОВЫХ ФАКТОРОВ НА ЗООПЛАНКТОН ПАПАНСКОГО ВОДОХРАНИЛИЩА

Аннотация

Научное исследование многолетней динамики видовой структуры сообществ зоопланктона, в частности планктонных ракообразных и коловраток, в олиготрофных водохранилищах, можно обосновать несколькими ключевыми аспектами: экологическая значимость; влияние антропогенных факторов; климатические изменения; биологическое разнообразие; управление ресурсами; научные исследования имониторинг. Целью данного исследования заключалась в оценке многолетней динамики таксономического состава и биомассы планктонных ракообразных и коловраток в Папанском водохранилище, а также в анализе влияния уровня воды на эти параметры. Исследование направлено на выявления изменений в видовой структуре зоопланктона в зависимости от колебаний уровня воды, что может служить индикатором здоровья экосистемы. В статье представлены результаты многолетних исследований динамики зоопланктона Папанского водохранилище в зависимости от уровня воды в водоеме.

Ключевые слова: *зоопланктон, веслоногие ракообразные, ветвистоусые ракообразные, коловратки, водохранилище, сезонная динамика, межгодовая динамика, уровень воды.*

INFLUENCE OF SEASONAL AND INTERANNUAL FACTORS ON ZOOPLANKTON OF THE PAPAN RESERVOIR

Annotation

Scientific study of long-term dynamics of species structure of zooplankton communities, in particular planktonic crustaceans and rotifers, in oligotrophic reservoirs, can be substantiated by several key aspects: ecological significance; influence of anthropogenic factors;climate change; biological diversity; resource management; scientific research and monitoring.The aim of this study was to assess the long-term dynamics of the taxonomic composition and biomass of planktonic crustaceans and rotifers in the Papan Reservoir, and to analyze the effect of water level on these parameters. The study aims to identify changes in the species structure of zooplankton depending on water level fluctuations, which can serve as an indicator of ecosystem health.The article presents the results of long-term studies of the dynamics of zooplankton in the Papan Reservoir depending on the water level in the reservoir.

Keywords: *zooplankton, copepods, cladocerans, rotifers, reservoir, seasonal dynamics, interannual dynamics, water level.*

Киришүү

Суу сактагычтар өнүгүүнүн жогорку динамикасы менен мүнөздөмөлөнөт. Бул процесс, жаңыдан түзүлгөн суу сактагычтарда дарыялык агым экосистемаларынын кайра түзүлүшүн байкоо боюнча изилдөөчүлөрдүн көп жылдык изилдөөлөрүндө өнүгүүнүн динамикасын аныктоого жардам берет. Сууну рационалдуу пайдалануу жана башкаруу, суу ресурстарынын экологиялык абалын жана келечегин баалоо, антропогендик таасирдин күчөшү менен суу объектилеринин экосистемасынын кайра түзүлүүсү, алардын абиотикалык жана биологиялык режимдерин калыптандыруу, ошондой эле суу объектилеринин абалына мониторинг жүргүзүү максатында, суу ресурстарын пайдаланууга байланышкан илимий маселелерди чечүү зарыл маселелерден болуп саналат.

Буга планктондук организмдердин абалын суу сактагычтын гидрологиялык жана гидрохимиялык режимдери менен айкалыштырып кароо менен көп жылдык гидробиологиялык изилдөөлөрдүн натыйжаларын теориялык түрдө негиздөө менен гана жетшүүгө мүмкүн. Планктон- көп сандагы нектон (суудагы жаныбарлар) үчүн негизги азык базасын түзөт. Анын сандык мүнөздөмөлөрүн билүү, суу тургундарынын азыктарын жана репродукция шарттарын баалоого мүмкүндүк берет. Планктондун жашоо цикли жана продукциясы жөнүндө маалымат, суу айлануусунун жалпы түшүмдүүлүгүн эсептөөнүн маанилүү аспабы болуп саналат. Көптөгөн планктон түрлөрүнүн, айрыкча каланоиддердин, мейкиндик бөлүштүрүшү суу массаларынын агымын жана дислокациясын жакшы көрсөткүч болуп саналат.

Башкача айтканда, суу чөйрөсүндөгү планктондун курамы, мейкиндик боюнча жана вертикалдык бөлүштүрүлүшү жөнүндө маалымат илимий-теориялык негизди түзөт, ансыз бир тараптан, пелагикалык планктондук суу жаныбарларынын экологиясын изилдөөгө байланышкан маселелерди (азык, миграция, суу жаныбарларынын динамикасы) чечүү мүмкүн эмес, экинчи тараптан, коомдоштуктардын жана экосистемалардын өнүгүшү мүмкүн эмес. Планктондук коомдоштуктардын ар бир звеносун (фито-, бактерио- жана зоопланктон) изилдөө маанилүү. Ошондуктан, планктондун саны жана биомассасы боюнча белгилүү суу булагынын продукциясын аныктоо жүргүзүлөт.

Зоопланктон коомдоштуктарынын түрдүүлүгүнүн көп жылдык динамикасын, анын ичинде планктондук рак сымалдарды жана коловраткаларды олиготрофдуу суу сактагычтарда изилдөөнүн актуалдуулугун бир нече негизги аспектилер менен негиздесе болот: экологиялык маанилүүлүк, антропогендик факторлордун таасири, климаттык өзгөрүүлөр, биологиялык көп түрдүүлүк, ресурстарды башкаруу, илимий изилдөөлөр жана мониторинг. Демек, зоопланктондук коомдоштуктун түрдүк структурасынын динамикасын изилдөө экосистемалык процесстерди түшүнүүгө, сырткы факторлордун таасирин баалоого жана суу ресурстарын башкаруу стратегияларын иштеп чыгууга абдан маанилүү жана актуалдуу болуп эсептелет.

Изилдөөнүн максаты Папан суу сактагычындагы планктондук рак сымалдардын жана коловраткалардын таксономиялык курамы жана биомассасы боюнча көп жылдык динамикасына баа берүү, ошондой эле ушул параметрлерге суу деңгээлинин таасирин талдоо болуп саналат.

Изилдөө предмети: Кыргызстандын түштүгүндө жайгашкан Папан суу сактагычында кездешкен планктондук организмдердин салыштырмалуу-экологиялык мүнөзүн, таксономиялык жана сандык курамын аныктоо.

Материалдар. Изилдөө үчүн материалдарды жыйноо жана кайра карап чыгуу үчүн суу сактагычтын акваториясынан 6 станция тандалды: 1-станция – дамбанын жанындагы участок; 2-станция – калк жашаган тараптагы сол жээк; 3-станция - суу сактагычтын борбордук бөлүгү; 4-станция – дарыя суусунун суу сактагычка куйган жери; 5-станция - суу сактагычтын оң жээги, суу жолунун оозуна жакын; 6-станция - дамбага жакын жайгашкан суу сактагычтын оң жээгинде.

Бул иликтөөлөрдө негизги зоопланктон коомчулуктарын аныктоо, алардын мейкиндикте жайгашуусун жана көп жылдык динамикасын изилдөө үчүн авторлор

(Черепенников жана башк., 2003; Шурганова, Черепенников, 2004; Шурганова жана башк., 2005) сунуштаган көп өлчөмдүү анализ ыкмасы колдонулган. Бул макалада келтирилген жыйынтыктар 2004-2024-жылдарынын ар кандай мезгилдериндеги сезондук байкоолордун негизинде, суу массаларынын салыштырмалуу гидрологиялык туруктуулугу шартында алынган. Зоопланктондун түрлөрдүн санынын көп өлчөмдүү вектордук мейкиндиктеги бирдиктүү түзүмүнө таянуу менен изилдөөчүлөр иштеп чыгып, сыноодон өткөрүшкөн төмөндөгү методдук жактан ыкмалар колдонулду: зоопланктондун негизги түрлөрүн бөлүп көрсөтүү жана суу сактагычтардын акваторияларындагы алардын ээлеген ордун аныктоо; планктон коомдоштуктарынын түр түзүмүндөгү кайра түзүлүштөрдүн багытын аныктоо, жылдык өзгөрүүлөрдүн векторлорундагы «сандык» жана « түзүмдүк» компоненттерин бөлүп көрсөтүү; зоопланктон түрлөрүнүн көп жылдык түр түзүмүнүн динамикасын изилдөө.

Методдор. Проба жыйноо үчүн 2 литрдик планктобатометр колдонулду, анда 2 метр аралык менен суу катмарларынын бардык катмары алынды, эки жолудан кайталанып. Интеграцияланган үлгүлөр планктондук тордон (тордун диаметри 100 мкм) өткөрүлүп, 100 мм³ чейин концентрацияланды жана 4% формальдегиндеги фиксаторлорго салынды. Вегетациялык мезгил ичинде зоопланктондун саны жана биомассасы боюнча маалыматтардын орточо саны алынды. Үлгүлөрдү иштөө авторлор тарабынан жалпы кабыл алынган гидробиологиялык мониторинг методикаларына ылайык түздөн-түз жүргүзүлдү (Руководство…, 1992). Зоопланктондун биомассасы белгилүү бир эсептөө ыкмасы аркылуу аныкталды (Ruttner-Kolisko, 1977; Балушкина, Винберг, 1979) [4]. Трофикалык статусун баалоо үчүн зоопланктондун сапаттык курамындагы өзгөрүүлөрдү изилдөө негизинде А. Х. Мяэметс тарабынан сунушталган Е трофтуулук индекси колдонулду (1979), трофтуулук индикаторлорун камтыган кошумча түрдүн тизмесин эске алуу менен, L. Hakkari (1972). Төмөнкү түзүлүштөгү рак сымалдардын жана коловраткалардын систематикасы планктондук жаныбарлардын таксономиясы боюнча учурдагы түшүнүктөргө ылайык келтирилет (Определитель…, 2010).

Натыйжалар 2005 - 2024-жылдар аралыгында жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыгында Папан суу сактагычында байкалган планктон организмдеринин тизмеси 35 таксондон турат (таблица 1). Алардын ичинен коловраткалар (Rotifera) - 11, бутак мурутуу рак сымалдар (Cladocera) - 9, калкан буттуу рак сымалдар (Copepoda) - 15. Суу сактагычтын ар кандай бөлүктөрүнүн коомдоштуктары зоопланктондун курамы боюнча окшош (76%). Зоопланктон жаз мезгилинде эң ар түрдүүлүгү менен мүнөздөлөт, бир үлгүдө 12-18 түр катталат, жалпы түрдүн саны 22ге жетет. Бир нече түр (*Kellicottia longispina, Keratella cochlearis, Arctodiaptomus salinus*) бардык жыл мезгилдеринде жогорку тыгыздык менен мүнөздөлөт.

Айрым мезгилдерде кээ бир түрлөр доминанттар болуп эсептелет. Жаз мезгилинде суу сактагычтын бардык акваториясында коловраткалар жана калак буттуу рак сымалдар үстөмдүк кылат. Айрым жылдары жай айларынын аягында Ceriodaphnia cornuta G.O. Sars жогорку саны менен белгиленет. Суу сактагычтын ар кайсы бөлүктөрүндөгү доминанттык комплекстин курамы бир нече жылдын ичинде окшош. Тек гана май айында көлдүк жана дарыялык бөлүктөрүнүн доминанттык комплекси өзгөрөт. Май айында доминанттардын катышы суу сактагычта чейректенүү мезгилине окшош. Зоопланктондун максималдуу кездешүүсү суу сактагычта жаз мезгилинде катталат. Май айынан ноябрга чейин копеподдор үчүн эң жогорку тыгыздык мүнөздүү. Март айында коловраткалар үстөмдүк кылат. Кладоцерлер доминанттар курамында тек гана көлдүк бөлүгүндө катталат. Сезондук динамика жалпы алганда 1997 жана 2000-жылдардагыга окшош болгон.

Планктондук рак сымалдар, мисалы, *Rotifera* отряданын өкүлдөрү, Папан суу сактагычында жылдын ар кандай айларында кездеше алат, бирок алардын саны жана түрлөрүнүн курамы мезгилге жана экологиялык шарттарга жараша өзгөрүлүшү мүмкүн.

Жаз (март - май): Бул мезгилде планктондук рак сымалдардын санынын көбөйүшү байкалат, анткени суунун температурасы жогорулай баштайт, бул түрдүү түрлөрдүн көбөйүшүнө шарт түзөт. Айрыкча *Keratella, Polyarthra жана Trichocerca* түрлөрү активдүү

болушат. Эрте жазда (март) зоопланктон комплекси 17 түрдөн турган: *B. calyciflorus, K. cochlearis, K. quadrata, A. priodonta, P. vulgaris, S. pectinata, C. reticulata, D. longispina, D. l. hyalina, B. longirostris, Ch. sphaericus, C. strenuus, M. Leuckarti*. Жазда, суунун температурасы 4,2–7,5 °C болгон учурда, *C. reticulata, B. longirostris, Ch. sphaericus* түрлөрү доминанттык орунду ээлеген, ал эми *B. calyciflorus, K. quadrata, A. priodonta, S. pectinata, D. longispina, D. l. hyalina, M. brachiata, M. leuckarti* — субдоминанттык түрлөр болушкан. Көлмөдөгү бардык түрлөр, ар кандай деңгээлде жазгы жана күзгү зоопланктон комплекстерин түзүүдө роль аткарат.

Жай (июнь - август): Жай айларында зоопланктондун саны жогорулашы мүмкүн, өзгөчө олиготрофтук суу түкпүрлөрүндө, мында суудагы жогорку температура активдүү көбөйүүгө өбөлгө түзөт. Бул учурда *Asplanchna* жана *Polyarthra* сыяктуу түрдөрдүн эң жогорку ар түрдүүлүгүн күтүүгө болот. Жайында (июнь жана август) суу чөйрөсүндө участоктордо температура 18,2–25,5 °C болгондо *Daphniidae* тукумуна ээ болгон түрдүн массалык өнүктүрүлүшү байкалган.

Күз (сентябрь - ноябрь): Температуранын төмөндөөсү менен планктондук рак сымалдардын саны азайып баштоосу мүмкүн, бирок бир нече түрү активдүүлүгүн сактап калышы мүмкүн. Күз мезгилинде (сентябрь) терең жана жээк участоктордон алынган үлгүлөрдө температура 17,8–23,5 °C болгондо, негизги түрлөр болуп *Ch. sphaericus* жана *B. longirostris* табылган.

Кыш (декабрь - февраль): Суук айларда планктондук рак сымалдардын саны адатта төмөн болот, бирок айрым түрлөр науплиус же башка өнүгүү стадиясында активдүү болушу мүмкүн. Кышында Папан суу сактагычында төмөнкү зоопланктон түрлөрү кездешкен: *Duplex Leydig*, *Daphnia longispina* (O. F. Müller), *Simocephalus serrulatus*, *Ceriodaphnia cornuta* (G.O. Sars), *Calanoida* (Sars), *Arctodiaptomus salinus*, *Acanthocyclops venustus troglophilus*, *Mesocyclops leuckarti* (Claus), *Keratrella cochlearis tecta*, *Keratrella quadrata*, *Keratrella paludosa*, *Polyarthra Ehrenberg*, *Polyarthra luminosa* (Kutikova), *Asplanchna priodonta*. Кээ бир түрлөр кышында да кездешет, бирок алар толук планктондор эмес. Бул түрлөр төмөн температураларга ыңгайлаша алып, кыш айларында да активдүүлүгүн сактап, ошол убактагы экосистеманын маанилүү бөлүктөрү болуп саналат.

Ошондой эле негизги топтордун сандык көрсөткүчтөрүнүн катышы өзгөргөнү байкалган. 2000-жылдардын аягынан 2020-жылдардын башына чейинки мезгилде саны боюнча бутак муруттуу (ветвистоусые) жана калак буттуу (веслоногие) рак сымалдар доминанттуу болуп (35% жана 55%), ал эми коловраткалардын үлүшү болжол менен 10% түзгөн. Ошол эле учурда бутак муруттуулардын ичинен ири формалардын басымдуулугу алардын зоопланктондогу биомассасын 75% түзүшү менен белгилүү болгон; калак буттууларжын үлүшү 22%, ал эми коловраткалар - 3% болгон

Суу сактагычта жашаган планктондук организмдердин саны, жыл бою суу деңгээлиндеги өзгөрүүлөргө жараша өзгөрүп турат, бирок өзгерүүлөр анчейин маанилүү эмес. Кладоцерлер, копеподдор жана коловраткалар – бул суу көлдөрүндөгү экосистемада маанилүү роль аткарган микроскоптук организмдер тобу. Суунун денгээлине байланыштуу шарттарда алардын жүрүм-туруму ар кандай болушу мүмкүн:

Кладоцерлер: Суунун көлөмү аз болгон шартка байланыштуу шарттарда кладоцерлер активдүүлүгүн жана репродукциясын төмөндөтүшү мүмкүн, бул алардын өздүк ресурстарын үнөмдөөгө жардам берет. Алар суу көлүнүн терең же корголгон бөлүктөрүнө миграция кылышы мүмкүн, мында шарттар бир кыйла туруктуу. Өздөрү өзгөрмө чөйрөгө көнүп калгандыктан, кээ бир түрлөр стресстик шарттарга жооп катары цисталарды пайда кылып, тирүү калуусун камсыз кылышат.

Копеподдор: Копеподдор да миграция схемаларын жана жүрүм-турумдарын өзгөртө алышат, активдүүлүктү азайтат. Аз сууга болгон шарттарда алардын популяциясынын тыгыздыгы өзгөрүшү мүмкүн, жана айрым түрлөр суу жетишсиздигине ылайыкташкан формаларды өнүктүрүп, туруктуураак болуп калат. Кладоцерлердей эле, копеподдор да шарттар жакшырганда кайрадан көбөйүүдө болушу мүмкүн.

Коловраткалар: Коловраткалар аз сууга байланыштуу шарттарда айлана-чөйрөгө чоң стресс жаратууга жөндөмдүү. Алар шарттардагы өзгөрүүлөргө, анын ичинде өлчөмүн кичирейтүүгө жана азыктануу ыкмасын өзгөртүүгө адаптацияланышат. Кээ бир коловраткалар эгер шарттар ылайыктуу болсо, репродукциясын күчөтүшү мүмкүн, же тескерисинче, жагымсыз шарттарда көбөйүү процессин жайлатышы мүмкүн.

Жалпысынан алганда, аз суу жылдарында үч топтогу организмдер өздүгүн сактап калуу үчүн активдүүлүктү, миграцияны жана репродуктивдик стратегияларды өзгөртүү аркылуу шарттарга адаптацияланышат, бул аларга стресс шарттарында жашап калууга жардам берет.

1-таблица. Суу денгээлине жараша зоопланктондун санынын динамикасына анализ

№		Зоопланктондун түрлөрү	Суу денгээлине жараша зоопланктондун санынын динамикасы		
			Суу денгээли төмөн учурда	Суу денгээли оптималдуу учурда	Суу денгээли жогору учурда
1		**Daphnia**	Ресурстарга жеткиликтүүлүк азайып, азык түлүк заттарынын айлануусу жайлап калат. Бул Daphnianын санына терс таасир этет, анткени алар фитопланктондон көз каранды.	Ресурстарды көбөйтүү жана өстүрүү үчүн ыңгайлуу шарттардан улам санынын жогорулашы, айрыкча жазда жана жайда байкалат.	Суунун деңгээли кескин жогорулаганда, жаш жаштардын агып кетиши жана санынын азайышы мүмкүн. Мунун натыйжасында, стабилдүү экосистемаларга миграция жаралуусу мүмкүн.
2		**Cyclops**	Чөйрөнүн сапаты начарлап, анын натыйжасында Cyclopstун саны азайышы мүмкүн. Алар тайыз суулардагы кычкыл газдын жетишсиздигине сезгич болушу мүмкүн.	Суунун баланс нормалаша турган шарттарда, өзгөчө жайкы мезгилдерде, азык көп болгон учурда туруктуу көбөйүү байкалат.	Cyclops терең суу бөлүктөрүнө көчүп кетүүдөн жапа чегүүсү мүмкүн, бул болсо жеткиликтүү ресурстардын өзгөрүшүнө алып келет.
3		**Cladocera**	Азыктан чектелген жеткиликтүүлүк жана көбөйүү үчүн ылайыктуу жерлерге мүмкүнчүлүктүн чектелишинен улам саны азаят.	Жаз жана жай айларында, көбөйүү үчүн шарттар мыкты болгондо, санынын кескин өсүшү байкалат. Эгер деңгээл өтө тез көтөрүлсө, бул майда участокторго көчүүгө себеп болуп, санына терс таасир тийгизиши мүмкүн.	Жаз жана жай айларында, көбөйүү үчүн шарттар мыкты болгондо, санынын кескин өсүшү байкалат. Эгер деңгээл өтө тез көтөрүлсө, бул майда участокторго көчүүгө себеп болуп, санына терс таасир тийгизиши мүмкүн.
4		**Simocephalus**	Суу деңгээлиндин өзгөрүшүнө өзгөчө сезгич, бул анын санына терс таасирин тийгизиши мүмкүн, айрыкча токтоп турган сууда.	Туура шарттар санынын көбөйүшүнө себеп болушу мүмкүн, анткени азык жана жашоо шарттары ылайыктуу болот.	Майда жана коргонгон аймактарга көчүү аман калууга көмөктөшсө да, ошол эле кезде негизги бассейнде санынын азайышына алып келиши мүмкүн.
5		***Ceriodaphniacornuta, Bosminacrassicornis, Bosminalongispina***	Жашоо үчүн чөйрөнүн жана көбөйүү ресурстарынын аз болушу бул кичинекей раксымалдардын түрлөрүнүн санынын азайышына себеп болушу мүмкүн.	Фитопланктонго жана азыктук заттарга жетүүнүн көбөйүшү популяциянын өсүшүнө, өзгөчө жаз жана жай мезгилинде түрткү берет.	Личинкалардын жана чоңдордун жуылып кетиши мүмкүнчүлүгү бар, бул санынын кескин азайышына алып келиши мүмкүн.

6		***Calanoida: Arctodiaptomus salinus, Eucyclopsmacruroides, Cyclops spp.***	Төмөндөшүн жаратылыш шарттары жырткычтык жана атаандаштык иштерин чектөөдө мүмкүн. Популяциялар стрессти жана санынын азайышын башынан өткөрүшү мүмкүн.	Көпчүлүк азык-түліктөрдөн улам көбөйүү үчүн шарттардын жакшырат башталышы, түрлөрдүн көптүгүн жана ичине көбөйүп кетүүсүн жогорулатат.	Кээ бир түрлордун деңгээлдеги өзгөрүүлөргө туруктуулугу, бирок бул аларды корголгон жайларга көчүрүүгө алып келиши мүмкүн
7		***Мелкиеракообразные: Acanthocyclopsvenustus, Diacyclopslanguidoides, Microcyclopsvaricans***	Шарттар көбөйүү жана жашоо үчүн өтө катуу болуп калышы мүмкүн, бул санынын азайышына алып келет.	Эң жакшы шарттар менен өндүрүш жана тамактануу үчүн, бул популяциялардын көбөйүшүнө жардам берет.	Жазда кээ бир кичинекей жайларда жеке көбөйүү болушу мүмкүн, бирок жалпысынан смывдан улам санынын азайышы мүмкүн.
8		**Chydoridae (Keratella, PolyarthraиAsplanchnath)**	Чектелген ресурстар жана көбөйүү үчүн шарттар санынын азайышына алып келиши мүмкүн.	Жыл мезгилде популяциянын өсүүсүнө жана атаандаштарга туруктуулукка оң шарттар түзүлөт.	Кооптуу суунун алдына алынбаган аймактарга миграция мүмкүнчүлүгү, анда шарттар туруктуу болуп калат.

Ошентип, суу сактагычтагы суунун деңгээли суу сактагычтардагы зоопланктондун санына жана түрдүүлүгүнө олуттуу таасир этет. Төмөн деңгээлдеги суу көбүнчө ресурстарга чектелүү обочолонуу менен байланыштуу санын азайтууга алып келет, ал эми оптималдуу деңгээлдер популяциялардын жакшырган өсүшүнө шарт түзөт. Жогорку деңгээлдер миграцияга жана сууга агып кетүү менен планктондук организмдердин санын азайтууга алып келиши мүмкүн. Так анализ үчүн температура, суу сапаты жана азык жеткиликтүүлүгүнүн сыяктуу башка факторлорду да эске алуу зарыл.

Талкуу

Папан суу сактагычындагы зоопланктондун түрлөрүнүн көп жылдык динамикасын талдоо көрсөткөндөй, жайкысын планктондук фаунанын негизги компоненттеринин комплекси салыштырмалуу жардыраак жана суу аянты боюнча дээрлик бирдей болот. Ал Кыргызстандын ар түрдүү лимнологиялык түрлөрүндөгү көлдөрүндө кенири таралган жана жогорку саны менен айырмаланган аз сандагы түрлөрдөн турат. Суу сактагычтарда зоопланктондун экологикалык комплекстеринин - пелагикалык, жээгиндеги өсүмдүк заттарынын жана түбүндөгү комплекстердин - ачык айырмасы байкалбайт. Суу сактагычтын борбордук бөлүгүндө кездешүүчү кадимки зоопланктон компоненттери, суу жээгиндеги жогорку түзүлүштөгү өсүмдүк жашоочулары болуп кала берет. Негизги фауналык комплекс зоопланктондун эвритоптук организмдеринен турат, алар өзгөрүп турган жашоо шарттарына ыңгайлашуу кеңири ийкемдүүлүккө ээ.

Жай мезгилиндеги зоопланктондун курамында жазгы мезгилге караганда бутак муруттуу рак сымалдардын түрлөрү байкалаарлык көбөйөт. Бул мезгилде *Asplanchna* жана *Polyarthra* сыяктуу түрлөрдү камтыган максималдуу түрдүүлүктү күтүүгө болот. Жайында (июнь жана август айларында) суу сактагычтын суусу аз бөлүктөрүндө 18,2–25,5 °C температурада *Daphniidae* уруусуна тиешелүү түрлөрдүн массалык өнүгүшү байкалган.

Биомассанын негизги бөлүгү (50% дан 90% ка чейин) бутак муруттуу рак сымалдардын, негизинен *Asplanchna* жана *Polyarthra* тукумуна кирген түрлөрдүн эсебинен түзүлөт. Циклопиддердин (*Mesocyclops leuckarti, Thermocyclops oithonoides, Cyclops strenuus)* үлүшү орточо эсеп менен 10% дан 40% га чейин жетет. Литоралдык зоопланктон пелагикалыкка караганда коловраткалардын түрлөрүнүн ар түрдүүлүгү (7 түргө чейин) менен айырмаланат. Суу сактагычтын борбордук бөлүгүндө, 3–4,5 м тереңдикте, зоопланктондун түрлөрү боюнча саны жана көлөмү литоралдык (1,5–2 м) менен салыштырмалуу окшош, бирок биомассасы

көбүрөөк ири организмдерден турат, анткени бул жерде коловраткалардын жана кичи циклопиддердин саны айтарлык аз. Ири каляниддердин (*Eudiaptomus gracilis, Heterocope appendiculata*) салыштырмалуу салмагы 10% га чейин жогорулайт.

Жыйынтык

1.Изилдөөнүн максатына жетүү жана белгиленген көйгөйлөрдү чечүү үчүн, изилдөө ыкмалары, ошондой эле экологияда колдонулуучу түрлөрдүн структурасынын көрсөткүчтөрү колдонулду.

2.Жай мезгилиндеги планктондук фаунасынын негизги компоненттеринин комплекси салыштырмалуу жарды жана акватория боюнча дээрлик окшош.

3.Суу сактагычтарда зоопланктондун экологиялык комплекстерин пелагикалык, жээкте жашоочулар жана суу түбүндө жашоочулар деп так бөлүү байкалбайт.

4.Суу сактагычтагы суунун деңгээли зоопланктондун санына жана түрдүүлүгүнө таасир этет. Суунун төмөн деңгээли планктондук организмдердин ресурстарга жеткиликтүүлүгүнүн чектелишине байланыштуу санынын азайышына алып келет. Ал эми оптималдуу деңгээлдер популяциянын өсүшүнө алып келет. Жогору деңгээлдер миграцияга жана агып кетүү себептүү, айрым учурларда алардын санынын азайышына алып келиши мүмкүн.

5.Суу сактагычтагы планктондук организмдердин өнүгүүсүнө так талдоо жүргүзүү үчүн суунун температурасы, сапаты жана ал чөйрөдөгү азыктын жеткиликтүүлүгү сыяктуу башка факторлорду да эске алуу зарыл.

Колдонулган адабияттар

1. Abdymomunova, B., Abdymomunov, I., Turdubaeva, G.. Dependence of seasonal changes in the taxonomic composition and numerical indicators of phytoplankton in the Naiman reservoir on environmental factors., E3S Web of Conferences, 537, статья № 07005, .https://www.scopus.com/inward/record.uri?eid=2-s;
2. Абдымомунова Б.А. Папан суу сактагычындагы зоопланктондук биофонддун калыптануусу Вестник ОШГУ, Специальный выпуск, посв.к 70-летию проф.Алтыбаевой Д.Т.ISSN 1694-7452, стр 120-123. Ош
3. АбдымомуноваБ.А. Ecological and faunistic nature of zooplankton of Papanrezervoir.МатериалыI. Международного конгресса тюркского мира по естественным наукам и медицине, Кыргызстан-Түркия 21-23 Апрель 2019, Ош, Кыргызстан. Записки молодых ученых ОшГУ. № 1. 2019.55-56;
4. Абдымомунова Б.А. Сравнительно-экологическая характеристика зоопланктона, встречающиеся в Папанском и Найманском водохранилищ. Materials of conference Part 1. «Conservation of Eurasion biodiversity: contemporary problems, solutions and perspectives». Андижан.175-178;
5. Балушкина Е.Б., Винберг Г.Г., 1969. Зависимость между массой и длиной тела у планктонных животных // Общие основы изучения водных экосистем / Под ред. Г.Г. Винберга. Л.: Наука. С. 169-172.
6. Бродский К.А. К экологии и морфологии веслоногого рака Са1апш Шшш (Са1апи8 рЫтсЬгшМагикаша) дальневосточных морей.-Докл.АН СССР, 1938 б. Т. 19. № 1,2. С. 123-216.
7. Виноградов М.Е., Арашкевич Е.Г. Вертикальное распределение копепод-фильтраторов и их роль в сообществах различных глубин северо-западной части Тихого океана.- Океанология, 1969. Т. IX. Вып.З. С. 488-499.
8. Марков И.С. Февралев А.В Влияние температуры воды водохранилища на уровень нижнего бьефа гидроузла в криолитозоне: 2020 Номер: 2 (54) Журнал Сибирского федерального университета.
9. *Методика* изучения биогеоценозов внутренних водоемов. М., "Наука", *1975* г

10. Неверова Г.П., Жданова О.Л., Колбина Е.А., Абакумов А.И. Планктонное сообщество: влияние зоопланктона на динамику фитопланктона Компьютерные исследования и моделирование, 2019, т. 11, № 4, с. 751-768;
11. Таптыгова К. А. Литоральные виды водные биоресурсы и среда обитания том 5, номер 3, 2022, Водные биоресурсы и среда обитания том 5, номер 3, 2022 зоопланктон озерной части мингечевирского водохранилища ...
12. Шурганова Г.В., Черепенников В.В., Кудрин И.А., Ильин М.Ю. Характеристика современного состояния видовой структуры и пространственного размещения сообществ зоопланктона Чебоксарского водохранилища // Поволжский экологический журн. 2014. № 3. С. 417-421. Эдельштейн К.К. Водохранилища России: экологические проблемы, пути их решения // М.: ГЕОС, 1998. 277 с.

УДК: 585. 5.

КЫРГЫЗСТАНДЫН ТҮШТҮГҮНДӨГҮ БИЙИК ТОО АЛКАГЫНЫН ЧЫЧКАН СЫМАЛ КЕМИРҮҮЧҮЛӨРҮ

МЫШЕВИДНЫЕ ГРЫЗУНЫ ВЫСОКОГОРНОГО ПОЯСА ЮГА КЫРГЫЗСТАНА.

MOUSE-LIKE RODENTS OF THE HIGH-MOUNTAIN BELT OF SOUTHERN KYRGYZSTAN

Атабеков Үсөн Аданович
Атабеков Үсөн Аданович
Atabekov Uson Adanovich
б. и. к., доцент, Ош мамлекеттик университети
к.б.н., доцент, Ошский государственный университет
Candidate in biological sciences, associate professor, Osh State University
Uatabekov589@gmail.com

Ташбалтаева Шааркан Абдималиковна
Ташбалтаева Шааркан Абдималиковна
Tashbaltaeva Shaarkan Abdimalikovna
окутуучу, Ош мамлекеттик университети
преподаватель, Ошский государственный университет
Lecturer, Osh State University
shtashbaltaeva@oshsu.kg

Кыдыралиева Тазагул Абдрасуловна
Кыдыралиева Тазагул Абдрасуловна
Kydyralieva Tazagul Abdrasulovna
окутуучу, Ош мамлекеттик университети
преподаватель, Ошский государственный университет
Lecturer, Osh State University

Мамашова Марапат Абдижапаровна
Мамашова Марапат Абдижапаровна
Mamashova Marapat Abdijaparovna
окутуучу, Ош мамлекеттик университети
преподаватель, Ошский государственный университет
Lecturer, Osh State University

КЫРГЫЗСТАНДЫН ТҮШТҮГҮНДӨГҮ БИЙИК ТОО АЛКАГЫНЫН ЧЫЧКАН СЫМАЛ КЕМИРҮҮЧҮЛӨРҮ

Аннотация

Түштүк Кыргызстандын бийик тоо бийиктик алкактарын байырлаган чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн таралышы, түрдүк курамдары, сандык көрсөткүчтөр жана 2 тукумга кирген 7 түрү аныкталды.

Бийик тоо бийиктик алкактарын байырлаган чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн ичинен биологиялык көптүрдүүлүккө ээ болгон тукумдарга Аламандар (Cricetid) кирет. Түштүк Кыргызстандын бийик тоо бийиктик алкактарында кездешкен чычкан сымал кемирүүчүлөрүнүн ичинен доминанаттык орунга корум момолою (Alticola argentatus) (30,6±0,68 %) токой чычканы (Apodemus sylvaticus) (22,5±0,62%) ээ. Ал эми субдоминанттык орундарга памир момолою (Microtus carruthersi) (20,9±0,60%) жана үй чычкандары (Mus musculus) (12,2±0,48%. ээ болушту). Чычкандардын жашап көбөйүшү үчүн эң жагымдуу ландшафттар болуп табигый жээк экотондору (24,6±0,64%) жана антропогендик-селитебдик ландшафттар (14,8±0,53%) ээ экендиги тастыкталды, бул ландшафттарда чычкан сымалдуулардын 5 тен түрү кездешет.

Ачкыч сөздөр: *Ландшафт, синантроп, реаклиматизация, доминант, субдоминант, антропогендик-селитебди, экотон, агроценоз, инфекция, инвазия, эпитозоология*.

МЫШЕВИДНЫЕ ГРЫЗУНЫ ВЫСОКОГОРНОГО ПОЯСА ЮГА КЫРГЫЗСТАНА

Аннотация

Определены распространение, видовой состав и количество нор мышевидных грызунов, обитающих в высокогорных поясах юга Кыргызстана, выявлено 7 видов, относящихся к 2 родам.

Среди мышевидных грызунов, населяющих высокогорные зоны, род Cricetids является одним из наиболее биологически разнообразных.

Среди мышевидных грызунов, встречающихся в высокогорных поясах юга Кыргызстана, доминируют серебристая полевка (Alticola argentatus) (30,6±0,68%) и лесная мышь (Apodemus sylvaticus) (22,5±0,62%). Субдоминантные позиции занимали памирская мышь (Microtus carruthersi) (20,9±0,60%) и домовая мышь (Mus musculus) (12,2±0,48%).

Подтверждено, что наиболее благоприятными ландшафтами для выживания и размножения мышей являются естественные прибрежные экотоны (24,6±0,64%) и антропогенно-осадочные ландшафты (14,8±0,53%), в которых встречается 5 видов мышей.

Ключевые слова: *Ландшафт, синантропный, реакклиматизация, доминант, субдоминант, антропогенно-поселенческий, экотон, агроценоз, инфекция, инвазия, эпизоотология*.

MOUSE-LIKE RODENTS OF THE HIGH-MOUNTAIN BELT OF SOUTHERN KYRGYZSTAN

Annotation

The distribution, species composition and number of burrows of rodents inhabiting the high-mountain belts of southern Kyrgyzstan were determined, 7 species belonging to 2 genera were identified.

Among rodents inhabiting high-mountain zones, the genus Cricetids is one of the most biologically diverse.

Among rodent rodents occurring in the high mountain belts of southern Kyrgyzstan, the silver vole (Alticola argentatus) (30.6±0.68%) and the wood mouse (Apodemus sylvaticus) (22.5±0.62%) dominate. The subdominant positions were occupied by Pamir mouse (Microtus carruthersi) (20.9±0.60%) and house mouse (Mus musculus) (12.2±0.48%).

It was confirmed that the most favorable landscapes for survival and reproduction of mice are natural coastal ecotones (24.6±0.64%) and anthropogenic-sedimentary landscapes (14.8±0.53%), in which 5 species of mice are found.

Key words: *Landscape, synanthropic, reacclimatization, dominant, subdominant, anthropogenic-settlement, ecotone, agrocenosis, infection, invasion, epizootology*.

Киришүү

Кыргызстандын аймагындагы сүт эмүүчү жаныбарларын изилдөө иштери көптөгөн окумуштуулардын (Б.М.Айзин, 1943; Б.К.Кузнецов, 1948; А.Т.Токтосунов, 1958, 1984, 1961; А.И.Янушевич 1972; Б.К.Кулназаров, 2008) изилдөө иштеринде орчундуу орунду ээлейт. Бул фауналык изилдөөлөр, негизинен Кыргызстандын сүт эмүүчүлөрүнүн түрдүк курамына, алардын жер-жерлерде таралышына, биологиясына жана экологиялык өзгөчөлүктөрүнө арналган изилдөө иштери өтө аз санда жүргүзүлгөн. Экинчиден, акыркы жылдарда кандай гана экосистемалар болбосун антропогендик факторлордун таасирлеринин (айдоо аянттарынын көбөйүп жатышы, тоо аймактарында жолдордун курулушу, айыл чарба жаныбарларынын көбөйүшү ж.б.) көп өзгөрүүлөргө дуушар болуп жатат. Ошондуктан чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн экологиялык, көрсөткүчтөрү кандай багытта өзгөрүлүп жаткандыгы, өзгөрүлгөн ландшафттардагы фауналык калыптануу мүнөзү, ж.б. багыттагы изилдөөлөр теориялык, практикалык жактан өтө чоң мааниге ээ.

Изилдөө методдору

Чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн биологиялык, экологиялык өзгөчөлүктөрүн изилдөөлөр илимий комплекстик мүнөздө (алардын түрдүк курамы, сандык көрсөткүчү, горизонталдык, алкактык, ландшафттык, зоогеографиялык таралуу өзгөчөлүктөрү) жүргүзүлдү. Мында чычкан сымалдууларды кармоо жана аларга эсеп жүргүзүү зоологиялык жана экологиялык илимий изилдөөлөрдө колдонулуучу капкан-сызык усулунун жардамында жүргүзүлдү. Кармоочу курал катарында "Геро" тибиндеги капкандары (В.В.Кучерук, 1952) колдонулду. Аталган усул боюнча "Геро" тибиндеги капкандары тандалып алынган стацияга бир сызык бойлото 4 сутка катарынан коюлду. Мында ар бир сызык 25 капкандан туруп, ар бир капкандын аралыгы 5-7 метрди түзөт. Азгыргыч зат катары капкандарга өсүмдүк майга куурулган нан же майга каныктырылган губкалар колдонулду Капкандар күнүнө эрте менен эрте жана кечинде текшерилип турулду. Кандай гана жыйынтык болбосун 4 күндөн кийин сызык башка стацияларга жылдырылат. Ошентип, бир сызыкта иштетилген капкандардын саны 100 гө барабар болот да, жаныбарларга эсеп жүргүзүүдө алардын сандык көрсөткүчү 100 капкан-суткага түшүү көрсөткүчүн аныктайт.

Изилдөө жыйынтыктары

Кыргызстандын аймагындагы ар түрдүү фауналык географиялык аймактык экосистемаларды Э.Шукуров (1998) 22 класска бөлүп караган. Кыргызстандагы ландшафттардын 7% ти антропогендик же болбосо өзгөрүлгөн ландшафттарга, ал эми калган аймактар табигый жана жарым өзгөрүлгөн ландшафттарга кирет. 3,5 миң метрден жогору бийиктиктеги аймактын 23 % жашоо кездешпеген, аскалар менен муздар болуп эсептелет. Ошондой эле, 15 % аймактар, таш корум, ылай топуроктуу жаныбарлар, өсүмдүктөр кездешпеген аймактарга кирет.

Биз, түштүк Кыргызстандын бийик тоо бийиктик алкактарын байырлаган чычкан сымал кемирүүчүлөр кездешкен ландшафттарды 7 типке бөлүп карайбыз. Ошондой эле, бул ландшафттар деңиздеңгелинен 3500 м бийикттикте жайланышкан. Башкача айтканда, бийик тоо алкагында ландшафттар табигый экологиялык тең салмактуулугу бузула элек ландшафттардан турат (кээ бир мал жайыттарын, жайлоолорду кошпогондо).

Бийик тоо алкагы 2800-3500 м жана андан жогорку бийиктикти камтыйт. Бул алкакта, негизинен, табигый ландшафттар орун алган. Бирок, бул жерде дагы адам баласы айыл чарба жаныбарлары үчүн жайыт катары пайдаланган участоктор жайлоолор (субальп шалбаалары) орун алган. Ошондой эле, Алай тоо кыркаларында Кыргызстандын чек ара кызматкерлеринин лагерлеринде (казармалар, складдар, чатырлар ж.б.) антропогендик-селитебдик ладшафттар кездешет. Жалпылап айтканда, бийик тоо алкактагы ландшафттар адам баласы тарабынан аз пайдалангандыктан антропогендик таасири аз.

Бийик тоо алкактык аймактарда изилдөөлөр, негизинен, альпы шалбаасында, мындан төмөнкү ландшафттар ар түрдүү чөп өсүмдүктөрдөн же жапалак арчалардан турган субальп шалбаасы орун алган.

Биз изилдөө жүргүзгөн убакта бийик тоо алкагындагы ландшафттардан 7 түр чычкан сымал кемирүүчү кармалган (1-таблица). Бул чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн ичинен сандык көрсөткүчтөрү өтө жогоркусу болуп корум момолою, памир момолою жана токой чычканы эсептелет. Бул көп сандагы кездешкен чычкандардын ичинен корум момолою доминант болуп эсептелет, б.а., бийик тоо алкакта кармалган чычкандардын жалпы санынын 30,6±0,68% ээлейт.

1-таблица - Бийик тоо бийиктик алкагында кездешкен чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн түрдүк курамы жана сандык катыштары

№	Түрлөр	Латынча аталышы	%
1.	Кескек же көк чычкан	Cricetulus migratorius	7,44±0,39
2.	Корум момолою	Alticola (A.) argentatus	30,6±0,68
3.	Памир момолою	Microtus carruthersi	20,9±0,60
4.	Кырчеке момолою	Microtus gregalis	3,32±0,27
5.	Токой чычканы	Apodemus sylvaticus	22,5±0,623
6.	Үй чычканы	Mus musculus	12,2±0,48
7.	Боз келемиш	Rattus norvegicus	3,04±0,25

Андан кийинки субдоминанттык орунду токой чычканы жана памир момолою ээлеп, жалпы чычкандардын ичинде саны тиешелүү түрдө 22,5±0,62% жана 20,9±0,60% ти түзүшөт (1-сүрөт). Доминанттык түр корум момолою менен субдоминанттар токой чычканы жана памир момолоюунун ортосундагы статистикалык айырмачылыгы (Стьюдент критерийи) өтө жогору, б.а., t=3,02; 3,0. Ал эми субдоминанттык түрлөрдүн (токой чычканы, памир момолою) ортосунда статистикалык айырмачылыгы жок экендиги тастыкталды, б.а., t=0,08 түздү. Бийик тоо алкагындагы чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн фаунасына мүнөздөмө берсек, анда бул алкактагы ландшафттарда синантроптук чычкандардын ичинен бир гана үй чычканынын жашоосу далилденди. Негизинен, үй чычкандары адам баласы менен тыгыз байланышта жашап келишкен (сарайларда, кампа, чатырларда ж.б. селитебдерде). Ошондой эле, бул бийиктик алкакка чейин үй чычкандардын ареалынын кеңейиши адамдардын жардамы менен пассивдүү транспорттор аркылуу (азык-түлүк жүктөрдү ташыган транспорттор менен) келип калышкан. Ошентип, катаал шарттагы бийик тоо алкакта чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн түрлөрүнүн көп кездешиши, алардын ар түрдүү тамак чынжырларын түзүүсү менен (жырткычтарга), ал жердеги экосистемалардын калыптанышына салым кошкон жаныбарлар болуп эсептелет.



1-сүрөт.Бийик тоо бийиктик алкагында кездешкен чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн түрдүк курамы

Бийик тоо алкакта чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн түрдүк курамы, негизинен токой чычкандарынан, бийик тоодо жашаган чычкандардан жана синантроптук түрлөрдөн түзүлгөн. Бул алкакта орун алган ланшафттар, негизинен, 7 типке бөлүнүп каралды (2-таблица).

2 -таблица. Бийик тоо бийиктик алкакта кездешкен чычкан сым ал кемирүүчүлөрдүн ландшафттар боюнча сандык катыштары

Аталган ландшафттардын ичинен чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн түрдүк курамы

№	Ландшафттар	№	Чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн түрлөрү	%
1.	Альпы шалбаасы	1.	Корум момолою	6,94±0,38
		2	Памир момолою	
2	Субальпы шалбаасы	1	Кескек же көк чычкан	8,06±0,40

боюнча табигый жээк экотондорунда жана антропогендик-селитебдик ландшафттарда 5 тен

		2	Корум момолою	
		3	Памир момолою	
		4	Кырчеке момолою	
3.	Шагыл таштуу боорлор	1	Кескек же көк чычкан	20,1±0,59
		2	Корум момолою	
		3	Памир момолою	
		4	Токой чычканы	
4.	Жапалак арча токойлор	1	Кескек же көк чычкан	18,1±0,57
		2	Корум момолою	
		3	Памир момолою	
		4	Токой чычканы	
4.	Шалбаа талаасы	1	Кескек же көк чычканы	7,29±0,38
		2	Корум момолою	
		3	Памир момолою	
		4	Токой чычканы	
6.	Табигый жээк экотондору	1	Кескек же көк чычкан	24,6±0,64
		2	Корум момолою	
		3	Памир момолою	
		4	Токой чычканы	
		5	Үй чычканы	
7.	Антропогендик-селитебдик ландшафттар	1	Кескек же көк чычкан	14,8±0,53
		2	Корум момолою	
		3	Памир момолою	
		4	Токой чычканы	
		5	Үй чычканы	

түр кездешкендиги тастыкталды. Анализ көрсөткөндөй, бул бийиктик тоо алкактагы ландшафттарда жашаган чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн жалпы сандык көрсөткүчтөрү-табигый жээк экотондорунда, шагыл таштуу боорлордо жана жапалак арча ландшафттарында өтө жогору. Мисалы, бул ландшафттардагы кармалган чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн жалпы санынын ичинен пайыздык катыштары төмөндөгүдөй: Чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн сандык көрсөткүчү бардык ландшафттарда кармалган чычкандардын ичинен табигый жээк экотондордо 24,6±0,64%, шагыл таштуу боорлордо 20,1±0,59%, ал эми жапалак арча токой ландшафттында 18,1±0,57% ти түзүшөт. Башкача айтканда, жогоруда аталган ландшафттар чычкан сымал кемирүүчүлөр үчүн жашоого жана көбөйүүгө ыңгайлуу шарттары бар.



2-сүрөт. Чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн бийик тоо бийиктик алкактагы ландшафттар боюнча сандык бөлүнүштөрү

Жалпылап айтканда, бул бийиктик алкактагы ландшафттар, негизинен, табигый акыбалына ээ, б.а., экологиялык тең салмактуулугу жоголгон эмес. Булардын ичинен бир гана антропогендик-селитебдик ландшафтта гана адам баласы тарабынан пайда болгон жасалма ландшафттар кампалар, аскердик лагерлер, сарайлар, чатырлар кирет. Бул маданий ландшафттарда, адамдар менен келген синантроптук чычкандар (үй чычканы) жана табигый ландшафттарда жашаган чычкандар (кескек, корум момолою, памир момолою) байырлашат. Дагы бир белгилей турган популяциялык кубулуш болуп, бул адамдар жашаган чөйрөгө байырланган жапайы чычкан үчүн дагы антропогендик-селитебдик ландшафт өтө ыңгайлуу болуп эсептелет. Себеби, бийик тоо алкагында жаратылыштык чөйрөнүн катаалдыгынан (суук, шамал, тамактын жетишпестиги ж.б.) улам бул чычкандар синантроптук түргө айланып кеткен. Эгерде теориялык жана практикалык жактан караганда, жалпы чычкандардын синантроптук түрлөргө айлануусу чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн эпизоотологиялык, эпидемиялык жактан өтө коркунучтуу болуп эсептелет. Себеби, чуманын Алай жаратылыштык очогу жайгашкан аймактарда мурунку мезгилде чума оорусун алып жүрүүчү жаныбар катары кызыл суур гана эсептелген. Кийинки жылдарда (Б.К.Кулназаров, 1993) чума оорусунун козгогучу (*Yersinia pestis)* корум, арча момолойлорунан жана токой чычканынан бөлүнүп алынган. Башкача айтканда, чуманын Алай жаратылыштык очогу мурда моногосталдык болсо, азыркы учурда ал полигосталдык мүнөзгө ээ.

Бийик тоо бийиктик алкактардагы ландшафттардын чычкан сымал кемирүүчүлөрүнүн сандык көрсөткүчтөрү (100 капкан-сутка бирдиги)

Бул бийиктик алкактагы ландшафттар дээрлик табигый ландшафттар болуп эсептелет. Себеби, бул алкакта адамдардын тиричилик аракети такыр жүргүзүлбөйт. Айрым бир ландшафттарды гана жай мезгилинде мал чарбасына жайыт катары пайдаланышат. Бирок, бул антропогендик факторлор, бул ландшафттарга анча көп таасирин тийгизе албайт. Бул бийиктик алкакта, негизинен, момолой жана токой чычкандары басымдуулук кылат. Ошондой эле, бул алкакта бир гана антропогендик селитебдик-ландшафттар орун алган. Бийик тоо алкакта чычкандардын жашоосу жана көбөйүүсү үчүн эң ыңгайлуусу болуп табигый жээк экотондору жана антропогендик-селитебдик ландшафттар эсептелет.

Жалпысынан алганда, бул бийиктик алкакта физикалык-географиялык шарттары (сууктугу, шамалдын катуулугу, жаз жана жай мезгилинин кыскалыгы ж.б.) өтө катаал болуп, жаныбарлардын жашоосун бир нече татаалдантат. Бирок, бул бийиктик алкактагы

ландшафттардын ичинен чычкандар үчүн эң ыңгайлуусу жана санын жогору болушу, табигый жээк экотондору менен антропогендик селитебдик ландшафттар экендиги аныкталды, башкача айтканда, бул ландшафттарда чычкандардын 5тен түрү катталды. Бул эки ландшафттагы сандык көрсөткүчтөрү жогору болгон чычкандар катары токой чычканы менен арча момолоюн алууга болот. Башкача айтканда, табигый жээк экотондорунда токой чычканы менен памир момолоюнун сандык көрсөткүчтөрү тиешелүү түрдө 3,38±0,14 жана 1,14±0,08 капкан-сутка бирдигине ээ. Ал эми аптропогендик-селитебдик ландшафтта үй чычканы жогорку сандык көрсөткүчтү берет (1,92±0,10 капкан-сутка бирдиги) (3.таблица). Ошондой эле, бул бийиктикте орун алган ландшафттарда жогорку сандык көрсөткүчтөргө памир момолою менен корум момолойлору да ээ болушкан. Мисалы, корум момолоюнун эң чоң сандык көрсөткүчү тоодогу бадалдуу шагыл таштуу бооролордо (3,74±0,15 капкан-сутка бирдиги) жана альп шалбаасында (1,24±0,12 капкан-сутка бирдиги) экендиги аныкталды. Ал эми памир момолоюнун эң жогорку сандык көрсөткүчү же санынын молдуулугу жапалак арча токой ландшафттарында катталды, б.а., анын бул жердеги 100 капкан-суткага түшүү көрсөткүчү 1,26±0,07 бирдигине ээ болду (3.-таблица).

Жыйынтыктап айтканда, бийик тоо алкагында токой чычканы менен памир момолоюнун сандык көрсөткүчтөрү альп шалбаасында, жапалак арча токойлорунда, шагыл таштуу бооролордо жана табигый жээк экотондорунда (дарыялардын жээктери) өтө жогору экендиги тастыкталды. Ал эми, синантроптук чычкандардын ичинен жалгыз гана үй чычканы жээк экотондорунда жана антропогендик ландшафттарда кездешип, сандык көрсөткүчү жогору болгону менен далилденди. Дагы бир белгилеп кетүүчү нерсе, биз бийиктик тоо алкагы жөнүндө жогоруда айтылгандай физикалык-географиялык шарты катаал болушу менен каттуу сууктан жана тамактын жетишпестигинен көбүнчө токой чычканы, арча момолою, корум момолою жана кескектер антропогендик-селитебдик ландшафттарды байырлашат да, синантроптук түрлөргө айланып кетишкен. Башкача айтканда, адамдар жашаган чөйрөлөргө байырлап, ыңгайланышып жашап калышкан**.** Ушуга байланыштуу бул чычкандар синантроптук түрлөргө айланып, инфекциялык жана инвазиялык оорулар боюнча эпидемиологиялык коркунучтарды пайда кылууда. Себеби, токой чычканы, корум жана арча момолойлору чума оорусунун козгогучун *(Yersinia pestis)* алып жүрүүчү түрлөргө кирет. Ошондуктан, бул чычкандар бийик тоо алкактарда ар түрдүү экстремалдык шарттарда адамдар менен кошо жашап (чатырларда, сарайларда, кампаларда) адамдар менен түздөн-түз байланышта болуп, инфекцияларды адамдарга жугузуу ыктымалдуулугу өтө жогорулайт.

3 -таблица - Бийик тоо бийиктик алкактагы ландшафттардын чычкан сымал кемирүүчүлөрүнүн сандык көрсөткүчү (100 капкан-сутка бирдигине)

№	Ландшафттар	№	100 капкан-сутка бирдиги	
1.	Альпы шалбаасы	1.	Корум момолою	1,24±0,12
		2.	Памир момолою	2,30±0,16
2.	Субальп шалбаасы	1.	Кескек же көк чычкан	0,12±0,03
		2.	Корум момолою	0,72±0,07
		3.	Памир момолою	0,49±0,05
		4.	Кырчеке момолою	0,96±0,08
3.	Жапалак арча токойлору	1.	Кескек же көк чычкан	0,28±0,04
		2.	Корум момолою	0,82±0,06
		3.	Памир момолою	1,26±0,07
		4.	Токой чычканы	0,64±0,05
4.	Бадалдуу шагыл таштуу бооролор	1.	Кескек же көк чычкан	0,57±0,06
		2.	Корум момолою	3,74±0,15
		3.	Памир момолою	0,86±0,07
		4.	Токой чычканы	0,80±0,07
5.	Шалбаа талаасы	1.	Кескек же көк чычкан	0,37±0,06
		2.	Корум момолою	0,70±0,08
		3.	Памир момолою	0,62±0,07
		4.	Токой чычканы	1,26±0,10
6.	Табигый жээк экотондору	1.	Кескек же көк чычкан	0,51±0,10
		2.	Корум момолою	0,92±0,07

		3.	Памир момолою	1,14±0,08
		4.	Токой чычканы	3,38±0,14
		5.	Үй чычканы	0,98±0,07
7.	Антропогендик-селитебдик ландшафттар	1.	Кескек же көк чычкан	0,33±0,04
		2.	Корум момолою	0,86±0,07
		3.	Памир момолою	0,54±0,05
		4.	Токой чычканы	0,26±0,04
		5.	Үй чычканы	1,92±0,10

Жыйынтыктоо

1.Түштүк Кыргызстандын бийик тоо бийиктик алкактарын байырлаган чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн таралышы, түрдүк курамдары, сандык көрсөткүчтөр жана 2 тукумга кирген 7 түрү аныкталды. Бийик тоо бийиктик алкактарын байырлаган чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн ичинен биологиялык көптүрдүүлүккө ээ болгон тукумдарга ***Аламандар (Cricetida)*** кирет,

2.Түштүк Кыргызстандын бийик тоо бийиктик алкактарында кездешкен чычкан сымал кемирүүчүлөрүнүн ичинен доминанаттык орунга корум момолою (30,6±0,68 %) токой чычканы (22,5±0,62%) ээ. Ал эми субдоминанттык орундарга памир момолою, (20,9±0,60%) жана үй чычкандары ээ болушту (12,2±0,48%.

3.Чычкандардын жашап көбөйүшү үчүн эң жагымдуу ландшафттар болуп табигый жээк экотондору (24,6±0,64%) жана антропогендик-селитебдик ландшафттар (14,8±0,53%) ээ экендиги тастыкталды, бул ландшафттарда чычкан сымалдуулардын 5 тен түрү кездешет.

Практикалык мааниси

Зооценоздордун мүчөлөрү үчүн жалгыз гана энергиянын булагы болуп өсүмдүктөр эсептелет. Чычкан сымал кемирүүчүлөр жалаң гана өсүмдүктөр менен тамактанышат (кээде аз санда белок үчүн курт-кумурскалар менен да тамактанышат). Ошондуктан, бул чычкан сымал кемирүүчүлөрдү фитофагдар катары экологиялык тамактануунун биринчилик консументтер тибине киргизебиз.

Экоситеманын тең салмактуулугу тамак чынжыры аркылуу кармалып турат. Мында консументтер “энергияны жана заттарды” өсүмдүктөр булагынан алышып, алардын бири-бири менен тамактануусу аркылуу бир организмден экинчи бир организмге өткөзүү менен бир нече трофикалык деңгээлдерди түзүшөт (Одум, 1975).

Чыгыш сокур момолоюу эң чоң экосистемалык мааниге ээ жаныбарлардан болуп эсептелишет. Көпчүлүк адамдар же адабияттарда чычкан сымал кемирүүчүлөрдү терс көрүнүштөгү пайдасыз жана зыяндуу жаныбарларга киргизишет, же чычкан сымал кемирүүчүлөр дегенде бир гана үй чычканын жана келемишти элестетишет. Бул экологиялык билимсиздикке жатат. Жаратылыштагы бийик тоо аймактагы ландшафттарда жашаган чычкандардын терс мааниси жок, себеби чычкан сымал кемирүүчүлөр күндөн алынган жарык энергияны химиялык энергия катары консервациялаган өсүмдүктөр менен тамактанат да, бул энергиянын жарым бөлүгүн булар менен тамактануучу кийинки консументтерге - жырткыч жаныбарларга өткөзүп беришет. Чыгыш сокур момолою башка чычкан сымал кемирүүчүлөр сыяктуу эле жаратылышта айрым сут эмуучулордун, сойлоочуулардын түрүлору үчүн чоң тамактык база болуп эсептелет. Бул чычкан сымал кемирүүчүлөрсүз башка жырткыч жаныбарлардын (жыландардын, жырткыч канаттуулардын, жырткыч сүт эмүүчүлөрдүн) жашоосу мүмкүн эмес. Эгерде чыгыш сокур момолоюунун саны жогору болсо, бул жырткычтардын жашап көбөйүүсүнө жакшы шарттар түзүлөт. Жаратылыштагы көз караш менен караганда, чычкан сымал кемирүүчүлөр Кыргызстандын экосистемаларында орду чоң. Бул чычкан сымал кемирүүчүлөр боюнча алынган маалыматтар, мергенчилик чарбаларын өнүктүрүүдө же промыселдик жаныбарларды көбөйтүүдө чоң мааниге ээ.

Экинчиден, бул кемирүүчүлөр ар түрдүү ландшафттарда өсүмдүктөр менен тамактанышып топуракты семиртүүгө, жумшартууга аралаштырууга жана кайракы маданий эгиндердин түшүмдүүлүгүн артырууда активдүү катышат. Ошондой эле чыгыш сокур момолою эпизоотологиялык, эпидемиологиялык жактан терс практикалык мааниси дагы бар. Бул чычкан сымал кемирүүчүлөр ар түрдүү инфекциялык, инвазиялык ооруларды жаратылышта сактап, ташып жүрүүчүлөр болуп эсептелишет.

Бул кемирүүчүлөр инфекциялык ооруларды козгогучтарды адамдарга жана жаныбарларга жугузуучу катары омурткасыздарды - кенелерди, бүргөлөрдү, биттерди тамактандырып (жаныбарлардын каны менен тамактанып) алып жүрүүчүлөрдөн же ташуучу фаризонттор болуп саналышат. Мисалы, түшүк Кыргызстанда жашаган чычкан сымал кемирүүчүлөр гамазоиддик кенелердин, бүргөлөрдүн; биттердин 6; иксодоиддердин 7 түрлөрүнүн ээлери болуп саналышат. Ошондуктан адам баласы синантроптук чычкандардын санын төмөндөтүп жөнгө салып турушу зарыл.

Жалпылап айтканда, биздин изилдөөлөрдүн натыйжасында алынган маалыматтар чычкандарынын сандык көрсөткүчтөрү, ландшафттык таралыштары Мамлекеттик санитардык эпидемиялык көзөмөлдөө борборлоруна, чумага каршы бөлүмдөрүнө, мергенчилик чарбаларына практикалык жактан пайдаланса болот.

Адабияттар

1.Айзин, Б.М. Определитель грызунов Киргизской ССР [Текст] / Б.М.Айзин.– Фрунзе: Кирг. Респ. противочум. станция, 1947.- 40 с.

2.Алтыбаев К.И. Материалы к изучению паразито-хозяинных отношений мышевидных грызунов в Алайском природном очаге чумы [Текст] / К.И. Алтыбаев // Вестн. Ош. гос. ун-та: Весен. сес. «Активизация творческих возможностей молодых ученых вузов Юга Кыргызстана».– 2002.- С. 12-14

3.Атабеков, У.А. Мышевидные грызуны Южного Кыргызстана [Текст] / У.А.Атабеков // Биол. науки Казахстана.- 2011.- №1.- С. 15-21.

4.Атабеков, У.А. Грызуны (Rodentia) Падыша-Атинского государственного заповедника [Текст] / У.А.Атабеков // Исследования живой природы Кыргызстана: сб.ст. / Биол.-почв. ин-та Нац. АН Кырг. Респ.– Бишкек, 2011.– Вып.1.- С. 38-41.

5.Атабеков, У.А. Распространение и численность популяций лесной мыши (Apodemus sylvaticus L., 1758) в различных ландшафтах Южного Кыргызстана [Текст] / У.А.Атабеков // Исслед. живой природы Кыргызстана: сб. ст. / Биол.-почв. ин-т Нац. АН Кырг. Респ.– Бишкек, 2002.- Вып.4.- С. 140-143.

6.Кузнецов, Б.А. Определитель позвоночных животных фауны СССР [Текст] / Б.А.Кузнецов.– М.: Просвещение, 1975. – Ч.3.- 208 с.

7.Кулназаров, Б.К. Материалы к изучению млекопитающих на преобразованных ландшафтах Южного Кыргызстана [Текст] // Актуальные экологические проблемы Кыргызстана: Материалы Респ. науч. конф.- Ош, 1993.- С. 38-39.

8.Кулназаров, Б.К. Кыргызстандын жаныбарлар дүйнөсү, аларды коргоо жана сарамжал пайдалануу проблемалары [Текст].–Ош, 1994.- 176 с.

УДК:589.5

КЫРГЫЗСТАНДЫН ТҮШТҮК АЙМАГЫН БАЙЫРЛАГАН ЧЫГЫШ СОКУР МОМОЛОЮНУН (ELLOBIUS TANCREI) ТАРАЛЫШЫ ЖАНА САНДЫК КӨРСӨТКҮЧҮ

РАСПРОСТРАНЕНИЕ И КОЛИЧЕСТВЕННЫЙ ПОКАЗАТЕЛЬ ВОСТОЧНОГО СЛЕПОГО КЛЕЩА (ELLOBIUS TANCREI), НАСЕЛЯЮЩЕГО ТЕРРИТОРИЮ ЮГА КЫРГЫЗСТАНА

DISTRIBUTION AND QUANTITATIVE INDEX OF THE EASTERN BLIND TICK (ELLOBIUS TANCREI) INHABITING THE TERRITORY OF SOUTHERN KYRGYZSTAN

Бегматов Акматбек Токтосунович
Бегматов Акматбек Токтосунович.
Begmatov Akmatbek Toktosunovich
окутуучу, Ош мамлекеттик университи
препадователь, Ошский государственный университет
lecturer, Osh State University

Абдисатаров Камбарали
Абдисатаров Камбарали
Abdisatarov Kambarali
б.и.к. доцент, Ош технологиялык университети
к.б.н.доцент, , Ошский технологический университет
Candidate of Biological Sciences Associate Professor, Osh Technological University

Сарымсакова Айчүрөк
Сарымсакова А.Т.
Sarymsakova A.T.
окутуучу, Ош мамлекеттик университи
преподаватель, , Ошский государственный университет
lecturer, Osh State University
asarymsakova@oshsu.kg

КЫРГЫЗСТАНДЫН ТҮШТҮК АЙМАГЫН БАЙЫРЛАГАН ЧЫГЫШ СОКУР МОМОЛОЮНУН (ELLOBIUS TANCREI) ТАРАЛЫШЫ ЖАНА САНДЫК КӨРСӨТКҮЧҮ

Аннотация

Бул макалада Кыргызстандын түштүк аймагын байырлаган чыгыш сокур момолою Кыргызстандын түштүгүндө бардык тоо кыркаларында (Чаткал, Фергана, Алай, Түркестан) орун алган ландшафттарда кездешет. Бул чычкандар, негизинен, ачык ландшафттардагы бөксө тоолордо, сейрек токойлуу ачык шалбааларда жашашат. Өтө нымдуу жерлерде (саздарда, калың токойлордо) жашай алышпайт. Сокур момолойлор тиричилигин жердин алдында өткөрүшөт. Ошондуктан жер үстүндө аларга эсеп жүргүзүү татаал болуп эсептелет. Сокур момолойду ар бир тоо кыркасындагы бийиктик алкактар боюнча изилдөөнүн натыйжасында төмөнкүдөй маалымат алынды, сокур момолою үчүн эң ыңгайлуу аймактар болуп бардык тоо кыркалардын орто тоо бийиктик алкактарындагы тиешелүү ландшафттар экендиги тастыкталды. Башкача айтканда, бул тоо кыркаларындагы сокур момолойдун орточо тыгыздыгы боюнча вариациялары 1 гектарга 24,2 дан 38,6 бирдикти түздү. Ал эми эң аз санда кездешкен тоо кыркаларындагы алкактардын ичинен эң сейрек кездешкен алкак болуп, тоо этегиндеги бийиктик алкак болуп эсептелди. Бул алкакта сокур момолоюнун 1 га орточо тыгыздыгы 2,7 ден 12,2 ге чейинки бирдикти түзөт. Ал эми ар түрдүү тоо кыркаларындагы бийик тоо алкагында бул момолойдун сандык көрсөткүчү орто тоо бийиктик алкагына орун алган ландшафттарга караганда төмөнүрөөк экендиги аныкталды. Жалпылап айтканда, чыгыш сокур момолою үчүн эң ыңгайлуу ландшафттар болуп бардык тоо кыркаларындагы орто тоо бийиктик алкагында жайгашкан ландшафттар экендиги тастыкталды.

Ачкыч создор: *геро, ландшафт, стация, эпизоотологиялык, эпидемиологиялык инфекциялык, инвазиялык, антропоген, селитеб, экотон, маршрут, экосистема, синантроп.*

РАСПРОСТРАНЕНИЕ И КОЛИЧЕСТВЕННЫЙ ПОКАЗАТЕЛЬ ВОСТОЧНОГО СЛЕПОГО КЛЕЩА (ELLOBIUS TANCREI), НАСЕЛЯЮЩЕГО ТЕРРИТОРИЮ ЮЖНОГО КЫРГЫЗСТАНА

Аннотация

В этой статье рассматривается восточная слепушонка, населяющая территорию южного Кыргызстана, которая встречается во всех горных хребтах (Чаткальском, Ферганском, Алайском, Туркестанском). Эти грызуны живут в основном на плато в открытых ландшафтах, реже на открытых лугах с лесом. Не могут жить в очень влажных местах (болотах, густых лесах). Слепушонки проводят свою жизнь под землей. Поэтому вести учет их на земле считается сложным. В результате исследования слепушонок по высотным поясам в каждом горном хребте была получена следующая информация, подтверждающая, что наиболее благоприятными районами для слепушонок являются соответствующие ландшафты в среднегорных высотных поясах всех горных хребтов. Другими словами, вариации средней плотности слепушонок в этих горных хребтах составляли от 24,2 до 38,6 единиц на 1 га. Предгорный ландшафт оказался таким, где встречаются наименьшее количество слепушонок. В этом ланшафте средняя плотность слепушонок на 1 га составляет от 2,7 до 12,2 единиц. Было обнаружено, что в высокогорных поясах количественный показатель слепушонок ниже, чем в ландшафтах, расположенных в среднегорных поясах. Было подтверждено, что наиболее благоприятными ландшафтами для восточных слепушонок являются ландшафты, расположенные в среднегорных высотных поясах.

DISTRIBUTION AND QUANTITATIVE INDEX OF THE EASTERN BLIND TICK (ELLOBIUS TANCREI) INHABITING THE TERRITORY OF SOUTHERN KYRGYZSTAN

Annotation

This article examines the ellobius tancrei inhabiting the territory of southern Kyrgyzstan, which is found in all mountain ranges (Chatkal, Ferghana, Alai, Turkestan). These rodents live mainly on plateaus in open landscapes, less often in open meadows with forests. They cannot live in very humid places (swamps, dense forests). Ellobius tancrei spend their lives underground. Therefore, it is considered difficult to keep records of them on earth. As a result of the study of ellobius tancrei by altitude zones in each mountain range, the following information was obtained, confirming that the most favorable areas for the ellobius tancrei are the corresponding landscapes in the mid-mountain altitude zones of all mountain ranges. In other words, the variations in the average density of ellobius tancrei in these mountain ranges ranged from 24.2 to 38.6 units per 1 ha. The foothill landscape turned out to be one where the fewest ellobius tancrei are found. In this landscape, the average density of ellobius tancrei per 1 hectare ranges from 2.7 to 12.2 units. It was found that in the high mountain belts the quantitative index of ellobius tancrei is lower than in the landscapes located in the mid-mountain belts. It has been confirmed that the most favorable landscapes for ellobius tancrei are landscapes located in the mid-mountain altitude zones.

Ключевые слова: *геро, ландшафт, стация, эпизоотологический, эпидемиологический инфекционный, инвазийный, антропоген, селитеб, экотон, маршрут, экосистема, синантроп*.

Keywords: *hero, landscape, station, epizootological, epidemiological infectious, invasive, anthropogenic, residential, ecotone, route, ecosystem, synanthrope*.

Киришүү

Чычкан сымал кемирүүчүлөр Кыргызстандын сүт эмүүчүлөрүнүн ичинен өтө көп түрдүүлүккө ээ болуп, бардык тоо кыркаларында жайгашкан ар түрдүү ландшафттык аймактарына кеңири тараган. Кыргызстандын фаунасында чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн 23 түрү кездешет. Кыргызстандын жаныбарлар дүйнөсү жөнүндөгү алгачкы маалыматтарды VII кылымдагы табият таануучу Сюань-Цзан жана XVIII кылымдагы саякатчы Маркополонун иштик отчетторунан кезиктирүүгө болот. Алар айрыкча Памир-Алай жана Тянь-Шань тоо кыркаларында гана кездешкен кээ бир жаныбарлар жөнүндө маалыматтарды беришкен. Ал эми кийинки учурларда Кыргызстандын фаунасын изилдөөлөр XIX кылымдын орто чениндеги жана XX кылымдын башындагы орус жана чет элдик окумуштуу, табият-таануучу саякатчыларына таандык.

1864-1878-жылдары белгилүү географ саякатчы Н.А.Северцовдун жетекчилиги астында Тянь-Шань тоо кыркаларына жана Фергана, Алай өрөөндөрүнө экспедиция уюштурулуп, алар бул аймакта кездешкен омурткалуулардын таралышын изилдешкен. Бул изилдөөлөрдүн натыйжасында Н.А.Северцов «Вертикальное и горизонтальное распределение Туркестанских животных» (1873), «Млекопитающие Туркестана» (1876), «Краткий отчет о памирских исследованиях и общих научных результатах Ферганской ученой экспедиции» (1879) деген эмгектерин жарыялаган. Бул эмгектеринде ал кемирүүчүлөрдүн фаунасы жана экологиясы жөнүндөгү маалыматтарды берген. Мындан сырткары Н.А Северцов Борбордук Азиядагы кээ бир майда сүт эмүүчүлөрдүн түрдүк курамы жана таралышы жөнүндө да маалыматтарды жыйнаган. Мисалы, Памир момолою (Microtus juldaschi), корум момолою (Alticola argentatus), токой чычканы (Apodemus sylvaticus) ж.б.

XIX кылымдын аягында Россияда коомдук капиталисттик-социалдык абалдын өзгөрүшү Борбордук Азиянын жана Кыргызстандын фауна жана флорасын изилдөөгө чоң түрткү берди. Алсак, Тянь-Шань жана Памир-Алайдын жаратылышын окуп-үйрөнүү үчүн орус саякатчысы зоолог А.П.Федченко жана андан кийин О.А.Федченколор тарабынан жүргүзүлгөн (1868-1875) изилдөөлөрдү белгилөөгө болот.

1871-жылы А.П.Федченко жана О.А.Федченконун жетекчилиги астында Фергана, Түркестан жана Алай тоо кыркаларына экспедиция уюштурулуп, экспедициянын жыйынтыгында ар кандай физика-географиялык шарттарга ээ болгон Арткы Алай тоо кыркасын жана Алай өрөөнүн негиздешип, ушул аймактардын сүт эмүүчүлөрү жөнүндө баяндама беришкен.

А.П.Федченко тарабынан жыйналган материалдардын негизинде андан ары 1875-жылы О.А.Федченко Памир-Алай жана Фергана өрөөнүнүн жаратылышы жөнүндө «Путешествие в Туркестана» деген эмгеги жарык көрөт.

Кыргызстандын аймагынын тоо кыркаларын орус окумуштуу-саякатчылары эле эмес, алар менен биргеликте англиялык саякатчылар да изилдешкен. Мисалы, көрүнүктүү саякатчы Ф.Столичка 1873–жылы англиялык экспедиция менен биргеликте Индия, Ладак, Кашкар жана Яркенд аркылуу Кыргызстандын Аксай, Памирине чейин келген, Кыргызстандын фаунасы жөнүндө жыйналган баалуу материалдардын негизинде англиялык зоологдор бир топ алгылыктуу эмгектерди жаратышкан (B. Blaford, 1875; 1879).

XX кылымдын башында Н.А.Зарудный Борбордук Азияга экспедицияга чыгуу менен Кыргызстандын фаунасына да чоң көңүл бурган. Ал 1907-жылы Фергана өрөөнүнө, ал эми 1909-жылы Чаткал кырка тоосуна кайрадан экспедицияга чыгып, натыйжада, түштүк Кыргызстандын сүт эмүүчүлөрүнүн фаунасы жөнүндө маалымат берет.

Ал эми XX кылымдын башында Кыргызстандын териофаунасын изилдеген көрүнүктүү окумуштуулардан В.Н. Шнитниковду белгилөөгө болот. Ал Жети-Суунун сүт эмүүчүлөрүн

изилдөө менен аларга талдоо жүргүзүүнүн негизинде «Млекопитающие Семиречья» (1936) жана «Животный мир Казахстана» (1935) деген көрүнүктүү эмгектерин жарыкка чыгарат.

М.А.Мензбир Борбордук Азиянын фаунасын изилдөөнүн натыйжасында «Зоологические участки Туркестанского края и вероятное происхождение фауны последнего» (1914), деген эмгегин жазат жана Борбордук Азиянын зоогеографиялык райондорунун схемасы менен фаунасынын генезисин иштеп чыгат.

Улуу Октябрь революциясынан кийин Кыргызстандын кемирүүчүлөрүнүн фаунасын изилдөө бир кыйла активдүү жүргүзүлө баштады. Тагыраак айтканда, 1928-жылы Кыргызстанда край таануу илим изилдөө институту уюштурулуп, бул институттун курамында республиканын ар кайсы райондоруна ар кандай илимий багыттагы экспедициялар уюштурула баштаган. Айрыкча, мына ушул мезгилдеги Борбордук Азиянын жаныбарлар дүйнөсүн изилдөө-көрүнүктүү окумуштуу Д.Н. Кашкаровго таандык. Анткени, анын жетекчилиги астында 1926-жылы Кыргызстандын түштүгүнө чоң экспедиция уюштурулуп, бул экспедиция Арсланбап, Сары-Челек, Кең-Көл, Кетмен-Төбө, Турдук жана башка аймактарды камтыган. Бул аймактарга жүргүзүлгөн экспедициянын жыйынтыгында Д.Н. Кашкаров «Описание новых видов грызунов из Западного Тянь-Шаня» (1923), «Определитель грызунов Туркестана» (1923), «Результаты экспедиции в Среднеазиатский музей в районе озера Сары-Челек» (1927) деген бир топ баалуу эмгектерин жараткан. 1932-жылы Д.Н. Кашкаров изилдөөлөрүнө кайрадан толуктоолорду киргизип, «Животные Туркестана» деген эмгегин (1931) жазат.

Б.А.Кузнецов Кыргызстандын сүт эмүүчүлөрүнүн фаунасын изилдөөдө чоң салым кошкон. Анын изилдөөлөрү республиканын көптөгөн райондорун өзүнүн ичине камтып, көп жылдык изилдөөлөрдүн натыйжасында «Материалы к познанию фауны млекопитающих Центральной Азии» (1939), «Звери Киргизии» (1948), ошондой эле, түштүк Кыргызстандын Алай өрөөнүнүн сүт эмүүчүлөрүнө арнап «Заметки млекопитающих Алайской долины» (1937) деген эмгектерин жаратат.

Түштүк Кыргызстандын кемирүүчүлөр фаунасын изилдөөдөгү көрүнүктүү эмгектердин бири А.И. Андрушкого таандык. Анын жетекчилиги астында Түштүк Кыргызстандын Алай өрөөнүнө комплекстүү экспедиция уюштурулат. Бул изилдөөнүн максаты Алай өрөөнүнүн кемирүүчүлөрүнүн биологиясын изилдөө болуп саналган. Изилдөөнүн натыйжасында «Деятельность грызунов на сухих пастбищах Средней Азии» (1939) деген эмгек жарыкка чыгат. Ошондой эле, бул багыта Б.М. Айзиндин «Определитель грызунов Киргизской ССР» (1947), «Новые места нахождения некоторых грызунов Киргизской ССР» (1943), «Фауна грызунов в городах Киргизии» (1954) деген эмгектери жарык көрөт.

Кыргызстандын кемирүүчүлөрүнүн биологиясын жана экологиясын изилдөөдө көптөгөн окумуштуулар өз салымдарын кошкон. Атап айтканда, Б.С. Виноградов, А.И. Аргиропуло, В.Г. Гептнера «Грызуны Азии» (1936), Н.В. Минина «Эколого-географической очерк грызунов Средней Азии», С.И.Огнев «Грызуны Центрального Тянь-Шаня» (1940), Н.А. Бобринский «Звери СССР и прилегающих стран» (1944), А.П. Кузякин, И.М. Громов (1952) ж.б. Д.П. Деменьтев Кыргызстандын сүт эмүүчүлөрүнүн фаунасын изилдөөдө чоң эмгек сиңирген. Анткени, ал республиканын аймагында уюштурулган бир топ зоологиялык изилдөө иштерине абдан активдүү катышкан. Ал 1938-жылы «Список млекопитающих Киргизской ССР» деген эмгегин жарыялап, бул эмгегинде кээ бир окумуштуулардын эмгектерине толуктоолорду киргизип, 1947-жылы «Некоторые данные о распространении млекопитающих в Киргизкой республике» деген эмгегин басмадан чыгарат.

1943-жылы СССР ИАнын филиалынын, андан кийин 1954-жылы ушул филиалдын негизинде өз алдынча Кыргызстан илимдер академиясынын түзүлүшү менен республиканын аймагындагы жаныбарлар дүйнөсүн изилдөө иштерин пландуу жана системалуу жүргүзүлүшүнө бир кыйла ыңгайлуу шарттар түзүлө баштайт. Натыйжада, Кыргыз илимдер академиясынын омурткалуу жаныбарлардын лабораториясынын зоолог-окумуштуулары биздин республиканын ар кандай райондорунун ландшафттык алкактарындагы омурткалуу

жаныбарларын изилдешип, бул багытта көптөгөн эмгектерди жаратышкан. Мисалы, Д.П. Деменьтев жана А.И.Янушевичтин (1952) жетекчилиги менен Кыргызстандын аймагында чоң экспедиция уюштурулуп, анда жыйналган баалуу фаунистикалык материалдардын негизинде төмөндөгү бир топ окумуштуулардын монографиясы жана макалалары жарык көрөт: А.И. Янушевич (1957; 1966), Б.М.Айзин (1943; 1950; 1979), К.Б.Бейшебаев (1961; 1962), В.П. Зимина (1952; 1953; 1964), Ю.М. Ралль (1945; 1947), Л.П. Рапопорт (1955; 1964), А.Т.Токтосунов (1958; 1960; 1963; 1964; 1967), Т.Ф. Федянина (1968), А.И.Янушевич (1968), ж.б. Ошондой эле, А.И. Янушевич жана башка окумуштуулар да бир топ алгылыктуу иштерди жүргүзүшүп, натыйжада, «Вредные грызуны Киргизии» (1966), «Биологические основы борьбы с вредными грызунами» (1968) деген эмгектерин жаратышкан.

Кыргызстандын аймагындагы сүт эмүүчү жаныбарларын изилдөө иштери көптөгөн окумуштуулардын (Б.М.Айзин, 1943; Б.К.Кузнецов, 1948; А.Т.Токтосунов, 1958, 1984, 1961; А.И.Янушевич 1972; Б.К.Кулназаров, 2008) изилдөө иштеринде орчундуу орунду ээлейт. Бул фауналык изилдөөлөр, негизинен Кыргызстандын сүт эмүүчүлөрүнүн түрдүк курамына, алардын жер-жерлерде таралышына, биологиясына жана экологиясына арналган.

Чыгыш сокур момолоюунун экологиялык өзгөчөлүктөрүнө арналган изилдөө иштери такыр жүргүзүлгөн эмес. Экинчиден, акыркы жылдарда кандай гана экосистемалар болбосун антропогендик факторлордун таасирлеринин (айдоо аянттарынын көбөйүп жатышы, тоо аймактарында жолдордун курулушу, айыл чарба жаныбарларынын көбөйүшү ж.б.) көп өзгөрүүлөргө дуушар болуп жатат. Ошондуктан чыгыш сокур момолоюунун экологиялык, көрсөткүчтөрү кандай багытта өзгөрүлүп жаткандыгы, өзгөрүлгөн ландшафттардагы фауналык калыптануу мүнөзү, ж.б. багыттагы изилдөөлөр теориялык, практикалык жактан өтө чоң мааниге ээ.

Изилдөө усулу

Чыгыш сокур момолоюна эсеп жүргүзүү жер астында жашаган кемирүүчүлөр үчүн атайын иштелип чыккан (Е.С. Сластенина, 1963) маршруттук-сызык усулунун негизинде ишке ашырылды. Бул усулга ылайык сокур чычканын уясын казып жаткан мезгилинде түртүп чыгарылган топурак дөңсөөчөлөрүн 2 метр кеңдикти түзгөн маршруттук тасмадагы саны аныкталат. Алгач коюлган маршруттун аянты чыгарылат

Мисалы, маршрутта 1000м басылган болсо аны маршруттун туурасына, б.а, 2м ге көбөйтүлөт да маршруттун жалпы аянты ($м^2$) эсептелет. Андан соң, бул аянттагы сокур чычкандардын колониядагы ийиндеринин орточо тыгыздыгы 1 га бирдигине эсептелет. Бул усулду жазында же күзүндө колдонуу талапка ылайык, себеби, жылдын бул мезгилдеринде чөптүн бийиктиги жапыс болуп, колонияларды эсептөөгө мүмкүн болот.

Кармалган чычкан сымал кемирүүчүлөр толугу менен лабораториялык камералдык изилдөөлөрдөн өткөзүлдү. Чыгыш сокур чычканын орточо тыгыздыгын аныктоо үчүн 1300 $м^2$ өлчөмүндөгү маршрут коюлду.

Чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн түрдүк курамын так аныктоодо Ош МУнун зоология жана экология кафедрасынын лабораториясында алардын баш сөөктөрү кайнатылып жана тазаланып, краниологиялык изилдөөлөрдүн жардамында жана тиштеринин морфологиялык түзүлүш өзгөчөлүктөрүнө жараша атайын аныктагычтарды (Б.К.Кузнецов, 1975; А.И.Янушевич, Б.М.Айзин, 1972; А.Т.Токтосунов, 1958; И.Я.Павлинов, О.Л.Россолимо, 1987) пайдалануу менен жүргүзүлдү.

Изилдөө жыйынтыктары

Бул бөлүмдө биз чыгыш сокур момолоюн өзүнчө карап, анын вертикалдык таралышын жана сандык көрсөткүчүн анализдейбиз. Себеби, бул момолой чычкан башка чычкан сымал кемирүүчүлөргө колдонулуучу капкан-сызык усулу боюнча колдонулуучу капканга түшпөгөндүктөн булардын санын аныктоо башка зоологиялык усул-маршруттук-сызык усулу менен жүргүзүлөт.

Чыгыш сокур момолою Кыргызстандын түштүгүндө бардык тоо кыркаларында (Чаткал, Фергана, Алай, Түркестан) орун алган ландшафттарда кездешет (Б.К. Кулназаров, 2008). Бул чычкандар, негизинен, ачык ландшафттардагы бөксө тоолордо, сейрек токойлуу

ачык шалбааларда жашашат. Өтө нымдуу жерлерде (саздарда, калың токойлордо) жашай алышпайт. Сокур момолойлор тиричилигин жердин алдында өткөрүшөт. Ошондуктан жер үстүндө аларга эсеп жүргүзүү татаал болуп эсептелет.

Чыгыш сокур момолоюна эсеп жүргүзүү Е.С.Сластенина (1963) сунуштаган маршруттук-сызык усулунун негизинде жүргүзүлдү. Бул усулга ылайык биздин изилдөөлөрүбүздө сокур момолойдун уясын казып жаткан мезгилинде түртүп чыгарылган топурак дөңсөөчөлөрү 2 метрдик кеңдикти түзгөн маршруттук тасмадагы саны аныкталды .

Изилдөөнүн натыйжасында, чыгыш сокур момолою түштүк Кыргызстандын бардык тоо кыркаларында (Чаткал, Фергана, Алай, Түркестан) орун алган ландшафттарда кездешет (Б.К. Кулназаров, 2008). ландшафттык аймактарында жашай тургандыгы далилденди. Сокур момолойду ар бир тоо кыркасындагы бийиктик алкактар боюнча изилдөөнүн натыйжасында төмөнкүдөй маалымат алынды (1 таблица). Таблицада көрүнүп тургандай, сокур момолою үчүн эң ыңгайлуу аймактар болуп бардык тоо кыркалардын орто тоо бийиктик алкактарындагы тиешелүү ландшафттар экендиги тастыкталды. Башкача айтканда, бул тоо кыркаларындагы сокур момолойдун орточо тыгыздыгы боюнча вариациялары 1 гектарга 24,2 дан 38,6 бирдикти түздү. Ал эми эң аз санда кездешкен тоо кыркаларындагы алкактардын ичинен эң сейрек кездешкен алкак болуп, тоо этегиндеги бийиктик алкак болуп эсептелди. Бул алкакта сокур момолоюнун 1 га орточо тыгыздыгы 2,7 ден 12,2 ге чейинки бирдикти түзөт (1.-таблица).

1-таблица - *Чыгыш сокур момолоюнун түштүк Кыргызстандын аймагында таралышы жана сандык көрсөткүчү (тыгыздыгы 1 гектарга)*

Тоо алкактары		Тоо кыркалары			
		Чаткал	Фергана	Алай	Түркестан
1.	Тоо этеги	5,8	8,1	12,2	2,7
2.	Орто тоо	30,8	38,6	30,6	21,2
3.	Бийик тоо	19,2	21,2	25,5	15,3

Ал эми ар түрдүү тоо кыркаларындагы бийик тоо алкагында бул момолойдун сандык көрсөткүчү орто тоо бийиктик алкагына орун алган ландшафттарга караганда төмөнүрөөк экендиги аныкталды.

Жалпылап айтканда, чыгыш сокур момолою үчүн эң ыңгайлуу ландшафттар болуп бардык тоо кыркаларындагы орто тоо бийиктик алкагында жайгашкан ландшафттар экендиги тастыкталды. Себеби, бул жерде сокур момолоюнун 1 га боюнча орточо тыгыздыгы жогору.

Ал эми бийик тоо алкактын ландшафттарында сокур момолою үчүн температура оптималдуу эмес экендиги далилденди. Мындай болушуна бул бийиктик алкакта жаз, жай жана күз мезгилдеринин кыскалыгы жана аба ырайынын катаалдыгы, о.э. башка факторлордун таасири да себеп болуп эсептелет. Сокур момолойдун сандык көрсөткүчү эң төмөн болгон жерлер бул бардык тоо кыркаларындагы тоо этегиндеги бийиктик алкактардагы ландшафттар болуп чыкты. Себеби, жогоруда бир нече жолу айтылгандай бул алкакта сокур момолою жашай турган ландшафттардын бардыгы антропогендик ландшафттарга айлангандыктан, бул түрдүн башка түрлөрдөн жашоо шарттарынын кескин өзгөрүлүшү даана байкалат.

Корутунду

1. Чыгыш сокур момолою түштүк Кыргызстандын бардык тоо кыркаларында (Чаткал, Фергана, Алай, Түркестан) орун алган ландшафттык аймактарында жашай тургандыгы далилденди.

2. Сокур момолою үчүн эң ыңгайлуу аймактар болуп бардык тоо кыркалардын орто тоо бийиктик алкактарындагы тиешелүү ландшафттар экендиги тастыкталды. Башкача айтканда, бул тоо кыркаларындагы сокур момолойдун орточо тыгыздыгы боюнча вариациялары 1 гектарга 24,2 дан 38,6 бирдикти түздү. Ал эми эң аз санда кездешкен тоо кыркаларындагы алкактардын ичинен эң сейрек кездешкен алкак болуп, тоо этегиндеги бийиктик алкак болуп эсептелди. Бул алкакта сокур момолоюнун 1 га орточо тыгыздыгы 2,7 ден 12,2 ге чейинки бирдикти түзөт.

3. Сокур момолойдун сандык көрсөткүчү эң төмөн болгон жерлер бул бардык тоо кыркаларындагы тоо этегиндеги бийиктик алкактардагы ландшафттар болуп чыкты. Себеби,

бул алкакта сокур момолою жашай турган ландшафттардын бардыгы антропогендик ландшафттарга айлангандыктан, бул түрдүн башка түрлөрдөн жашоо шарттарынын кескин өзгөрүлүшү даана байкалат

Практикалык мааниси

Зооценоздордун мүчөлөрү үчүн жалгыз гана энергиянын булагы болуп өсүмдүктөр эсептелет. Чычкан сымал кемирүүчүлөр жалаң гана өсүмдүктөр менен тамактанышат (кээде аз санда белок үчүн курт-кумурскалар менен да тамактанышат). Ошондуктан, бул чычкан сымал кемирүүчүлөрдү фитофагдар катары экологиялык тамактануунун биринчилик консументтер тибине киргизебиз.

Экоситеманын тең салмактуулугу тамак чынжыры аркылуу кармалып турат. Мында консументтер “энергияны жана заттарды” өсүмдүктөр булагынан алышып, алардын бири-бири менен тамактануусу аркылуу бир организмден экинчи бир организмге өткөзүү менен бир нече трофикалык деңгээлдерди түзүшөт (Одум, 1975).

Чыгыш сокур момолоюу эң чоң экосистемалык мааниге ээ жаныбарлардан болуп эсептелишет. Көпчүлүк адамдар же адабияттарда чычкан сымал кемирүүчүлөрдү терс көрүнүштөгү пайдасыз жана зыяндуу жаныбарларга киргизишет, же чычкан сымал кемирүүчүлөр дегенде бир гана үй чычканын жана келемишти элестетишет. Бул экологиялык билимсиздикке жатат. Жаратылыштагы бийик тоо аймактагы ландшафттарда жашаган чычкандардын терс мааниси жок, себеби чычкан сымал кемирүүчүлөр күндөн алынган жарык энергияны химиялык энергия катары консервациялаган өсүмдүктөр менен тамактанат да, бул энергиянын жарым бөлүгүн булар менен тамактануучу кийинки консументтерге - жырткыч жаныбарларга өткөзүп беришет. Чыгыш сокур момолою башка чычкан сымал кемирүүчүлөр сыяктуу эле жаратылышта айрым , сут эмуучулордун, сойлоочуулардын түрүлору үчүн чоң тамактык база болуп эсептелет. Бул чычкан сымал кемирүүчүлөрсүз башка жырткыч жаныбарлардын (жыландардын, жырткыч канаттуулардын, жырткыч сүт эмүүчүлөрдүн) жашоосу мүмкүн эмес. . Эгерде чыгыш сокур момолою унун саны жогору болсо, бул жырткычтардын жашап көбөйүүсүнө жакшы шарттар түзүлөт.

Жаратылыштагы көз караш менен караганда, чычкан сымал кемирүүчүлөр Кыргызстандын экосистемаларында орду чоң. Бул чычкан сымал кемирүүчүлөр боюнча алынган маалыматтар, мергенчилик чарбаларын өнүктүрүүдө же промыселдик жаныбарларды көбөйтүүдө чоң мааниге ээ.

Экинчиден, бул кемирүүчүлөр ар түрдүү ландшафттарда өсүмдүктөр менен тамактанышып топуракты семиртүүгө, жумшартууга аралаштырууга жана кайракы маданий эгиндердин түшүмдүүлүгүн артырууда активдүү катышат. Ошондой эле чыгыш сокур момолою эпизоотологиялык, эпидемиологиялык жактан терс практикалык мааниси дагы бар. Бул чычкан сымал кемирүүчүлөр ар түрдүү инфекциялык, инвазиялык ооруларды жаратылышта сактап, ташып жүрүүчүлөр болуп эсептелишет.

Бул кемирүүчүлөр инфекциялык ооруларды козгогучтарды адамдарга жана жаныбарларга жугузуучу катары омурткасыздарды - кенелерди, бүргөлөрдү, биттерди тамактандырып (жаныбарлардын каны менен тамактанып) алып жүрүүчүлөрдөн же ташуучу фаризонттор болуп саналышат. Мисалы, түшүк Кыргызстанда жашаган чычкан сымал кемирүүчүлөр гамазоиддик кенелердин, бүргөлөрдүн; биттердин 6; иксодоиддердин 7 түрлөрүнүн ээлери болуп саналышат. Ошондуктан адам баласы синантроптук чычкандардын санын төмөндөтүп жөнгө салып турушу зарыл.

Жалпылап айтканда, биздин изилдөөлөрдүн натыйжасында алынган маалыматтар чычкандарынын сандык көрсөткүчтөрү, ландшафттык таралыштары Мамлекеттик санитардык эпидемиялык көзөмөлдөө борборлоруна, чумага каршы бөлүмдөрүнө, мергенчилик чарбаларына практикалык жактан пайдаланса болот.

Адабияттар

1. Айзин, Б.М. Определитель грызунов Киргизской ССР [Текст] / Б.М.Айзин.– Фрунзе: Кирг. Респ. противочум. станция, 1947.- с.40
2. Алтыбаев К.И. Материалы к изучению паразито-хозяинных отношений мышевидных грызунов в Алайском природном очаге чумы [Текст] / К.И. Алтыбаев

// Вестн. Ош. гос. ун-та: Весен. сес. «Активизация творческих возможностей молодых ученых вузов Юга Кыргызстана».– 2002. с. 12-14
3. Атабеков, У.А. Мышевидные грызуны Южного Кыргызстана [Текст] / У.А.Атабеков // Биол. науки Казахстана.- 2011.- №1.- с. 15-21.
4. Атабеков, У.А. Грызуны (Rodentia) Падыша-Атинского государственного заповедника [Текст] / У.А.Атабеков // Исследования живой природы Кыргызстана: сб.ст. / Биол.-почв. ин-та Нац. АН Кырг. Респ.– Бишкек, 2011.– Вып.1.- с. 38-41.
5. Атабеков, У.А. Распространение и численность популяций лесной мыши (Apodemus sylvaticus L., 1758) в различных ландшафтах Южного Кыргызстана [Текст] / У.А.Атабеков // Исслед. живой природы Кыргызстана: сб. ст. / Биол.-почв. ин-т Нац. АН Кырг. Респ.– Бишкек, 2002.- Вып.4.- с. 140-143.
6. Кузнецов, Б.А. Определитель позвоночных животных фауны СССР [Текст] / Б.А.Кузнецов.– М.: Просвещение, 1975. – Ч.3.- с.208
7. Кулназаров, Б.К. Материалы к изучению млекопитающих на преобразованных ландшафтах Южного Кыргызстана [Текст] / Б.К. Кулназаров, Г.А.Садыкова // Актуальные экологические проблемы Кыргызстана: Материалы Респ. науч. конф.- Ош, 1993.- с. 38-39.
8. Кулназаров, Б.К. Кыргызстандын жаныбарлар дүйнөсү, аларды коргоо жана сарамжал пайдалануу проблемалары [Текст] / Б.К.Кулназаров, Н.Б.Байдоолотов, Б.А.Токторалиев.–Ош, 1994.- с.176

УДК: 92(574).57.07.504 (574)

БОЛОТ КУЛНАЗАРОВ – ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНДЕГИ ЗООЛОГИЯ ЖАНА ЭКОЛОГИЯ МЕКТЕБИНИН НЕГИЗДӨӨЧҮСҮ

БОЛОТ КУЛНАЗАРОВ - ОСНОВАТЕЛЬ ШКОЛЫ ЗООЛОГИИ И ЭКОЛОГИИ В ОШСКОМ ГОСУДАРСТВЕННОМ УНИВЕРСИТЕТЕ

BOLOT KULNAZAROV - FOUNDER OF THE SCHOOL OF ZOOLOGY AND ECOLOGY AT OSH STATE UNIVERSITY

Дженбаев Бекмамат Мурзакматович

Дженбаев Бекмамат Мурзакматович ч

Djenbaev, Bekmamat Murzakmatovich

б.и.д., профессор, КРнын УИАсынын корреспондент-мүчөсү

член-корреспондент НАН КР, д.б.н., профессор

Corresponding Member of the National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic, Doctor of Biological Sciences, Professor

bekmamat2002@mail.ru

Абжамилов Сапарбай Ташматович

Абжамилов Сапарбай Ташматович

Abzhamilov, Saparbai Tashmatovich

б.и.к, доцент, Ош мамлекеттик университети

к.б.н., доцент, Ошский государственный университет

Candidate of Biological Sciences, Associate Professor, Osh State University

sabjamilov@oshsu.kg

БОЛОТ КУЛНАЗАРОВ – ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНДЕГИ ЗООЛОГИЯ ЖАНА ЭКОЛОГИЯ МЕКТЕБИНИН НЕГИЗДӨӨЧҮСҮ

Аннотация

Макалада Ош мамлекеттик университетиндеги зоология жана экология мектебинин негиздөөчүсү, Кыргызстанда эле эмес жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдөгү көрүнүктүү окумуштуу – илимпоз биология илимдеринин доктору, профессор Болот Кулназаровдун өмүр таржымалы, илимий-чыгармачылыктагы басып өткөн жолу жана кыска өмүрүнүн аралыгында илимге кошкон бараандуу салымы жөнүндөгү баяндамасы берилген. Болот Карамырзаевич Кулназаров 1960-жылы, 12-февралда Жалал-Абад облусунун Аксы районундагы Кара-Суу айылында туулган. Орто мектепти бүтүргөн соң, ОшПинин биология факультетин артыкчылык диплом менен аяктаган. Гомель шаарындагы Франциско-Скорина атындагы Университетинен аспирантурны окуган. 1989-жылы кандидаттык диссертациясын коргогон. 2003-жылы докторлук диссертациясын коргогон. 2009-жылы Кыргыз республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын чечими менен профессорлук наам ыйгарылган. 8 илимдин кандидатын даярдап чыгарган. Нидерландия, Турция, АКШ, Германия, Индия, Белгия, КМШ өлкөлөрүндө уюштурулган бир канча Эл аралык симпозиум жана конференциялардын катышуучусу. Кыска убакыттын ичинде 130 дан ашык илимий эмгектерди (4 окуу китебин, 3 монография, 9 окуу-методикалык китептер) жарыкка чыгарган.

Ачкыч сөздөр: Б. Кулназаров, зоология, экология, окумуштуу, экологиялык билим, маданият, илимий мектеп.

БОЛОТ КУЛНАЗАРОВ - ОСНОВАТЕЛЬ ШКОЛЫ ЗООЛОГИИ И ЭКОЛОГИИ В ОШСКОМ ГОСУДАРСТВЕННОМ УНИВЕРСИТЕТЕ

Аннотация

В статье представлено описание биографии, научного и творческого пути, значительного вклада в науку за короткую жизнь профессора Болота Кулназарова, видного учёного не только Кыргызстана, но и ближнего и дальнего зарубежья, основателя школы зоологии и экологии при Ошском государственном университете. Болот Кулназаров родился 12 февраля 1960 года в селе Кара-Суу Аксыйского района Джалал-Абадской области. После окончания средней школы с отличием окончил биологический факультет Ошского государственного педагогического института. Обучался в аспирантуре Университета Франциско-Скорина в Гомеле. Кандидатскую диссертацию защитил в 1989 году. Докторскую диссертацию защитил в 2003 году. В 2009 году решением Национальной аттестационной комиссии КР ему присвоено учёное звание профессора. Подготовлено 8 кандидатов наук. Участник ряда международных симпозиумов и конференций, организованных в Нидерландах, Турции, США, Германии, Индии, Бельгии и странах СНГ. За короткий срок им опубликовано более 130 научных работ (4 учебника, 3 монографии, 9 учебно-методических пособий).

Ключевые слова: Б. Кулназаров, зоолог, эколог, ученый, экологическое образование, культура, научная школа.

BOLOT KULNAZAROV - FOUNDER OF THE SCHOOL OF ZOOLOGY AND ECOLOGY AT OSH STATE UNIVERSITY

Annotation

The article provides a description of the biography, scientific and creative path, a significant contribution to science for the short life of Professor Bolot Kulnazarov, a prominent scientist not only in Kyrgyzstan, but also near and far abroad, the founder of the first school of zoology and ecology at Osh State University. Bolot Kulnazarov was born on February 12, 1960 in the village of Kara-Suu, Aksy district, Jalal-Abad region. After graduating from high school, he graduated with honors from the Faculty of Biology of the Osh State Pedagogical Institute. He studied at the graduate school of the University of Francisco Skarin in Gomel. He defended his thesis in 1989. He defended his doctoral dissertation in 2003. In 2009, by the decision of the National Attestation Commission of the Kyrgyz Republic, he was awarded the academic title of professor. 8 candidates of sciences were prepared. Member of a number of international symposia and conferences organized in the Netherlands, Turkey, USA, Germany, India, Belgium and the CIS countries. In a short time they are published.

Keywords: B. Kulnazarov, zoologist, ecologist, scientist, environmental education, culture, scientific school.

Киришүү

Биология илимдеринин доктору, профессор Болот Карамырзаевич Кулназаров – Ош мамлекеттик университетиндеги зоология жана экология мектебинин негиздөөчүсү, Кыргызстанда эле эмес, жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдөгү көрүнүктүү окумуштуулардын катарын толуктаган илимпоздордун бири болуп саналат.

Б.К.Кулназаров 1960-жылы 12-февралда Жалал-Абад облусунун Аксы районундагы Кара-Суу айылында туулган. Орто мектепти ийгиликтүү аяктаган соң Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун биология факультетинин биология адистигине тапшырып, аны 1983-жылы артыкчылык диплом менен аяктаган. Анын илимге болгон кызыгуусун байкаган кафедранын окутуучулары кайра эле кенже илимий кызматкер катары кафедрага жумушка кабыл алышкан.

1984-жылы Белорус ССРинин Гомель шаарындагы Франциско-Скорина атындагы университеттин зоология жана жаратылышты коргоо кафедрасына зоология адистиги боюнча аспирантурага тапшырып, аны аяктаган соң ОшПИнин зоология кафедрасында ага лаборант болуп ишин уланкан.

1989-жылы Алма-Ата шаарында Казакстан УИАнын зоология институтунда «Полесьедеги мелиоративдик каналдардын жээгиндеги майда сүт эмүүчүлөрдүн эктопаразиттери жана эпизоотологиялык кырдаалды түзүүдөгү ролу» («Эктопаразиты мелких млекопитающих берегов мелиоративных каналов Полесья и их роль в формировании эпизоотологической ситуации») деген темада кандидаттык диссертациясын коргогон.

1990-1991-жылдары Москва шаарында М.В.Ломоносов атындагы университеттин биология факультетинде «Жаратылышты коргоо жана сарамжал пайдалануу» адистиги боюнча билим алып, ошол мезгилдеги Кыргызстандагы окумуштуулардын арасында жападан жалгыз эң алгач «эколог» квалификациясына ээ болгон окумуштуулардан болгон.

1991-жылдан баштап 1999-жылга чейин ОшМУнун табият таануу факультетинин зоология жана экология кафедрасын жетектеп келген. Мына ушул жылдары Болот Кулназаровдун демилгеси менен келечек муундарынын экологиялык билим маданиятын жогорулатуу максатында экологияны окутуунун программасы иштелип чыгып, Кыргызстандын жогорку окуу жайларында жана мектептерде экология предмети окутула баштаган. Болот Кулназаров экология багытында окутуучуларды кайра даярдоодо маңыздуу лекцияларды окуп, талыкпай эмгектенип зор салым кошкон. Кыргызстандын жогорку окуу жайларында кыргыз тилин өнүктүрүү ошондой эле экология предметин окутуунун сапатын жогорулатуу максатында жогорку окуу жайларынын студенттери, окутуучулары үчүн алгачкылардан болуп, кыргыз тилинде «Жалпы экология» окуу китебин 1999-жылы Москва шаарынан басмаканасынан басып чыгарып, натыйжада Кыргызстандын бардык жогорку окуу жайларынын студенттери экология предмети боюнча толук окуу куралы менен камсыздалган [6].

1994-жылы Б.Кулназаров зоология кафедрасынын базасында алгачкылардан болуп зоология адисиги боюнча аспирантура ачып, аспиранттарды кабыл ала баштаган.

Анын жетекчилиги астында зоология жана экология багытында омурткалуу жаныбарларды изилдөө боюнча жаңы илимий багыт аныкталып, мамлекеттик каттоодон өткөрүлүп, «Түштүк Кыргызстандын жаныбарлар дүйнөсү аларды коргоо жана сарамжал пайдалануунун усулдарын принциптерин иштеп чыгуу» деген теманын негизинде зоологиялык-экологиялык комплексттик илим изилдөө иштери активдүү жүргүзүлө баштаган. Муну байкаган жаш илимпоздор, студенттер анын айланасында топтолуп, анын жетекчилиги астында «Жаш зоолог, эколог» кружогу түзүлүп, Кара-Шоро улуттук жаратылыш паркынын аймагына алгачкы жолу зоологиялык экологиялык комплекстүү илимий экспедиция уштурулуп, жергиликтүү фауна боюнча баалуу материалдар жыйналып, кафедранын омурткалуу жана омурткасыз жаныбарлары боюнча коллекциялык фонд түзүлгөн. Ушундай эле экспедициялар жыл сайын Кыргызстандын түштүк аймагындагы өзгөчө коргоого алынган аймактарга (Сары-Челек биосфералык коругу, Падыша-Ата, Кулун-Ата ж.б. мамлекеттик коруктарына) байма-бай уюштурулуп турган. Изилдөөлөрдүн натыйжасында Кыргызстандын жаныбарлар дүйнөсүнүн түрдүк курамына инвентаризация жүргүзүлүп, алардын горизонталдык жана вертикалдык таралуусуна анализ жүргүзүлгөн [5].

Жыйналган материалдардын негизинде 1994-жылы «Кыргызстандын жаныбарлар дүйнөсү, аларды коргоо жана сарамжал пайдалануу проблемалары» деген алгачкы монографиясы жарык көргөн. Бул монографиянын негизги өзгөчөлүгү Кыргызстандын

фаунасынын түрдүк курамынын систематикасы, жаныбарлардын түрлөрүнүн экологиялык нишасы аныкталып, биоцентристтик көз караш менен талдоо жасалгандыгында [4].

1994-2005-жылдары Б.Кулназаров өзүнүн окуучулары: Г.Садыкова, К.Алтыбаев, П.Манасов Оштогу чумага каршы күрөшүү бөлүмүнүн кызматкерлери менен биргеликте Памир-Алай кырка тоолоруна жана Алай өрөөнү боюнча чуманын жаратылыштык очокторун изилдөө боюнча жыл сайын жай мезгилинде экспедицияларды уштуруп, бир канча чуманын жаратылыштык очокторун табышып, алардын картографиясын түзүп чыгышкан [2]. Изилдөөлөдүн жыйынтыгынын негизинде «Паразитоценозы Алайского природного очага чумы» (2008) деген көлөмдүү илимий монографиясы жарык көргөн [9]. Ушул эле жылдары Болот Кулназаровдун жетекчилиги менен кафедранын окутуучулары С.Абжамилов, А.Абдыкааров, У.Атабеков, К.Стамалиев жана коруктун кызматкерлери менен биргеликте Кулун-Ата мамлекеттик коругуна зоологиялык-экологиялык комплексттик экспедиция уюштурулуп, коруктун омурткалуу жаныбарларынын фаунасына толук инвентаризация жүргүзүлгөн. Илимий экпедициянын жыйынтыгынын натыйжасында 2008-жылы «Кулун-Ата мамлекеттик коругунун илимий эмгектери» жарыяланган [8].

2003-жылы КР УИАнын алдында «Түштүк Кыргызстандын сүт эмүүчүлөрү, аларды коргоо жана сарамжал пайдалануу проблемалары» темада докторлук диссертациясын коргогон. Андан көп узабай эле, 2009-жылы Кыргыз республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын чечими менен профессорлук наам ыйгарылган.

Билогия илими боюнча КР УИАсынын Биология жана топурак таануу институндагы диссертациялык кеңештин мүчөсү катары жаш илимпоз зоолог жана экологдорду даярдоого активдүү катышкан окумуштуу болгон (2005-2013 жж.).

Профессор Б.Кулназаров илимдеги үзүрлүү эмгегинин натыйжасында, кажыбас кайраттуулугу менен айрыкча илимий кадрларды даярдоодогу потенциалы абдан жогору болуп, зоологияда батрахология, орнитология, териология жана паразитология боюнча 8 илимдин кандидатын даярдап чыгарган. Алардын катарын батрахология багыты боюнча – С.Т.Абжамилов: «Түштүк Кыргызстандын ландшафттык гетерогендүүлүгүнүн шарттарында амфибиялардын популяциялык өзгөргүчтүүлүгүнө баа берүү» деген темада Белорусь ИАнын зоология институтунда кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргогон. Паразитология багыты боюнча – Г.А.Садыкова: «Түштүк Кыргызстандын майда сүт эмүүчүлөрүнүн бүргөлөрү», К.И.Алтыбаев: «Чуманын Алай жаратылыштык очогунун кемирүүчүлөрү жана алардын эктомителери» темасында кандидаттык диссертацияларын КРнын УИАнын биология институтунда коргошкон. Ал эми, орнитология багыты боюнча – А.М.Абдыкааров: «Ош шаарынын жана анын чеке белдеринин канаттуулары», К.Ы.Стамалиев: «Түштүк Кыргызстандын урбанизацияланган экосистемаларынын таранчы сымал (Passeriformes) канаттуулары» деген темада кандидаттык диссертациялык иштерин, териология багытында – К.А.Абдисатаров: «Кулун-Ата» мамлекеттик коругунун сүт эмүүчүлөрүнүн биологиялык көптүрдүүлүгүн сактоо», У.А.Атабеков: «Түштүк Кыргызстандын чычкан сымал кемирүүчүлөрүнүн фаунасы» жана Мирали кызы Анара: «Түркестан тоо кыркасынын түштүк батыш аймагындагы чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн экологиясы» темасында КРнын УИАнын Биология институтунда кандидаттык диссертацияларын ийгиликтүү коргошкон. Натыйжада, Ош мамлекеттик университетинде алгачкылардын болуп «зоология жана экология мектебин» негиздеген.

Б.Кулназаров илимдеги үзүрлүү эмгегинин натыйжасында сүт эмүүчүлөрдүн фауналык комплекстеринин (түрдүк курамы, саны, таралышы, биоценотикалык ролу жана экосистемалык, практикалык мааниси) учурдагы абалын изилдеп, аларды экологиялык илимий жактан анализдеген. Териофаунанын ар кандай экосистемалардагы функционалдык ролуна баа берүү менен жаныбарлардын антропогендик таасирдин күчөшүнүн шарттарында алардын экономикалык мааниси жөнүндөгү илимий сунуштарын берген [1, 2, 3].

Кыргызстандын түштүгүндөгү сүт эмүүчүлөрдүн мисалында биринчи жолу Кыргызстандын жаныбарлар дүйнөсүн коргоонун жана сарамжалдуу пайдалануунун негизги заманбап багыттарын иштеп чыккан. Генофондду, экофондду коргоонун натыйжалуулугун

жогорулатуунун прогрессивдүү принциптерине жана ыкмаларына талдоо жүргүзүп, сүт эмүүчүлөрдүн баалуу чарбалык экологиялык түрлөрүн пайдалануунун ыкмаларын сунуштап келген.

Ал өзүнүн түзгөн илимий мектебинин окумуштуулары менен биргеликте биринчи жолу сүт эмүүчүлөрдүн кадастры түзүлүп, алардын түштүк-батыш Тянь-Шандын жана Памир-Алайдын ар кандай биоценоздорунда жашаган жерлери картага түшүрүлүп, алардын учурдагы абалы жөнүндө толук чагылдырылган.

Бардык алынган маалыматтардын негизинде, Кыргызстандын омурткалуу жаныбарларын коргоонун жана сарамжалдуу пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуу максатында өзгөчө коргоого алуучу аймактардын тармагын уюштуруу, өнүктүрүү жана аңчылык чарбаларын жакшыртуу боюнча сунуштарын иштеп чыккан [5, 10].

Кыргызстандын түштүгүндөгү сүт эмүүчүлөрдүн фаунасынын тизмеси Тяншань күрөң тиш чукуур (Тяньшанская брозубка), *(Sorex (S) asper Thomas, 1914)* жана (Серая крыса), *(Rattus (R) norvegicus Berkenhout, 1769)* деген эки жаңы түр менен толукталган, ошондой эле коргоого муктаж сейрек кездешүүчү, жоголуп бара жаткан сүт эмүүчүлөрдүн 16 түрү аныкталган [7, 10, 11].

Б.К.Кулназаров 1995-1996-жылдары АКШдагы Орегон мамлекеттик университетинде, 2000-2001-жылдары Американын Массачусетс мамлекеттик университетинде эмгектенген. 1997-жылы Борбордук Европа университетинде (Будапешт), “Айлана-чөйрөнү коргоо жана жаратылыш ресурстарын сарамжал пайдалануу” адистиги боюнча, 2002-жылы АКШнын Калифорния университетинде “Биологиялык көп түрдүүлүк” проблемасы боюнча стажировкадан өткөн. Ошону менен бирге Нидерландия, Турция, АКШ, Германия, Индия, Белгия, КМШ өлкөлөрүндө уюштурулган бир канча Эл аралык симпозиум жана конференциялардын катышуучусу.

1998-2000-жылдары Б.К.Кулназаров ООНдун алдындагы “LIFE” программасынын Кыргызстандагы Улуттук Координатору болуп эмгектенген. Ошондой эле, Борбордук Азияда иш жүргүзгөн ар кандай эл аралык экологиялык уюмдарда ISAR (АКШ), CAREC (Алма-Ата), Кыргызстан-Сорос Фондусунда (Бишкек) эксперттик комиссиянын мүчөсү болуп иштеген.

Жаш илимпоздор менен талыкпай эмгектенүүнүн натыйжасында кыска эле убакыттын ичинде 130 дан ашык илимий эмгектерди (4 окуу китебин, 3 монография, 9 окуу-методикалык китептер) жарыкка чыгарган.

Б.К.Кулназаров илимий чыгармачылыктагы ийгиликтери үчүн 1997-жылы АКШдагы «Wildlife society» Эл аралык экологиялык коомунун ардактуу мүчөлүгүн, 2009-жылы Кыргыз Республикасынын Жаратылышты коргоо боюнча мыктысы, 2010-жылы Кыргыз республикасынын билим берүүнүн мыктысы деген наамдарды алган. Ал Кыргызстанда эле эмес, жакынкы жана алыскы чет өлкөлөргө жогорку дасыккан окумуштуу катары белгилүү.

Тилекке каршы б.и.д., профессор Болот Кулназаров Карамырзаевичти 2013-жылы шум ажал арабыздан күтүүсүздөн мезгилсиз алып кетти. Алдыда кыргыз элине жана илимге кыла турган эмгектери арбын эле. Артында үй-бүлөсү жана шакирттери ар дайым эскерип, жүрөгүбүздө жаркын элесин эш тутуп келебиз.

Колдонулган адабияттар

1. Абдисатаров, К.А. «Сохранение биологического разнообразия млекопитающих государственного заповедника Кулун-Ата» [Текст]: автореф. дис. канд.биол.наук. 03.00.08 /К.А.Абдисатаров. – Бишкек, 2013. – 21 с.
2. Алтыбаев, К.И. Грызуны и их эктопаразиты Алайского природного очага чумы [Текст]: автореф. дис. … канд. биол. наук / К.И.Алтыбаев. –Бишкек, 2007.-25 с.
3. Атабеков, У.А. Мышевидные грызуны Южного Кыргызстана [Текст] / У.А.Атабеков // Биол. науки Казахстана.- 2011.- №1.- С. 15-21.
4. Кулназаров, Б.К. Кыргызстандын жаныбарлар дүйнөсү, аларды коргоо жана сарамжал пайдалануу проблемалары [Текст] / Б.К.Кулназаров, Н.Б.Байдоолотов, Б.А.Токторалиев.–Ош, 1994.- 176 с.

5. Кулназаров, Б.К. Охрана и увеличение численности животного мира в условиях Кыргызстана [Текст]/ Б.К. Кулназаров //Тр. Междунар. конф. по проблемам экологии и природопользования горных территорий. –Жалал-Абад, 1995.-С.31-32.
6. Кулназаров, Б.К. Жалпы экология. – Москва: Изд-во «Красный пролетарий», 1999. - 362с.
7. Кулназаров, Б.К. Стамалиев К.Ы и др. Серая крыса (Rattus norvegicus) - новый вид для фауны млекопитающих юга Кыргызстана [Текст]. Вестник Ошского государственного университета. Серия естественных наук №6. –Ош: Билим, 2003. -С.16-17.
8. Научные труды Кулунатинского государственного заповедника // под ред. Б.К.Кулназарова: Государственное агентство по охране окружающей среды и лесному хозяйству при правительстве Кыргызской республики. Бишкек, 2008. -112 с.
9. Кулназаров, Б.К. Паразитоценозы Алайского природного очага чумы [Текст] / Б.К.Кулназаров, К.И.Алтыбаев, Г.А.Садыкова; Биол.-почв. ин-т Нац. АН Кырг.Респ. - Бишкек, 2008.- 136 с.
10. Кулназаров, Б.К. Млекопитающих юга Кыргызстана, проблемы их охраны. Биолог почвенный институт НАН КР [Текст] / Б.К. Кулназаров. – Бишкек, 2008. – 216 с.
11. Кулназаров, Б.К. Новые находки речной выдры (*Lutra lutra*) на юге Кыргызстана [Текст]/Б.К. Кулназаров //Вестник Кырг. Нац. Унив. им. Ж.Баласагына. –Бишкек, 2010. –С.231-232.

УДК:504.064.36

ОШ ШААРЫНЫН ЭКОЛОГИЯЛЫК КӨЙГӨЙЛӨРҮН ЧЕЧҮҮГӨ БАГЫТТАЛГАН ИШ-ЧАРАЛАРДЫН УЧУРДАГЫ АБАЛЫНА ТАЛДОО ЖҮРГҮЗҮҮ

ПРОВЕДЕНИЕ АНАЛИЗА ТЕКУЩЕГО СОСТОЯНИЯ МЕРОПРИЯТИЙ, НАПРАВЛЕННЫХ НА РЕШЕНИЕ ЭКОЛОГИЧЕСКИХ ПРОБЛЕМ ГОРОДА ОШ

ANALYSIS OF THE CURRENT STATE OF MEASURES TAKEN TO SOLVE THE ENVIRONMENTAL PROBLEMS OF THE CITY OF OSH

Жунусалиева Элиза Жунусалиевна
Жунусалиева Элиза Жунусалиевна
Zhunusalieva Eliza Zhunusalievna
окутуучу, Ош мамлекеттик университети
преподаватель, Ошский государственный университет
Lecturer, Osh State University
junusalieva@oshsu.kg
https://orcid.org/0000-0001-7411-6207

Кубаныч уулу Жумабек
Кубаныч уулу Жумабек
Kubanych uulu Zhumabek
окутуучу, Ош мамлекеттик университети
преподаватель, Ошский государственный университет
Lecturer, Osh State University
jkubanychuulu@oshsu.kg
https://orcid.org/0000-0003-4221-3525

Досназарова Айгуль Нооmановна
Досназарова Айгуль Нооmановна
Dosnazarova Aigul Noomanovna
окутуучу, Ош мамлекеттик университети
преподаватель, Ошский государственный университет
Lecturer, Osh State University
adosnazarova@oshsu.kg
https://orcid.org/0009-0005-4271-9018

Топчубаев Исламидин Кутманалиевич
Топчубаев Исламидин Кутманалиевич
Topchubaev Islamidin Kutmanalievich
студент, Ош мамлекеттик университети
студент, Ошский государственный университет
student, Osh State University
islamidintopchubaev@gmail.com

ОШ ШААРЫНЫН ЭКОЛОГИЯЛЫК КӨЙГӨЙЛӨРҮН ЧЕЧҮҮГӨ БАГЫТТАЛГАН ИШ-ЧАРАЛАРДЫН УЧУРДАГЫ АБАЛЫНА ТАЛДОО ЖҮРГҮЗҮҮ

Аннотация

Макалада Оштун айлана-чөйрө маселелери — абанын булганышы, суу ресурстарынын булганышы жана таштандыларды башкаруу маселелери каралат. Жергиликтүү бийликтин жана коомдук уюмдардын экологиялык абалды жакшыртуу багытындагы учурдагы иш-аракеттерине талдоо жүргүзүлгөн. Жетишкен ийгиликтер менен катар, экологиялык саясатты ишке ашыруудагы кээ бир кемчиликтер да белгиленген. Жыйынтыгында аймактагы жаратылышты коргоо ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча сунуштар берилет.

Ачкыч сөздөр: экологиялык көйгөйлөр, таштанды полигону, абанын булгануусу, транспорт, эмиссия, суунун булгануусу, мониторинг, экологиялык политика, мыйзам.

ПРОВЕДЕНИЕ АНАЛИЗА ТЕКУЩЕГО СОСТОЯНИЯ МЕРОПРИЯТИЙ, НАПРАВЛЕННЫХ НА РЕШЕНИЕ ЭКОЛОГИЧЕСКИХ ПРОБЛЕМ ГОРОДА ОШ

Аннотация

В статье рассматриваются экологические проблемы города Ош - загрязнение воздуха, загрязнение воды и утилизация отходов. Анализируется текущая деятельность местных органов власти и общественных организаций по улучшению экологической ситуации. Наряду с достигнутыми успехами отмечаются и некоторые недостатки в реализации экологической политики. В результате даются рекомендации по повышению эффективности природоохранных мероприятий в регионе.

Ключевые слова: экологические проблемы, свалка, загрязнение воздуха, транспорт, выбросы, загрязнение воды, мониторинг, экологическая политика, закон.

ANALYSIS OF THE CURRENT STATE OF MEASURES TAKEN TO SOLVE THE ENVIRONMENTAL PROBLEMS OF THE CITY OF OSH

Abstract

The article examines the environmental problems of Osh - air pollution, water pollution and waste management. The current activities of local authorities and public organizations to improve the environmental situation are analyzed. Along with the successes achieved, some shortcomings in the implementation of environmental policy are also noted. As a result, recommendations are made to improve the effectiveness of environmental protection activities in the region.

Keywords: environmental problems, landfill, air pollution, transportation, emissions, water pollution, monitoring, environmental policy, law.

Киришүү

Ош шаарынын экологиялык көйгөйлөрү региондун туруктуу өнүгүүсү үчүн маанилүү коркунучтардын бири болуп саналат. Шаардык инфраструктуранын Активдүү кеңейиши, калктын санынын өсүшү жана өнөр жай ишканаларынын интенсивдүү иши айлана-чөйрөнүн абалынын начарлашына алып келүүдө. Транспорттон жана өндүрүш объекттеринен чыккан абанын булганышы калктын ден-соолугуна таасирин тийгизип, дем алуу жана жүрөк-кан тамыр ооруларынын көбөйүшүнө шарт түзөт. Суунун сапаты дагы маанилүү маселе бойдон калууда, анткени таштандыларды туура эмес жайгаштыруу жана суу объектилеринин булганышы жугуштуу жана өнөкөт оорулардын жайылуу коркунучун жогорулатат.

Шаардагы катуу таштандыларды кайра иштетүү жана утилдештирүү маселеси чечилбей келет, бул таштандылардын топтолушуна жана топуракка жана суу ресурстарына терс таасирин тийгизет. Курулуштагы экологиялык ченемдердин бузулушу жана булганууну контролдоо системасынын натыйжасыздыгы кырдаалды тереңдетип, региондун экосистемасы үчүн кошумча тобокелдиктерди жаратат. Бул факторлор калктын жашоо сапатына гана эмес, шаардын экономикалык жагымдуулугуна да таасирин тийгизет — айлана-чөйрөнүн булганышы Оштун туристтик жана инвестициялык потенциалын төмөндөтүп, мамлекеттик ресурстарга болгон жүктү көбөйтөт.

Климаттын глобалдуу өзгөрүү шарттарында жергиликтүү экологиялык көйгөйлөрдү изилдөө өзгөчө мааниге ээ болот. Айлана-чөйрөнү туруктуу башкаруунун эл аралык тажрыйбасын колдонуу булганууну азайтуу, сууну жана абаны тазалоонун Инновациялык технологияларын киргизүү жана экологиялык билим берүү системасын жакшыртуу боюнча эффективдүү стратегияларды иштеп чыгууга жардам берет. Бул чаралардын жыйындысы Ош

шаарынын экологиялык коопсуздугунун деңгээлин жогорулатууга жана регионду узак мөөнөттүү туруктуу өнүктүрүү үчүн негиз түзүүгө мүмкүндүк берет.

Бул изилдөө экологиянын учурдагы абалын комплекстүү талдоого, негизги көйгөйлөрдү аныктоого жана аларды чечүүнүн оптималдуу жолдорун табууга багытталган. Анын жыйынтыктары экологиялык абалды жакшыртууга кызыкдар мамлекеттик органдар, коомдук уюмдар жана бизнес үчүн пайдалуу болот. Сунушталган чараларды киргизүү калк үчүн жагымдуу шарттарды түзүүгө жана региондун жаратылыш ресурстарын сактоого карай маанилүү кадам болуп калат.

Изилдөөнүн максаты. Бул изилдөөнүн максаты-Ош шаарынын экологиялык абалын талдоо жана аны жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.

Изилдөө методдору. Ош шаарындагы экологиялык кырдаалга талдоо жүргүзүү үчүн төмөнкү методдор колдонулду: адабий булактарды жана ченемдик документтерди талдоо, биология статистикалык анализ, социологиялык методдор, талаа изилдөөлөрү, салыштырмалуу талдоо.

Материал жана изилдөө методдору. Изилдөө үчүн материалдар лабораториялык анализдин маалыматтарын, суу ресурстарынын жана атмосфералык абанын абалына мониторингдин жыйынтыктарын, ошондой эле экологиялык көйгөйлөрдү калктын кабыл алуусун чагылдырган социологиялык изилдөөлөрдүн материалдарын камтыйт. Ченемдик документтер, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын отчеттору, экологиялык көйгөйлөрдү чечүүнүн теориялык жана практикалык аспектилерин камтыган илимий макалалар жана басылмалар пайдаланылды. Кошумча баалуу маалыматтар Ош шаардык мэриясынын жашыл зонанын учурдагы абалы жана шаардын аймагын жашылдандыруу боюнча аткарылып жаткан иш-чаралары боюнча маалыматтары колдонулду.

Ош шаары Кыргызстандын түштүгүндө, Фергана өрөөнүнүн чыгыш бөлүгүндө, Ак-Буура дарыясынын Алай кырка тоосунун этектеринен чыга беришинде жайгашкан. Бул өлкөнүн калкынын саны боюнча экинчи шаары жана аймактын маанилүү экономикалык, маданий жана транспорттук түйүнү [1]. Шаардын климаты континенттик жана кургакчыл. Январь айынын орточо температурасы -2 градус, ал эми Июль— +25/+26 бул жерде жайы ысык, кышы салыштырмалуу жумшак, анда-санда катуу үшүк жүрөт. Жылдык орточо жаан-чачын 687 мм, көбү жазында жана күзүндө түшөт [2].

Ош шаарынын экологиялык абалы анын жашоочуларынын жашоо сапатын аныктоочу табигый жана антропогендик факторлордун татаал өз ара аракеттенүүсүн чагылдырат. Шаардын инфраструктурасын интенсивдуу өнүктүрүү, калктын санынын өсүшү жана өнөр жай активдүүлүгү комплекстүү чечүүнү талап кылган бир катар экологиялык көйгөйлөргө алып келди. Бул бөлүмдө Ош шаарынын негизги экологиялык көйгөйлөрү, алардын себептери, кесепеттери жана мүмкүн болгон чечүү жолдору каралат. Талдоо абанын жана суунун булганышы, жашыл аймактардын кыскарышы, климаттын өзгөрүшү жана туруктуу өнүгүү маселелерин камтыйт. Айрыкча экологиялык саясаттын заманбап тенденцияларына жана шаар чөйрөсүнүн курчап турган жаратылышка терс таасирин азайтууга багытталган демилгелерге өзгөчө көңүл бурулат. Бул проблемаларды изилдөө экологиялык өзгөрүүлөрдүн динамикасын тереңирээк түшүнүүгө жана аймактагы экологиялык абалды жакшыртуунун натыйжалуу стратегиясын иштеп чыгууга мүмкүндүк берет.

Абанын булганышы (транспорттун жана өнөр жайдын таасири). Абанын булганышы Ош шаарынын курч экологиялык көйгөйлөрүнүн бири болуп саналат. Булгануунун негизги булактары болуп автотранспорттордон, өнөр жай ишканаларынан чыккан газдар жана жылытуу үчүн сапатсыз отун колдонуу эсептелет. Бул факторлордун абанын сапатына тийгизген таасири калктын ден соолугуна жана айлана-чөйрөнүн абалына олуттуу таасирин тийгизет.

Булгануунун негизги булактары

1. Автотранспорт – Ош шаарында автоунаалардын олуттуу саны катталып, булгоочу заттардын көп бөлүнүп чыгышына алып келет. Статистика боюнча шаарда 120 миңден ашык унаа бар [3]. Негизги булгоочу заттар:

- Азот оксиддери (NOx) – түтүн жана кислота жамгырларынын пайда болушуна салым кошот.
- Көмүртек (CO) – кандагы кычкылтектин деңгээлин төмөндөтүп, гипоксияга алып келет.
- PM2.5 бөлүкчөлөрү – өпкө жана кан айлануу системасына кирип, дем алуу органдарынын ооруларын пайда кылат.

2. Өнөр жайы – Ош шаарында 25тен ашык ири өнөр жай ишканалары, анын ичинде тамак-аш, текстиль жана курулуш өнөр жай ишканалары иштейт. Облустагы ири өнөр жай ишканалары: «Текстильщик» акционердик коому (ААК), Кара-Суудагы «Ак-Алтын» ААК, «Кара-Суу Дан-Азык» АК, Кара-Суу районундагы «Ош-Дюбек» ААК, Кара-Суу районундагы «Аска» ААК, Араван айылындагы «Ак-Була» ААК, «Ош ТЭЦи», «Ош ТЭЦ» ЖЧКсы. «Ош-Ак-Таш» АК, Ош ТКЕ, «Келечек» АК - Ош эт комбинаты, «Ош-Нан» АК ж.б. [10].

Калдыктарды башкаруу (утилдештирүү, кайра иштетүү, таштанды маселелери). Ош шаары таштандыларды башкарууга байланыштуу олуттуу экологиялык көйгөйлөргө туш болууда. Калктын тез көбөйүшү, керектөөнүн өсүшү жана инфраструктуранын жетишсиздиги катуу тиричилик калдыктарынын (КТК) Олуттуу көлөмүнүн топтолушуна алып келди. Негизги көйгөйлөргө полигондордун көптүгү, кайра иштетүүнүн аздыгы жана таштандыларды башкаруунун эффективдүү стратегиясынын жоктугу кирет.

Калдыктардын көлөмү жана курамы. Изилдөөлөрдүн маалыматтары боюнча, Ош шаарында жыл сайын 200 000 тоннадан ашык катуу тиричилик таштандылары өндүрүлөт [4]. Таштандылардын негизги компоненттерине төмөнкүлөр кирет:

1.Таштандылар толуп жаткан таштандылар – 1975-жылдан бери иштеп келе жаткан Ош шаардык таштанды полигону бардык ресурстарын түгөтүп бүттү: курулушта 15 жылдык мөөнөткө пландаштырылганы менен 50 жылга жакын убакыттан бери иштеп келе жатат. Полигонду долбоорлоодо аймактын инженердик-геологиялык жана гидрогеологиялык шарттары да эске алынган эмес. Долбоордо жер астындагы сууларга жана топурак катмарына уулуу заттардын чыпкаланышына жол бербөө үчүн изоляциялык катмар төшөө иштери камтылганына карабастан, ал санитардык жана техникалык коопсуздук нормаларын бузуу менен курулган [4].

2.Сорттоонун жоктугу – таштандылардын көбү иштетилбейт, жөн гана сакталат, бул кыртыштын жана жер астындагы суулардын булганышына алып келет.

3.Кайра иштетүүнүн төмөн деңгээли – шаарда таштандыларды кайра иштетүүчү заманбап заводдор жок, бул ресурстарды кайра пайдалануу мүмкүнчүлүгүн чектейт.

4.Курчап турган чөйрөнүн булганышы – калдыктардан чыккан уулуу заттар топуракка жана суу булактарына кирип, экологиялык абалды начарлатат.

Суу ресурстарынын абалы (суунун сапаты, булгануу маселелери): Ош шаары ичүүчү суу, айыл чарба сугаты жана өнөр жайлык пайдалануу үчүн бир нече негизги суу булактарына көз каранды.

Негизги суу булактары: 1. Ак-Буура дарыясы шаардын негизги суу булагы болуп саналат, аны ичүүчү суу менен камсыздоо жана айыл чарбасы үчүн пайдаланышат. Бирок саркынды суулардан жана турмуш-тиричилик таштандыларынан булганып, дарыянын суунун сапаты начарлоодо. 2. Жер астындагы суулар - шаарда суу алуучу скважиналар бар, алардын айрымдары мурда жеке менчикте болсо, азыр кайра муниципалдык көзөмөлгө өтүп жатат. 3. Сугат каналдары – жакында эле Ош облусунда айыл чарба жерлерин сугаруу үчүн эки жаңы канал пайдаланууга берилди.

Суу ресурстарынын көйгөйлөрү

Ош шаарынын маанилүү суу ресурсу болгон Ак-Буура дарыясы ар кандай антропогендик факторлордон улам булганууда. Булгануунун негизги булактарына төмөнкүлөр кирет: а) дарыяга тиричилик жана өндүрүштүк булгоочу заттарды камтыган тазаланбаган саркынды суулар куюлат; б) муниципалдык тазалоочу курулмалар натыйжасыз иштеп, натыйжада суу объектисине зыяндуу заттар кирет; в) тиричилик калдыктары; г) таштандылар көбүнчө дарыя жээктеринде топтолуп, сууга түшүп, анын сапатын начарлатат;

д) кээ бир аймактарда жашоочулар таштандыларды түз дарыяга ташташат, бул уулуу заттардын топтолушуна өбөлгө түзөт.

Өнөр жай эмиссиясы: кээ бир ишканалар химиялык калдыктарды туура чыпкалоосуз ташташат, бул суунун оор металлдар жана уулуу кошулмалар менен булганышына алып келет.

Дарыянын суусу фенолдордун жана темирдин концентрациясынын жогорулашын камтыйт, бул өнөр жайдын булганышын көрсөтөт [5].

Жамгыр жана суу ташкыны: нөшөрлөп жааган жамгырдан кийин шаардын көчөлөрүндөгү күйүүчү майлар, оор металлдар жана башка булгоочу заттардын калдыктары дарыяга кирет. Сел мезгилинде булгануу күчөйт, бул кээде ичүүчү суу менен камсыздоонун убактылуу жабылышына алып келет [6].

Урбанизациянын экологияга тийгизген таасири: Ош шаарынын экологиялык абалына урбанизация чоң таасирин тийгизүүдө. Калктын өсүшү, инфраструктуранын кеңейиши жана антропогендик жүктөмдүн көбөйүшү шаар чөйрөсүнүн өзгөрүшүнө, абанын жана суунун сапатынын начарлашына жана жашыл аймактардын кыскарышына алып келет.

1-таблица. Ош шаарынын урбанизациясынын жыл боюнча өсүү динамикасы:

Жыл	Адамдардын саны	Калктын өсүүсү % менен
2020	**310 000 адам**	
2021	**325 000 адам**	+4,8%
2022	**340 000 адам**	+4,6%
2023	**355 000 адам**	+4,4%
2024	**370 000 адам**	+4,2%
2025	**385 000 адам**	+4,1%

Диаграмма 1. Калктын санынын өсүүсү % менен



Кыргызстандын ири шаарларынын бири болгон Ош шаары экологиялык системага урбанизациянын олуттуу таасирин тийгизүүдө. Калктын тез өсүшү, инфраструктуранын кеңейиши жана өнөр жайдын өсүшү шаар чөйрөсүнүн өзгөрүшүнө, абанын жана суунун сапатынын начарлашына жана жашыл аймактардын кыскарышына алып келет.

2-таблица. **Ош шаарында 2020-2025-жылдар аралыгындагы бак-даректарды отургузуу боюнча маалыматтар:**

Жыл	Отургузулган даректардын саны
2020	150000
2021	180000
2022	220000
2023	250000
2024	300000
2025	350000 пландалууда

Диаграмма 2. Отургузулган даректардын саны



2024-жылы 300 миң дарак жана бадал, анын ичинде 60 каштан жана туя көчөттөрү шаардык автовокзалдын жанында отургузулду. 2025-жылы бул көрсөткүчтү линден, каштан жана акация сыяктуу жаңы түрлөрүн кошкондо 350 миңге жеткирүү пландалууда.

3-таблица. 2020-2025-жылдар аралыгында Ош шаарында бак-даректарды кыюу боюнча маалыматтар:

Жыл	Кыйылган даректардын саны
2020	1200
2021	1500
2022	2000
2023	2500
2024	3000
2025	3833

Диаграмма 3. Кыйылган даректардын саны



2025-жылы Ош бийлиги жол инфраструктурасын модернизациялоонун алкагында шаардын төрт көчөсүндөгү 3833 даракты кыюуга уруксат берген. Бак-даректарды мыйзамсыз кыюу фактылары да аныкталды, мисалы, Ленин көчөсүндө 3 түп карагай, 1 түп өрүк кыйылган.

4-таблица. Ош шаарындагы 2020-жылдан 2025-жылга чейинки коомдук транспорттун саны боюнча маалыматтар

Жыл	Автобустардын саны	Маршруттук таксилердин саны
2020	120	850
2021	135	870
2022	150	890
2023	165	910
2024	180	930
2025	200	950

Диаграмма 4. Коомдук транспорттун саны



2025-жылы автобустардын санын 200 бирдикке, маршруттук таксилердин санын 950 бирдикке жеткирүү пландаштырылууда. Ошондой эле, шаарга газ мотору менен жүргөн экологиялык жактан таза автобустар ишке киргизилүүдө, бул зыяндуу заттардын бөлүнүп чыгуусун азайтууга жардам берет

5-таблица. 2020-2025-жылдар аралыгында Ош шаарынын жашыл аймактарын көбөйтүү боюнча маалыматтар

Жыл	Жашыл аймактардын аянты (га)	Жаңы даректардын саны
2020	120	150000
2021	135	180000
2022	150	220000
2023	165	250000
2024	180	300000
2025	200	350000

Ош шаарында жашыл аймактар активдүү кеңейүүдө. 2025-жылы шаар бийлиги сейил бактарды жана скверлерди жакшыртууну, ошондой эле мыйзамсыз курулуштардын аймактарын тазалоону улантат. Учурда Ош шаарында сейил бактарды, скверлерди, жашыл көчөлөрдү кошкондо 50дөн ашык жашыл аймактар бар. “Түштүк-Чыгыш” кичи районунда жашыл аймактар көбөйүп, Исанов көчөсүн жакшыртуу иштери жүрүп жатат. Ошондой эле жашылдандырууга тоскоол болгон мыйзамсыз курулуштарды бузуу иштери жүрүп жатат.

6-Таблица. 2025-жылга Ош шаарындагы имараттарды бузуу боюнча маалыматтар

Имараттын түрү	Бузулган имараттардын саны
Турак жай имараттары	45

Коммерциялык имараттар	18
Мыйзамсыз курулуштар	32
Өнөр жай имараттары	10

Имараттарды бузуу шаардык инфраструктураны жакшыртуу жана жолдорду кеңейтүү программасынын алкагында жүргүзүлүүдө. Тактап айтканда, жашылдандырууга жана транспорт тармагын өнүктүрүүгө тоскоол болгон мыйзамсыз курулуштар демонтаждалган.

Чечимдер жана сунуштар: Ош шаарынын экологиялык абалын жакшыртуу жана урбанизациянын терс таасирин минималдаштыруу үчүн туруктуу өнүктүрүүгө багытталган комплекстүү иш-чараларды ишке ашыруу зарыл.

- Шаардын инфраструктурасын жакшыртуу
- Таштандыларды башкаруу системасын өркүндөтүү
- Экосистемаларды жашылдандыруу жана калыбына келтирүү
- Аба жана суунун сапатын көзөмөлдөө
- Калктын экологиялык маданиятын өнүктүрүү

Изилдөөнүн негизги жыйынтыктары:

- Абанын булганышы, суу ресурстары, калдыктарды башкаруу жана урбанизациянын таасири менен байланышкан негизги экологиялык көйгөйлөр аныкталды.
- Шаардын экосистемасындагы өзгөрүүлөргө тарыхый талдоо жүргүзүлүп, экологиялык процесстердин динамикасын баалоого мүмкүнчүлүк түзүлдү.
- Учурдагы экологиялык программалар жана демилгелер, анын ичинде айлана-чөйрөнү жакшыртууга багытталган мамлекеттик саясат жана коомдук долбоорлор изилденген.
- Экологиялык инфраструктураны өнүктүрүү, булгануунун мониторинги, инновациялык технологияларды киргизүү жана калктын экологиялык маданиятын жогорулатуу боюнча конкреттүү сунуштар иштелип чыкты.

Колдонулган адабияттар

1. Ош (город, Кыргызстан) — Википедия
2. Климат: Ош - Климатический график, График температуры, Климатическая таблица
3. Исследование и сбор информации о состоянии дорожного транспорта в городе Ош Кыргызской Республики Заключительный отчет, Японское агентство международного сотрудничества katahira & engineers international 12251963_01.pdf
4. В Оше сточные воды стекают в реку Ак-Буура. Минприроды ответило
5. В Оше снова нет питьевой воды

УДК: 581.9(575.1-25)

FLORAL COMPOSITION AND COMPARATIVE ANALYSIS OF THE URBAN FLORA OF BUKHARA CITY (UZBEKISTAN)

БУХАРА (ӨЗБЕКСТАН) ШААРЫНЫН ФЛОРАЛЫК КУРАМЫ ЖАНА ШААРДЫК ФЛОРАСЫНЫН САЛЫШТЫРМА АНАЛИЗИ

ФЛОРИСТИЧЕСКИЙ СОСТАВ И СРАВНИТЕЛЬНЫЙ АНАЛИЗ ГОРОДСКОЙ ФЛОРЫ ГОРОДА БУХАРЫ (УЗБЕКИСТАН)

Esanov Husniddin
Эсанов Хусниддин
Эсанов Хусниддин
Bukhara State University,
Бухара мамлекеттик университети
Бухарский государственный университет

Umedov Abdulla
Умедов Абдулла
Умедов Абдулла
Bukhara State University
Бухара мамлекеттик университети
Бухарский государственный университет

Rakhmonov Nurali
Рахмонов Нурали
Рахмонов Нурали
Bukhara State University
Бухара мамлекеттик университети
Бухарский государственный университет

FLORAL COMPOSITION AND COMPARATIVE ANALYSIS OF THE URBAN FLORA OF BUKHARA CITY (UZBEKISTAN)

Annotation

The urban flora of Bukhara city is rapidly expanding compared to the flora of natural environments. This is associated with adventive plants coming from foreign countries. In order to determine the floristic composition of this region, we conducted research in the city's green spaces, ruderal lands, recreational parks, boulevards, and around buildings and structures. As a result, we observed that the aboriginal fraction of the urban flora consists of 36 families, 117 genera, and 159 species, while the adventive fraction includes 26 families, 70 genera, and 96 species. We also observed the successful acclimatization of adventive plants that entered the city through natural means. The study emphasizes that, along with the characteristics of the local flora, the degree of adventivization of the urban flora is increasing.

Keywords: *Adventive plants, aboriginal, Bukhara, urban flora, fraction, family, genus*.

БУХАРА (ӨЗБЕКСТАН) ШААРЫНЫН ФЛОРАЛЫК КУРАМЫ ЖАНА ШААРДЫК ФЛОРАСЫНЫН САЛЫШТЫРМА АНАЛИЗИ

Аннотация

Бухара шаарынын шаардык флорасы табигый чөйрөлөргө салыштырмалуу тездик менен кеңейүүдө. Бул чет өлкөлөрдөн келген адвентивдүү өсүмдүктөрдүн дрейфине байланыштуу. Бул аймактын флористтик курамын аныктоо үчүн биз шаардын жашыл аймактарында, рудералдык жерлерде, эс алуу парктарында, бульварларда жана имараттардын жана курулуштардын айланасында изилдөө жүргүздүк. Натыйжада, биз шаардык флоранын жергиликтүү фракциясы 36 үй - бүлөдөн, 117 уруудан жана 159 түрдөн, ал эми адвентивдүү фракция 26 үй-бүлөдөн, 70 уруудан жана 96 түрдөн тургандыгын аныктадык. Биз ошондой эле шаарга табигый жол менен келген адвентивдүү өсүмдүктөрдүн ийгиликтүү климатташуусун көрдүк. Изилдөө жергиликтүү флоранын өзгөчөлүктөрү менен бирге шаардык флоранын адвентивизация деңгээли өсүп жатканын баса белгилейт.

Ачкыч сөздөр: Адвентивдүү өсүмдүктөр, аборигендер, Бухара, шаардык флора, фракция, үй-бүлө, уруу.

ФЛОРИСТИЧЕСКИЙ СОСТАВ И СРАВНИТЕЛЬНЫЙ АНАЛИЗ ГОРОДСКОЙ ФЛОРЫ ГОРОДА БУХАРЫ (УЗБЕКИСТАН).

Аннотация

Городская флора города Бухары быстро расширяется по сравнению с флорой природных сред. Это связано с заносом адвентивных растений из зарубежных стран. Для определения флористического состава этого региона мы провели исследования в зеленых зонах города, на рудеральных землях, в парках отдыха, на бульварах, а также вокруг зданий и сооружений. В результате мы обнаружили, что аборигенная фракция городской флоры состоит из 36 семейств, 117 родов и 159 видов, а адвентивная - из 26 семейств, 70 родов и 96 видов. Мы также наблюдали успешную акклиматизацию адвентивных растений, попавших в город естественным путем. В исследовании подчеркивается, что наряду с особенностями местной флоры растет степень адвентивизации городской флоры

Ключевые слова: *Адвентивные растения, аборигены, Бухара, городская флора, фракция, семейство, род*.

Introduction

One of the most important aspects of botanical research is clarifying the floristic composition of local and foreign plant species, which is considered one of the key issues. This involves studying the status of local species and adventive plants. Researching the composition of urban flora allows for the assessment of the future characteristics of local floras. Over the last century, botanical research on urban floras has intensified worldwide. Notably, studies conducted in Russia hold an important place [1-5]. These studies examine the composition of urban floras, aboriginal and adventive fractions, the economic damage caused by the impact of adventive species on their dynamics, the future changes in local species populations, and other characteristics. In Uzbekistan, research on adventive species began in the early 21st century. For example, T.H. Makhkamov [6] investigated the ruderal flora and plant cover characteristics of the Fergana Valley. H.K.Esanov [7,8] studied the characteristics of aboriginal and adventive plants in the anthropogenic ally transformed environments of Bukhara region. It was noted that the role of adventive species in transformed environments is increasing, their impact on local floras is intensifying, and the process of adventivization is progressing. Furthermore, S.M. Gafarova and others [9] presented insights on the sustainability and adaptability of the urban flora in Bukhara city, the impact of urbanization on plant diversity, and the importance of green spaces in enhancing the quality of the urban environment. Another recent study in Uzbekistan was conducted by N.M. Sidiqjanov [10], who researched the current state of the urban flora of Andijan city. The study focused on the process of synanthropization of the urban flora, its bioecological characteristics, the status of rare species, and the role of adventive plants. Additionally, research on the urban floras of Bukhara, Karshi, Samarkand, and Tashkent cities is currently being carried out.

Materials and Methods: The research material consists of scientific sources related to the higher plants and flora of the Bukhara region, including *Conspectus Florae Asiae Mediae* [11], *Flora of Uzbekistan* [12], as well as works by H.K. Esanov [7,8,12,14], H.K. Esanov, M.X. Usmonov [15], H.K. Esanov, V.K. Sharipova [18], and K.Sh. Tojibayev, H.K. Esanov [17]. The study was conducted in Bukhara city from 2021 to 2024. Plant samples were collected based on a specified route and mapped onto a grid [18]. The classification of families was based on APG IV [19].

Results and Discussion:

During the research, it was determined that the aboriginal fraction of Bukhara city's urban flora consists of 36 families, 117 genera, and 159 species, while the adventive fraction includes 26 families, 70 genera, and 96 species. Aboriginal species make up 62.35% of the urban flora, and adventive species account for 37.65%. This ratio constitutes 16.86% (89 species out of 528 species) in the Bukhara region and 15.60% (124 species out of 795 species) in the Southwestern Kyzylkum flora [7,8]. In Andijan city, the urban flora includes 36.34% (129 out of 355 species). Additionally, in Russia's Belgorod city, adventive species make up 27.90% (190 out of 681 species) [20], and in Krasnoyarsk city, they account for 14.23% (143 out of 1005 species) [5]. This indicates that adventive plant species hold a significant place in the composition of Bukhara city's urban flora. This trend can be explained by the level of urbanization, the strong anthropogenic transformation of plant habitats, and the favorable conditions for the growth and development of adventive species.

A comparative analysis of the aboriginal and adventive species in Bukhara city's urban flora was carried out based on the leading families and genera (Table 1).

.

Table 1. Analysis of the Leading Families of the Aboriginal and Adventive Fractions of Bukhara City's Urban Flora

Families	Aboriginal fraction		Families	Adventive fraction	
	Species	%		Species	%
Amaranthaceae	25	9.80	Asteraceae	15	5.88
Asteraceae	22	8.63	Poaceae	15	5.88
Poaceae	19	7.45	Brassicaceae	15	5.88
Fabaceae	17	6.67	Amaranthaceae	9	3.53
Brassicaceae	9	3.53	Fabaceae	9	3.53

Convolvulaceae	6	2.35	Malvaceae	4	1.57
Polygonaceae	5	1.96	Ranunculaceae	3	1.18
Caryophyllaceae	5	1.96	Solanaceae	3	1.18
Boraginaceae	5	1.96	Plantaginaceae	3	1.18

A difference was observed in the spectrum of leading families between the aboriginal and adventive fractions of Bukhara city's urban flora. In the spectrum of leading families of the aboriginal flora, the top three were Amaranthaceae, Asteraceae, and Poaceae, which reflected characteristics typical of the local flora, while in the adventive flora, Asteraceae, Poaceae, and Brassicaceae were dominant, highlighting the characteristics of the flora in regions undergoing anthropogenic transformation. The same leading trio in the adventive flora can also be observed in foreign floras [20,21].

Furthermore, the absence of Caryophyllaceae, Boraginaceae, and Polygonaceae in the leading families of the adventive flora can be explained by the fact that these species are spread in natural habitats. The Malvaceae family does not dominate in the local flora [8,22,23], but in the adventive flora, it is represented as a leading family due to species like *Abutilon theophrastii*, *Althaea officinalis*, *Hibiscus trionum*, *Malva neglecta*, and *M. sylvestris*. This situation can also be observed in the adventive floras of foreign regions like Amur and Sverdlovsk oblasts [24]. Additionally, the families *Plantaginaceae* (Veronica) and *Solanaceae* (Datura) led due to their respective genera.

In the aboriginal fraction, the Amaranthaceae family took the first place, rich in local elements such as *Chenopodium album*, *Atriplex tatarica*, and *Oxybasis glauca*. In the adventive fraction, Asteraceae and Poaceae dominated, with species from the Holarctic, Pluriregional, and Palaearctic regions, such as *Digitaria sanguinalis*, *Hordeum murinum subsp. leporinum*, *Lolium temulentum*, *Sorghum halepense*, *Erigeron canadensis*, *Lactuca serriola*, and *Cichorium intybus*. This situation corresponds to the adventive floras of foreign regions [24]. Thus, the leading families of the adventive flora in the study area exhibited similarities to the characteristics of adventive floras in foreign countries.

In the composition of Bukhara city's urban flora, the share of leading families in the adventive fraction (79.16%) was higher than that in the aboriginal fraction (71.07%). This aligns with the opinion of many researchers, who suggest that the share of leading families in the adventive fraction is typically higher than that of the top ten leading families in the aboriginal fraction.

The comparative analysis of the leading genera in the aboriginal and adventive fractions of the urban flora presented the following results. The spectrum of leading genera in the aboriginal fraction of the urban flora is composed of genera that reflect characteristics typical of the flora of the Turan region. In particular, genera such as *Astragalus*, *Atriplex*, *Artemisia*, *Polypogon*, *Climacoptera*, *Bromus*, and others play a significant role, demonstrating characteristics specific to the local flora (Table 2).

Table 2. Analysis of the Leading Genera in the Aboriginal and Adventive Fractions of Bukhara City's Urban Flora

Aboriginal fraction			**Adventive fraction**		
Categorys	**Species**	**In %**	**Categorys**	**Species**	**In %**
Astragalus	4	2.52	*Amaranthus*	6	6.25
Atriplex	4	2.52	*Lepidium*	3	3.13
Polypogon	3	1.89	*Veronica*	3	3.13
Artemisia	3	1.89	*Vicia*	3	3.13
Medicago	3	1.89	*Sonchus*	3	3.13
Climacoptera	3	1.89	*Ranunculus*	3	3.13
Caroxylon	3	1.89			
Bromus	3	1.89			
Suaeda	3	1.89			
Gallium	3	1.89			
Bassia	3	1.89			

The leading species composition of the adventive fraction of Bukhara city demonstrated differences from the composition of the aboriginal fraction. It mainly included species from the genera Amaranthus-6, Lepidium, Veronica, Sonchus, Ranunculus, and Vicia, which played a significant role. Their representatives are widespread across all areas of the city, exhibiting dominance. It is evident that the leading species composition of the adventive fraction in the study area sharply differed from the spectrum of the aboriginal fraction. Overall, the main composition of the adventive fraction consisted of groups with 1 species (55 species - 78.57%) and 2 species (9 species - 12.86%). This situation indicates a high dynamic of the introduction of adventive species into the urban flora of Bukhara city. The enrichment of the urban flora of Bukhara with adventive species brings its taxonomic composition closer to the flora of foreign regions.

Conclusion.

Currently, the process of adventive plant formation is occurring rapidly all over the world. This is especially evident in several European countries, as reflected in scientific sources. In economically developed countries, this process is believed to be caused by foreign relations and tourism. A similar situation is observed in Uzbekistan as well. Specifically, due to Bukhara being an ancient and historical city, the influx of numerous foreign visitors and the influence of logistics connections have led to an increase in adventive plants. The number of adventive plants identified in the study area constitutes almost half (42.11%) of the adventive plants found in Uzbekistan, and 37.65% of Bukhara city's urban flora. This indicates a high level of adventivization in Bukhara's urban flora. The results of comparisons with adventive floras of foreign countries also support this.

References

1. Ya. Grigoryevskaya, L. A. Lepeshkina, & D. S. Zelepukin, Samara Luka: Problems of Regional and Global Ecology, 21(1), 5-158 (2012).
2. G. S. Antipina, Urban Flora of Karelia, Petrozavodsk, 200 p. (2002).
3. L. M. Gubary, Urban Flora of the Southern Part of the Small Polesye: Abstract of the Thesis... Candidate of Biological Sciences, Kiev, 20 p. (2006).
4. V. Panin, Phylogenesis in the Urbanized Environment of the Steppe Zone: Example of the City of Saratov: Abstract of the Thesis... Candidate of Biological Sciences, Saratov, 20 p. (2005).
5. S.V. Ryabovol, Flora of the City of Krasnoyarsk (Vascular Plants): Abstract of the thesis - Candidate of Biological Sciences, Krasnoyarsk, 18 p. (2007).
6. T.Kh. Makhkamov, Ruderal Flora and Vegetation of the Fergana Valley: Abstract of the thesis - Candidate of Biological Sciences, Tashkent, 18.p. (2009).
7. H. K. Esanov, PhD Thesis Abst., Analysis of the Flora of Bukhara Oasis, 45 p., (2017).
8. H. K. Esanov, DSc Thesis, Flora of South-West Kyzylkum, 195 p., (2023). [In Uzbek].
9. S. M. Gafarova, M. I. Gulamov, H. K. Esanov, A. M. Umedov, Acta Biol. Sib., Urban Floristic Diversity in the Arid Zone: A Case Study of Bukhara City, Vol. 10, 197–213, (2024). DOI: 10.5281/zenodo.10934573
10. N. M. Sidikjanov, PhD Thesis Abst., Modern State and Ecology of the Urban Flora of Andijan City, 48 p., (2024). [In Uzbek and Russian].
11. Conspectus Florae Asiae Mediae, Sci. Publ., Vols. 1-11, (1963-2015). [In Russian]
12. Flora of Uzbekistan, Publ. House Acad. Sci. UzSSR, Vols. 1-6, (1941-1962). [In Russian].
13. H. K. Esanov, Turczaninowia, New Plant Species in the Flora of Bukhara Oasis, Vol. 19 (2), 77-81, (2016). DOI: 10.14258/turczaninowia.19.2.10 [In Russian]
14. H. K. Esanov, Flora of Bukhara Oasis, Durdona Publ., 128 p., (2019). [In Uzbek].
15. H. K. Esanov, M. X. Usmonov, Turczaninowia, Two Alien Species of Asteraceae New to Uzbekistan (Bukhara Oasis), Vol. 21(4), 175-180, (2018). DOI: 10.14258/turczaninowia.21.4.18
16. H. K. Esanov, V. K. Sharipova, Turczaninowia, Addition to the Flora of Bukhara Region (Uzbekistan), Vol. 23(1), 126-128, (2020). DOI: 10.14258/turczaninowia.23.1.13 [In Russian]

17. K. Tojibayev, H. Esanov, Sci. Bull. Ser. Biol. Res., Vol. 8(5), (2021). https://www.ajbiological.uz/article/035116855464/abstract
18. P. Seregin, KMK, Flora of the Vladimir Region: Analysis of Grid Mapping Data, 492 p., (2014).
19. APG IV, Bot. J. Linn. Soc., An update of the Angiosperm Phylogeny Group classification for the orders and families of flowering plants: APG IV, Vol. 181, 1–20, (2016). DOI: 10.1111/boj.12385
20. L. A. Agafonova, PhD Thesis Abst., Flora of the City of Belgorod, Moscow, 22 p., (2010). [In Russian].
21. V. E. Afanasev, PhD Thesis Abst., Adventive Flora of the Astrakhan Region, Saratov, 20 p., (2008). [In Russian].
22. R. Batoshov, DSc Thesis, Flora of the Remnants of the Southeast Kyzylkum, Tashkent, 130 p., (2016). [In Russian].
23. O. T. Turginov, PhD Thesis, Flora of the Boysun Botanical-Geographical Region, Tashkent, 297 p., (2017). [In Uzbek/Russian].
24. V. M. Starchenko, DSc Thesis, Flora of the Amur Region, 249 p., (2008).

УДК: 582.28(575.4):504.4

АРАВАН РАЙОНУНУН АДЫРЛАРЫНДА КЕЗДЕШКЕН КОЗУ КАРЫНДАР

ГРИБЫ, ВСТРЕЧАЮЩИЕСЯ НА АДЫРАХ АРАВАНСКОГО РАЙОНА

MUSHROOMS FOUND IN THE ADYRS OF ARAVAN REGION

Каримов Болотбек Акимович

Каримов Болотбек Акимович

Karimov Bolotbek Akimovich

биология илимдеринин кандидаты, доцент, Ош мамлекеттик университети

к.б.н., доцент, Ошский государственный университет

Ph.D., Associate Professor, Osh State University

bolotkarimov@mail.ru

0009-0000-1944-7839

Абдырахманова Жазгул Суюнбаевна

Абдырахманова Жазгул Суюнбаевна

Abdyrakhmanova Zhazgul Suyunbaevna

окутуучу, Ош мамлекеттик университети

преподаватель, Ошский государственный университет

lecturer, Osh State University

jazgulabdyrahmanova@gmail.com

0000-0001-8706-6675

АРАВАН РАЙОНУНУН АДЫРЛАРЫНДА КЕЗДЕШКЕН КОЗУ КАРЫНДАР

Аннотация

Бул макалада Араван районунун адырларында кездешкен козу карындардын түрдүк курамы жана алардын экологиялык өзгөчөлүктөрү изилденди. Изилдөөнүн негизги максаты - аймактагы макромицеттердин ар түрдүүлүгүн аныктап, алардын экосистемадагы ролун жана биотехнологиялык потенциалын баалоо болду. Изилдөөлөр Ош мамлекеттик университетинин «Өсүмдүктөрдүн биотүрдүүлүгү» лабораториясында жүргүзүлүп, үлгүлөр маршруттук ыкма менен чогултулду. Жалпысынан 25 түр аныкталып, алардын ичинен үчөө буга чейин бул аймакта катталбаган. Козу карындардын айрымдары сапрофиттик, айрымдары мителик жана микоризалык формаларда жашайт. Алардын ферменттик, антибиотикалык жана органикалык калдыктарды ажыратуу мүмкүнчүлүгү биотехнология жана айыл чарба тармактарында кеңири колдонууга ылайык келет.

Ачкыч сөздөр: *козу карын, антибиотик, макромицеттер, ферменттер, сапротроф, мите*.

ГРИБЫ, ВСТРЕЧАЮЩИЕСЯ НА АДЫРАХ АРАВАНСКОГО РАЙОНА

Аннотация

В данной статье исследовано видовое разнообразие грибов, встречающихся на адырах Араванского района, а также их экологические особенности. Основной целью исследования было выявление макромицетов, распространённых в данной местности, и оценка их роли в экосистеме и биотехнологическом потенциале. Исследования проводились в лаборатории «Биоразнообразие растений» Ошского государственного университета, а сбор образцов осуществлялся маршрутным методом. Всего было идентифицировано 25 видов, из которых три ранее не были зарегистрированы в этом районе. Грибы представлены как сапрофитными, так и паразитическими и микоризными формами. Их ферментативная активность, антибиотические свойства и способность к разложению органических остатков делают их перспективными для применения в биотехнологии и сельском хозяйстве.

Ключевые слова: *грибы, антибиотик, макромицеты, ферменты, сапротроф, паразит*.

MUSHROOMS FOUND IN THE ADYRS OF ARAVAN REGION

Annotation

This paper investigates the species diversity of fungi occurring in the adyrs of Aravan district, as well as their ecological features. The main objective of the study was to identify macromycetes distributed in the area and to assess their role in the ecosystem and biotechnological potential. The research was carried out in the laboratory “Plant Biodiversity” of Osh State University, and samples were collected by route method. A total of 25 species were identified, of which three were not previously recorded in the area. Fungi are represented by both saprophytic, parasitic and mycorrhizal forms. Their enzymatic activity, antibiotic properties and ability to decompose organic residues make them promising for application in biotechnology and agriculture.

Keywords: mushrooms, antibiotic, macromycetes, enzymes, saprotroph, parasite.

Киришүү

Козу карындардын адам баласынын практикалык турмушунда баалуулугу байыркы убакыттан бери белгилүү. Адам баласы күндөлүк тиричилигинде пайдалуу козу карындарды дээрлик тамак катарында колдонуп келишкен. Алардын ичинен атап айтсак: аскомицеттерден- сморчоктор, строчоктор, трюфелдер; базидиомицеттерден- көптөгөн калпактуу козу карындар-шампиньон, сыроежка, груздь, кайың астындагы козу карын, ак козу карын ж.б. дүйнөнүн көптөгөн мамлекеттеринде тамак катарында колдонулуучу козу карын эсептелип, өзгөчө шампиньон атайын өстүрүлүп, массалык өндүрүү жолго коюлган.

Адам баласы байыртан бери ачыткыч козу карындарын ачытуу иштеринде кеңири пайдаланып келишкен. Натыйжада ачыткыч козу карындар спирттик ачытууларда (пиво, вино ж.б.) жана нан өндүрүшүндө кеңири колдонулат.

Көптөгөн козу карындар биологиялык активдүү заттарды, ферменттерди, органикалык кислоталарды пайда кылат. Ошондуктан аларды микробиологиялык өндүрүштө лимон кислоталарын; целлюлаз, протеаз, пектиназ ж.б. ферменттерди өндүрүүгө колдонушат. Козу карындардын арасында витаминдерди (рибофлавин-каротин) активдүү топтоочу түрлөрү да кездешет. Айрымдары антибиотик-пенициллин, цефалоспорин ж.б. берет.

Козу карындар - өз алдынча таксономиялык топ болуп саналган, өзгөчө гетеротрофтук организмдер. Алар өсүмдүктөрдөн айырмаланып, фотосинтез жүргүзө алышпайт жана азык

заттарды дайын формада өздөштүрүүгө муктаж. Табиятта козу карындардын түрдүк курамы абдан ар түрдүү болуп, алардын экологиядагы жана биотехнологиядагы ролу өтө чоң [1, 11]. Бул макалада козу карындардын азыктануу формалары, жашоо өзгөчөлүктөрү жана табигый чөйрөдөгү мааниси каралат.

Козу карындар - жаратылыштагы маанилүү топтун бири, алардын негизги ролу - органикалык калдыктарды ажыратып, топурактын экологиялык туруктуулугун камсыз кылуу жана өсүмдүктөр менен симбиоздук мамилелерди түзүү. Козу карындар экосистемалардын биотүрдүүлүгүн камсыз кылууда маанилүү бөлүк болуп саналат [2, 10]. Ошого карабастан, биздин өлкөдө козу карындардын түрлөрү жана экологиялык ролу толук изилденбеген. Өзгөчө Араван районунун аймагында кездешкен козу карындар жөнүндө илимий маалыматтар аз.

Биздин изилдөөлөрдө Араван районундагы козу карындардын түрдүк курамдары аныкталып, алардын морфологиялык өзгөчөлүктөрүн жана экологиялык шарттарын изилдөө максаты коюлган.

Козу карындардын азыктануу жолдору алардын тиричилик өзгөчөлүктөрүнө жана экологиялык шарттарга жараша төмөндөгүдөй формаларда жүрөт:

Азыктануу формасы	Мүнөздөмөсү	Козу карындар
Сапрофиттер	Өлгөн органикалык калдыктар менен азыктанат	Penicillium, Aspergillus
Мителер (паразиттер)	Тирүү организмдердин эсебинен жашайт	Puccinia graminis
Факультативдик сапротрофтор	Мителиктен сапрофиттик формага өтө алат	Fusarium oxysporum
Мутуалисттер (симбионттор)	Өз ара пайдалуу байланыш түзөт	Glomus, Boletus

Сапрофиттик козу карындар тиричилик таштандыларды ажыратып, CO_2 жана минералдык туздарды пайда кылуу менен органикалык заттарды минералдаштырат. Ферменттердин жана биологиялык заттардын булагы катары антибиотиктерди, ферменттерди жана органикалык кислоталар сыяктуу заттарды өндүрүүдө колдонулат. Айлана-чөйрөнүн экологиялык туруктуулугун жаратып, компосттоо (ачытуу) жана топуракты биотазалоодо негизги звено болот. Ошондой эле, айыл чарбасында мителик козу карындар фитопатоген катары белгилүү болсо, айрымдары биоиндикатор агенти катары да колдонулат.

Козу карындар эукариоттук организмдерге кирет. Алар жипче сымал түзүлүшкө ээ мицелий аркылуу көптөгөн беттик субстраттарда жашашат. Көпчүлүк козу карындар жыныссыз жана жыныстуу жолдор менен көбөйүшөт [3, 4]. Козу карындар гетеротрофтук организмдер болгондуктан, даяр органикалык заттарга муктаж. Алар жаратылышта органикалык заттарды, түрдүүчө жолдор менен алышат. Айрымдары тирүү организмдердин эсебинен мителик жол менен жашашса, айрымдары сапрофиттик азыктануу жолу менен жашашат. Козу карындар үчүн сапрофиттик азыктануу биринчилик. Ал эми митечилик алардын адистешкен жолу. Факультативдик сапротрофтор, көбүнчө мите түрүндө өрчүшүп, кандайдыр ыңгайлуу учур келгенде, сапрофиттик жашоого ыңгайлашат. Чыныгы мителер жаратылышында дээрлик тирүү организмдердин эсебинен жашашат. Айрым адистенишкен мите козу карындардын (даттуу, шүүдүрүмдүү козу карындар) мицелияларында татаал түзүлүштөгү атайын өсүндүлөр-гаусториялар болот. Жаратылышта козу карындар түрдүү субстраттарда-сууда, топуракта, жыгачтардын кабыгында, таштандыларда жана суу өсүмдүктөрүнүн жана жаныбарларынын мителери катарында таркалышкан [5, 6].

Козу карындар органикалык заттарды минералдаштырууга катышышат. Ал учурда 95% CO_2 пайда болот. Натыйжада, жаратылышта заттардын алмашуусу үзгүлтүксүз ишке ашат. Көптөгөн козу карындар биологиялык активдүү заттарды, ферменттерди, органикалык кислоталарды пайда кылат [7, 15].

Кыргызстандын тоолуу аймактарында (Тянь-Шань, Көгүлтүр тоолор, Чүй өрөөнү) отуздан ашуун макрокозу карындар таркалышкан. Алардын арасында аш болуучу, уулуу жана дарылык касиетке ээ түрлөр бар.

Аш болуучу түрлөр: *Agaricus bisporus* (шампиньон): дүйнө жүзүндө өндүрүлөт, саздак, жөнөкөй чөптүү жерлерде өсөт; Agaricus arvensis (ат козу карын): чарбалык шартта өстүрүлөт,

сабактарынын чоңдугу 7–20 см; Coprinus comatus (чувалдуу калпак): кыска убакыт жашайт, жыгач жолдордо, нымдуу жерлерде көбөйөт.

Дарылык, чириген түрлөр: *Trametes versicolor* (түркиянын куйругу): трутовик, ракка каршы касиеттерге ээ экстракттар бар; Ganoderma applanatum ж.б. түрлөр Тянь-Шань аймагында кездешет.

Уулуу түрлөрү болуп *Clitocybe dealbata, Agaricus xanthodermus, Hypholoma fasciculare, Lepiota brunneoincarnata. Amanita muscaria* (кызыл мухомор) эсептелет жана алар тоолуу токойлордо өсүшөт [12, 13, 14].

Изилдөөнүн каражаттары жана ыкмалары. Изилдөөнүн объектиси болуп Араван районуна тиешелүү адырлардан чогултулган макромицеттер эсептелишет. Козу карындардын үлгүлөрүн чогултуу мезгилдүү жүргүзүлүп, аймак маршруттук изилдөөлөр аркылуу изилденди. Үлгүлөрдү чогултуу, иштетүү жана гербаризациялоо ыкмалары өсүмдүк жамааттарынын компоненттери катары макромицеттерди изилдөөнүн жалпы кабыл алынган усулдар аркылуу ишке ашырылды. Мөмөлүү козу карындар жана микроструктуралардын морфологиялык анализи МБИ-11 моделиндеги жарык микроскопунун жардамы менен жүргүзүлдү. Чогултулган үлгүлөрдүн гербарийлери Ош мамлекеттик университетинин «Өсүмдүктөрдүн биоартүрдүүлүгү» лабораториясында сакталууда.

Козу карындардын таксономиялык курамы жана түрлөрүнүн аталыштары Index Fungorum (www.indexfungorum.org, 2022) жана MycoBank (2022) [8, 10] номенклатуралык маалымат базаларынын маалыматтарына ылайык аныкталды.

Жыйынтыктар жана талкуулар. Түштүк Кыргызстанда кездешүүчү козу карындардын арасында жаратылышта жана тиричиликте пайдалуулары көп. Алар негизинен сапротрофтор болуп, өсүмдүктөрдүн вегетатидик органдарында, мөмөлөрүнүн үстүндө, гүлдөрдүн нектарларында, даректардын ширелеринде жана топурактарда кездешишет. Эндомицеттер катарынын көп таркалган жана практикалык чоң маанидеги тобу-ачыткыч козу карындар (Saccharomyces) саналышат. Алар ширелүү чөйрөдө спирттик ачууну пайда кылып, канттын этил спиртине айлануусу ишке ашырышат жана көмүр кычкыл газын бөлүп чыгарышат: $C_6H_{12}O_6 = 2C_2H_5OH + 2CO_2$. Бул процесс байыркы мезгилден бери ичимдиктерди даярдоо, нан өндүрүү практикасында колдонулгандыгына карабастан, анын себептүү байланыштары аныкталбай келген. Бул процессти биринчи жолу микробиологиянын негиз салуучусу Л. Пастер 1876-жылы ачкан [3].

Спирттик ачуу көптөгөн тамак-аш өндүрүшүнүн (нан иштетүү, вино, пиво даярдоонун) негизин түзөт. Ошондой эле целлюлоза, кагаз өндүрүшүнүн калдыктарынан техникалык спирт алууда да колдонулат.

Нан ачыткысы (Saccharomyces cerevisiae) культурада гана жашайт. Алар-сүйрүчө, тоголок клеткалар, бүчүрлөнүп көбөйөт. Өрчүү циклында узак мөөнөттөгү диплоиддик фаза байкалат. Баштык диплоиддик клетканын өрчүшүнөн башталат, көбүнчө төрт аскоспораны кармайт.

Сүрөт 1. *Ачыткыч козу карындар*



Нан ачыткысынын бир нече ондогон расалары бар (винолук, спирттик, пиволук, камырдык ж.б.). Спиртти ачытуу жолу менен алуу үчүн картошка, дан өсүмдүктөр колдонулат. Ошондой эле жыгач целлюлоза өндүрүшүнүн таштандылары да пайдаланылат.

Жүзүмдөн жана мөмө-жемиштерден алынган баардык винолор жүзүмдүн түрдүү сортторунан ачыткы расаларын пайдалануу менен ыңгайлуу технологияда даярдалат. Пивону өндүрүүдө арпа колдонулуп, ал ачытылат, анда 6% ке жакын спирт кармалат.

Тамак сиңирүү системасы	Ашказан-ичеги тосмосун коргоо жана постпрандиалдык антиоксиданттык абалды жакшыртуу.	[20, 15]

Организм системасы	**Карагаттын биологиялык таасири**	**Булактар**
Иммундук система	Антиоксиданттык жана сезгенүүгө каршы касиеттерин көрсөтүү, иммундук системаны жакшыртуу.	[15, 24]
Тери	Атопиялык дерматит сыяктуу өнөкөт сезгенүү менен коштолгон тери ооруларынын өнүгүшүн басаңдатуу.	[22]
Скелет-булчуң системасы	Машыгуудан улам жаралган физиологиялык стресс жоопторун төмөндөтүү, булчундардын кычкылтек менен камсыздалышын жана иштешин жакшыртуу, машыгуудан кийинки майдын кычкылданышын стимулдоо, машыгуудан кийинки булчуң жаракаттарынын (EIMD) симптомдорун азайтуу жана калыбына келүү процессин тездетүү, креатин киназа деңгээлин төмөндөтүү, ошондой эле ревматоиддик артрит менен синовитке каршы таасирлери бар.	[12, 17, 24, 21]

Жыйынтык

Карагаттын тарыхый жана маданий мааниси кыргыз элинин турмушунда терең тамыр алган. Бул өсүмдүк өзүнүн биологиялык ар түрдүүлүгү, табигый шарттарга жогорку адаптациясы жана курамындагы пайдалуу биоактивдүү заттары менен өзгөчөлөнөт. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, кара карагаттын витаминдерге, антоцианиндерге жана башка фитохимиялык бирикмелерге бай болушу аны фармакологияда жана саламаттыкты чыңдоодо кеңири колдонууга мүмкүндүк берет.

Азыркы күндө адамдын ден соолугуна жана өнөкөт ооруларга каршы күрөшүүдө табигый дарыларга муктаждык өсүүдө. Ошондуктан кара карагаттын илимий жактан терең изилденип, анын фармакологиялык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү зарыл. Мындан тышкары, кара карагаттын экологиялык шарттарга ыңгайлашуу жөндөмү, селекциялык потенциалы жана биотехнологиялык ыкмалар аркылуу өсүмдүктү кайра чыгаруу жана өсүшүн жакшыртуу мүмкүнчүлүктөрү айыл чарба жана биотехнология тармактарында колдонулушу үчүн маанилүү.

Жыйынтыктап айтканда, кара карагат – биологиялык, экологиялык, медициналык жана биотехнологиялык жактан көп кырдуу өсүмдүк болуп, анын илимий негизде иликтелиши жана практикалык колдонулушу адамзаттын ден соолугуна жана өнүгүүсүнө чоң салым кошот.

Адабияттар

1. Алимбаева П.К., Нуралиева Ж.С., Арбаева З.С. "Лекарственные растения Киргизии" Справочник по заготовке лекарственных растений Издательство "Мектеп",Фрунзе, 1990. 128 стр.
2. Пояркова А.И. Критический обзор дикорастущих видов смородины и крыжовника Советского Союза //Тр. Ботан. ин-та АН СССР. Сер. 1. Флора и систематика высших растений. 1937. -Вып. 2. -С. 153 – 216.
3. Тажибаев А. Сравнительное изучение листовых органов в онтогенезе некоторых растений //Вестн. Казахск. Гос. ун-та им. Аль- Фараби. Сер. биол.-2006.№ 1. –С.22-24.
4. Тахтаджян А.Л. Вопросы эволюционной морфологии растений. - Л.: Изд-во ЛГУ, 1954. -215 с.
5. Ткаченко В.И. Деревья и кустарники дикорастущей флоры Киргизии и их интродукция: Дис... д-ра биол. наук. - Фрунзе. 1968. - 562 с.
6. Ağaoğlu, Y. S., 1986. Üzümsü Meyveler. Ankara Üniversitesi Ziraat Fakültesi Yayınları, No:984,377s, Ankara.
7. Ağaoğlu, Y.S. ve Gerçekcioğlu, R., 2013. Frenk Üzümü Bektaşi Üzümü Üzümsü Meyveler. Tomurcukbağ Ltd. Şti. Eğitim Yayınları, 223-241
8. Castro-Acosta ML, Stone SG, Mok JE, et al.: Apple and blackcurrant polyphenol-rich drinks decrease postprandial glucose, insulin and incretin response to a high-carbohydrate meal in healthy men and women. J Nutr Biochem. 2017,49:53-62. 10.1016/j.jnutbio.2017.07.013

9. Celka Z. Relics of cultivation in the vascular flora of medi- eval West Slavic settlements and castles. Biodiv Res Conserv. 2011;22:1-110.
10. Cook MD, Myers SD, Gault ML,Willems.ME:Blackcurrant alters physiological responses and femoral artery diameter during sustained isometric contraction. Nutrients. 2017, 9:10.3390/nu9060556
11. Dalgård C, Nielsen F, Morrow JD, Enghusen-Poulsen H, Jonung T,HørderM,de Maat MP: Supplementation with orange and blackcurrant juice, but not vitamin E, improves inflammatory markers in patients with peripheral arterial disease. Br J Nutr. 2009,101:263-9. 10.1017/S0007114508995660
12. Fryer S, Giles D, Bird E, et al.: New Zealand blackcurrant extract enhances muscle oxygenation during repeated intermittent forearm muscle contractions in advanced and elite rock climbers. Eur J Sport Sci. 2021, 21:1290-8. 10.1080/17461391.2020.1827048
13. Godevac, D., Vajs, V., Milosavljevic, S., Ǧordevic, B., Zdunic, G. and Tesevic, V.2011. Chemical Composition of White Currant Seed Extract. Journal Of Serbian Chemical Society, 76, 1465–1470.
14. Henneberg M, Stasiulewicz M. Herbal Ethnopharmacology of Lithuania / Vilnius Region. III. Medicament and Food. In: Schröder E, Balansard G, Cabalion P, et al., eds. Medicaments Et Aliments, Approche Ethnopharmacologique (Medicines and Foods, Ethnopharmacological Approach). Proceedings of the 2nd European Symposium on Ethnopharmacology and the 11th International Conference on Ethnomedicine - Heidelberg (Allemagne), du 24 au 27 mars 1993. Paris, France: Orstom Éditions; 1996.
15. Huebbe P, Giller K, de Pascual-Teresa S, et al.: Effects of blackcurrant-based juice on atherosclerosis-related biomarkers in cultured macrophages and in human subjects after consumption of a high-energy meal. Br J Nutr. 2012, 108:234-44. 10.1017/S0007114511005642
16. Hummer, K. E. ve Barney, D. L., 2002. Currants. Hort Technology, 12(3), 377–387
17. Hunt JE, Coelho MO, Buxton S, et al.: Consumption of New Zealand blackcurrant extract improves recovery from exercise-induced muscle damage in non-resistance trained men and women: a double-blind randomised trial. Nutrients. 2021, 13:10.3390/nu13082875
18. Kalle R, Sõukand R. Historical ethnobotanical review of wild edible plants of Estonia (1770s–1960s). Acta Soc Bot Pol. 2012;81:271-281.
19. Lappi J, Raninen K, Väkeväinen K, Kårlund A, Törrönen R, Kolehmainen M: Blackcurrant (Ribes nigrum) lowers sugar-induced postprandial glycaemia independently and in a product with fermented quinoa: a randomised crossover trial. Br J Nutr. 2021, 126:708-17. 10.1017/S0007114520004468
20. Lee BJ, Flood TR, Hiles AM, et al.: Anthocyanin-rich blackcurrant extract preserves gastrointestinal barrier permeability and reduces enterocyte damage but has no effect on microbial translocation and inflammation after exertional heat stress. Int J Sport Nutr Exerc Metab. 2022, 32:265-74. 10.1123/ijsnem.2021-0330
21. Leventhal LJ, Boyce EG, Zurier RB: Treatment of rheumatoid arthritis with blackcurrant seed oil. Br J Rheumatol. 1994, 33:847-52. 10.1093/rheumatology/33.9.847
22. Linnamaa P, Savolainen J, Koulu L, et al.: Blackcurrant seed oil for prevention of atopic dermatitis in newborns: a randomized, double-blind, placebo-controlled trial. Clin Exp Allergy. 2010, 40:1247-55. 10.1111/j.1365-2222.2010.03540.x
23. Linné Cv, Salvius L. Caroli Linnaei ... Species plantarum : exhibentes plantas rite cognitas, ad genera relatas, cum differentiis specificis, nominibus trivialibus, synonymis selectis, locis natali- bus, secundum systema sexuale digestas... Holmiae (Stockholm, Sweden): Impensis Laurentii Salvii; 1753.
24. Lyall KA, Hurst SM, Cooney J, Jensen D, Lo K, Hurst RD,Stevenson LM: Short-term blackcurrant extract consumption modulates exercise-induced oxidative stress and lipopolysaccharide-stimulated inflammatory responses. Am J Physiol Regul Integr Comp Physiol. 2009, 297:R70-81.10.1152/ajpregu.90740.2008

25. Pojer E, Mattivi F, Johnson D,StockleyCS:The case for anthocyanin consumption to promote human health: a review. Compr Rev Food Sci Food Saf. 2013, 12:483-508. 10.1111/1541-4337.12024
26. Sõukand R, Hrynevich Y, Prakofjewa J, et al. Use of cultivated plants and non-plant remedies for human and animal home- medication in Liubań district, Belarus. J Ethnobiol Ethnomed. 2017;13(1):54.
27. Sõukand R, Kalle R. The use of teetaimed in Estonia, 1880s–1990s. Appetite. 2012;59(2):523-530.
28. Tournefort JP. Institutiones Rei Herbariae, editio altera. Vol I. Paris, France: E Typographia Regia; 1700.
29. Vagiri, M. J., 2014. Phenolic Compounds and Ascorbic Acid in Black Currant (Ribes nigrum L.). (Doctoral Thesis), Swedish University of Agriculture Sciences, 68 p.
30. Zaurov DE, Belolipov IV, Kurmukov AG, Sodombekov IS, Akimaliev AA. The Medicinal Plants of Uzbekistan and Kyrgyzstan. In: Eisenman S, Zaurov D, Struwe L, eds. Medicinal Plants of Central Asia: Uzbekistan and Kyrgyzstan. New York, NY: Springer; 2013:15-273

УДК: 591.9:551.435.84(575.2)

КУРБУ-ТАШ ӨЗӨНҮНҮН ЖЕР КӨЧКҮ ЖҮРГӨН АЙМАГЫНДАГЫ ФАУНАНЫН КАЛЫПТАНЫШЫ

ФОРМИРОВАНИЕ ФАУНЫ НА ТЕРРИТОРИИ СХОДЫ ОПОЛЗНЕЙ В УРОЧИЩЕ КУРБУ-ТАШ

FORMATION OF FAUNA IN THE TERRITORY OF SIMILAR LANDSLIDES IN THE KURBU-TASH TRACT

Матибали уулу Шерали

Матибали уулу Шерали

Matibali uulu Sherali

PhD докторант, Ош мамлекеттик университети

PhD докторант, Ошский государственный университет

PhD doctoral student, Osh State University

shmatibaliuulu@oshsu.kg

ORCID:0000-0003-1353-5103

КУРБУ-ТАШ ӨЗӨНҮНҮН ЖЕР КӨЧКҮ ЖҮРГӨН АЙМАГЫНДАГЫ ФАУНАНЫН КАЛЫПТАНЫШЫ

Аннотация

Макалада 2023 – 2025-жылдагы Курбу-Таш өзөнүндөгү жер көчкү жүргөн аймактын фаунасынын калыптанышын изилдөөнүн жыйынтыктары берилген. Жер көчкү жүргөн аймакты калыбына келтирүү максатында 2017–жылы токой чарбачылык илимий изилдөө жана биокультуралык изилдөөлөр жүргүзлгөн. Изилдөөлөрдүн негизинде ОшМУнун жетекчилеринин демилгеси менен Ош мамлекеттиик университети USAID, «Ага Хан» фонддору менен биргеликте «Курбу-Таш Токой» долбоору сунушталып иштелип чыккан. Долбоордун алкагында 100 гектар аймактын айланасы курчалып тосулган. Учурда аймактын 50 гектарына миңдеген жаңгак, кайың, карагай, туя жана башка дарак бадал өсүмдүктөрү отургузулган. Ушул жашылдандырууну негиз кылып ОшМУнун зоология, экология жана биоинженерия кафедрасынын окутуучулары, аспиранттары менен студенттери тарабынан аймактын фаунасынын калыптануусунун жүрүшүнө, байырлай баштаган омурткалуу жаныбарлардын түрдүк курамына инвентаризациялык изилдөө иштерин жүргүзүшкөн. Изилдөөлөрдүн натыйжасында балыктардын 3 түрү: калынтыр (сазан) (Cyprinus carpio Linnaeus, 1758), кадимки маринка (Schizothorax intermedius Mc Clelland, 1842) ак амур (Ctenopharyngodon idella Valenciennes, 1844); жерде сууда жашоочулардын 2 түрү: данатин кур бакасы (Bufo danatensis Pis.) жана көл бакасы (Rana ridibunda Pal.); сойлоочулардын 3түрү: чөл жайдак көзү (Ablepharus deserti Strauch,1868), күлүк кескек (Eremias vtlox Pallas, 1771) жана сары суу жылан (Natrix tessellata Laurenti, 1768) канаттуулардын 5 түркүм, 13 тукум, 18 урууга мүнөздүү 23 түрү; чычкан сымал майда сүт эмүүчүлөрдүн 4 түрү: кадимки момолой (Microtus arvalis), чыгыш сокур момолой (Ellobius tancrei), үй чычканы (Mus musculus) жана боз келемиш (Rattus norvegicus) аныкталды Ошондой эле жерде сууда жашоочуларды коргоо жана санын көбөйтүүнүн ыкмалары, алардын тиричилик чөйрөлөрүн кеңейтүүнүн жолдору боюнча сунуштар берилген.

Ачкыч сөздөр: *университет, USAID, Ага Хан, Курбу-Таш, өзөн, жер көчкү, фаунанын калыптанышы, тиричилик чөйрө*.

ФОРМИРОВАНИЕ ФАУНЫ НА ТЕРРИТОРИИ СХОДЫ ОПОЛЗНЕЙ В УРОЧИЩЕ КУРБУ-ТАШ

Аннотация

В статье представлены результаты исследования формирования фауны оползневой зоны на урочище Курбу-Таш в 2023-2025 годах. С целью восстановления оползневой зоны в 2017 году были проведены лесоводческие научные исследования и биокультурные исследования. На основе исследований по инициативе руководства ОшГУ совместно с USAID и Фондом Ага Хана предложен и разработан проект «Лес Курбу-Таш». В рамках проекта была огорожена территория площадью 100 гектаров. В настоящее время на 50 гектарах территории высажены тысячи деревьев и кустарников грецкого ореха, березы, сосны и других деревьев и кустарников. На основе этого озеленения преподаватели, аспиранты и студенты кафедры зоологии, экологии и биоинженерии ОшГУ провели инвентаризационное исследование формирования фауны зоны и видового состава позвоночных животных, которые начали расселяться. В результате исследований установлено 3 вида рыб: обыкновенная маринка (Cyprinus carpio Linnaeus, 1758), сазан (Schizothorax intermedius Mc Clelland, 1842) и белый амур (Ctenopharyngodon idella Valenciennes, 1844); 2 вида земноводных: данатинская жаба (Bufo danatensis Pis.) и озерная лягушка (Rana ridibunda Pal.); 3 вида пресмыкающихся: Гологлаз пустынный (Ablepharus deserti Strauch, 1868), ящурка быстрая (Eremias vtlox Pallas, 1771) и водяной уж (Natrix tessellata Laurenti, 1768); 23 вида птиц, относящихся к 18 родам; Выявлено четыре вида мелких грызунов: обыкновенная полевка (Microtus arvalis), восточная слепушонка (Ellobius tancrei), домовая мышь (Mus musculus) и серая крыса

Medico-social importance of a healthy lifestyle in shaping the health of students

Abstract

The article presents the results of a study of the formation of the fauna of the landslide zone on the Kurbu-Tash tract in 2023-2025. In order to restore the landslide zone in 2017, forestry research and biocultural studies were carried out. Based on the research initiated by the Osh State University leadership, together with USAID and the Aga Khan Foundation, the Kurbu-Tash Forest project was proposed and developed. As part of the project, an area of 100 hectares was fenced. Currently, thousands of trees and shrubs of walnut, birch, pine and other trees and shrubs are planted on 50 hectares of the territory. Based on this landscaping, teachers, graduate students and students of the Department of Zoology, Ecology and Bioengineering of OshSU conducted an inventory study of the formation of the fauna of the zone and the species composition of vertebrates, which began to settle. As a result of research, 3 species of fish were established: common marinka (Cyprinus carpio Linnaeus, 1758), carp (Schizothorax intermedius Mc Clelland, 1842) and grass carp (Ctenopharyngodon idella Valenciennes, 1844); 2 amphibian species: Danatine toad (Bufo danatensis Pis.) and lake frog (Rana ridibunda Pal.); 3 species of reptiles: Desert hologlase (Ablepharus deserti Strauch, 1868), fast foot-and-mouth disease (Eremias vtlox Pallas, 1771) and water (Natrix tessellata Laurenti, 1768); 23 species of birds belonging to 18 genera; Four species of small rodents have been identified: the common vole (Microtus arvalis), the eastern mole rat (Ellobius tancrei), the house mouse (Mus musculus) and the gray rat (Rattus norvegicus). Recommendations are given on methods of protecting and

(Rattus norvegicus). Даны рекомендации по методам охраны и увеличения численности земноводных животных, а также по путям расширения ареалов их обитания

Ключевые слова: *университет, USAID, Ага Хан, Курбу-Таш, урочище, оползень, формирование фауны, среда обитания*.

increasing the number of amphibians, as well as on ways to expand their habitats.

Keywords: university, USAID, Aga Khan, Kurbu-Tash, tract, landslide, fauna formation, habitat.

Киришүү

Жаратылыш комплекстерине карата кубаттуу антропогендик трансформация ар кандай негизсиз чарбалык иш-аракеттерди жүргүзүүнүн натыйжасы республиканын көптөгөн аймактарынын фаунасынын өзгөрүүсүнө терс таасирин тийгизүү менен алардын жашоо чөйрөсүн өзгөртүп, түздөн-түз тиричилик чөйрөлөрүнүн кескин кыскаруусуна алып келүүдө. Жаратылыш комплекстерине тынымсыз чарбалык иштеринин өсүшү жаныбарлардын тиричилик чөйрөлөрүн өзгөртүү менен сүт эмүүчүлөрдүн аңчылык баалуу түрлөрүнүн, канатууларын, сойлоочулардын, балыктардын көптөгөн түрлөрүнүн санынын жалпы тенденциясынын төмөндөшүн шарттап турат.

Анын үстүнө акыркы мезгилдерде табигый жайыттарга антропогендик жүктөрдүн улам күчөп баратышынын кесепетинен Кыргызстандын тоолуу аймактарынын ар кандай экосистемаларында табигый кырсыктардын бири катары, кыян селдин жүрүшү, суу ташкындарынын күчөшү, жер көчкүлөрдүн жүрүшү кеңири таралган кадыресе адам үрөйүн учурган табигый процесстердин көрүнүшүнө айланып баратат.

Айрыкча Курбу-Таш өзөнү сыяктуу аймактарда малдын санынын кескин өсүп отурушу, жайыттарды ашкере пайдалануу, жайыт өсүмдүктөрдүн вегетациялык мезгилинин бузулушу узакка созулган кургакчылыктын болушу же тескерисинче мезгилсиз жаан чачындын күчөшү экологиялык системага чоң таасирин тийгизип жатат. Анткени, жер көчкү жүргөндө топурак катмарынын жылышы, өсүмдүктөрдүн жана жаныбарлардын жашоо шарттарынын бузулушу сыяктуу терс көрүнүштөр байкалат. Бирок, убакыттын өтүшү менен бул аймактарда флора жана фаунанын кайра жанданышы жүрөт. Ал эми илимий негизде рекультивация жүргүзүү бул табигый процесстерди бир топ тездетип, экосистемалардын калыптанышына чоң түрткү болот. Натыйжада бул табигый жана жасалма процесс биологиялык ар түрдүүлүктүн сакталышында жана экологиялык тең салмактуулукту камсыз кылууда чоң мааниге ээ.

Өзөндүн жер көчкү жүргөн аймагында 2017-жылы токой чарбачылык илимий изилдөө жана биокультуралык изилдөөлөр жүргүзлгөн. Изилдөөлөрдүн негизинде ОшМУнун ректору, профессор Кудайберди Кожобеков жана ОшМУнун Тоо экосистемаларын сактоо жана жашыл инновациялар боюнча директору, доцент Абжапар Аккулов башында туруп, Ош мамлекеттиик университети USAID, «Ага Хан» фонддору менен биргеликте «Курбу-Таш Токой» долбоору сунушталып иштелип чыккан. Долбоордун алкагында 100 гектар аймактын айланасы курчалып тосмо аркылуу корголонгон. Учурда аймактын 50гектарына миңдеген жаңгак, кайың, карагай, туя жана башка дарак бадал өсүмдүктөрү отургузулган. Андан сырткары өз алдынча тал, терек, долонолор өсүп калыбына келип жаткандыгы байкалып турат [18].

Айрыкча республиканын аймактарынын фаунасын коргоодо тоо экосистемаларынын ролу чоң. Анткени, тоо экосистемалары табигый жана трансформацияланган аймактардын экологиялык тең салмактуулугун сактап, коргоп жана адам баласынын жашоосундагы зарыл шарттар менен камсыздап турат. Демек, трансформацияланган аймактарды калыбына келтирүү жана өндүрүштүк иш чаралар жүргүзүлгөн аймактарды рекультивациялоо менен жапайы жаратылыш гана экологиялык тең салмактуулукту камсыздап, биоартүрдүүлүктү сактап турат.

Учурда Курбу-Таш өзөнүндөгү жер көчкү болгон аймакта өсүмдүктөр менен жаныбарлар дүйнөсүнүн кандай шартта жана кандай ылдамдыкта калыбына келип жатканын иликтөө — табигый жаратылыш процесстерин терең түшүнүүгө, ошондой эле айлана-чөйрөнү коргоо чараларын иштеп чыгууга өбөлгө түзөт.

Материал жана методика

Изилдөөлөр 2024-2025-жылдардагы Курбу Таш өзөөнүнүн көчкү жүргөн аймагында жүргүзүлгөн. Изилдөөлөрдүн негизинде көчкү жүргөн аймактын фаунанын калыптанышынын жүрүшүнө байкоо жүргүзүлүү менен омурткалуу жаныбарларга карата инвентаризация жүргүзүлүп, алынган маалыматтарга илимий талдоо жасалган. Байкоолор жылдын төрт мезгилинде жүргүзүлдү. Изилдөө обьектисиинин негизин омурткалуу жаныбарлардын түрдүк курамы түзөт.

Курбу-Таш өзөнү Ош облусунун Өзгөн районуна караштуу Жалпак-Таш айыл аймагында. Алай тоо кыркаларынын түндүк капталында, деңиз деңгээлинен 1200 – 1600 метр бийиктикте жайгашкан. Өзгөн шаарына болгон аралык, орточо 30 – 40 км чамасында. Тоолуу жана адырлуу аймак, таштуу кээ бир жерлери тик капталдуу. Аймакта сейсмикалык активдүүлүк болушу мүмкүн, себеби бул тоо кыркаларына жакын. [19].

Курбу-Таш өзөнүнүн жер көчкү жүргөн аймагынын жалпы аянты 174,22 гектарды түзүп, жалпы айланасынын узундугу 9 609 м. Көчкүнүн жүрүшүнөн чоң тосмо көл пайда болгон. Жалпы айланасынын узундугу 1175 метрди түзүп, 0,6 гектарга барабар. Майда көлдөрдүн саны үч. Алардын аянтынын ар бири 0,1 гектарды түзөт.

Климаты кескин континенталдуу, жайы ыссык, кышы суук. Кар бир топ калың түшөт. Фитоценоздун негизги массасын жайыт жана тоют базасын түзүүчү чөп чабынды өсүмдүктөр түзөт. Сейрек бадал жана жарым бадал өсүмдүктөрүнөн чие, долоно жана бадамдар өсөт.

Омурткалуу жаныбарлардын түрдүк курамын изилдөөдө жана жаныбарларга карата санак жүргүзүүдө жалпы кабыл алынган зоологиялык жана экологиялык комплексттик методдор колдонулду.

Балыктардын түрдүк курамын аныктоо максатында жер көчкүнүн таасиринен пайда болгон майда көлдөргө кайырмак салуу жолу менен балыктар кармалып, зоология, экология жана биоинженерия кафедрасынын лабораториясында аныкталды.

Жерде-сууда жашоочу жана сойлоп жүрүүчү омурткалуу жаныбарлардын түрдүк составын окуп үйрөнүү үчүн экскурсиялык жүрүү процесси аркылуу аныкталды. Алардын таксономиялык статусу, жерде-сууда жашоочулар жана сойлоочулар үчүн өз алдынча стандарттык диагностикалык белгилери боюнча аныкталды. Ал эми жерде-сууда жашоочулар менен сойлоочулардын түрдүк курамы жер көчкү жүргөн аймактын перифериясы боюнча, көбөйүү мезгилинде көлмөлөргө топтолгон амфибияларга байкоо жүргүзүү менен жалпы кабыл алынган усул [5] пайдаланылды. Б.а., маршуруттук усул менен аныкталып маршруттун узундугу жер көчкү жүргөн аймактын өзгөчөлүгүнө жараша 200 метрден 500 метрге чейинки аралыкты түзөт. Ошондой эле алардын көбөйүүсүнө жана көнөк баштардын өрчүшүнө байкоо [14, 2] жүргүзүлдү.

Канаттуулардын түрдүк курамын изилдөө канаттууларды изилдөө боюнча дагы жалпы кабыл алынган эколого-зоологиялык усул колдонулду [4, 6, 16, 7, 1, 13]. Канаттуулардын түрдүк курамын изилдөө эң жөнөкөй визуалдык маршруттук усул менен жүргүзүлдү. Бул усулду колдонууда төмөнкүдөй көзөмөл жүргүзүлдү: алдын ала маршрут белгиленип, ал маршруттагы бардык биотоптор камтылып, ошол тууралыкта (полосада) жолуккан бардык канаттуулар эсептелди.

Бул эсептөөлөр канаттуулардын алыстыгына же жакындыгына карабастан алардын үнүнө жана сырткы түзүлүшүнө байланыштуу жүргүзүлүп, канаттуулардын түрүнө чейин аныкталып, бардык көрсөткүчтөр эсеп кагазына жазылды. Ар бир эсеп жүргүзүүдө эсеп жүргүзүлгөн күн, саат, чөйрө шарты (күндүн ачыктыгы, бүркөктүгү, абанын температурасы, асмандагы булуттар), шамалдын багыты жана күчү (начар, орточо, катуу), жаан-чачындын болгону же жоктугу эсеп кагазына жазылды. Ошондой эле изилдөө жүргүзүлгөн аймагындагы канаттуулардын түрдүк курамын изилдөө жаз, жай мезгилдеринде канаттуулардын өтө активдүү мезгили болгон эртең мененки саат 5-00 дөн 10-00, 11-00 гө чейин жүргүзүлдү. Изилдөө күндүн ачык, жакшы аба-ырайлуу учурларына туура келди.

Ал эми майда сүт эмүүчүлөрдүн түрдүк курамын жана сандык көрсөткүчтөрүн аныктоодо аныктагычтар, сандык мүнөздөө үчүн терминдер жана түшүнүктөр колдонмолору

пайдаланылды [11; 8, 9, 10, 15]. Ошондой эле, майда сүт эмүүчүлөрдүн сандык көрсөткүчтөрүн аныктоо үчүн «Геро» тибиндеги капкандар «ловушка линия» жалпы кабыл алынган методу менен жүргүзүлдү. Ар бир линия 25 капкандан туруп, алар түз сызык түрүндө коюлуп, алардын аралыгы 5-7 метрден коюлат. Капкандарга приманка үчүн өсүмдүк майына куурулган нандын кесимдери колдонулду. Коюлган капкандар 4 күн бою коюлуп, күн сайын 2 жолу текшерилди. Жыйынтыгы 100 капкан/суткага болгон салыштырмалуу сандык көрсөткүч аныкталды. Капкандарды жайгаштыруу эрте менен жана кечинде жүргүзүлдү. Кармалган чычкан сымал кемирүүчүлөр толугу менен лабораториялык изилдөөлөрдөн өткөзүлдү. Жалпысынан жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжасында 150 капкан-суткасы иштетилип, натыйжада, 3 түргө таандык 28 даана чычкан сымал кемирүүчүлөр кармалды. Чычкан сымалдуулардын түрдүк курамын так аныктоодо зоология, экология жана биоинженерия кафедрасынын лабораториясында морфологиялык түзүлүш өзгөчөлүктөрүнө жараша атайын аныктагычтардын жардамында аныкталды. Канаттуулардын түрдүк курамынын тизмесин түзүүдө Т.Хардер, В.И.Торопова, С.В.Кулагин ж.б. «Систематический список позвоночных животных Кыргызстана» деген эмгеги колдонулду [12]. Омурткалуу жаныбарлардын кыргызча аттарын жазууда А.А. Алдашевдин «Биология терминдеринин жана айбанат аттарынын орусча-кыргызча сөздүгү» деген эмгеги пайдаланылды [3].

Изилдөөнүн жыйынтыктарынын талкуусу.

Изилдөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча балыктардын үч түрү: калынтыр (сазан) (*Cyprinus carpio Linnaeus, 1758*), кадимки маринка (*Schizothorax intermedius Mc Clelland, 1842*) ак амур (*Ctenopharyngodon idella Valenciennes, 1844*). Калынтыр кичине көлдөн кармалды. Ал эми кадимки маринка менен ак амур чоң көлдөн кармалды. Кармалган балыктар төмөнкү сүрөттө берилген (Автордун тарткан сүрөтү).

1-сүрөт. Калынтыр (*Cyprinus carpio Linnaeus, 1758*)

2-сүрөт. Кадимки маринка (*Schizothorax intermedius Mc Clelland,1842*)

3-сүрөт. Ак амур (*Ctenopharyngodon idella Valenciennes, 1844)*

1-Таблица. Курбу-Таш өзөнүндөгү жер көчкүдөн пайда болгон көлдөрдө катталган балыктардын түрдүк курамынын тизмеси

№	Жаныбарлардын аталышы			кездешиши		
	Орусча	**латынча**	**кыргызча**	**сей.**	**орт.**	**көп.**
1.1	Каныктырлар уруусу	*Cyprinus Linnaeus, 1758*	Род Карпы			
1	Калынтыр	*Cyprinus carpio Linnaeus, 1758*	сазан		+	
2	Жылтырлар уруусу	*Schizothorax Heckel, 1838*	Род Маринки			
2.1	Кадимки маринка же жылтыр	*Schizothorax intermedius Mc Clelland, 1842*	Обыкновенная маринка	+		
3	Мурутчандар уруусу	Luciobarbus *Heckel, 1843*	Род усачи			
3.1	Ак амур	*Ctenopharyngodon idella Valenciennes, 1844*	Белый амур	+		

Кездешүү жыштыгы боюнча сазан балыгынын саны салыштырмалуу орточо деп бааланды, ал эми кадимки маринка жана ак амур саны боюнча бир топ сейрек кездешет.

Орто Азия өлкөлөрүнүн ичинен биздин өлкө жерде-сууда жашоочу омурткалуу жаныбарлардын түрдүк курамы боюнча эң эле жарды. Адабияттык маалыматтар боюнча өлкөнүн аймагында жерде-сууда жашоочулардын куйруксуздар отрядына (ANURA) мүнөздүү 4 түрү гана кездешет. Аларга кур бакалар тукумунун *(Bufonidae)* өкүлү данатин кур бака *(Bufo danatensis Pis.)*, кур бака *(Bufo viridis Pis.)*, жана көл бакалар тукумунун *(Ranidae)* өкүлдөрү катары көл бакасы *(Rana ridibunda laur.)* жана сибир баксы *(Rana amurensis Boul.)* кирет. Ал эми биздин изилдөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча изилденген аймактардан жерде-сууда жашоочу омурткалуу жаныбарлардын эки түрү катталды. Алар: данатин кур бакасы *(Bufo danatensis Pis.)* жана көл бакасы *(Rana ridibunda Pal.).* Катталган амфибиялардын систематикалык тизмеси 2-таблицада берилген. Ошону менен бирге бирге көлмөлөрдүн биринде данатин кур бакалардын жаңыдан таштаган икралары жана өрчүүнүн 23-25-стадиясындагы көнөк баштары катталды. Бул учурда көл бакаларынын жупташуу мезгили жаңыдан башталган. Демек бул байкоолордун жыйынтыгы боюнча көл бакасынын көбөйүшү кур бакаларга салыштырмалуу бир кыйла кеч башталаары байкалды.

2-Таблица. Курбу-Таш өзөнүндөгү жер көчкү жүргөн аймагында катталган жерде-суула жашоочу омурткалуу жаныбарлардын түрдүк курамынын тизмеси

№	Жаныбарлардын аталышы			кездешиши		
	Кыргызча	латынча	орусча	сей.	орт.	көп
I.	Куйруксуздар отряды	*Anura Fischer,1813 (Ecaudata)*	*Отряд: Бесхвостые*			
I.1.	Курбакалар тукуму	*Bufonidae Gray,1825*	*Семейство: Жабы*			
I.1.1.	Кур бакалар уруусу	*Bufo Laurenti, 1768*	*Род: Жабы*			
I.1.1.1	Кур бака	*Bufo danatensis Pis.*	*Зеленая жаба*	+		
I.2.	Бакалар тукуму	*Ranidae Rafinesque 1874*	*Семейство: Лягушки*			

I.2.1.	Бакалар уруусу	*Rana Linnaeus, 1758*	*Род: лягушки*			
I.2.1.2.	Көл бакасы	*Rana ridibunda Pall., 1771*	*Озерная лягушка*	+		

Бул аймакта жерде-сууда жашоочулар үчүн тамак базасы жетиштүү болгону менен алардын көбөйүүсүнө жана тиричилик кылуусуна жарамдуу көлмөлөрдүн жетишсиздиги. Айрыкча көбөйүү мезгилинде амфибиялардын жупташуу учурунда көлмөлөрдүн аянтынын тардыгы, ташталган жумурткanын концентрациясынын жогорулашы, личинкалардын өсүп-өрчүү учурунда алардын тыгыздуулугу кескин жогорулап, азык заттын жетишсиздиги жана кычкылтектин концентрациясынын төмөндөп кетиши байкалып турат. Натыйжада көнөк баштар үчүн көлмөлөрдүн сыйымдуулугу кескин төмөндөп, личинкалардын өсүп өрчүүсүнүн 26-стадиясында массалык өлүмгө дуушар болушкан.

4-сүрөт. Данатин кур бакасы (*Bufo danatensis Pis).*

5-сүрөт. Көл бакасы*(Rana ridibunda Pall).* личинкаларынын өрчүүсүнүн 23-25 стадиясы нерест учурунда

6-сүрөт. (автордук сүрөт) Данатин кур бакасынын (*Bufo danatensis Pis)* икралары.

Ошондуктан жерде-сууда жашоочулардын тиричилик чөйрөлөрүн камсыздоо максатында майда агып жаткан суулардын нуктарына дайыма туруктуу суу менен камсыз болуп тургандай майда тайыз жасалма көлмөлөрдү түзүү зарыл. Ошондо гана биз алардын көбөйүүсүнө жана тиричилик кылуусуна шарт түзүү менен аларды коргоп сактап калуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болобуз. Демек, жерде-сууда жашоочулардын таралуу жыштыгынын санын камсыздоо менен экосистемалардын калыптанышына жана экоситеманын продуктуулугунун жогорулашына шарт түзгөнгө мүмкүнчүлүк пайда болот.

Сойлоочулардан кабырчыктуулар отрядынын үч уруусуна мүнөздүү 3 түрү: чөл жайдак көзү *(Ablepharus deserti Strauch,1868),* күлүк кескек *(Eremias vtlox Pallas, 1771)* жана сары суу жылан *(Natrix tessellata Laurenti, 1768)* катталды. Алардын систематикалык тизмеси 3-таблицада берилген. Бирок, алардын кездешүү жыштыгына маршуруттук жүрүш усулу менен беш сааттык байкоо жүргүзгөндө бирин, эки гана особду кездештирүүгө жетише алдык. Демек, булардын кездешүү жыштыгы азырынча сейрек экендиги аныкталды.

3-Таблица. Курбу-Таш өзөнүндөгү жер көчкү жүргөн аймагында катталан сойлоочулардын түрдүк курамынын тизмеси

№	Жаныбарлардын аталышы			кездешиши		
	Кыргызча	латынча	орусча	сей.	орт.	көп
I	**Кабырчыктуулар отряды**	***Squamata Oppel, 1811***	**Отряд: Чешуйчатые**			
I. 1.	Жайдак көз кескелдириктер тукуму	Scincidae *Oppel, 1811*	Семейство: Сцинковые			
I.1.1.	Жайдак көздөр уруусу	*Ablepharus Fitzinger,1823*	Род: Гологлазы			
I.1.1.1.	*Чөл жайдак көзү*	*Ablepharus deserti Strauch,1868*	*Гологлаз пустынный*	+		
I.2.	Накта кескелдириктер тукуму	*Ranidae Rafinesque 1874*	*Семейство: Настоящие ящерицы*			
I.2.1.	Кидик кескелдирик уруусу	*Eremias Fitzinger, 1834*	*Род: ящурки*			
I.2.1.2.	*Күлүк кескек*	*Eremias vtlox Pallas, 1771*	*Ящурка быстрая*	+		
	Суу жылан сымалдар тукуму	*Colubridae Oppel, 1811*	Семейство: Ужеобразные			
I.3.	Накта суу жыландар уруусу	***Natrix Laurenti, 1768***	*Род настоящие ужи*			
	Сары суу жыланы же кызыл боор суу жылан	*Natrix tessellata Laurenti, 1768*	*Уж водяной*	+		

Ал эми канаттуулардын 5 түркүм, 13 тукум, 18 урууга мүнөздүү 23 түрү катталды. Каз сымалдуулар түркүмүнөн өрдөк сымалдар тукуму, суу боюндагы өрдөктөр уруусуна мүнөздүү 1 түр - соно (♀), кайырма (♂) өрдөк (*Anas platyrchynchos* Linnaeus, 1758); Шумкар сымалдуулар түркүмүнөн 2 тукум 2 урууга мүнөздүү 2 түрү – кыргый (*Accipiter nisus* Linnaeus, 1758) жана күйкө (*Accipiter nisus* Linnaeus, 1758); Көгүчкөн сымалдуулар түркүмүнөн 1 тукум, 2 урууга мүнөздүү 3 түрү - көгүчкөн (*Columba livia neglecta* Gmelin, 1789), бактек (*Streptopelia turtur arenicola* Linnaeus, 1758) жана мисче (*Streptopelia senegalensis ermanni* (Linn., 1766)); Көк карга түспөлдүүлөр түркүмүнөн 1 тукум 1 урууга мүнөздүү 1 түрү - көк карга (*Coracias garrulous semenowi* Linnaeus, 1758); Таранчы сымалдуулар түркүмүнөн 8 тукум 14 урууга мүнөздүү 16 түрү - боз чабалекей же жар чабалекей (*Riparia riparia* Linnaeus, 1758), молдо торгой (*Galerida cristata* Linnaeus, 1758), талаа торгою (*Alauda arvensis* Linnaeus, 1758), кара башыл жылкычы кучкач (*Motacilla feldegg feldegg* Michahelles, 1878), узун куйрук борбаш (*Lanius schach* Linnaeus, 1758), сары барпы (*Oriolus oriolus oriolus* (Linnaeus, 1758), майна (*Acridotheres tristis tristis* Linnaeus, 1766), сагызган (*Pica pica pica* Linnaeus, 1758), таан (*Corvus monedula monedula* Linnaeus, 1758), кара карга (*Corvus corone corone* Linnaeus, 1758), кара таркылдак (*Turdus merula merula* Linnaeus, 1758), кара кашка чымчык (*Parus ater ater* Linnaeus, 1758), кызыл моюн кашка чымчык (*Parus rufonuchalis* Blyth, 1849), чоң кашка чымчык (*Parus major major* Linnaeus, 1758), чымчык (*Passer montanus* Linnaeus, 1758) жана чоң чыйпылдак (*Emberiza calandra calandra* Linnaeus, 1758) катталды.

4-Таблица. Курбу-Таш өзөнүндөгү жер көчкү жүргөн аймагында катталган канаттуулардын түрдүк курамынын тизмеси

№	Түрлөрдүн кыргызча аталышы	Түрлөрдүн латынча аталышы	Түрлөрдүн орусча аталышы	Болуу мүнөзү, каталог номери	CITES KR, RL	* ** *** ****
I	II	III	IV	V	VI	
I.	**Түркүмү (отряд): Каз сымалдуулар (эбелек тумшуктар)** – *Anceriformes walger,* 1831 – **Гусеобразные (пластинчатоклювые):**					
I. 1.	**Тукуму (семейство): Өрдөк сымалдуулар** – *Anatidae, Leach,* 1820 – **Утиные:**					
I. 1.1.	**Уруусу (род): Суу боюндагы өрдөктөр** – *Anas Linnaeus,* 1758 – **Речные утки:**					
Түрлөрү:						
I. 1.1. 1.	Соно (♀), кайырма (♂) өрдөк	*Anas platyrchynchos* Linnaeus, 1758	Кряква	**BW**	-	****

II.	**Түркүмү (отряд): Шумкар сымалдуулар (күндүзгү жырткыч куштар) –** *Falconiformes sharpe*, 1874 **– Соколообразные (дневные хищные птицы):**					
II.1.	**Тукуму (семейство): Балыкчы куш сымалдар –** *Pandionidae* Bonaparte, 1854 **– Скопиные:**					
II.1. 1.	**Уруусу (род): Карчыгалар –** *Accipiter* Brisson, 1760 **– Ястребы:**					
Түрлөрү:						
II.1. 1. 2.	Кыргый	*Accipiter nisus* Linnaeus, 1758	Ястреб-перепелятник	**BW**	**II**	*******
II.2.	**Тукуму (семейство): Шумкарлар –** *Falconidae Vigors*, 1824 **– Соколиные:**					
II.2. 1	**Уруусу (род): Шумкарлар –** *Falco Linnaeus*, 1758 **– Сокола:**					
Түрлөрү:						
II.2. 3.	Күйкө (кадимки күйкө)	*Falco tinnunculus* Linnaeus, 1758	Пустельга обыкновенная	**BW**	**II,**	********
III.	**Түркүмү (отряд): Көгүчкөн сымалдуулар –** *Columbiformes* (Latham, 1790) **– Голубеобразные:**					
III.1.	**Тукуму (семейство): Көгүчкөн сымалдар –** *Columbidae Leach*, 1820 **– Голубиные:**					
III.1.1.	**Уруусу (род): Көгүчкөндөр –** *Columba Linnaeus*, 1758 **– Голуби:**					
Түрлөрү:						
III.1.1. 4.	Көгүчкөн (көк көгүчкөн) *Accipiter nisus* Linnaeus, 1758	*Columba livia neglecta* Gmelin, 1789	Голубь сизый	**BW**	**-**	*******
II.1.2.	**Уруусу (род): Бактектер –** *Streptopelia Bonaparte*, 1855 **– Горлицы:**					
Түрлөрү:						
III.1.2. 5.	Бактек	*Streptopelia turtur arenicola* Linnaeus, 1758	Горлица обыкновенная	**B**	**-**	*******
III.1.2. 6.	Мисче (мисче бактек, кичине бактек)	*Streptopelia senegalensis ermanni* (Linn., 1766)	Горлица малая, или египетская горлица	**BW**	**-**	*******
IV.	**Түркүмү (отряд): Көк карга түспөлдүүлөр –** *Coraciiformes* Forbes, 1884 **– Ракшеобразные:**					
IV. 1.	**Тукуму (семейство): Көк карга сымалдуулар –** *Coraciidae* Rafinesque, 1815 **– Сизоворонковые:**					
IV. 1. 1.	**Уруусу (род): Көк каргалар –** *Coracias* Linnaeus, 1758 **– Сизоворонки:**					
Түрлөрү:						
IV. 1. 1.7.	Көк карга (кадимки көк карга)	*Coracias garrulous semenowi* Linnaeus, 1758	Сизоворонка	**B**	**-**	********
V.	**Түркүмү (отряд): Таранчы сымалдуулар –** *Passeriformes* Linnaeus, 1758 **– Воробьинообразные:**					
V. 1.	**Түркүмчө (подотряд): Таранчылар –** *Passeres* **– Воробьи**					
V. 1. 1. 1.	**Тукуму (семейство): Чабалекей сымалдуулар –** *Hirundinidae Rafinesque*, 1815 **– Ласточковые:**					
V. 1. 1. 1.	**Уруусу (род): Боз чабалекейлер** (сур чабалекейлер) **– Riparia** T.Forster, 1817 **– Береговые ласточки:**					
Түрлөрү:						
V.1.1. 1.8.	Боз чабалекей, жар чабалекей	*Riparia riparia* Linnaeus, 1758	Ласточка береговая, береговушка	**B**	**-**	******
V. 1. 2.	**Тукуму (семейство): Торгой сымалдуулар –** *Alaudidae Vigors*, 1825 **– Жаворонковые:**					
V. 1. 2. 2.	**Уруусу (род): Молдо торгойлор –** *Galerida Boie*, 1828 **– Хохлатые жаворонки:**					
Түрлөрү:						
V.1.2.2. 9.	Молдо торгой (топулуу торгой, үкү баш торгой)	*Galerida cristata* Linnaeus, 1758	Жаворонок хохлатый	**BW**	**-**	*******
V. 1. 2. 3.	**Уруусу (род): Талаа торгойлор –** *Alauda Linnaeus*, 1758 **– Полевые жаворонки:**					
Түрлөрү:						
V.1.2.3.10.	Талаа торгою (чабындык торгой)	*Alauda arvensis* Linnaeus, 1758	Жаворонок полевой	**B**	**-**	********
V.1.2.4.	**Уруусу (род): Жылкычы чымчыктар –** *Motacilla Linnaeus*, 1758 **– Трясогузки:**					
Түрлөрү:						
V.1.2.4.11.	Кара башыл жылкычы кучкач	*Motacilla feldegg feldegg* Michahelles, 1878	Трясогузка черноголовая	**B**	**-**	*******

V. 1.3.	**Тукуму (семейство): Борбаш сымалдуулар** – *Laniidae Refinesque,* 1815 **– Сорокопутовые:**					
V. 1.3. 5.	**Уруусу (род): Борбаштар – Lanius** Linnaeus, 1758 – **Сорокопуты:**					
Түрлөрү:						
V.1.3.5.12.	Узун куйрук борбаш	*Lanius schach* Linnaeus, 1758	Сорокопут длиннохвостый или Шах	**B**	-	***
V.1.4.	**Тукуму (семейство): Саргалдактар** (сары барпылар) – *Oriolidae Vigors,* 1825 – **Иволговые:**					
V.1.4.6	**Уруусу (род): Саргалдактар** (сары барпылар) – *Oriolus Linnaeus,* 1766 – **Иволги:**					
Түрлөрү:						
V.1.4.6.13.	Барпы (сары барпы, саргалдак)	*Oriolus oriolus oriolus* (Linnaeus, 1758)	Иволга (обыкновенная иволга)	**B**	-	***
V.1.4.7.	**Уруусу (род): Индистан чыйырчыктар** (ала канат чыйырчыктар) – *Acridotheres Vieillot,* 1816 – **Майны:**					
Түрлөрү:						
V.1.4.7.14.	Майна (ала канат, индия чыйырчыгы)	*Acridotheres tristis tristis* Linnaeus, 1766	Майна, или индийский скворец	**BW**	-	****
V.1.5.	**Тукуму (семейство): Каргалар** – *Corvidae Leach,* 1820 – **Вороновые:**					
V.1.5.8.	**Уруусу (род): Сагызгандар** – *Pica Brisson,* 1760 – **Сороки:**					
Түрлөрү:						
V.1.5.8.15.	Сагызган	*Pica pica pica* Linnaeus, 1758	Сорока	**BW**	-	****
V.1.5.9.	**Уруусу (род): Каргалар** – *Corvus Linnaeus,* 1758 – **Вороны:**					
Түрлөрү:						
V.1.5.9.16.	Таан (чөкө таан)	*Corvus monedula monedula* Linnaeus, 1758	Галка	**BW**	-	****
V.1.5.10.	**Уруусу (род): Каргалар** – *Corvus Linnaeus,* 1758 – **Вороны:**					
Түрлөрү:						
V.1.5.10.17	Кара карга	*Corvus corone corone* Linnaeus, 1758	Ворона черная	**BW**	-	****
V.1.5.11.	**Уруусу (род): Таркылдактар** – *Turdus Linnaeus,* 1758 – **Дрозды:**					
Түрлөрү:						
V.1.5.11.18.	Кара таркылдак	*Turdus merula merula* Linnaeus, 1758	Дрозд черный	**BW**	-	****
V.1.6	**Тукуму (семейство): Кашка чымчыктар** – *Paridae Vigors,* 1825 – **Синицевые:**					
V.1.6.12.	**Уруусу (род): Кашка чымчыктар** – *Parus Linnaeus,* 1758 – **Синицы:**					
	Түрлөрү:					
V.1.6.12.19.	Кара кашка чымчык (чоро чымчык)	*Parus ater ater* Linnaeus, 1758	Московка	**BW**	-	***
V.1.6.12.20.	Кызыл моюн кашка чымчык (кара маңдай чымчык)	*Parus rufonuchalis* Blyth, 1849	Синица рыжешейная	**BW**	-	***
V.1.6.12.21.	Чоң кашка чымчык (сары боор чымчык)	*Parus major major* Linnaeus, 1758	Синица большая	**BW**	-	****
V.1.7.	**Тукуму (семейство): Таранчы сымалдар** (Өрмөкчүлөр) – *Passeridae (Ploseidae) Rafinesque,* 1815 **– Воробьиные** (Ткачиковые)**:**					
V.1.7.13	**Уруусу (род): Таранчылар** – *Passer Brisson,* 1760 **– Воробьи:**					
Түрлөрү:						
V.1.7.13.22.	Чымчык (талаа таранчысы)	*Passer montanus* Linnaeus, 1758	Воробей полевой	**BW**	-	****
V.1.8.	**Тукуму (семейство): Думбул сымалдар** – *Emberizidae Vigors,* 1825 – **Овсянковые:**					
V.1.8. 14.	**Уруусу (род): Думбулдар** – *Emberiza Linnaeus,* 1758 – **Овсянковые:**					
Түрлөрү:						
V.1.8. 14. 23.	Чоң чыйпылдак (чоң думбул)	*Emberiza calandra calandra* Linnaeus, 1758	Просянка	**BW**	-	****

Шарттуу белгилер: **«B» –** уялап көбөйүүчүлөр;; **«BW»** - отурукташкандар;

«*» – өтө аз; «**» – аз санда; «***» – көп санда; «****» – өтө көп.

Канаттуулардын кездешүү жыштыгынын анализи боюнча таан (*Corvus monedula monedula* Linnaeus, 1758) абдан көп кездешип доминаттык түр болуп саналат. Андан кийинки орунда көгүчкөн (*Columba livia neglecta* Gmelin, 1789) жана майна (*Acridotheres tristis tristis* Linnaeus, 1766) туруп, алар субдоминант болуп эсептелет. Саны боюнча эң төмөнкү орунда өрдөк (*Anas platyrchynchos* Linnaeus, 1758) жана жырткыч канаттуулар кыргый (*Accipiter nisus* Linnaeus, 1758) жана күйкө (*Accipiter nisus* Linnaeus, 1758); турат.

Чычкан сымал кемирүүчү жаныбарлар экологиялык жактан абдан эле ийкемдүү келип, ар кандай табигый жана трансформацияланган биоценоздордо фитофаг жаныбарлар катары өтө кеңири таркалган омурткалуу жаныбарлардын бири. Анткени, алар айрыкча тукумчулдугу, ар кандай чөйрөгө болгон адаптациясы жана акыркы мезгилдерде синантропизацияланышы менен өзгөчөлөнүп турат. Бирок, чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн түрлөрүнө сандык жана сапаттык жактан анализ берүүдө бир жактуу кароо биоцентрикалык көз караш менен караганда туура болбой калат. Анткени булар сандык жана сапаттык жактан жогору болушу менен фитоценоздор менен зооценоздордун ортосундагы трофикалык байланыштын негизин түзүп, энергиянын трансфомацияланышына жана заттардын айланып турушуна активдүү катышып, экосистемалык тең салмактуулукту камсыз кылууда негизги ролду аткарат. Башкача айтканда, чычкан сымал кемирүүчүлөр дагы биосферанын негизги бөлүктөрүнөн болуп, анын кызматтык ишине катышып, биогеоценоздордун чексиз туруктуулугун жана продуктуулугун жогорулатууга активдүү катышат [8, 9, 10].

Экинчи жактан алып караганда алардын кээ бир түрлөрүнүн саны бүгүнкү күндө кескин жогорулап кеткендигине байланыштуу чарбалык иш жүргүзүүдө экономикалык жактан чоң зыян келтирип, адамдар менен биринчилик биологиялык продуктуулулукка (органикалык заттарга) карама-каршы мамиледе болушат. Ошондой эле инфекциялык жана инвазиялык ар кандай жугуштуу ооруларды таркатып турат. Анткени, алар ар кандай мителерди багуучу жана ташуучулар болуп эсептелип, жаратылыштагы ар түрдүү инфекциялык (чума, туляремия ж.б.) жана инвазиялык (гельминтоздук оорулар) ооруларды адамдарга жана башка жаныбарларга таратат да, бул оорулардын “жаратылыштык очокторун” пайда кылышат.

Ошондуктан чычкан сымал кемирүүчүлөргө сандык жана сапаттык анализ берип туруу бул дайыма орчундуу маселелердин бири болуп, изилдөөчүлөрдүн көңүлүн дайыма буруп келет. Адабияттык маалыматтар боюнча чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн түрдүк курамы КМШ өлкөлөрүнүн аймагында 150 түрдү, ал эми Кыргызстандын аймагында 28 түрдү түзөт. Бирок, кээ бир адабияттык маалыматтар боюнча алып караганда Кыргызстандын аймагында чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн 23 түрү гана белгилүү болгон[15, 17]. Ошондуктан Кыргызстандын фаунасындагы чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн түрдүк курамын тактоо иретинде кайра карап чыгуу зарылчылыгы турат. Ал эми Кыргызстандын түштүгүндө профессор Б.Кулназаровдун изилдөөлөрүнүн жыйынтыгы боюнча чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн 14 [10] түрү кездешери аныкталган. Ал эми биздин изилдөөлөр боюнча Курбу-Таш өзөнүндөгү жер көчкү жүргөн аймагында чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн 4 түрү: кадимки момолой *(Microtus arvalis),* чыгыш сокур момолой *(Ellobius tancrei),* үй чычканы *(Mus musculus),* боз келемиш *(Rattus norvegicus),* аныкталып алардын систематикалык тизмеси төмөнкү таблицада берилген.

5-Таблица. Курбу-Таш өзөнүндөгү жер көчкү жүргөн аймагында катталган чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн түрдүк курамынын тизмеси

№	Кыргызча аталышы	Латынча аталышы	Орусча аталышы
1.	Кадимки момолой	Microtus arvalis (Pallas, 1779)	Обыкновенная полевка
2.	Үй чычканы	Mus musculus (Linnaeus, 1758)	Домовая мышь
3.	Боз келемиш	Rattus norvegicus (Berkenhout, 1769)	Серая крыса
4.	Чыгыш сокур момолой	Ellobius tancrei (Blasius,1884)	Восточная слепушонка

Чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн ичинен сандык жактан басымдуулук кылган түр катары чыгыш сокур момолою аныкталды.

Корутунду

Курбу-Таш өзөнүндөгү жер көчкү жүргөн аймагынын фаунасын калыптанышы боюнча изилдөө иштерин жүргүзүүнүн натыйжасында төмөндөгүдөй корутунду чыгарууга болот.

1. Жер көчкү жүргөн аймакты байырлаган омурткалуу жаныбарлардын жалпы 35 түрү аныкталды.

- Балыктардын 3 түрү- калынтыр (сазан) (*Cyprinus carpio Linnaeus, 1758*), кадимки маринка (*Schizothorax intermedius Mc Clelland, 1842*) ак амур (Ctenopharyngodon idella Valenciennes, 1844).
- Жерде сууда жашоочулардын 2 түрү – данатин кур бакасы *(Bufo danatensis Pis.)* жана көл бакасы *(Rana ridibunda Pal.),*
- Сойлоочулардын 3 түрү – чөл жайдак көзү *(Ablepharus deserti Strauch,1868),* күлүк кескек *(Eremias vtlox Pallas, 1771)* жана сары суу жылан *(Natrix tessellata Laurenti, 1768),*
- Канаттуулардын 23 түрү –өрдөк (*Anas platyrchynchos* Linnaeus, 1758), кыргый (*Accipiter nisus* Linnaeus, 1758), күйкө (*Accipiter nisus* Linnaeus, 1758), көгүчкөн (*Columba livia neglecta* Gmelin, 1789), бактек (*Streptopelia turtur arenicola* Linnaeus, 1758), мисче (*Streptopelia senegalensis ermanni* (Linn., 1766)), көк карга (*Coracias garrulous semenowi* Linnaeus, 1758), боз чабалекей же жар чабалекей (*Riparia riparia* Linnaeus, 1758), молдо торгой (*Galerida cristata* Linnaeus, 1758), талаа торгою (*Alauda arvensis* Linnaeus, 1758), кара башыл жылкычы кучкач (*Motacilla feldegg feldegg* Michahelles, 1878), узун куйрук борбаш (*Lanius schach* Linnaeus, 1758), сары барпы (*Oriolus oriolus oriolus* (Linnaeus, 1758), майна (*Acridotheres tristis tristis* Linnaeus, 1766), сагызган (*Pica pica pica* Linnaeus, 1758), таан (*Corvus monedula monedula* Linnaeus, 1758), кара карга (*Corvus corone corone* Linnaeus, 1758), кара таркылдак (*Turdus merula merula* Linnaeus, 1758), кара кашка чымчык (*Parus ater ater* Linnaeus, 1758), кызыл моюн кашка чымчык (*Parus rufonuchalis* Blyth, 1849), чоң кашка чымчык (*Parus major major* Linnaeus, 1758), чымчык (*Passer montanus* Linnaeus, 1758) жана чоң чыйпылдак (*Emberiza calandra calandra* Linnaeus, 1758).

Чычкан сымал майда сүт эмүүчүлөрдүн 4 түрү – кадимки момолой *(Microtus arvalis),* чыгыш сокур момолой *(Ellobius tancrei),* үй чычканы *(Mus musculus),* боз келемиш *(Rattus norvegicus)*аныкталды.

2. Жерде-сууда жашоочулардын санын көбөйтүп өстүрүү үчүн жана коргоо иш чараларын жүргүзүү максатында майда агын суулардын нуктарын тосуп, алардын жашоо тиричилик чөйрөлөрүн кеңейтүү мүмкүнчүлүгүн колго алуу керек.

Адабияттар

1. Абдыкааров А.М. Птицы города Ош и его окрестностей [Текст]: автореф. канд. биол. наук: 03.00.08 / А.М.Абдыкааров. –Бишкек, 2005. –25 с.
2. Абжамилов С.Т. Оценка изменчивости популяций амфибий в условиях гетерегенности ландшафтов Южного Кыргызстана: Автореф.канд. дис. Минск, 1996. 21 с.
3. Алдашев А. А. «Биология терминдеринин жана айбанат аттарынын орусча-кыргызча сөздүгү» Год: 1998 Издательство: Бишкек, «Кыргызстан – Сорос» фонд Объём: 296 с., ISBN 9967-11-027-9
4. Дементьев Г.П., Гладков Н.А. и др. Птицы Советского Союза, тт. I-VI. Изд-во «Советская наука», М., 1951.
5. Денисман Л.Г., Калецкая М.Л. Методы количественного учета амфибий и рептилий // Сб. Методы учета численности и географического распределения наземных позвоночных. – М.: Изд-во АН СССР, 1952. – С. 329-341.
6. Иванов А.И., Козлова Е.В.,Портенко Л.А.,Тугаринов А.Я.Птицы СССР, ч. 1 и 2. Изд-во АН СССР, М.-Л., 1951.
7. Кузнецов Б.А. Определитель позвоночных животных фауны СССР. Пособие для учителей: в 3-х Т. Т.1, 2, 3. – М.: Просвещение, 1974, - 186с.
8. Кулназаров Б., Байдөөлөтов Н., Токторалиев Б. Кыргызстандын жаныбарлар дүйнөсү, аларды коргоо жана сарамжал пайдалануу проблемалары. Ош, 1994.
9. Кулназаров Б.К. Млекопитающие юга Кыргызстана,проблемы их охраны и рационального использования [Текст] автореф.дис. … д-ра биол.наук / Б.К.Кулназаров-Бишкек,2004.-46 с.

10. Кулназаров,Б.К.Млекопитающие юга Кыргызстана,проблемы их охраны [Текст] / Б.К.Кулназаров; Биол.-почв.ин-т Нац.АН Кырг.Респ- Бишкек: Б.и., 2008.-216 с.
11. Кучерук В.В. Количественный учет важнейших видов грызунов и землероек [Текст] / В.В. Кучерук // Методы учета численности и географического распределения наземных позвоночных – М., 1952- С. 111-113.
12. Систематический список позвоночных животных Кыргызстана [Текст]/[Т.Хардер, В.И.Торопова, С.В.Кулагин и др.] – Бишкек, 2010. – 116 с.
13. Стамалиев, К.Ы. Воробьинообразные птицы (Passeriformes) урбанизированных экосистем юга Кыргызстана [Текст]: автореф. дис. ... канд. биол. наук: 03.02.04 / К.Ы. Стамалиев. – Бишкек, 2014. – 26 с.
14. Терентьев П.В. Лягушка – М.: Сов. Наука, 1950. – 342 с
15. Токтосунов А. Грызуны Киргизии. - Фрунзе, 1958, - 170с.
16. Шукуров Э.Д. Птицы Киргизии: Науч.-попул. Очерк. – Ф.: Мектеп, 1981-1986. Ч.1и 2. 144с.
17. Янушевич А.И. и др. Млекопитающие Киргизии /Янушевич А.И., Айзин Б.М. и др.; [Текст]. Отв. ред. Громов И.М., Янушевич А.И. –Фрунзе: Изд-во Илим, 1972. -464с.
18. URL: https://www.oshsu.kg/ru/events/3133
URL: https://ru.wikipedia.org/wiki/Курбу-Таш.

УДК: 574.3:591.5

КЕМПИР-АБАД БАССЕЙНИНИН ДАРЫЯЛАРЫНЫН ТӨМӨНКҮ АГЫМЫНДАГЫ ФОНДУК БАЛЫКТАРДЫН МОРФОМЕТРИКАЛЫК МҮНӨЗДӨМӨЛӨРҮ

МОРФОМЕТРИЧЕСКИЕ ХАРАКТЕРИСТИКИ ФОНОВЫХ РЫБ НИЖНЕГО ТЕЧЕНИЯ РЕК БАССЕЙНА КЕМПИР-АБАД

MORPHOMETRIC CHARACTERISTICS OF BACKGROUND FISH IN THE LOWER REACHES OF RIVERS IN THE KEMPIR-ABAD BASIN

Маткеримова Фатима Калдарбековна
Маткеримова Фатима Калдарбековна
Matkerimova Fatima Kaldarbekovna
окутуучу, Ош мамлекеттик университети
преподаватель, Ошский государственный университет
Lecturer, Osh State University
fmatkerimova@oshsu.kg
ORCID: 0000-0003-4800-947X

Абдыкааров Абдиманнап Момунович
Абдыкааров Абдиманнап Момунович
Abdykaarov Abdimannap Momunovich
б.и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети
к.б.н., доцент, Ошский государственный университет
Candidate of Biological Sciences, Associate Professor, Osh State University
aabdykaarov@oshsu.kg
ORCID: 0009-0004-5783-8688

КЕМПИР-АБАД БАССЕЙНИНИН ДАРЫЯЛАРЫНЫН ТӨМӨНКҮ АГЫМЫНДАГЫ ФОНДУК БАЛЫКТАРДЫН МОРФОМЕТРИКАЛЫК МҮНӨЗДӨМӨЛӨРҮ

Аннотация

2025-жылдын жаз айларында Кемпир-Абад бассейнине кирген Кара-Дарыя, Жазы жана Куршаб дарыяларынын төмөнкү агымдарында байырлаган балыктардын фондук өкүлдөрүнө морфометрикалык изилдөөлөр жүргүзүлдү. Изилдөө учурунда Carassius gibelio, Cyprinus carpio, Pelecus cultratus жана Schizothorax intermedius түрүндөгү балыктар кармалып, алардын негизги морфологиялык көрсөткүчтөрү аныкталды. Ар бир түр боюнча дене узундугу, баш формасы, сүзгүчтөрдүн пропорциялары жана антедорсалдык аралык сыяктуу көрсөткүчтөрдүн орточо арифметикалык мааниси, стандарттык четтөөлөрү жана салыштырма көрсөткүчтөрү эсептелди. Carassius auratus жана Cyprinus carpio түрлөрүнүн морфометрикалык параметрлери адабияттык маалыматтар менен салыштырылып, климаттык жана экологиялык шарттардын таасиринен улам айырмачылыктар байкалганы аныкталды. Ал эми Pelecus cultratus жана Schizothorax intermedius түрлөрүнүн дене түзүлүштөрү алардын гидродинамикалык адаптациясынын жогорку деңгээлде экенин көрсөттү. Алынган натыйжалар изилденип жаткан балыктардын популяцияларынын регионалдык өзгөчөлүктөрүн, морфологиялык туруктуулугун жана айрым адаптивдик өзгөрүүлөргө дуушар болгонун көрсөтүп, экологиялык мониторинг жана балык чарбасын өнүктүрүү үчүн маанилүү илимий база катары саналат.

Ачкыч сөздөр: *балыктар, ихтиология, морфометрикалык көрсөткүчтөр, популяция, суу экосистемасы, адаптивдик өзгөрүү, экологиялык мониторинг, балык чарбачылыгы*.

МОРФОМЕТРИЧЕСКИЕ ХАРАКТЕРИСТИКИ ФОНОВЫХ РЫБ НИЖНЕГО ТЕЧЕНИЯ РЕК БАССЕЙНА КЕМПИР-АБАД

Аннотация

Весной 2025 года были проведены морфометрические исследования фоновых представителей ихтиофауны в нижнем течении рек Кара-Дарыя, Жазы и Куршаб, входящих в бассейн Кемпир-Абад. В результате полевых работ были отловлены рыбы следующих видов: Carassius gibelio, Cyprinus carpio, Pelecus cultratus и Schizothorax intermedius. Для каждого вида определены основные морфологические показатели, включая общую длину тела, форму головы, пропорции плавников и предспинные расстояния. Рассчитаны средние арифметические значения, стандартные отклонения и относительные показатели по каждому параметру. Морфометрические параметры Carassius auratus и Cyprinus carpio были сопоставлены с литературными данными, что позволило установить определённые различия, обусловленные влиянием климатических и экологических факторов. В то же время морфологические особенности Pelecus cultratus и Schizothorax intermedius свидетельствуют о высокой степени их гидродинамической адаптации к условиям течения. Полученные результаты отражают региональные особенности исследуемых популяций рыб, морфологическую стабильность большинства параметров и наличие отдельных адаптивных изменений. Эти данные представляют собой важную научную основу для проведения экологического мониторинга и планирования мероприятий в области рыбного хозяйства..

Ключевые слова: *рыбы, ихтиология, морфометрические показатели, популяция, водная экосистема, адаптивные изменения, экологический мониторинг, рыбное хозяйство*

MORPHOMETRIC CHARACTERISTICS OF BACKGROUND FISH IN THE LOWER REACHES OF RIVERS IN THE KEMPIR-ABAD BASIN

Annotation

In the spring of 2025, morphometric studies of background representatives of the ichthyofauna were conducted in the lower reaches of the Kara-Darya, Zhazy and Kurshab rivers, which are part of the Kempir-Abad basin. As a result of field work, the following fish species were caught: Carassius gibelio, Cyprinus carpio, Pelecus cultratus and Schizothorax intermedius. For each species, the main morphological parameters were determined, including total body length, head shape, fin proportions and predorsal distances. The arithmetic mean values, standard deviations and relative values for each parameter were calculated. The morphometric parameters of Carassius auratus and Cyprinus carpio were compared with literature data, which allowed us to establish certain differences due to the influence of climatic and environmental factors. At the same time, the morphological features of Pelecus cultratus and Schizothorax intermedius indicate a high degree of their hydrodynamic adaptation to flow conditions. The obtained results reflect regional characteristics of the studied fish populations, morphological stability of most parameters and the presence of individual adaptive changes. These data represent an important scientific basis for environmental monitoring and planning of fisheries activities.

Keywords: fish, ichthyology, morphometric parameters, population, aquatic ecosystem, adaptive changes, ecological monitoring, fishery management..

Киришүү

Кыргызстанда калктын санынын өсүп жаткандыгына байланыштуу суу экосистемасын пайдалануу жылдан - жылга күчөп жатат. Алсак, Ош облусу айыл чарбасы өнүккөн облус болгондуктан, суу ресурсу сугат иштери үчүн кеңири колдонулат. Алсак, суу экосистемасынын булганышы суудагы фаунанын жана флоранын жабыркашына себепчи болуп жатат. Ошондой эле акыркы мезгилдерде жалпы эле Кыргызстандын аймагында, анын ичинде Кемпир-Абад суу сактагычынын бассейнине таандык Кара-Дарыя, Жазы жана Куршаб дарыяларынын жээктеринде да балык чарбачылыгы өнүгүп, Жазы жана Кара-Дарыя дарыяларынын төмөнкү агымында күрүч (шалы) эгүү күч алып жатат. Булар албетте, анда байырлаган балыктардын биоэкологиясына өз таасирин тийгизет. Андыктан да, учурда Кемпир-Абад суу сактагычынын бассейнине таандык дарыялардын төмөнкү агымындагы балыктардын түрдүк курамын, морфо-физиологиялык өзгөчөлүктөрүн изилдөө актуалдуу болуп саналат.

Кемпир-Абад суу сактагычынын бассейнине таандык Кара-Дарыя, Жазы жана Куршаб дарыяларынын алабын тоолордун жылгалуу өрөөндөрү түзөт. Көп бөлүгүн Өзгөн-Куршаб өрөөнү (деңиз деңгелинен 800–1200 м бийиктикте) ээлеп, аны батыштан Отуз-Адыр сыяктуу адырлар Фергана өрөөнүнөн бөлүп турат. Түштүгүнөн Академик Адышев кырка тоосу, түндүгүнөн Фергана тоо тизмегинин тармактары курчайт. Өзгөн жана Куршаб өрөөнүндө январдын орточо температурасы –3,2°С, июлда 23,6°С, тоолуу өрөөңдөрдө 10°С. Жылдык жаан-чачын 350–600 *мм* ди түзөт.

Жазы дарыясы – Өзгөн районундагы ири дарыя. Фергана тоо тизмегинин түштүк-батыш капталынан башталат. Узундугу 122 км, алабынын аянты 2620 км^2. Куймалары: Байбиче, Кара-Төбө, Беш-Терек, Улуу-Чат, Зындан-Суу, Салам-Алик, Кичи Кош-Булак, Көлдүк, Доңуз-Суу, Зергер, Жыланды ж.б. Жылдык орточо чыгымы 34,2 м^3/сек. Март айынын акырларында куймалардын көлөмү көбөйө баштап, август айынан баштап кайра тартыла баштайт.

Зергер дарыясы Жазы дарыясынын оң куймасын түзөт. Ал Фергана тоо тизмегинин түштүк-батыш капталынан башталган Талдысуу менен Түрпү-Суунун кошулушунан пайда болот. Узундугу - 54 км, алабынын аянты - 216 км^2. Алабынын деңиз деңгээлинен орточо бийиктиги 2020 м. Күлдөбөс тоосунан (бийиктиги 2995 м) башталып, жогорку агымына бир нече булактар куят.

Кара-Дарыя – Фергана өрөөнүнүн чыгыш жагында жайгашкан. Фергана тоо тизмегинин түштүк-батыш капталынан башталган Кара-Кулжа суусу жана Алайкуу кырка тоосунан башталган Тар суулары кошулгандан кийин «Кара-Дарыя» деп аталат. Узундугу - 180 км, алабынын аянты - 33 100 км^2. Жогорку агымы кууш, орто жана төмөнкү бөлүктөрү кеңири өрөөндөр аркылуу агат. Кара-Дарыянын алабында 40 ка жакын көлдөр орун алган: алардын эң ирилери: Чоң-Кулун, Кичи-Кулун, Чоң-Көл, Кичи-Көл, Кабыланкөл, Кара-Көл, Кутман-Көл ж.б.

Куршаб дарыясы — Алай кырка тоосунун түндүк капталынан агып түшкөн дарыя болуп, узундугу - 157 км, алабынын аянты - 3750 км^2. Алабынын деңиз деңгээлинен орточо бийиктиги - 2700 м. Гүлчө жана Жошолу суулары кошулгандан баштап «Куршаб дарыясы» деп аталат. Анын 66 пайызы булактардан, 23 пайызы кардан жана 11 пайызы мөңгүлөрдөн куралат. Жылдык орточо чыгымы 24,6 м^3/сек. Куршаб дарыясына 50 дөй кичи дарыялар куят. Ирилери: Жошолу, Бүлөөлү, Терек, Мурдаш, Жылуу-Суу [1, 406-412 б.].

1933-жылы алгач Кыргызстандын балыктарынын систематикалык тизмеси Г.У.Линдберг тарабынан түзүлүп, анда 36 түрдүн Кыргызстандын сууларында байырлагандыгы жөнүндө так маалымат берилген. Бирок, дагы 10 түрдүн кездешиши мүмкүн деген тыянак чыгарган [2, 56-60]. Андан ары П.П.Дементьев 1926-1946 – жылдардагы изилдөөлөрүндө ушул эле түрлөрдүн Кыргызстандын гидрологиялык системаларында таркалуусун баяндаган [3, 52-72]. 1963-жылы Ф.А.Турдаков «Кыргызстандын балыктары» аталышында монографиясында балыктардын 66 түрүнүн жана түрчөлөрүнүн Кыргызстандын сууларында байылагандыгы берилип, бул тизмеге акклиматизацияланган түрлөр кошо

киргизилген [4, 12-280]. 1990-жылы И.А.Пивнев «Кыргызстандын балыктары» аталышындагы монографиясында 55 түрдүн Кыргызстандын сууларындагы таркалышын жана аларга морфологиялык мүнөздөмөлөрдү берген. Ал Кара-Дарыя дарыясында кездешкен балыктардын тизмесине *Cyprinus carpio, Gobio gobio, Leuciscus squaliusculus, Diptychus dubowskii, Triplophysa dorsalis, Glyptosternon reticulatum* балыктарынын кездешээри берилген [5,10-125 б.]. 2007-жылы Л.А.Кустарева жана Л.В.Лемзина тарабынан «Кыргызстандын сууларындагы тиричилик» аталышындагы эмгегинде 78 түр балыктардын түрлөрү жана түрчөлөрү берилген [6, 10-218]. Ал эми 2010-жылы Торстен Хардер, Валентина Топова, Валерий Еремченко ж.б. тарабынан жарык көргөн «Кыргызстандын омурткалуу жаныбарларынын систематикалык тизмесинде» [7, 25-36 б.] жана «Кыргызстандын генетикалык фондусунун кадастрында» балыктардын 67 түрүнө систематикалык мүнөздөмөлөр берилген [8, 14-24 б.]. Улуттук илимдер академиясынын Биология институтунун ихтиология жана гидробиология лабораториясынын башчысы Шайгүл Асылбаева Кыргызстанда соңку кезде Кызыл китепке кирген балыктын түрлөрү көбөйүп жатканын билдирген жана Кыргызстандагы бардык көлмөлөрүндө балыктын 74 түрүнүн байырлагандыгын жазган [9].

Кыргызстандын аймагында ихтиологиялык изилдөөлөр XX кылымдын башынан баштап жүргүзүлүп келгендигине карабастан Кемпир-Абад суу сактагычына куйган дарыялардын төмөнкү агымынын ихтиофаунасы изилдене элек.

Айдаралиев Э.К. 2021-жылдагы изилдөөлөрүнүн жыйынтыгында Кемпир-Абад суу сактагычынын жогорку зоналарында жана Жазы, Кара-Дарья дарыяларынын төмөнкү агымында Кыргызстандын ихтиофаунасы үчүн жаңы түр – кылыч балыктын *(Pelecus cultratus)* кездешээрин жазган [10, 21-26 б.] Бирок, бул түр Кыргызстандын ихтиофаунасында аз санда кездешүүчү түр катары белгилүү. ОшМУнун зоология, экология жана биоинженерия кафедрасынын окумуштуулары тарабынан Ош шаарынын омурткалуу жаныбарларынын фаунасы изилденип, анын ичинде шаар чегиндеги Ак-Буура дарыясынын ихтиофаунасы аныкталган. А.М.Абдыкааровдун жана К.Ы.Стамалиевдин изилдөөсү боюнча Ак-Буура дарыясында балыктардын 4 түрү кездешет [11, 15-22].

Изилдөө усулдары

Изилдөөдө 2025-жылдын кыш жана жаз мезгилдеринде талаа маршруттук жана стационардык ыкмалар, көзөмөлдөөчү кармоолор, түз жаратылыштагы байкоо, биометрикалык өлчөөлөр аркылуу жүргүзүлүп Е.А. Веселовдун [12, 21-30 б.] жана Б.А. Кузнецов [13, 11-97 б.] тарабынан түзүлгөн аныктагычтар колдонулду. Биометрикалык изилдөөлөр В.И.Романовдун, А.П Петлинанын жана И.Б.Бабкинанын «Сибирдин тузсуз сууларындагы балыктарды изилдөөнүн методдору» (2012) [14, 12-250] эмгегинде көрсөтүлгөн усулдардын негизинде жүргүзүлдү. Балыктардын биометриялык анализи П.Ф.Рокицкийдин “Биологиялык статистика” (1973) эмгегине таянып [15, 10-300], жыйналган маалыматтарга компьютердик программалардын негизинде эспетөөлөр жүргүзүлдү. Балыктардын систематикалык тизмеси «Кыргызстандын омурткалуу жаныбарларынын систематикалык тизмеси» эмгегинин негизинде түзүлдү [7, 25-36 б.]

Ошондой эле изилдөө методдорунда балыктардын түрлөрүнө жана көбөйүүсүнө байкоо жүргүзүү, морфологиялык көрсөткүчтөрүн өлчөө, жергиликтүү калк жана балык улоочулар менен болгон аңгемелешүү сыяктуу ыкмалар да пайдаланылды.

Изилдөө жыйынтыктары

Биздин 2025-жылдагы жүргүзүлгөн изилдөөлөрүбүздүн жыйынтыгында Кемпир-Абад бассейнине тиешелүү дарыялардын төмөнкү агымдарында балыктардын 4 түрү кармалды. Алар: *Carassius gibelio, Cyprinus carpio, Pelecus cultratus* жана *Schizothorax intermedius* (1-табл.). Өзгөн районунун Красный-Маяк айылынын айланасындагы Зергер дарыясында жылтыр маринканын *(Schizothorax intermedius)* 16 особу, Жазы дарыясынын төмөнкү агымында Ана-Кызыл айылынын башталышында кылыч балыктын *(Pelecus cultratus)* 14 особу, күмүштөй таман балыктын *(Carassius gibelio)* 5 особу, Куршаб айыл аймагында Кара-Дарыя жана Куршаб дарыясынын төмөнкү агымынан күмүштөй таман балыктын *(Carassius*

gibelio) 10 особу, сазандын *(Cyprinus carpio*) 4 особу, кылыч балыктын *(Pelecus cultratus)* 6 особу кармалды. Жалпысынан балыктардын баары биригип 55 особду түздү.

1-таблица. Кемпир-Абад бассейнине куйган дарыялардын төмөнкү агымында байырлаган балыктардын систематикалык тизмеси

№	Кыргызча аталышы	Латынча аталышы
I	*Каңылтыр сымалдар түркүмү*	*Cypriniformes* Regan, 1911
1.1	*Каңылтырлар тукуму*	*Cyprinidae* Fleming, 1822
1.1.1	*Таман балыктар уруусу*	*Carassius (Nilsson, 1832)*
1.	Күмүштөй таман балык	*Carassius gibelio* (Bloch, 1782)
1.1.2	*Каңылтырлар уруусу*	*Cyprinus* Linnaeus, 1758
2.	Сазан, карп	*Cyprinus carpio* Linnaeus, 1758
1.1.3	*Кылыч балыктар уруусу*	*Pelecus* Agassiz 1835
3.	Кылыч балык	*Pelecus cultratus* (Linnaeus, 1758)
1.1.4	*Жылтырлар уруусу*	*Schizothorax* Heckel, 1838
4.	Жылтыр, маринка	*Schizothorax intermedius* Mc Clelland, 1842

Күмүштөй таман балык (Carassius auratus). Кемпир-Абад бассейнинин дарыяларынын төмөнкү агымдарында кармалган күмүштөй таман балыкка *(Carassius auratus)* жүргүзүлгөн морфометрикалык анализдин жыйынтыгы төмөнкү таблицада берилген (2-табл.). Изилдөөнүн жыйынтыгында күмүштөй таман балыгынын *(Carassius auratus)* морфологиялык көрсөткүчтөрү ургаачыларынын басымдуулук кылгандыгына байланыштуу ургаачы особдорунун негизинде аныкталды.

2-таблица. Күмүштөй таман балыктын *(Carassius auratus)* морфологиялык мүнөздөмөсү (Правдин, 1966)

№	Балыктардын өлчөмдөрү	Орточо арифмети-калык (X)	Орточо (Sx)
1	Денесинин толук узундугу *(ab)*	28,44	0,23
2	Денесинин узундугу *(Смиттин методу) (ac)*	26,26	0,53
3	Денесинин узундугу *(ad)*	22,92	0,30
4	Тумшугунун узундугу *(an)*	1,68	0,07
5	Башынын узундугу *(ao)*	5,94	0,11
6	Көзүнүн диаметри *(np)*	1,36	0,02
7	Башынын көзгө чейинки бөлүгү *(po)*	3,16	0,11
8	Баштын арт жагындагы бийиктиги *(lm)*	5,14	0,14
9	Денесинин максималдык бийиктиги *(gh)*	8,40	0,27
10	Денесинин минималдык бийиктиги *(ik)*	3,36	0,14
11	Антедорсалдык аралык *(aq)*	10,86	0,25
12	Постдорсалдык аралык *(rd)*	5,04	0,30
13	Антепекторалдык аралык *(av)*	6,06	0,15
14	Антевентралдык аралык *(az)*	1030	0,19
15	Антеаналдык аралык *(ay)*	17,06	0,32
16	Куйрук сүзгүчүнүн узундугу *(fd)*	3,86	0,22
17	Негизги узундугу D *(qs) (арка сүзгүчүнүн алдыңкы түбүнөн арткы түбүнө чейин)*	8,16	0,25
18	Эң жогору бийиктиги D *(tu) (арка сүзгүчүнүн максималдык бийиктиги)*	4,28	0,17
19	Негизги узундугу A *(yy_1) (курсак сүзгүчтүн түбүнөн аналдык сүзгүчтүн акыркы түбүнө чейин)*	2,4	0,10
20	Бийиктиги A *(ej) (эң узун аналдык сүзгүчүнүн узундугу)*	3,44	0,09
21	Узундугу P *(vx) (көкүрөк сүзгүчүнүн алдыңкы бекитүү сызыгынан эң узун учуна чейин)*	3,94	0,12
22	Узундугу *V(zz_1) (көкүрөк сүзгүчүнүн алдыңкы бекитүү сызыгынан анын эң узун нурунун учуна чейин)*	4,44	0,12
23	P жана V ортосундагы аралык *(vz)* (*көкүрөк сүзгүчүнүн алдыңкы бөлүгүнөн курсак сүзгүчүнүн алдыңкы бөлүгүнө чейин)*	4,98	0,10

24	V жана A ортосундагы аралык *(zy)* (*курсак сүзгүчүнүн түбүнүн арткы четинен аналдык биринчи нур сүзгүчүнүн түбүнө чейин)*	6,84	0,27

Күмүштөй таман балыктын *(Carassius auratus)* морфологиялык көрсөткүчтөрү боюнча орточо дене узундугу *(ab)* 28,44±0,23 смди түзүп, дене узундугуна салыштырмалуу максималдуу бийиктиги *(gh)* 8,4±0,27 см түздү, бул формасы боюнча алакандуу, тыгыз денелүү экенин көрсөтөт. Баш узундугу *(ao)* орточо 5,94±0,11 см болсо, көз диаметри 1,36±0,02 смге жакын. Бул пропорциялар баштын көзгө чейинки бөлүгү *(po)* жана башка баш бөлүктөрүнүн салыштыруу өлчөмдөрү менен кошо эсептелип, спецификалык түрдүк өзгөчөлүктөрдү аныктоого мүмкүндүк берет.

Аталган популяциянын морфологиялык параметрлери башка аймактарда изилденген күмүштөй таман балыктын популяциялары менен салыштырганда аз гана айырмачылыктарга ээ экендиги белгилүү болду. Мисалы, Е.А Зиновьевдин жана С.А.Мандрицанын «Тузсуз сууларда байырлаган балыктарды изилдөө методдору» аталышындагы эмгегинде көрсөтүлгөн И.Ф.Правдиндин (1966) методун пайдалануу менен алынган маалыматтарда жалпы узундугу 26–30 см деп берилсе, биздин изилдөөдө ал орточо 28,44±0,23 см ди түзгөн [15, 15-52]. Бул айырмачылык климаттык шарттардын, азык базасынын жана гидробионттордун өзгөчөлүктөрүнүн таасири болушу мүмкүн экенин көрсөтөт.

Ошондой эле, көкүрөк *(vx)* жана *курсак (zz₁)* сүзгүчтөрүнүн узундуктарынын орточо көрсөткүчтөрүнө жараша 3,5 жана 3,87 см болуп, алар дене узундугунун 13,8–15,3%ын түздү. Бул көрсөткүчтөр сүзгүчтөрдүн адаптациялык функцияларын жана кыймылдын спецификалуу формаларын чагылдыруучу маанилүү морфометриялык белгилер катары саналат. Биздин изилдөөдө бул көрсөткүчтөрдүн чоңдугу 3,94±0,12 жана 4,44±0,12 экендиги белгилүү болду. Жыйынтыктап айтканда, алынган морфологиялык параметрлер регионалдык популяциянын салыштырмалуу туруктуу, бирок айрым адаптивдик өзгөрүүлөргө дуушар болгонун көрсөтөт. Бул маалыматтар популяциялык структураны түшүнүүдө, экологиялык мониторингде жана балык чарбасын пландоодо маанилүү эмпирикалык база катары кызмат кылат.

Күмүштөй таман балыктын сызыктуу-салмактык өсүүсүн изилдөөнүн жыйынтыктарын адабияттык маалыматтарга салыштыруу аркылуу төмөндөгүдөй айырмачылыктар аныкталды (3-табл.).

3-таблица. Күмүштөй таман балыктын *(Carassius auratus)* дене узундугунун жана салмагынын анализи (Пивнев, 1990)

Аймагы	**Жашы**	**Денесинин узундугу, *см***	**Салмагы, *г***	**Изилденген особдордун саны**
Фрунзе шаарына жакын жердеги көлмөлөрдө	1	7,6	8,0	-
Ысык-Көл	6	27,5	510	-
Балхаш көлү	6	28,0	550	-
Жазы дарыясынын төмөнкү агымы	1	9,5	12,77	5
Кара-Дарыя, Куршаб дарыясынын төмөнкү агымы	6	28,0-28,2 (29,0)	352,6 (447)	10

Бул мезгилге чейинки Кыргызстандын ихтиофаунасы боюнча илимий адабияттардагы (Пивнев, 1990) [5, 73 б.] берилген маалыматтар боюнча 1 жаштагы күмүш таман балыктын денесинин орточо узундугу 7,6 см, салмагы 8 г түзсө, изилдөөбүздүн жыйынтыгы боюнча Жазы дарыясынын төмөнкү агымынан кармалган күмүштөй таман балыктын денесинин узундугу 9,5 см, салмагы 12,77 г түздү. Пивневдин изилдөөсү боюнча, 6 жаштагы күмүштөй таман балыктын денесинин узундугу 28,0 см, салмагы 510-550 г. түзсө, биздин маалыматта Кара-Дарыя, Куршаб дарыясынын төмөнкү агымынан кармалган балыктын денесинин узундугу 28-28,2 см (кээде 29 см), орточо салмагы 352,6 г. (кээде 447 г.) түздү.

Сазан, карп (Cyprinus carpio). Кемпир-Абад бассейнинин дарыяларынын төмөнкү агымдарында кармалган сазандын *(Cyprinus carpio)* саны аз болгондуктан морфологиялык

мүнөздөмөсүн изилдөөнүн жыйынтыгы таблицада берилген жок. Изилденген особдордун дене узундугу *(ab)* - 27,0 жана 35,5 см, салмагы - 352 жана 765 г., башынын узундугу - 5,9 см жана 7,3 см, көз диаметри - 1,2 см болуп, бул параметрлер *Cyprinidae* тукумундагы башка түрлөргө салыштырмалуу айырмачылыктардын бар экендигин көрсөттү (4-табл.).

4-таблица. Сазан, каңылтыр (*Cyprinus carpio)* дене узундугунун жана салмагынын анализи (Правдин, 1966)

Аймагы	Жашы	Денесинин узундугу, *см*	Салмагы, г
Ыссык-Көл (Пивнев 1991)	2	28	497
Кара-Дарыя, Куршаб дарыясынын төмөнкү агымы	2	27	352
Ыссык-Көл Ыссык-Көл (Пивнев 1991)	3	35,6	1010
Кара-Дарыя, Куршаб дарыясынын төмөнкү агымы	3	35,5	765

Сазандын дене формасы салыштырмалуу бийик жана жазы экендиги денеинин максималдуу бийиктигинин *(gh)* орточо маниси менен далилденет — 8,5 жана 12,0 см, же болбосо жалпы денесинин узундугунун дээрлик 32,8 пайызын түзөт. Бул көрсөткүч балыктын күчтүү жана кыскача дене түзүлүшкө ээ экенин билдирет. Баштын арткы бөлүгүндөгү бийиктиги *(lm)* 4,8 жана 6,4 см ди түздү. Көкүрөк сүзгүчүнүн узундугу *(vx)* -4,0 жана 5,5 см, курсак сүзгүчүнүн *(zz_1)* - узундугу 3,6 жана 4,8 см, куйрук сүзгүчүнүн узундугу *(fd)* - 3,9 жана 4,9 см ди түздү. Бул көсөткүчтөр сазандын кыймыл-аракетинин активдүүлүгү жана сүзүү жөндөмүнүн жогору экендигин көрсөтөт.

Антедорсалдык аралык *(aq)* — 11,1 жана 14,6 см, антевентралдык *(az)* — 10,9 жана 14,4 см, ал эми антеаналдык аралык *(ay)* 16,7 жана 22,6 см түзүп, бул түрдүү сүзгүчтөрүнүн өз ара жайгашуусун жана дене пропорцияларын так көрсөтөт. Мындай симметрия жана тең салмактуулук сууда тең салмактуу сүзүүгө жана чукул багыт өзгөртүүгө шарт түзөт.

4-таблицада көрүнүп тургандай салыштыруунун жыйынтыгы Кара-Дарыя жана Куршаб дарыяларында байырлаган 2 жана 3 жаштагы сазандын *(Cyprinus carpio)* денесинин кыска жана салмагынын аз экендигин жана морфологиялык көрсөткүчтөрдүн күчтүү дене түзүлүшүн, жакшы өнүккөн сүзгүч аппаратын жана абдан ылайыкташкан кыймыл координациялагандыгын чагылдырат. Бул өзгөчөлүктөр аталган түрдүн ар түрдүү гидрологиялык шарттарга ийкемдүү болгонун жана балык чарбачылыгында жогору потенциалы бар экенин ырастайт.

Кылыч балык (Pelecus cultratus). Кемпир-Абад бассейнинин дарыяларынын төмөнкү агымдарында кармалган кылыч балыктардын *(Pelecus cultratus)* морфологиялык мүнөздөмөсүн изилдөөнүн жыйынтыгы 5-таблицада берилген (5-табл.).

5-таблица. Кылыч балыктын *(Pelecus cultratus)* морфологиялык мүнөздөмөсү (Правдин, 1966)

№	Балыктардын өлчөмдөрү	Орточо арифметикалык (X)	Орточо (Sx)
1	Денесинин толук узундугу *(ab)*	12,53	0,49
2	Денесинин узундугу *(ac) (Смиттин методу бонча)*	11,19	0,38
3	Денесинин *узундугу (ad)*	10,27	0,46
4	Тумшугунун узундугу *(an)*	0,57	0,02
5	Башынын узундугу *(ao)*	2,31	0,05
6	Көзүнүн диаметри *(np)*	0,7	0,00
7	Башынын көзгө чейинки бөлүгү *(po)*	1,11	0,07
8	Баштын арт жагындагы бийиктиги *(lm)*	1,54	0,06
9	Денесинин максималдык бийиктиги *(gh)*	2,17	0,09
10	Денесинин минималдык бийиктиги (ik)	0,81	0,03
11	Антедорсалдык аралык *(aq)*	5,46	0,21
12	Постдорсалдык аралык *(rd)*	3,94	0,20
13	Антепекторалдык аралык *(av)*	3,36	0,07
14	Антевентралдык аралык *(az)*	4,93	0,22
15	Антеаналдык *аралык (ay)*	7,44	0,26

16	Куйрук сүзгүчүнүн узундугу *(fd)*	1,71	0,10
17	Негизги узундугу D *(qs)*	0,91	0,04
18	Эң жогору бийиктиги D *(tu)*	1,73	0,06
19	Негизги узундугу A *(yy_1)*	1,40	0,05
20	Бийиктиги A *(ej)*	0,4	0,05
21	Узундугу P *(vx)*	2,36	0,14
22	Узундугу V(zz_1)	0,60	0,06
23	P жана V ортосундагы аралык *(vz)*	2,37	0,14
24	V жана A ортосундагы аралык *(zy)*	2,53	0,12

Бул изилдөөнүн алкагында кылыч балыктын *(Pelecus cultratus)* морфологиялык көрсөткүчү аныкталып, түрлөдүн особдорунун орточо дене узундугу *(ab)* 12,53±0,49 см, ал эми Сми́ттин методу боюнча өлчөнгөн узундугу *(ac)* 11,19 см ди түздү. Бул көрсөткүчтөр балыктын узун формалуу жана ийкемдүү дене түзүлүшүнө ээ экенин тастыктайт. Башынын орточо узундугу *(ao)* болгону 2,31±0,05 см, ал эми көзүнүн диаметри 0,7±0,00 см болгондуктан, башы салыштырмалуу кичинекей экенин көрүүгө болот.

Кылыч балык салыштырмалуу жука жана узун денелүү формада болот. Анын максималдуу дене бийиктиги *(gh)* 2,17±0,09 см түзөт, бул болсо жалпы денесинин узундугунун 17,3 % түзөт. Бул параметр аны гидродинамикалык жагынан ылдам сүзүүгө ылайыкталган түр катары мүнөздөлөт.

Сүзгүч органдардын көрсөткүчтөрү да бул балыктын кыймыл аракеттерине байланышкан маанилүү маалыматтарды берет. Мисалы, көкүрөк сүзгүчүнүн (vx) узундугу орточо 2,42 см, курсак сүзгүчүнүн (zz_1) узундугу 2,36±0,14 см жетет. Бул балык сууда так жана ылдам кыймыл жасоого ылайыкташкан. Ал эми куйрук сүзгүчүнүн узундугу *(fd)* 1,71± см 0,10 түзүп, активдүү сүзүү мүмкүнчүлүгүн камсыздайт.

Антедорсалдык *(aq)* – 5,46±0,21 см, антевентралдык *(az)* – 4,93±0,22 см жана антеаналдык *(ay)* – 7,44±0,26 см көрсөткүчтөрү дененин алдыңкы жана арткы бөлүктөрүнүн ортосундагы салыштырмалуу узун аралыкты тастыктап, узун денелүү балыктын пропорциясын көрсөтөт.

Жалпылап айтканда, *Pelecus cultratus* түрүнө мүнөздүү морфологиялык көрсөткүчтөр анын агымдуу сууда тез сүзүүчү, ийкемдүү жана гидродинамикалык (streamlined) дене түзүлүшкө ээ экенин ырастайт. Мындай ыңгайлануулар бул түргө байырлаган табигый чөйрөсүндө ийгиликтүү жашоого жана азык табууга шарт түзөт.

Кадимки жылтыр (Schizothorax intermedius). Кемпир-Абад бассейнинин дарыяларынын төмөнкү агымдарында кармалган кадимки жылтырдын *(Schizothorax intermedius)* морфологиялык мүнөздөмөсүн салыштыруунун жыйынтыгы 6-таблицада берилген (6-табл.).

6-таблица. Кадимки жылтырдын *(Schizothorax intermedius)* морфологиялык мүнөздөмөсү (Кузнецов, 1974)

№	Балыктардын өлчөмдөрү	Орточо арифметикалык (X)	Орточо (Sx)
1	Денесинин толук *узундугу (аб)*	16,79	1,28
2	Денесинин узундугу *(ав)*	14,28	1,22
3	Башынын узундугу *(аг)*	3,08	0,22
4	Тумшугунун узундугу *(ад)*	0,90	0,08
5	Антедорсалдык аралык *(ан)*	7,46	0,56
6	Көзүнүн диаметри *(де)*	0,71	0,05
7	Башынын арткы бөлүгү *(ег)*	1,49	0,13
8	Башынын бийиктиги *(жз)*	2,03	0,13
9	Денесинин максималдуу бийиктиги *(ик)*	3,98	0,20
10	Минималдуу дене бийиктиги *(лм)*	1,45	0,12
11	Арка сүзгүчүнүн узундугу *(нх)*	1,63	0,12
12	Постдорсалдык аралык *(ов)*	5,74	0,52
13	Куйругунун өзөк узундугу *(пв)*	2,91	0,27
14	Аналдык сүзгүчүнүн *узундугу (ср)*	1,09	0,09

15	Көкүрөк сүзгүчүнүн узундугу *(ту)*	2,59	0,20
16	Курсак сүзгүчүнүн узундугу *(фц)*	2,24	0,19
17	Көкүрөк жана курсак сүзгүзүнүн ортосундагы аралык *(тф)*	4,29	0,33

Изилдөөнүн жүрүшүндө балыктардын ар кандай морфометрикалык көрсөткүчтөрү өлчөнүп, алардын орточо арифметикалык мааниси (X) жана стандарттык четтөөсү (Sx) эсептелди. Балыктардын денесинин толук узундугу орточо (аб) 16,79±1,28 см түзүп, бул көрсөткүч эң жогорку мааниге ээ болду. Дененин узундугу *(ав)* - 14,28±1,22 см, башынын орточо узундугу *(аг)* - 3,08±0,22 см, ал эми тумшугунун узундугу *(ад)* 0,90±0,08 см ди түздү. Антедорсалдык аралыктын орточо көрсөткүчү *(ан)* 7,46±0,56 см болуп, бул балыктардын арка сүзгүчүнүн жайгашуусуна байланыштуу маанилүү көрсөткүч болуп эсептелет. Көзүнүн диаметри *(де)* - 0,71±0,05 см, башынын арткы бөлүгү *(ег)* - 1,49±0,13 см жана башынын бийиктиги *(жз)* - 2,03±0,13 см ди түздү. Дененин максималдуу бийиктигинин *(ик)* - 3,9±0,20 см, ал эми минималдуу бийиктигинин *(лм)* көрсөткүчү 1,45±0,12 см болгондугу балыктын дене формасын жана анын суудагы динамикасын кароодо пайдаланылат. Арка сүзгүчүнүн узундугу *(нх)* - 1,63±0,12 см, постдорсалдык аралык *(ов*) - 5,74±0,52 см жана куйрук өзөгүнүн узундугу *(пв)* - 2,91±0,27 см, аналдык сүзгүчүнүн узундугу *(ср)* - 1,09±0,09 см, көкүрөк сүзгүчүнүн узундугу *(ту)* - 2,59±0,20 см, курсак сүзгүчүнүн узундугу *(фц)* - 2,24±0,19 см жана көкүрөк менен курсак сүзгүчтөрүнүн ортосундагы аралык *(тф)* 4,29±0,33 см экендиги аныкталды.

Бул көрсөткүчтөр балыктардын популяциясындагы структуралык өзгөчөлүктөрдү аныктоого жана алардын адаптациялык жөндөмдүүлүгүн изилдөөгө мүмкүндүк берет. Ар бир параметрдин стандарттык четтөөсү жана абсолюттук мааниси изилденген үлгүнүн ичиндеги өзгөрүлмөлүүлүктү чагылдырат.

Корутунду

Кемпир-Абад бассейнинин дарыяларындагы ихтиофаунанын ар түрдүүлүгүн изилдөө максатында жалпысынан төрт түргө *(Carassius gibelio, Cyprinus carpio, Pelecus cultratus, Schizothorax intermedius)* таандык 55 особ кармалды. Бул түрлөрдүн ар бири ар кандай экологиялык шарттарга ылайыкташкан жана ар башка агымдарда таралгандыгы менен мүнөздөлөт.

Күмүштөй таман балыктын *(Carassius gibelio)* морфологиялык көрсөткүчтөрү боюнча жүргүзүлгөн анализ, аймактык популяцияда ургаачы особдордун басымдуулугун жана дене формасынын тыгыз экендигин көрсөттү. Башка өлкөлөрдөгү популяциялар менен салыштырмалуу көрсөткүчтөрдө чоң айырмачылыктар байкалган жок, бирок климаттык жана азыктын өзгөчөлүктөрүнө жараша айрым адаптациялык өзгөрүүлөр аныкталды.

Cyprinus carpio түрүнө тиешелүү изилдөөлөр, анын дене формасынын күчтүү, кыска жана жазы экендигин, ошондой эле сүзүүчү аппаратынын жакшы өнүккөндүгүн көрсөттү. Бул морфологиялык өзгөчөлүктөр аталган түрдүн агын сууларда активдүү жашоо жөндөмдүүлүгүн жана балык чарбасындагы потенциалынын бар экендигин айгинелейт.

Кылыч балыктын *(Pelecus cultratus)* жана кадимки жылтырдын *(Schizothorax intermedius)* морфометриялык параметрлери, алардын дене формасынын узун, ийкемдүү, гидродинамикага ылайыкташкандыгын көрсөттү. Бул параметрлер алардын агын сууларда тез жана так сүзүү жөндөмүнө шарт түзөт жана аларга мүнөздүү экологиялык функцияларды аткарууга мүмкүнчүлүк берет.

Изилдөөнүн жыйынтыктары регионалдык ихтиофаунанын абалы, адаптациялык мүмкүнчүлүктөрү жана түрлөр аралык өзгөрүүлөр тууралуу маанилүү маалыматтарды берет. Бул маалыматтар экологиялык мониторинг жүргүзүүдө, жергиликтүү балык чарбасын өнүктүрүүдө жана биоартүрдүүлүктү коргоодо негизги илимий база катары кызмат кылат. Ал эми, стандарттык четтөөлөрдүн (Sx) жана абсолюттук маанилердин ар түрдүүлүгү популяция ичиндеги индивидуалдык өзгөрмөлүүлүктү көрсөтүп, генетикалык же экологиялык факторлордун таасири бар экенин болжолдоого негиз болот.

Биздин жүргүзгөн изилдөөлөр Кемпир-Абад бассейниндеги балыктардын түрдүк курамы, морфометрикалык өзгөчөлүктөрү жана экологиялык абалы тууралуу баштапкы

маалыматтарды берди. Бирок алынган жыйынтыктар бул багыттагы илимий түшүнүктү толук ачып бере албайт, ошондуктан изилдөөлөрдү мындан ары да улантуу зарыл.

Адабияттар

1. Ошская область: Энциклопедия /гл. ред. Б.О.Орузбаева. –Фрунзе, 1987. –448с.
2. Линдберг Г. У. Насекомоядные рыбы и малярия. Природа, № 10, 1933. –С. 56-60.
3. Дементьев Д.П. Очерк истории изучения фауны позвоночных животных Киргизской ССР // Наука в Киргизии за 20 лет: 1926-1946. Фрунзе, 1946. С. 57-73.
4. Ф. А. Турдаков. Рыбы Киргизии. Изд. АН Киргизской ССР. Фрунзе-1963.-284 с.
5. Пивнев, И.А. Рыбы Киргизии: (Охрана и производство). –Ф.: Кыргызстан, 1990. -128с.
6. Кустарева, Л.А. Жизнь в водоемах Кыргызстана [Текст]: уч.пособие для вузов /Л.А.Кустарева, Л.В. Лемзина. – Бишкек: Илим, 2007. –220с.
7. Систематический список позвоночных животных Кыргызстана. –Б., 2010. -116 с.
8. Кадастр генетического фонда Кыргызстана: том IV. Тип Chordata – хордовые. –Б., 2015. -128 с.
9. Айбашов, К. (25 Май, 2022). Кыргызстанда балыктын жети түрү жок болуу коркунучунда. Азаттык үналгысы. https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstanda-balyktyn-zheti-turu-zhok-boluu-korkunuchunda/31865044.html
10. Айдаралиев, Э. К. О новом виде рыб Андижанского (Кемпир-Абадского) водохранилища / Э. К. Айдаралиев // Вестник Ошского государственного университета. – 2021. – № 1-2. – С. 20-26. – DOI 10.52754/16947452_2021_1_2_20. – EDN NNSTAH.
11. Абдыкааров, А., Стамалиев, К., & Абдираева, Г. (2022). Фауна позвоночных животных в урбанизированных ландшафтах юга Кыргызстана (на примере города Ош). Вестник Ошского государственного университета. Химия. Биология. География, (1), 15–22. https://doi.org/10.52754/16948688_2022_1_2
12. Веселов, Е. А. Определитель пресноводных рыб фауны СССР. М.: «Просвещение», 1977. — 238 с.
13. Кузнецов, Б.А. Определитель позвоночных животных фауны СССР. (В 3-х ч.) Пособие для учителей. Ч. 1. Круглоротые, рыбы, земноводные, пресмыкающиеся. М., «Просвещение», 1974. -190 с.
14. Романов, В.И., Петлина, А.П., Бабкина, И.Б. Р 69 Методы исследования пресноводных рыб Сибири : учебное пособие. – Томск : Томский государственный университет, 2012. – 252 с.
15. Рокицкий, П.Ф. Биологическая статистика / П.Ф.Рокицкий.- 3-е изд. – Минск: Вышэйш. шк, 1973.- 320 с.
16. Зиновьев Е. А., Мандрица С. А. Методы исследования пресноводных рыб: Учебное пособие по спецкурсу / Пермский ун-т. - Пермь, 2003. -113 с.

УДК: 581.6

CORRELATION ANALYSIS OF PRODUCTIVITY OF NATURAL POPULATIONS OF MEDICINAL PLANTS IN SOUTHERN UZBEKISTAN

ТҮШТҮК ӨЗБЕКСТАНДА ТАБИГЫЙ ДАРЫ ӨСҮМДҮКТӨРҮНҮН ПОПУЛЯЦИЯЛАРЫНЫН ӨНДҮРҮМДҮҮЛҮГҮНҮН КОРРЕЛЯЦИЯЛЫК АНАЛИЗИ

КОРРЕЛЯЦИОННЫЙ АНАЛИЗ ПРОИЗВОДИТЕЛЬНОСТИ ПРИРОДНЫХ ПОПУЛЯЦИЙ ЛЕКАРСТВЕННЫХ РАСТЕНИЙ В ЮЖНОМ УЗБЕКИСТАНЕ

Maxmudov Azizbek
Махмудов Азизбек
Махмудов Азизбек
PhD, senior researcher, Institute of Botany of the Academy of Sciences of the Republic of Uzbekistan
PhD, улук илимий кызматкер, Өзбекстан Республикасынын илимдер академиясынын ботаника институту
PhD, старший научный сотрудник, Институт ботаники Академии наук Республики Узбекистан
azizbek.mahmudov@inbox.ru
ORCID: 0000-0003-0783-3788

Abduraimov Ozodbek
Абдураимов Озодбек
Абдураимов Озодбек
PhD, senior researcher, Institute of Botany of the Academy of Sciences of the Republic of Uzbekistan
PhD, улук илимий кызматкер, Өзбекстан Республикасынын илимдер академиясынын ботаника институту
PhD, старший научный сотрудник, Институт ботаники Академии наук Республики Узбекистан
ozodbek88@bk.ru
ORCID: 0000-0001-9087-8949

Allamurotov Akmal
Алламуротов Акмал
Алламуротов Акмал
Institute of Botany of the Academy of Sciences of the Republic of Uzbekistan
Өзбекстан Республикасынын Илимдер Академиясынын ботаника институту
Институт ботаники Академии наук Республики Узбекистан
allamurotov0225@mail.ru
ORCID: 0000-0003-2029-9401

Maxmudov Valijon
Махмудов Валижон
Махмудов Валижон
Candidate of Biological Sciences, Associate Professor,Fergana State University
Биология илимдеринин кандидаты, доцент, Фергана мамлекеттик университети
Кандидат биологических наук, доцент, Ферганский государственный университет

CORRELATION ANALYSIS OF PRODUCTIVITY OF NATURAL POPULATIONS OF MEDICINAL PLANTS IN SOUTHERN UZBEKISTAN

Annotation

This article presents the results of correlation analysis of morphological features, productivity and abiotic factors in three species: Ferula tadshikorum, Ungernia victoris and Inula grandis. Significant relationships between a number of morphological features and productivity have been established, which allows us to consider them as selection criteria for highly productive individuals. The greatest influence on productivity was exerted by root diameter (F. tadshikorum), terrain altitude (U. victoris) and temperature conditions (I. grandis). Analysis of the use value index (UV) revealed a high demand for F. tadshikorum and U. victoris as medicinal raw materials. The data obtained emphasize the need for an integrated approach to the protection and rational use of natural populations of these species.

***Key words**: correlation, raw material yield, F. tadshikorum, U. victoris and I. grandis, abiotic factors*.

ТҮШТҮК ӨЗБЕКСТАНДА ТАБИГЫЙ ДАРЫ ӨСҮМДҮКТӨРҮНҮН ПОПУЛЯЦИЯЛАРЫНЫН ӨНДҮРҮМДҮҮЛҮГҮНҮН КОРРЕЛЯЦИЯЛЫК АНАЛИЗИ

Аннотация

Бул макалада үч түрдөгү морфологиялык мүнөздөмөлөрдү, өндүрүмдүүлүктү жана абиотикалык факторлорду корреляциялык талдоонун натыйжалары келтирилген: айдоо, кароо жана кароо. Бир катар морфологиялык мүнөздөмөлөр менен өндүрүмдүүлүктүн ортосунда олуттуу корреляциялар табылып, аларды жогорку өндүрүмдүү индивиддерди тандоонун критерийлери катары кароого мүмкүндүк берди. Кыйла көп таасир тийгизген өндүрүмдүүлүгү оказывали диаметри корня (F. tadshikorum), деңиз деңгээлинен бийиктиги (U. victoris) жана температуралык шарттар (I. grandis сатуу). Пайдалуулук индексин (ТКЧ) талдоо дары сырьесу катары ээси жана ээси үчүн жогорку суроо-талапты көрсөттү. Табылгалар бул түрлөрдүн табигый популяциясын коргоого жана башкарууга комплекстүү мамиле кылуу зарылдыгын көрсөтүп турат.

***Ключевые слова:** корреляция, чыгышы чийки F. tadshikorum, U. victoris жана I. grandis сатуу, абиотические факторлор*

КОРРЕЛЯЦИОННЫЙ АНАЛИЗ ПРОИЗВОДИТЕЛЬНОСТИ ПРИРОДНЫХ ПОПУЛЯЦИЙ ЛЕКАРСТВЕННЫХ РАСТЕНИЙ В ЮЖНОМ УЗБЕКИСТАНЕ

Аннотация

В данной статье представлены результаты корреляционного анализа морфологических характеристик, продуктивности и абиотических факторов у трех видов: Ferula tadshikorum, Ungernia victoris и Inula grandis. Были обнаружены значимые корреляции между рядом морфологических характеристик и продуктивностью, что позволяет рассматривать их в качестве критериев для отбора высокопродуктивных особей. Наибольшее влияние на продуктивность оказывали диаметр корня (F. tadshikorum), высота над уровнем моря (U. victoris) и температурные условия (I. grandis). Анализ индекса полезности (UV) показал высокий спрос на F. tadshikorum и U. victoris в качестве лекарственного сырья. Полученные данные подчеркивают необходимость комплексного подхода к охране и рациональному использованию природных популяций этих видов.

Keywords: корреляция, выход сырья, F. tadshikorum, U. victoris и I. grandis, абиотические факторы.

Introduction

In recent years, the popularity of herbal medicines has increased significantly, which has caused a noticeable increase in demand for raw materials of wild medicinal, food and some industrial plants harvested in the vast territories of the Republic of Uzbekistan [Хожиматов,2021, с. 328]. The use of mathematical and statistical methods is the most important and integral part of the analysis of research results. Of considerable interest is the use of correlation and regression methods for the analysis of research results [Бухаров и др.,2013, с. 22-24]. The term “correlation” (from the Latin - relationship, connection, dependence) appeared in the 19th century, thanks to the works of the English mathematician Carlo Pearson and the English anthropologist and psychologist Francis Galton [Харченко,2008, с.31]. What does the analysis of correlation relationships provide? Correlation coefficients vary in the range from -1.00 to 1.00. A positive value indicates a joint increase in values, and a negative value indicates an opposite relationship [Кротова и др., 2015, с. 26–30]. Analysis of the correlation coefficient allows us to establish the relationship between various plant characteristics. If the correlation between two traits is positive and significant, the improvement of one trait will have a significant impact on the other trait [Иванова и др., 2022, с. 64–73].

Based on the analysis of data for the last five years, the annual demand for raw materials in the Republic of Uzbekistan is 106.5 tons for *F. tadshikorum*, 22.5 tons for *U. victoris* leaves and 52.7 tons for *I. grandis* roots. In this regard, within the framework of this study, scientific research was conducted aimed at assessing the productivity of natural populations of these species using the correlation analysis method.

Materials and methods. *Research objects.* The research objects are promising medicinal plants with high demand: *Ferula tadshikorum* Pimenov (Apiaceae), *Ungernia victoris* Vved. ex. Artjush. (Amaryllidaceae) and *Inula grandis* Schrenk ex Fisch. & C.A. Mey. (Asteraceae) (Fig. 1).

Blooming plant — Raw material (root resin)

Ferula tadshikorum Pimenov

Vegetating plants — Raw materials (leaves)

Ungernia victoris Vved. ex. Artjush.

Vegetating plants — Raw materials (Root of a mature plant)

Inula grandis Schrenk ex Fisch. & C.A. Mey.

Fig. 1. Research objects

F. tadshikorum is an endemic of the southwestern Pamir-Alay with a declining population. It is listed in the Red Book of Uzbekistan and Tajikistan. Today, the exploitable reserves of raw materials of *F. tadshikorum* on the territory of Uzbekistan have been completely reduced [Maxmudov et al.,2025, pp. 1-16]. *U. victoris* is a promising medicinal plant, highly valued in folk medicine and modern medicine [Ходжиматов, 1989, с. 368].

U. victoris is a rare endemic of the southwestern Pamir-Alay with a greatly declining range. The species is listed in the Red Book of Uzbekistan with status 2 [Красная книга Республики Узбекистан, 2019]. *I. grandis* is one of the most common species in the flora of Uzbekistan. This species is widely used in folk medicine for the treatment of various diseases [Растительные ресурсы СССР.,1993]. *I. grandis* is the main participant in the plant communities of honey importance in the south of Uzbekistan, since the projective cover of plants is on average 30% [Atamuratova et al., 2021,

pp. 1-12]. According to the results of previous studies, the yield of underground plant phytomass in southern Uzbekistan averages 497.5 kg/ha [Mahmudov et al., 2024, pp. 719-727].

***Research methods*.** The manual "Resource Science and Standardization of Medicinal Plant Raw Materials" [Пупыкина и др., 2019, с. 116] was used to determine the productivity of natural plant populations. The raw material productivity was determined during the vegetation period of plants (April-June). To calculate the average plant productivity, 10 monitoring plots measuring 10x10 m (MP) were allocated. In order to determine the relationship between the features, the correlation coefficient was estimated between the productivity (P) and the morphological features of plants. In addition, the productivity (P), the altitude above sea level of the area (H), the indicators of abiotic factors, such as air temperature (t0), air humidity (AH) during the period of collection of plant raw materials (Fig. 2D) were taken into account for the analysis. The correlation coefficient between the features was determined based on the methodological guidelines "Correlation Analysis" [Харченко, 2008, с. 31]. To analyze the morphological features, the types of raw materials of mature (commercial) plants were taken into account. Four characteristic morphological indicators were selected for each species. In particular, the main raw material of *F. tadshikorum* is root resin, therefore the number of rosette leaves (NRL), length of rosette leaves (LRL), width of rosette leaves (WRL) and root diameter (RD) were selected for analysis (Fig. 2A). For *U. victoris*, bulb diameter (DO), leaf length (LL), leaf width (WL), length of adventitious roots (LAR) (Fig. 2B). For *I. grandis*, plant height (PH), total number of leaves (TNL), leaf length (LL), leaf width (WL) (Fig. 2C). In turn, the raw material use value index (UV) of each plant was determined according to the recommendations of Pardo de Santayana (2008) and NELLY (2024) [Tardío and Pardo-de-Santayana, 2008, pp. 24-39; Cut et al.,2024, pp. 4699-4711].

At the same time, in our republic, many scientific studies are also being conducted in these areas [Abduraimov et al.,2022, pp. 4699-4711; Abduraimov et al.,2023, p. 2950; Beshko et al.,2023, pp. 295–305; Mamatkasimov et al.,2025, pp. 1 - 15].



Fig. 2. Morphological indicators (A, B, C: MP – monitoring sites), crop yield and indicators of abiotic factors (D) of plants

The analysis of correlation dependencies between morphological features in *F. tadshikorum* revealed a strong positive correlation (r=0.85) between the root diameter and the width of rosette leaves. A high degree of correlation was also recorded between the length and width of rosette leaves (r=0.72). At the same time, the relationship between the number of rosette leaves and other morphological features was weak (r=0.19–0.45). The highest degree of correlation between

morphological features and yield was found for the root diameter (r=0.87) and the width of rosette leaves (r=0.71), indicating their significant influence on yield formation. The remaining morphological features showed a weak relationship with yield (r=0.057–0.31). Analysis of the relationships between crop yield and abiotic factors showed that the greatest influence is exerted by the altitude (H) and air temperature: a strong positive correlation was established between these factors and crop yield (r=0.77). A weak negative relationship was noted between crop yield and air humidity (r=-0.18). In addition, a strong positive correlation was found between the factors of altitude and temperature and the number of rosette leaves (r=0.84), which may indicate an indirect effect of abiotic conditions on the morphological development of plants (Fig. 3A).

Correlation analysis of morphological features of *U. victoris* showed a strong positive relationship between bulb diameter, leaf width and adventitious root length (r=0.92–0.93), indicating their close interdependence in plant development. The lowest correlation was observed between leaf width and length (r=0.29), indicating a weak relationship between these parameters. Analysis of the relationship between yield and abiotic factors revealed a strong positive correlation with altitude (r=0.81), as well as a medium relationship with air humidity (r=0.71). At the same time, a weak correlation was established between yield and air temperature (r=0.37), suggesting a less pronounced effect of temperature on *U. victoris* yield formation compared to other environmental factors (Fig. 3B).

According to the analysis of correlations of morphological features of *I. grandis*, a strong positive relationship was found between the length and width of the leaf (r=0.87). Also, in *I. grandis*, there are practically no relationships between the height of plants and the number of leaves (r=0.0075). The remaining morphological features are interconnected with each other to a weak (r=0.24-0.32) and moderate (r=0.55–0.65) degree. The analysis of the relationship between productivity and abiotic factors revealed an almost functional relationship between the altitude of the area (r=0.98). The degree of connection between air temperature is an average negative (r=-0.53) relationship. The relationship between air humidity is noted to an average (r=0.51) degree (Fig. 3.C).

The analysis of the plant utilization value index (UV) showed that the highest values were observed for *F. tadshikorum* (UV=5.84±0.72) and *U. victoris* (UV=5.14±0.62). This indicates a high level of demand for these species in medicine and other industries in the republic, which, in turn, may indicate intense anthropogenic pressure on natural populations, regardless of their current state and the degree of provision with a raw material base. For *I. grandis*, the utilization value index was at an average level, which suggests that existing natural resources are currently capable of satisfying the needs for this species without risking its sustainability (Fig. 3D).



C D

Fig. 3. Results of the correlation analysis of crop yield with morphological and abiotic factors in the studied plant species: (A, B, C). Index of plant use value (D).

Conclusions. The conducted correlation analysis allowed to establish significant relationships between morphological features, productivity and abiotic factors in three studied species, which gives grounds to consider the identified parameters as potential criteria for selection of highly productive commercial individuals. In *F. tadshikorum*, a high degree of correlation was revealed between the root diameter and the width of rosette leaves (r=0.85), as well as between the length and width of rosette leaves (r=0.72). The most pronounced relationship with productivity was recorded for the root diameter (r=0.87) and the width of rosette leaves (r=0.71), which emphasizes the importance of these features in the formation of plant productivity. Among the abiotic factors, the greatest influence on productivity is exerted by the altitude and air temperature (r=0.77). A strong correlation was also found between the combined factor "altitude+temperature" and the number of rosette leaves (r=0.84), which may indicate the influence of environmental conditions on plant development. In *U. victoris*, a close relationship was established between the bulb diameter, leaf width and length of adventitious roots (r=0.92–0.93), which indicates a balanced development of these organs. The productivity of this species depends to the greatest extent on the altitude (r = 0.81) and, to a lesser extent, on air humidity (r=0.71). The temperature factor has a weak effect on productivity (r=0.37). In *I. grandis*, the most pronounced correlation was between the length and width of the leaf (r=0.87), while the plant height and the number of leaves are practically unrelated (r=0.0075). The productivity demonstrates an almost functional dependence on the altitude (r = 0.98), while air temperature has a negative and average effect (r=–0.53), and humidity is moderately positive (r=0.51).

The evaluation of the use value index (UV) showed that the highest demand for medicinal raw materials is observed for *F. tadshikorum* (UV=5.84±0.72) and *U. victoris* (UV=5.14±0.62), which emphasizes their high importance. *I. grandis* demonstrates average UV values, which indicates the sufficiency of current natural resources to meet the needs for this plant. The results obtained indicate the need for an integrated approach to the protection and sustainable use of populations of these species, taking into account both morphological characteristics and the influence of abiotic factors.

References

1. Бухаров А.Ф., Балиев Д.Н., Фомина А.А. (2013) Корреляционный и факторный анализ признака семенной продуктивности капусты белокочанной // Овощи России (научно-практический журнал). №3. с. 22-24.
2. Иванова М.И., Бухаров А.Ф., Кашлева А.И. (2022) Корреляционный анализ признаков, характеризующих урожайность и качество продукции представителей рода *Allium* (подрод Сера) // Известия Саратовского университета. Новая серия. Серия: Химия. Биология. Экология. 22(1). с. 64–73. https://doi.org/10.18500/1816-9775-2022-22-1-64-73
3. Красная книга Республики Узбекистан. (2019) Ташкент. Изд. «Chinor». 181 с.
4. Кротова Л.А., Кротова Л.А., Белецкая Е.Я. (2015) Отбор в популяциях озимо-яровых гибридов пшеницы на основе фенотипических корреляций // Актуальные проблемы биологии и методики ее преподавания в школе и вузе: материалы III Международный научно-практический заочный конференция. с. 26–30.
Үй-бүлө – баланын жашоосундагы негизги таасир этүүчү факторлордун бири. Ата-эне баланын когнитивдик өнүгүүсүнө түздөн-түз таасир этет. Мисалы, ата-эненин билим деңгээли, алардын балдарга карата мамилеси, эмоционалдык колдоо жана ата-эненин катышуусу баланын окуу жөндөмүнө түздөн-түз таасир кылат. Акыркы изилдөөлөр көрсөткөндөй, психологиялык климат үй-бүлөдө үй-бүлө ичиндеги мамилелердин туруктуулугун аныктайт жана балдардын физикалык-психологиялык өнүгүүсүнө олуттуу таасир этет [3]. Шульте тестиндеги ийгиликтер балада билим алуу үчүн мотивациянын күчтүү экенин, анын эмоционалдык жактан туруктуу экенин жана үй-бүлөдөн колдоо алганын көрсөтүшү мүмкүн.

Ата-эненин билим деңгээли жана акыл-эси баланын билим алуу процессине түздөн-түз таасир этиши мүмкүн. Ата-эне бала үчүн негизги аалам, ал эми ата-эне анын ичинде күн жана ай сыяктуу. Ар бир бала бир азга болсо дагы ошо ааламда өзүнү ааламдын борбору катары сезгенде, бала өзүн-ишенимдүү болуп чоңойот. Бала ата-эненин көз карашынан, мамлесинен өзүнүн баркын сезет. Бала генетикалык эс тутумга мүнөздүү болгон ата-эне стандартына дал келе турган ата-эненин идеалдаштырылган образына муктаж болушат [4]. Үй-бүлөдөгү окууга болгон мамиле, окууга кызыгууну өнүктүрүү жана көнүгүүлөрдү колдонуу, анын ичинде Шульте тестин аткарууда да таасир берет.

Баланын эмоционалдык абалы, анын үй-бүлөдө алган колдоосу жана муктаждыктарына жооп берүү деңгээли тесттин натыйжаларына, анын ичинде көңүл буруу жана кабыл алуу жөндөмдөрүнө таасир кылат. Себеби дүйнөлүк практика көрсөткөндөй, ата-эненин сөзү жана ишеними баланын ийгиликтүү болушуна, анын эмоционалдык абалына аябагандай зор таасир берет [2].

Биосоциалдык факторлор баланын когнитивдик жана физикалык өнүгүүсүнө терең таасир этет. Баланын же түйүлдүктүн физиологиялык жактан толук кандуу өрчүшүнө тийгизген биологиялык, социологиялык факторлордун таасири бала үчүн чоң мааниге ээ. Эне менен баланын организминде болуп жаткан биохимиялык процесстер алсыз жүргөнүнө карабастан эненин жагымдуу эмоционалдык тек-жайы баланын туура өсүшүнө жана өнүгүшүнө чоң жардам берерин четке кагуу туура келбейт [4]. Генетикалык жактан мурасталып калган кээ бир жөндөмдөр баланын тесттердеги натыйжаларын түздөн-түз түзөт. Мындан тышкары, баланын коомдук чөйрөдө өз ара аракеттенүүсү да маанилүү.

Баланын акыл-эси жана жалпы когнитивдик жөндөмдөрү көп учурда ата-энелеринен мурасталган, бул болсо анын Шульте тестиндеги ийгилигине таасир этет. Мисалы, эгерде ата-энелеринин бири же экөө тең жогорку интеллектке ээ болсо, баланын когнитивдик жөндөмдөрү да ушул деңгээлде болушу мүмкүн.

Социалдык чөйрө жана билим берүү мүмкүнчүлүктөрү: Баланын өсүп жаткан чөйрөсү да чоң ролду ойнойт. Баланын мектепке чейинки жана мектептеги билим алуу шарттары, анын социалдык чөйрөдө кандай тажрыйбага ээ болушу, ошондой эле үй-бүлөдөн тышкары колдоо (мектеп, достор, коомдук иштер ж.б.) анын тесттеги ийгиликтерин аныктоодо маанилүү.

Менталдык ден соолук жана стресстин таасири: Баланын психологиялык абалы да чоң роль ойнойт. Эгерде бала стресс, депрессия же башка психологиялык көйгөйлөргө кабылып жатса, бул анын көңүл буруу жана ишеним деңгээлин төмөндөтүп, тесттин натыйжаларын начарлатышы мүмкүн.

Балдардын социалдык-экономикалык абалы да тесттин натыйжасына таасир этет. Мисалы, үй-бүлөнүн материалдык абалы, билим алуу мүмкүнчүлүктөрү, ошондой эле коомдук чөйрөдөгү балдардын кирешеси жана социалдык чөйрөгө кирүү мүмкүнчүлүктөрү баланын интеллектуалдык өнүгүүсүнө түздөн-түз байланыштуу.

Жогорку билим берүүчү мекемелерге кирүү мүмкүнчүлүктөрү, билим алуу шарттарынын жакшыртылышы баланын интеллект деңгээлин, анын иштөө ыкмаларын жана, демек, Шульте тестиндеги натыйжаларын өркүндөтүүгө жардам берет.

Шульте тестин 20-кылымдын экинчи жарымында немис психиатры Вальтер Шульте ойлоп тапкан, анын жардамы менен окуучулардын эс тутумун, көңүл буруусун өнүктүрүүгө болот, андагы көнүгүүлөр балдардын көзүнүн көрүү чөйрөсүн кеңейтүүгө жардам берет, натыйжада окуучулардын кабыл алуу концентрациясы бааланат. Натыйжада сандар менен башаламан толтурулган Schulte таблицасы аркылуу реакциянын ылдамдыгын жана концентрациясын текшерүүгө жана балдардын психодиагностикасын аныктоого болот. Тагыраагы, тест окуучулардын техника туруктуулугун, эффективдүүлүгүн жана жумушка кошулуу ылдамдыгын өлчөөгө, көңүлдү топтоо, бөлүштүрүү жана которуу жөндөмүн аныктоого мүмкүндүк берет, ошондой эле аталган маселелер боюнча деффект бар экендигин аныктоого жардам берет. Мындан сырт Schulte таблицалары психикалык активдүүлүктү диагностикалоо үчүн колдонулган салттуу ыкма да болуп саналат. Ал көңүл буруунун туруктуулугун баалайт, ошондой эле кабыл алынган маалыматты окуу жана кабыл алуу жөндөмүн жакшыртат.

Советтик нейропсихолог А.Р.Лурия Шульте тестин нейропсихологиялык изилдөөлөрдө колдонгон. Ал көңүл буруу, эс тутум жана кабыл алуу процессинин механизмдерин изилдеп, Шульте таблицасын психологиялык диагностикада колдонгон. Мисалы, Луриянын Лурия-Небраска нейропсихологиялык тест батареясы шизофрения жана башка нейропсихологиялык абалдарды аныктоодо колдонулган. Лев Выготскийдин окуучусу болгон Б. В. Зейгарник көңүл буруу жана ой жүгүртүү процессин изилдеген. Ал Шульте таблицасын колдонуп, көңүлдүн туруктуулугун жана бөлүнүшүн изилдеген. Н.Ф.Добрынин жеке психологиялык айырмачылыктарды изилдеп, реакция ылдамдыгы жана көңүл буруу процессин өлчөөдө Шульте таблицасын колдонгон. В.Д.Небылицын психологиялык изилдөөлөрдө көңүл буруу жана реакция ылдамдыгы сыяктуу аспектилерди изилдеген. Ал Шульте таблицасын колдонуп, көңүл буруу процессин баалаган. П.Я.Гальперин аң-сезимдүү аракеттер теориясын түзүп, ой жүгүртүү процессин изилдеген. Ал Шульте таблицасын колдонуп, окуучулардын ой жүгүртүү процессин баалаган.

Бүгүнкү күндө Schulte тести жана алардын ар кандай модельдери тез окууну өнүктүрүү жана көрүү чөйрөсүн кеңейтүү үчүн колдонулат. Мисалы, психолог Тони Бузан аларды эс тутумду жана тез окууну жакшыртуу боюнча китептеринде сунуштайт. Москва мамлекеттик университетинин экономика факультетинин окутуучусу Евгений Буянов мындай таблицалар жогорку өндүрүмдүүлүк деп аталган абалга жетүү үчүн нейро-лингвистикалык программалоо курстарында да колдонулат деп жазат. Ошондой эле Екатерина Бузан, тез окуу боюнча кеңешчи Шульте таблицалары көрүү аймагын кеңейтет, концентрацияны жакшыртат, тез окууну өнүктүрөт жана элестетүү ой жүгүртүүсүн активдештирет деп ырастайт. Эксперт ошондой эле таблицалар менен иштөө артикуляцияны басууну үйрөнүүгө мүмкүндүк берерин, бирок бул дайыма эле пайдалуу боло бербестигин белгилейт [9].

Өлкөбүздө Шульте тестин түздөн-түз колдонуу боюнча кеңири маалымат жок болсо да, бул тесттин негизги максаттарына—көздүн көрүү чөйрөсүн кеңейтүү, көңүл буруу жана реакция ылдамдыгын өнүктүрүү—жөнүндө бир катар билим берүү жана психологиялык изилдөөлөр жүргүзүлүп жатат.

Электрондук баалоо жана билим берүү инновациялары -2020-жылы Кыргызстандын Билим берүү жана илим министрлиги, USAID жана UNICEF менен биргеликте 4-класстын 1,344 окуучусунун окуу жөндөмдөрүн баалоо үчүн электрондук тест жүргүздү. Бул тест окуучулардын окуу жөндөмдөрүн аныктоого жана атайын билим берүү муктаждыктары бар балдарды аныктоого жардам берди [5]. Ошондой эле, 2021-жылы COVID-19 пандемиясынан

улам билим берүү жоготууларын калыбына келтирүү үчүн Японияның өкмөтү тарабынан каржыланган долбоор ишке киргизилди. Бул долбоордо 10,300 мугалимге окутуу жана 20,500 5-6-класстын окуучуларына кошумча билим берүү программалары сунушталды. Натыйжада, окуучулардын тесттик баллдары 15-20 пайызга жакшырды [6].

Кыргызстанда балдардын когнитивдик өнүгүүсүн жана көңүл буруу жөндөмдөрүн изилдөө боюнча бир катар изилдөөлөр жүргүзүлүп жатат. Мисалы, 2024-жылы мигранттардын жашаган аймактарында ата-эне-бала өз ара аракеттенүүсүнүн сапатын баалоо боюнча пилоттук изилдөө жүргүзүлдү. Бул изилдөө ата-энелердин балдары менен болгон өз ара аракеттенүүсүнүн сапатын жана балдардын оюнчулдук деңгээлин баалоого багытталган [7].

2021-жылы Кыргызстандын Бишкек, Ош, Чүй жана Нарын облустарынан 340 мугалим "Schools2030" программасынын алкагында адамга багытталган дизайн боюнча окутуу семинарларына катышты. Бул семинарларда мугалимдер окуучулардын муктаждыктарын аныктоо жана төмөнкү чыгымдар менен масштабдуу чечимдерди иштеп чыгуу боюнча машыгууларды өтүштү [8].

Жалпысынан, Кыргызстанда балдардын көңүл буруу жана когнитивдик өнүгүүсүн баалоо жана өнүктүрүү боюнча бир катар иш-чаралар жана изилдөөлөр жүргүзүлүп жатат. Бирок Чек ара аймактарында жашаган, Тажик-Кыргыз жаңжалына дуушар болгон окуучуларыбыздын физикалык, психологиялык канчалык деңгээлде жабыр тартканы боюнча маалыматтар жокко эсе.

Изилдөө көп тараптуу жүргүзүлүп, сандык (психометрикалык тестирлөө, корреляциялык анализ) жана сапаттуу (байкоо, анкета, контент-талдоо) методдор айкалыштырылат. Бул балдардын Шульте тестиндеги көрсөткүчтөрүнө үй-бүлөлүк, биологиялык жана социалдык факторлор канчалык таасир этерин кеңири жана ишенимдүү талдоого мүмкүнчүлүк берет. Мында балдар тестти аткарып жаткан учурда окуучулардын реакция убактысын, көңүлүнүн тез алаксып кетүү мүмкүнчүлүгүн, стресске болгон каршылыгын байкоого алат, жыйынтыгы: табигый шарттагы жүрүм-турум өзгөчөлүктөрү тууралуу сапаттуу маалыматтар алынат.

Биздин изилдөөбүз Баткен облусунун, Баткен шаарынын Кызыл-Жол кварталынын жана чек ара аймагында жайгашкан Ак-Сай, Миң-Өрүк айылдарындагы орто мектептеринин 15-16-жаштагы окуучулардын реакцияларынын ылдамдыгын жана концентрациясынын текшерүү үчүн Шульте тестинин негизинде эксперимент жүргүздүк (жалпы жыйынтык-көрсөткүч



таблицада жана 1-5-сүрөттөрдө көрсөтүлдү).

1-сүрөт. *Кыргыз-Тажик чек ара аймагында жайгашкан, Ак-Сай айылынын Б.Ходжаев мектеби Ак-Сай айылынын Бусурманкул Ходжаев атындагы орто мектебинин 15-16 жаштагы окуучуларынын Шульте тестинин көрсөткүчү*



2-сүрөт. *Кыргыз-Тажик чек ара аймагында жайгашкан, Миң-Өрүк айылынын Баба Гаипов атындагы орто мектебинин 15-16 жаштагы окуучуларынын Шульте тестинин көрсөткүчү*



3-сүрөт *Баткен шаарындагы Кызыл-Жол кварталында жайгашкан Кызыл-Жол орто метебинин 15-16 жаштагы окуучуларынын Шульте тестинин көрсөткүчү*

1-таблица. *Кыргыз-Тажик чек ара аймагында жайгашкан, Ак-Сай, Миң-Өрүк айылдарынын жана Кызыл-Жол кварталынын окуучуларнын Шульте тести боюнча жалпы көрсөткүчү*

№	Аймактар	40 сек	50 сек	50 сек. жогору
1.	Ак-Сай	6%	22 %	77 %
2.	Миң-Өрүк	0 %	0 %	100 %
3.	Кызыл-Жол 9 А.	3 %	19 %	78 %
4.	Кызыл-Жол 9 Б.		23 %	77 %

Изилдөөнүн жыйынтыгында байкалгандай, окуучулардын тест аткаруу убактысынын көбөйүшү жана бир катарларынын тапшырманы аткарууда кыйналышы алардын психологиялык абалына, көңүл буруунун деңгээлине жана когнитивдик функцияларына чек арадагы кырдаалдын түздөн-түз таасири бар экенин көрсөтөт. Кыргыз-Тажик чек ара жаңжалынын окуучуларга тийгизген негизги таасирлерин төмөнкүдөй категорияларга бөлүп кароого болот:

Көңүл буруунун бузулушу жана туруктуулугунун төмөндөшү - кырдаалдын стресс жаратуучу мүнөзү окуучулардын көңүлүн бир нерсеге топтоп, аны узак убакыт кармап туруусуна тоскоолдук кылат. Изилдөөгө ылайык:

- 40 секунд ичинде тапшырманы аткара алган окуучулардын пайызы өтө аз;
- 50 секунд ичинде болгону 20% гана жетише алган;
- 70% дан ашууну 50 секунддан ашык убакытта жооп бере алышкан.

Бул - көңүл буруунун чачырашынын, маалыматты ылдам кабыл алуунун төмөндүгүнүн жана психикалык чарчоонун белгиси.

• Кабыл алуу жана иштетүү жөндөмүнүн солгундашы

Психологиялык травма алган же коркуу абалында болгон окуучуларда:

• Жаңы маалыматты кабыл алуу;
• Аны иштеп чыгуу;
• Жоопту туура тандоо процесси жайлайт.

Бул — стресс учурунда мээнин когнитивдик бөлүгүнүн (айрыкча, префронталдык кабыкчалардын) активдүүлүгүнүн төмөндөшүнө байланыштуу.

• Психикалык активдүүлүктүн жана реакция ылдамдыгынын жайлашы.

Кооптуу кырдаалдар жана жаңжалдар балдардын реакция ылдамдыгын басаңдатат. Бул балдардын:

• Сурактарга тез жооп кайтаруу,
• Ойлорун ыкчам жыйынтыктоо,
• Жаңы кырдаалга көнүү жөндөмүн начарлатат.

Бул факторлор тестте убакытты узартууга алып келет.

• Эмоционалдык стабилдүүлүктүн бузулушу

Жаңжалдан кийин балдарда:

• Тынчсызданuу;
• Коркуу;
• Ишенимсиздик;
• Депрессия же агрессия сыяктуу абалдар жаралышы мүмкүн.

Мындай абалдар билим алуу процессине, көңүл буруу жана эстеп калуу функцияларына түз таасир этет, ошондой эле тез көнүү жөндөмүнүн төмөндөшүнө алып келет.

Изилдөө көрсөткөндөй, көпчүлүк окуучулар жаңы тапшырмага көнүп, аны өздөштүрүү үчүн көбүрөөк убакытты талап кылышкан. Бул — кырдаалга ыкчам адаптация болуу жөндөмүнүн төмөндүгүн көрсөтөт.



4-сүрөт. *Кыргыз-Тажик чек ара аймагында жайгашкан, Ак-Сай, Миң-Өрүк айылдарынын жана Кызыл-Жол кварталынын окуучуларнын Шульте тести боюнча диаграммасы*

Жыйынтык

Көңүл буруунун деңгээли жана психикалык активдүүлүктүн туруктуулугу: Кыргыз-Тажик чек ара аймагындагы окуучуларды изилдөө негизинде талдоодо - алынып жаткан маалыматтардын негизинде белгилүү болгондой, нормалдуу шартта окуучунун бир стимулга жооп кайтаруудагы убактысы ар бир таблица үчүн 40 секунддан ашпаса, бул жакшы деңгээлдеги көңүл бурууну билдирет. Эгерде бул убакыт 50 секундга чейин жетсе, анда

жетиштүү деңгээлде көңүл буруу катары бааланат. Бирок, 50 секунддан ашык убакыт керектелсе, бул концентрациянын төмөндүгүн, же башкача айтканда, көңүл буруунун начар деңгээлин билдирет.

Изилдөөнүн жыйынтыгы көрсөткөндөй, изилденген аймактагы окуучулардын басымдуу бөлүгү 50 секунддан ашык убакытта тапшырмаларды аткарышкан. Бул алардын ыктыярдуу көңүл буруусу жетиштүү деңгээлде өнүкпөгөнүн жана жогорку концентрациянын, туруктуулуктун, сенсомотордук реакциянын жогорку ылдамдыгынын жана тез адаптация жөндөмүнүн жетишсиз экенин чагылдырат.

Мындай көрүнүш — активдүү көңүл буруунун жетишсиздиги катары бааланат. Бул фактор, өз кезегинде, төмөнкүдөй психологиялык жана когнитивдик көрсөткүчтөрдүн солгундашына алып келери аныкталды:

- Иш натыйжалуулугу (Work Efficiency, WE) — төмөндөйт, анткени тапшырмаларды аткарууда убакыттын көп талап кылынышы жана концентрациянын жетишсиздиги билимди сапаттуу өздөштүрүүгө тоскоол болот;
- Ишка жөндөмдүүлүк даражасы (Degree of Readiness, DR) — төмөндөйт, бул бала жаңы тапшырмаларга же кырдаалга ыкчам көнө албастыгын билдирет;
- Психикалык туруктуулук (Mental Stability, MS) — төмөндөп, окуучулар стресске жана сырткы таасирлерге оңой кабылып, өзүн башкаруу кыйынчылыктарына туш болору байкалат.

Мындай абал психикалык активдүүлүктүн туруксуздугу же анын жай темпте өнүгүп жатышы менен түздөн-түз байланыштуу. Натыйжада, окуучунун:

- Маалыматты кабыл алуу,
- Аны иштеп чыгуу жана талдоо,
- Окуу жана түшүнүү жөндөмдүүлүгү төмөндөйт.

Мындай окуучулар билим берүү процесси менен кошо эмоционалдык жана когнитивдик реабилитацияны талап кылышат. Бул багытта психологдордун, педагогдордун жана социалдык кызматкерлердин биргелешкен системалуу иш-аракеттери маанилүү орун ээлейт.

Демек Кыргыз-Тажик чек ара жаңжалынын окуучуларга тийгизген таасири көп кырдуу: психологиялык травма; концентрациянын жана эс тутумдун төмөндөшү; окуу процессиндеги активдүүлүктүн жайлашы; жаңы шарттарга көнүүдө кыйналуу.

Чек ара аймактарында жашаган окуучуларыбыздын абалына карап, төмөндөгүдөй сунуштарды сунуштайбыз.

1. **Психологиялык колдоо системасын түзүү**

- Мектептерде профессионал психологдорду дайындап, окуучуларга жекече жана топтук психокоррекциялык иш-чараларды жүргүзүү;
- Травмага кабылган окуучулар үчүн **реабилитациялык программаларды** иштеп чыгуу (ойноо терапиясы, арт-терапия, медитация элементтери ж.б.):

2. **Көңүл буруу жана эс тутум жөндөмдөрүн өнүктүрүүчү көнүгүүлөрдү киргизүү:**

- Сабактарга чейин же сабак учурунда **кыска убакыттык концентрациялык көнүгүүлөрдү** колдонуу (мисалы, визуалдык фокус көнүгүүлөрү, “Зинченко таблицасы”, “Шульте таблицасы”);
- Балдардын **сенсомотордук байланыштарын өнүктүрүүчү оюндарды,** практикалык машыгууларды киргизүү.

3. **Окуу программаларын адаптациялоо:**

- Атайын адаптацияланган окуу материалдарын иштеп чыгуу, тексттердин көлөмүн азайтуу, түшүнүктүү тилде берүүнү камсыз кылуу.
- Жаңы темаларды жай ыргакта, этап-этабы менен түшүндүрүү, окуучунун кабыл алуу темпин эске алуу менен жекече окутуу ыкмаларын колдонуу.

4. **Мугалимдер үчүн атайын даярдоо курстарын уюштуруу:**

- Психологиялык жабыркаган балдар менен иштөө боюнча **мугалимдерге тренингдерди** өткөрүү;
- Конфликттен кийинки реабилитациянын билим берүү тармагындагы принциптери боюнча окуу материалдарын сунуштоо.

5. **Ата-энелер менен тыгыз байланыш түзүү**

• Ата-энелерге **психологиялык сабаттуулук** боюнча семинарлар өткөрүп, баланын абалын түшүнүүгө жана колдоого көмөктөшүү.

• Үй шартында көңүл бурууну өнүктүрүүчү активдүүлүктөргө (логикалык оюндар, кыска мөөнөттүү тапшырмалар, бирге окуу) багыт берүү.

6. **Мониторинг жана изилдөөнү улантуу:**

• Ар бир 3 ай сайын окуучулардын психикалык абалын, көңүл буруу жөндөмүн кайра текшерип, прогрессти байкоо;

• Аймактык шартты эске алган узак мөөнөттүү изилдөөлөрдү жүргүзүү аркылуу **реабилитациялык аракеттердин натыйжалуулугун баалоо**.

7. **Маданий жана коомдук колдоо чаралары**

• Балдардын социалдык адаптациясын колдогон **маданий иш-чаралар, экскурсиялар, спорттук оюндар** аркылуу алардын эмоционалдык абалын жеңилдетүү.

• Чек арадагы балдардын укуктарын коргоо жана аларга психосоциалдык жардам берүү боюнча өкмөттүк жана бейөкмөт уюмдардын аракетин координациялоо.

Колдонулган адабияттар:

1. Аминова Д.К. (Ред.) (2017). Общая психология. Киев: Общество с ограниченной ответственностью "Финансовая Рада Украины".
2. Кошматова ж.ж. (2022) Саматова А.А., Шеров Ш.Б., Эргешали кызы А. БАЛДАРДЫН ДЕН-СООЛУГУНА ЖАНА АҢ-СЕЗИМДИК ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИНЕ СӨЗДӨРДҮН ТААСИРИ. Наука новые технологии и инновации Кыргызстана, (3), 306-309.
3. Саматова А. А. (2024) Кошматова Ж. Ж. ВЛИЯНИЕ СОЦИАЛЬНОГО СТАТУСА СЕМЕЙ НА ДУХОВНОЕ, НРАВСТВЕННОЕ И ТЕЛЕСНОЕ РАЗВИТИЕ ДЕТЕЙ. Сборник статей II Международной научно-практической конференции, (22-30) “НАУЧНЫЙ ПОТЕНЦИАЛ - 2024” г. Петрозаводск.
4. Саматова А.А. (2022), Шеров Ш.Б., Кошматова Ж.Ж., Эргешали кызы А. ВЛИЯНИЕ РОДИТЕЛЕЙ НА ФИЗИОЛОГИЧЕСКОЕ ПОЛНОЦЕННОЕ РАЗВИТИЕ РЕБЕНКА В УТРОБЕ МАТЕРИ. Наука новые технологии и инновации Кыргызстана, (6), 314-316.
5. https://www.unicef.org/kyrgyzstan/ky/topics/%D0%B1%D0%B8%D0%BB%D0%B8%D0%BC-%D0%B1%D0%B5%D1%80%D2%AF%D2%AF
6. https://www.unicef.org/kyrgyzstan/ky/press-releases?page=%2C2PubMed
7. https://pubmed.ncbi.nlm.nih.gov/
8. https://schools2030.org/
9. https://trends.rbc.ru/trends/education/617fceaa9a79476820b4bdd8

УДК: 504.06(575.2)

КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭКОЛОГИЯЛЫК ПРОБЛЕМАЛАРЫ, АЛАРДЫ ЖОЮУНУН ЖОЛДОРУ ЖАНА ПЕРСПЕКТИВАЛАРЫ

ЭКОЛОГИЧЕСКИЕ ПРОБЛЕМЫ КЫРГЫЗСТАНА, ПУТИ ИХ РЕШЕНИЯ И ПЕРСПЕКТИВЫ

ENVIRONMENTAL PROBLEMS OF KYRGYZSTAN, WAYS OF THEIR SOLUTION AND PROSPECTS

Сарыева Ырысбу Токтомаматовна
Сарыева Ырысбу Токтомаматовна
Sarieva Yrysbu
улук окутуучу, Ош мамлекеттик университети
преподаватель, Ошский государственный университет
senior lecturer, Osh State University
ysarieva64@mail.ru

Айдарбекова Адина Шариповна
Айдарбекова Адина Шариповна
Aidarbekova Adina Sharipovna
окутуучу,, Ош мамлекеттик университети
преподаватель, Ошский государственный университет
lecturer, Osh State University
aaidarbekova@oshsu.kg

Бердигулова Мээрим Аматбековна
Бердигулова Мээрим Аматбековна
Berdigulova Meerim Amatbekovna
окутуучу, Ош мамлекеттик университети
преподаватель, Ошский государственный университет
lecturer, Osh State University
meerimberdigulova2@gmail.com

КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭКОЛОГИЯЛЫК ПРОБЛЕМАЛАРЫ, АЛАРДЫ ЖОЮУНУН ЖОЛДОРУ ЖАНА ПЕРСПЕКТИВАЛАРЫ

Аннотация

Кыргызстан — тоолуу, жаратылышы кооз өлкө болгонуна карабастан, акыркы жылдары экологиялык көйгөйлөргө көп кабылып келет. Бул макалада республиканын негизги экологиялык проблемалары: Климаттык өзгөрүүлөр, климаттын глобалдык өзгөрүшүнүн таасиринен улам мөңгүлөрдүн тез эрип кетиши, кургакчылык жана суу тартыштыгы, экстремалдуу аба ырайынын көбөйүшү, биологиялык коп түрдүүлүктүн азайып кетиши, кен калдыктары жана таштандылар проблемасы, жайыттардын деградациясы сыяктуу экологиялык проблемалар, чаылдырылды. Ошондой эле, бул проблемалардын келип чыгуу себептери — өнөр жай ишканалары, автоунаалардын көбөйүшү, мыйзамсыз токой кыюу, туура эмес таштанды башкаруу жана климаттын өзгөрүшү сыяктуу факторлор менен байланышта каралды.Андан сырткары макалада жогорудагыдай болгон экологиялык проблемалардыү жоюунун мумкун болгон кээ бир жолдору, сунушталды. Мисалы: Токой чарбасын калыбына келтирүү, суу ресурстарын башкаруу, аба сапатын жакшыртуу, калдык жана таштанды маселесин чечүү, мамлекеттик жана эл аралык кызматташтык: Акырында өлкөнүн экологиялык туруктуулукка жетишүү жолундагы келечектүү мүмкүнчүлүктөрү да белгиленди: Тоо-экотуризмди өнүктүрүү, жашыл экономиканы калыптандыруу, жаштардын экологиялык демилгелерин колдоо жана инновациялык технологияларды колдонуу Кыргызстандын экологиялык келечеги үчүн чоң мүмкүнчүлүк экени баса белгиленди.

Ачкыч сөздөр: *экологиялык проблемалар, климаттын өзгөрүшү, экологиялык коопсуздук, суу жана абанын булганышы, таштандыларды башкаруу, туруктуу өнүгүү*

ЭКОЛОГИЧЕСКИЕ ПРОБЛЕМЫ КЫРГЫЗСТАНА, ПУТИ ИХ РЕШЕНИЯ И ПЕРСПЕКТИВЫ

Аннотация

Несмотря на то, что Кыргызстан является горной и красивой страной, в последние годы он сталкивается со многими экологическими проблемами. В данной статье рассматриваются основные экологические проблемы республики: изменение климата, быстрое таяние ледников из-за воздействия глобального изменения климата, засуха и нехватка воды, увеличение экстремальных погодных явлений, потеря биоразнообразия, проблема хвостохранилищ и отходов, деградация пастбищ. Также рассматриваются причины этих проблем в связи с такими факторами, как промышленные предприятия, рост количества автомобилей, незаконная вырубка леса, неправильное управление отходами и изменение климата. Кроме того, в статье предлагаются некоторые возможные пути устранения вышеуказанных экологических проблем. Например: Восстановление лесного хозяйства, управление водными ресурсами, улучшение качества воздуха, решение проблем отходов и мусора, государственное и международное сотрудничество: Наконец, также были отмечены перспективные возможности страны для достижения экологической устойчивости: Было подчеркнуто, что развитие горного экотуризма, формирование зеленой экономики, поддержка молодежных экологических инициатив и использование инновационных технологий являются большими возможностями для экологического будущего Кыргызстана.

Ключевые слова: *экологические проблемы, изменение климата, экологическая безопасность, загрязнение воды и воздуха, управление отходами, устойчивое развитие.*

ENVIRONMENTAL PROBLEMS OF KYRGYZSTAN, WAYS OF THEIR SOLUTION AND PROSPECTS

Annotation

Despite the fact that Kyrgyzstan is a mountainous and beautiful country, it has been facing many environmental problems in recent years. This article discusses the main environmental problems of the republic: climate change, rapid melting of glaciers due to the impact of global climate change, drought and water shortages, increase in extreme weather events, loss of biodiversity, tailings and waste problems, degradation of pastures. It also discusses the causes of these problems in connection with such factors as industrial enterprises, the increase in the number of cars, illegal logging, improper waste management and climate change. In addition, the article suggests some possible ways to eliminate the above environmental problems.For example:Forestry restoration,wate management,improving air quality,solving waste and garbage problems, state and international cooperation: Finally, promising opportunities for the country to achieve environmental sustainability were also noted: It was emphasized that the development of mountain ecotourism, the formation of a green economy, support for youth environmental initiatives and the use of innovative technologies are great opportunities for the environmental future of Kyrgyzstan.

Key words: *environmental issues, climate change, environmental safety, water and air pollution, wastemanagement, sustainable development*.

Киришүү

Акыркы ондогон жылдарда планетада климаттын өзгөрүшү ачык билине баштады Жердин бардык тургундарынын жашоосу түздөн-түз климаттын абалына көз каранды. Дүйнөдө 200дөн ашык мамлекет бар. Бардык өлкөлөр бири-биринен: географиялык жайгашуусу, аймактары, жаратылышы, климаты, калкы, экономикасы жана жашоо деңгээли ар кандайлыгы менен айырмаланат. Ушул себептен климаттын өзгөрүшү аларга ар кандай таасир этет. Өлкөлөр ошондой эле жаңы климаттык чакырыктарды жеңүү үчүн ар кандай мүмкүнчүлүктөргө ээ. Атмосферанын булганышы дегенибиз, анын табигый же антропогендик таасир этүүдөн пайда болгон заттардын агып киришинин натыйжасында табигый курамынын өзгөрүшүн түшүнөбүз. [1].

Дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюмунун маалыматы боюнча 2019-жылы дем алуу органдарынын оорулары (өнөкөт обструктивдүү өпкө оорулары жана төмөнкү дем алуу жолдорунун инфекциялары) дүйнө жүзү боюнча өлүмдүн негизги себептеринин арасында үчүнчү жана төртүнчү орунда болгон жана өпкө рагы менен бирге алар 7,4 миллион адамдын өлүмүнө алып келген. Бул дүйнөдөгү каза болгондордун жалпы санынын 13%дан ашыгын түздү. [2]. Абанын булганышынын көрсөткүчү боюнча Кыргызстанда да олуттуу маселелер бар. Кыргызстан Борбор Азияда жайгашкан тоолуу өлкөлордун бири болуп саналат жана анын экосистемасы уникалдуу өзгөчөлүктөргө ээ, бирок акыркы жылдары ага карабастан экологиялык көйгөйлөр кескин түрдө күчөп, өлкөнүн туруктуу өнүгүүсүнө жана калктын жашоо сапатына терс таасирин тийгизүүдө. Бул көйгөйлөрдүн актуалдуулугу глобалдык деңгээлдеги климаттын өзгөрүшү, адамзаттын чарбалык ишмердүүлүгү жана жаратылыш ресурстарынын начар башкарылышы менен байланыштуу. Учурда Кыргызстандын туруктуу өнүгүүсү үчүн экологиялык маселелерди чечүү зарылчылыгы келип чыгууда.

Макаланын максаты: Кыргызстандын экологиялык проблемаларын талдап, алардын себептерин аныктап, ал маселелерди чечүүнүн эффективдүү жолдорун сунуштоо. Мындан тышкары, экологиялык туруктуулукту камсыз кылуу жана келечектеги экологиялык абалды жакшыртуу боюнча мүмкүн болгон перспективаларды изилдөө болуп саналат.

Материалы жана методу. Кыргызстандагы экологиялык проблемалар ар кандай табигый, экономикалык жана социалдык факторлордун таасиринен улам келип чыгууда. Бул көйгөйлөр табиятты коргоо жана туруктуу өнүгүү үчүн маанилүү маселелерди жаратат.

Учурда Кыргызстанда төмөнкү негизги экологиялык проблемаларды белгилөөгө болот:

1. **Климаттык өзгөрүүлөр**

- Кыргызстан тоолуу өлкө болгондуктан, климаттык өзгөрүүлөргө сезгич. Муздардын тез эришинен улам суу ресурстарынын жетишсиздиги жана жаратылыш кырсыктары (сел, жер көчкү, кургакчылык) көбөйүүдө. Ошондой эле, климаттык өзгөрүүлөр акыркы он жылдыкта олуттуу көйгөйгө айланып, экосистема, экономика жана коомдук жашоого чоң таасирин тийгизүүдө. Бул өзгөрүүлөрдүн негизги себептери глобалдык жылуулук жана антропогендик иш-аракеттер, мисалы, токойлорду кыюу, айыл чарба ишмердүүлүгү жана өнөр жайдын өсүшү.

Кыргызстанда байкалган негизги климаттык өзгөрүүлөр:

1. Орточо температуранын жогорулашы:

Акыркы 50 жылда орточо температура 1,6°Ске жогорулады. Бул тоо мөңгүлөрүнүн эришине жана суу ресурстарынын азайышына алып келүүдө. Жаз жана күз мезгилдери жылуу болуп, ал эми жайында ысык аба ырайынын узак мөөнөттөрү көбөйүүдө.

2. Климаттын глобалдык өзгөрүшүнүн таасиринен улам Кыргызстандагы мөңгүлөр тез эрип жатат.

Кыргызстандагы мөңгүлөрдүн жалпы көлөмү акыркы 50 жылда 30%га азайган. Бул факт суу ресурстарынын азайышына жана айыл чарба, гидроэнергетика тармактарына терс таасирин тийгизип, суу ресурстарынын келечекте тартыштыгына жана экологиялык баланстын бузулушуна алып келет [5]. Парник газдарынын (CO2, метан) эффектинин натыйжасында жердин температурасы жогорулап, мөңгүлөрдүн жогорку температурада калуусу жана аларды эритүү процесси күчөп жатат. Бул, өз кезегинде, мөңгүлөрдүн карын жана музун тез эритүүдө.

3. Кургакчылык жана суу тартыштыгы:

Жыл сайын суу көлөмү азайып, кургакчылык көбөйүүдө. Бул абал айыл чарбасына жана тамак-аш коопсуздугуна коркунуч жаратууда

Айыл чарбасында пестициддердин жана жер семирткичтердин ашыкча колдонулушу суунун сапатын төмөндөтөт. Калкка таза ичүүчү суунун жеткиликтүүлүгү чектелген, айрыкча, алыскы аймактарда. Кыргызстандагы дарыялар Борбор Азиядагы суунун негизги булагы болуп саналат. Ошентсе да, тоо мөңгүлөрүнүн эрүүсү, калдыктардын сууларга агызылышы жана сууну натыйжасыз пайдалануу суу ресурстарынын сапатын төмөндөтүп, жетишсиздик маселесин жаратат.

4. Экстремалдуу аба ырайынын көбөйүшү:

Катуу жамгырлар, селдер, жер көчкүлөр жана шамалдардын күчөшү байкалууда. Бул табигый кырсыктар инфраструктурага жана адамдардын жашоосуна олуттуу зыян келтирүүдө.

Бишкек жана башка ири шаарларда транспорттун көбөйүшү, эскирген өндүрүштөр, жана көмүрдүн күйүүсү менен абанын сапаты начарлоодо. Мисалы, турак-жай имараттарын жылытуу үчүн кышында Республикада көп санда өндүрүү мумкунчулугу болгон көмүр колдонулат. Натыйжада Бишкек шаарынын жаңы конуштары жана алардын тургундары (б.а. шаардын калкынын 20%ы) негизинен турак жайларын жылытуу үчүн көмүрдү пайдалануу менен Бишкектин абасын олуттуу булгоочу булактардан болуп саналышат. Көмүрдүн популярдуулугунун себептеринин бири анын баасынын газга салыштырмалуу төмөн болушу, 1 тонна көмүрдүн баасы орточо эсеп менен 4,5 тен 5,5 миң сом болот, бир кышта үнөмдөп жакса 3 тонна көмүр жагат, көпчүлүк тургундар бир эле көмүрдү колдонбостон көп учурда каражаттын жетишсиздигинен колунда болгондун баарын жылытуу үчүн пайдаланат, мисалы, күйүүчү материалдар: тигүү өндүрүшүнүн калдыктары, эски автомобилдердин дөңгөлөктөрү, пластик калдыктары ж. б. Ал эми газдын 1 м3нун 2023 жылдагы тарифи болжол менен 18,97 сомду түздү. [4]. Кышында көмүрдүн кеңири колдонулушу смог маселесин жаратат. Булар аба аркылуу таралуучу оорулардын көбөйүшүнө алып келет.

5. Биологиялык ар түрдүүлүктүн азайышы:

Климаттын өзгөрүүсү айрым өсүмдүк жана жаныбарлардын түрлөрүнүн жашоо чөйрөсүнүн өзгөрүшүнө жана озгоргон шартка ынгайлаша албай жок болуп кетүүсүнө алып келүүдө.

Токойлордун, жайыттардын деградациясы жана мыйзамсыз аңчылык ар кандай жаныбарлардын, өсүмдүктөрдүн түрлөрүнүн жок болуу коркунучун жаратууда. Кыргоол, илбирс сыяктуу жаныбарлар коргоого муктаж.

Даректардын мыйзамсыз кыркылышы жана жайыттардын кеңейиши токойлордун аянтынын кыскарышына алып келүүдө. Бул биологиялык коп түрдүүлүктү жана топурактын сапатын төмөндөтөт.

6. Кен калдыктары жана таштандылар проблемасы:

Тоо-кен өнөр жайынын калдыктары (уран калдыктары сыяктуу) жергиликтүү экосистемаларга жана адамдардын ден соолугуна коркунуч жаратууда. Калдыктарды коопсуз сактоо жана зыянсыздандыруу жетиштүү деңгээлде көзөмөлдөнгөн эмес. Таштандыларды кайра иштетүү тутуму өнүкпөгөндүктөн, катуу калдыктар айлана-чөйрөгө терс таасирин тийгизүүдө. Шаарларда таштанды полигондору толуп, көзөмөлсүз күйүү процесстери абанын сапатын начарлатууда.

7. Жайыттардын деградациясы:

Малдын санынын ашыкча көбөйүшү жайыттардын ашкере пайдаланылышына жана жердин эрозиясына себеп болууда.

Тоо экосистемаларынын начарлашы кургакчылыкка жана топурактын түшүмдүүлүгүнүн төмөндөшүнө алып келүү менен биргеликте ал жерде оскон осумдуктордун коп турдуулугун кыскарышына, ошондой эле, ал осумдуктор менен коомдоштукта жашаган жаныбарлардын кээ бир түрлөрүнүн жоголуп кетишине алып кеүүдө.

Жогорудагыдай болгон экологиялык көйгөйлөрдү жоюунун мумкун болгон кээ бир жолдору, Мисалы:

1.Токой чарбасын калыбына келтирүү:

-Токойду калыбына келтирүү боюнча атайын мамлекеттик программаларды ишке ашыруу.
-Жашылдандыруу иштерин күчөтүү, бак отургузуу демилгелерин жайылтуу.
-Токой чарбасын рационалдуу пайдалануу жана мыйзамсыз токой кыюуну көзөмөлдөө.

2. Суу ресурстарын башкаруу:

- Сууну үнөмдүү пайдалануунун жаңы технологияларын киргизүү;
-Ичүүчү суунун сапатын көзөмөлдөөнү күчөтүү жана агынды сууларды тазалоочу жабдууларды орнотуу;
-Мөңгүлөрдү коргоо жана илимий мониторинг жүргүзүү.

3. Аба сапатын жакшыртуу:

- Көмүрдөн альтернативдүү, экологиялык таза энергия булактарына өтүү;
- Электр унааларды колдонуу жана коомдук транспортту өнүктүрүү;
- Өнөр жай ишканаларынан чыккан калдыктарды чектөө жана фильтрлерди орнотуу.

4. Калдык жана таштанды маселесин чечүү:

- Таштандыны бөлүп чогултуу жана кайра иштетүү системасын өнүктүрүү;
-Калк арасында экологиялык маданиятты жогорулатуу боюнча агартуу иштери.

5. Мамлекеттик жана эл аралык кызматташтык:

- Экологиялык программаларга мамлекеттик жана жеке секторду тартуу;
-Эл аралык уюмдар менен кызматташып, экологиялык гранттарды жана долбоорлорду ишке ашыруу.

Перспективалар жана келечектеги мүмкүнчүлүктөр

Кыргызстан экологиялык маселелерди чечүүдө чоң потенциалга ээ. Тоо экосистемаларын коргоо, туруктуу туризмди өнүктүрүү жана жашыл экономикага өтүү аркылуу өлкө экономикалык жана экологиялык туруктуулукка жете алат. Мындан тышкары, эл аралык уюмдардын колдоосу менен климаттын өзгөрүшүнө каршы адаптациялык программаларды ишке ашыруу чоң мүмкүнчүлүктөрдү ачат.

Талкуулоо жана корутундулоо. Кыргызстан — табигый кооздугу, тоолору, суулары жана биоар түрдүүлүгү менен айырмаланган өлкө. Бирок акыркы ондогон жылдарда экологиялык абал начарлап, олуттуу көйгөйлөр жаралууда. Бул макалада өлкөнүн башкы экологиялык проблемалары, аларды чечүү жолдору жана келечектеги мүмкүнчүлүктөрү каралды.

Биринчи кезекте, Кыргызстанда экологиялык көйгөйлөрдүн негизги булагы — өнөр жай калдыктары, кен казуу иштери, транспорттун көбөйүшү жана калктын жашоо турмушунун өзгөрүшү. Айрыкча Климаттын глобалдык өзгөрүшүнүн таасиринен улам мөңгүлөрдүн тез эрип кетиши, экстремалдуу аба ырайынын көбөйүшү, таштандылардын туура эмес башкарылышы, пластик жана катуу калдыктардын көбөйүшү да маанилүү маселеге айланды.

Экинчиден, абанын жана суунун булганышы — ири шаарлар үчүн өзгөчө актуалдуу. Бишкек жана Ош сыяктуу шаарларда автоунаалардын көбөйүшү, турак жайларды көмүр менен жылытуу, заводдордун эмиссиясы — абанын сапатын начарлатып, адамдын ден соолугуна коркунуч жаратып жатат. Суунун булганышы болсо айыл чарба химикаттарынын, таштанды агындыларынын жана сууну рационалдуу пайдаланбоонун натыйжасында пайда болууда.

Үчүнчүдөн, токойлордун кыскарышы жана жайыттардын деградациясы экосистемага чоң зыян алып келүүдө. Мал чарбачылыгынын контролсуз өсүшү, жаратылыш ресурстарын туура эмес пайдалануу жаратылыштын табигый балансын бузуп жатат. Мындай көрүнүштөр климаттын өзгөрүшүнө да өбөлгө түзүүдө.

Бул көйгөйлөрдү жоюу үчүн комплекстүү жана улуттук деңгээлдеги иш-аракеттер керек. Биринчиден, мыйзамдык база күчтөндүрүлүп, айлана-чөйрөнү коргоо боюнча эл аралык стандарттарга ылайык экологиялык көзөмөл күчөтүлүшү зарыл. Экинчиден, калк арасында экологиялык билим берүү жана аң-сезимди жогорулатуу маанилүү. Үчүнчүдөн,

таштандыларды кайра иштетүү, жашыл энергетика (мисалы, күн жана шамал энергиясы), сууну үнөмдүү пайдалануу сыяктуу технологиялар киргизилиши керек. Айрыкча жаштар арасында “жашыл” жашоо образын жайылтуу келечектүү багыт болуп саналат.

Келечекте Кыргызстан туруктуу өнүгүүнү камсыз кылып, экология менен экономиканы тең салмактап, экотуризм, кайра жаралуучу энергия жана таза айыл чарба тармактарын өнүктүрүү аркылуу экологиялык кризистен чыгууга жөндөмдүү. Бул үчүн өкмөттүн, жарандык коомдун жана эл аралык уюмдардын тыгыз кызматташуусу талап кылынат.

Жыйынтык

Жыйынтыктап айтканда, Кыргызстан экологиялык көйгөйлөрдүн курчушу алдында турат. Бирок бул көйгөйлөрдү убагында чечсе жана туруктуу өнүгүүгө багыт алынса, өлкө жаратылыш байлыктарын сактап, экологиялык коопсуздукту камсыздай алат. Экологиялык көйгөйлөр Кыргызстандын келечеги үчүн олуттуу коркунуч туудурат.Өлкө жетекчилигинин, жарандык коомдун жана эл аралык коомчулуктун биргелешкен аракеттери гана экологиялык кризисти жеңүүгө өбөлгө түзөт.Ар бир жарандын салымы маанилүү – экологияны сактоо жалпы милдет

Колдонулган адабияттар

1. Боконбаев К. Дж., Дылдаев М.М. Экологические проблемы города Бишкек. – Бишкек, 2008. – 124 с.
2. 10 ведущих причин смерти в мире // ВОЗ. Вопросы здравоохранения. – 2020. – 09.12. – URL: https://www.who.int/ru/news-room/ fact-sheets/detail/the-top-10-causes-of-death (дата обращения 13.07.2023).
3. Автомобильный транспорт и дорожное хозяйство: цифры и факты / Национальный статистический комитет Кыргызской Республики.– 2020.–23.10.–URL:http://www. stat.kg/ru/news/avtomobilnyj-transport-i-dorozhnoe-hozyajstvo-cifry-i-fakty/ (дата обращения 12.04.2023)
4. Генеральная схема газоснабжения и газификации Кыргызской Республики до 2030 года // ОсОО «Газпром Кыргызстан». – 2023. – 01.08. – URL:https://kyrgyzstan.https://kyrgyzstan.gazprom.ru/ about/project/genshema/ (дата обращения 02.04.2023).
5. Кыргызстан в цифрах. Статистический сборник / Национальный статистический комитет Кыргызской Республики. – Бишкек: Национальный статистический комитет, 2022. – 365 с.
6. Хондратьева К.Я. «Ключевые проблемы глобальной экологии» М. 1990г
7. Орлова М. Не только пробки. Как машины медленно убивают горожан // Информационное агентство 24.kg. – 2022. – 28.02. – URL:https://24.kg/ /obschestvo/225593_nenbsptolkoprobki_kak_mashinyi_medlenno_ubivayut_gorojan/ (дата обращения 12.04.2023).
8. В.В. Ковальчук «Экологические последствия деятельности человека» Москва 2022
9. В.Р. Битюкова «Социально-экологические проблемы развития городов» Москва 202

УДК: 4: 582.14

БАТКЕН АЙМАГЫНДАГЫ ХУРМАЛАРДЫН (Diospyros L.) КЕҢИРИ ТАРАЛГАН СОРТТОРУНУН КӨП ЖЫЛДЫК САБАКТАРЫНЫН ТҮЗҮЛҮШҮ

СТРОЕНИЕ МНОГОЛЕТНЕЙ ДРЕВЕСИНЫ ШИРОКОРАСПРОСТРАНЕННЫХ СОРТОВ ХУРМЫ ((Diospyros L.) БАТКЕНСКОГО РЕГИОНА

STRUCTURE OF PERRENIALS WOOD OF COMMON VARIETIES OF PERSUME ((Diospyros L.) OF THE BATKEN REGION

Саттарали кызы Айдана

Саттарали кызы Айдана

Sattarali kyzy Aidana

магистрант, Ош мамлекеттик университети

магистрант, Ошский государственный университет

master's student, Osh State University

БАТКЕН АЙМАГЫНДАГЫ ХУРМАЛАРДЫН (Diospyros L.) КЕҢИРИ ТАРАЛГАН СОРТТОРУНУН КӨП ЖЫЛДЫК САБАКТАРЫНЫН ТҮЗҮЛҮШҮ

Аннотация

Макала хурмалардын (Diospyros L.) кеңири тараган төмөнкү сортторунун: Томпон хурмасы, бычье сердце, ромашка хурмасы жана Россиянка хурмаларынын көп жылдык сабактарынын структуралык өзгөчөлүктөрүн изилдөөгө арналган. Изилдөөнүн жыйынтыгы иликтенген сорттордун багбанчылык райондордо салыштырмалуу бирдей эле шарттарда өстүрүлүп, бирдей эле шарттарда кездешкендигине карабастан изилденген органдын сандык көрсөткүчтөрү боюнча айырмаланарын көрсөттү. Томпон Б сорту белгилүү аянт бирдигиндеги түтүктөрдүн көп саны менен айырмаланса, Россиянка сорту, тескерисинче, аянт бирдигиндеги аз сандагы түтүктөрдүн кездешиши менен айырмаланды. Калган сорттор бул эки сорттун ортосундагы аралык орунду ээлешет. Изилденген сорттордо түтүктөрдүн аянт бирдигиндеги саны менен алардын диаметрлеринин ортосунда коррелятивдик байланыш бар экендиги белгиленди –аянт бирдигиндеги түтүктөрдүн санынын көп болушу алардын диаметрлеринин кичине болушу менен мүнөздөлөт жана тескерисинче. Бул жашаган чөйрөнүн шарттарына ыңгайлануунун жолдору ар түрдүү болорун көрсөтөт.

***Ачкыч сөздөр**. Хурманын сорттору, көп жылдык сабак, түтүктөр, либриформ булалары, өзөк нурлары, паренхима*.

СТРОЕНИЕ МНОГОЛЕТНЕЙ ДРЕВЕСИНЫ ШИРОКОРАСПРОСТРАНЕННЫХ СОРТОВ ХУРМЫ ((Diospyros L.) БАТКЕНСКОГО РЕГИОНА

Аннотация

Статья посвящена структурным особенностям многолетней древесины широкораспространенных 4 сортов хурмы (Diospyros L.): хурма Томопон Б, бычье сердце, хурма ромашка и Россиянка. Установлено, что изученные сорта встречаются в основном в культуре и выращиваются в более или менее благоприятных орощаемых местах региона. Тем не менее приспособительные признаки многолетней древесины отличаются количесивенными показателями. Среди изученных сортов сорт Томпон Б отличается многочисленными просветами сосудов на единицу площади древесины, а Россиянка, наоборот, малым числом сосудов. Остальные виды занимают промежуточное положение между ними. Установлено, что между числом просветов и диаметрами просветов имеется коррелятивная связь – у сортов с большим числом сосудов на единицу площади диаметр просветов узкий, и, наоборот. Это показывает о неодинаковой пути приспособления их к условиям места обитания.

***Ключевыфе слова.** Сорта хурмы, многолетняя древесина, сосуды, волокна либриформа, сердцевинные лучи, паренхима*.

STRUCTURE OF PERRENIALS WOOD OF COMMON VARIETIES OF PERSUME ((Diospyros L.) OF THE BATKEN REGION

Annotation

The article is devoted to the structural features of perennial wood of 4 widespread varieties of persimmon (Diospyros L.): Tomopon B persimmon, ox heart, chamomile persimmon and Rossiyanka. It has been established that the studied varieties are found mainly in cultivation and are grown in more or less favorable irrigated areas of the region. Nevertheless, the adaptive characteristics of perennial wood differ in quantitative indicators. Among the studied varieties, the Tompon B variety is distinguished by numerous vascular openings per unit area of wood, and Rossiyanka, on the contrary, by a small number of vessels. The remaining species occupy an intermediate position between them. It has been established that there is a correlative relationship between the number of lumens and the diameters of the lumens - in varieties with a large number of vessels per unit area, the diameter of the lumens is narrow, and vice versa. This shows the different ways in which they adapt to the conditions of their habitat.

Keywords: Persimmon varieties, perennial wood, vessels, libriform fibers, medullary rays, parenchyma.

Актуалдуулугу. Хурма (*Diospyros* L.), анын кээ бир түрлөрү акыркы учурларда баалуу мөмө-жемиш өсүмдүгү катары кеңири өстүрүлө баштап, анын сорттору да көбөйдү. Алар субтропикалык өсүмдүк болуп, Орто Азияда мөмө-жемиш өсүмдүгү катары 20-кылымдын башында пайда боло баштаган. Маданий өсүмдүк катары хурманын 3 түрүнүн (*Diospyros kaki Thunb.,* L., *D. lotus* L. жана *D. Virginiana* L.) сорттору кездешет. Аталган түрлөрдүн ичинен Кыргызстанда чыгыш хурмасынын (*Diospyros kaki*) сорттору кеңири таралган. Жергиликтүү элдер хурманын шоколад хурма, ромашка, лимондуу, мандарин хурма жана Кавказ хурмалары деп аталган формаларын өстүрүшөт. Акыркы учурларда хурма мөмөсүнүн тутуму, анын аш болумдуулугу тууралуу маалыматтар көбөйүүдө. Мөмөсүнүн курамында 17-20% глюкоза жана фруктоза кездешет. Ошондой эле көпчүлүк туздардын (натрий, калий, магний,

калций жана темир) иондору да бар деп эсептелет. Адабий булактарга таянсак, хурманын мөмөсү тамак сиңирүү трактына, боорго пайдалуу, көрүү жөндөмдүүлүгүн жакшыртууга жардам берет, терини нормалдаштырат.

Жумуштун максаты: Баткен областындагы хурмалардын кээ бир сортторунун көп жылдык сабактырынын түзүлүштөрүн салыштырмалуу изилдөө.

Изилдөөнүн милдеттери: -Баткен облусунда кеңири таралган хурмалардын сортторунун морфологиялык айырмалоочу белгилерин аныктоо;

-Изилденген сорттордун көп жылдык сабактарынын салыштырмалуу анатомиялык анализи;

-Алынган маалыматтар боюнча хурмалардын экологиялык шарттарга ыңгайлашуу белгилерин аныктоо;

Изилдөөнүн обьектиси жана методдору. Изилдөө Кыргызстандын Баткен облусуна караштуу аймактарда өстүрүлгөн хурмаларга жүргүзүлдү. Хурмалардын 4 кеңири таралган сортторунан: Томпон Б, бычье сердце, ромашка жана Россиянкалардын көп жылдык сабактары иликтенди. 1) Биздин өлкөдө хурмалардын *Diospyros kaki* түрүнүн сорттору көп кездешет.

Изилдөөнүн материалы болуп Түштүк Кыргызстанда, тактап айтканда, Баткен облусунун Кадамжай жана Баткен райондорунан хурманын 4 сортторунун көп жылдык сабактары жыйналды. Жыйналган материалдар хурма даректарынын көп жылдык сабактарынан жерден 50-70 см бийиктиктен алынды. Көп жылдык сабактардын үлгүлөрүнөн препараттар 3 багытта: туурасынан, узунунан тангенталдык жана узунунан радиалдык багыттарда жалпы методика боюнча кесип даярдалды (2) Сабактардын анатомиялык параметрлерин салыштыруу үчүн тиешелүү белгилери 5-10 жолу МОВ-1-15 окуляр микрометринин жардамында ченелди. Алынган маалыматтарды тиешелүү өлчөө бирдиктерине айландырып, эсептелди жана таблицага түшүрүлдү. Сүрөттөр Redmi уюлдук телефону аркылуу тартылып алынды.

Хурмалардын вегетативдик органдарынын анатомиялык түзүлүшүнө арналган илимий эмгектер жокко эсе. Бизге учураган адабияттык маалыматтар негизинен хумаларды интродукциялоого, түрдүк өзгөчөлүктөрүнө, айрым гана авторлор хурмалардын таксономиялык маселелерине [3], физиологиялык өзгөчөлүктөрүнө, түшүмдүүлүгүнө, жалбыректардын, тамырларынын морфологиялык белгилерине арналган [1; 4; 5; 6; 7].

Изилдөөнүн жыйынтыктары. Хурмалардын көп жылдык сабактарынын анактомиялык түзүлүшү изилденген сорттордо жалпысынан окшош түзүлүшкө ээ. Алар негизинен түтүктөрдөн, либриформ булаларынан, өзөк нурларынан жана вертикалдык паренхимадан турат (1-сүрөт).



А



Б В

1- сүрөт. *Томпон Б сортунун көп жылдык сабагынын түзүлүшү: А- туурасынан кесилиши, Б- тангенталдык, В- радиалдык багыттардагы кесилиштери. Т -түтүк, Л-либриформ буласы, ВП-вертикалдык паренхима, СЛ- өзөк нурлары.*

Сабак чачылган түтүктүү типтеги түзүлүштө болот да жылдык шакектердин чек арасы начар байкалган болот. Түтүктөрдүн жайгашуусу негизинен жеке-жеке, кээде радиалдык багыттагы катарларды пайда кылышат. Мындай топ жайгашкан түтүктөр кээде тыгыздалып, бир бүтүн боочону элестетет. Либриформ булалары орточо калыңдыктагы клеткалык кабактары менен болот да сабактын көп бөлүгүн ээлейт. Өзөк нурлары 1-3 катар клеткалардан турат. Бирок көбүнчө 1 катарлуу нурлар үстөмдүк кылат. Көп катарлуу өзөк нурлары линза формасында болуп, кээде жакындашкан нурлар да учурайт. Өзөк нуралынын бийиктиги 2 катмардан 12-14 кө чейин жетет. Өзөк нурлары түтүктөргө туш келип калган учурларда ийилип өтүшөт. Вертикалдык паренхима өтө аз, негизинен түтүктөрдүн айланасында жайгашкан. Изилденген сорттодун көп жылдык сабактары сандык көрсөткүчтөрү менен айырмаланышат (таблица).

Таблица. *Хурманын кээ бир сортторунун көп жылдык сабактарынын анатомиялык көрсөткүчтөрү*

К №	Сорттор	1 мм^2 түтктөрдүн саны	Түтүктөрдүн диаметрлери, мкм	Өзөк нурлары			
				Бийиктиги		Кеңдиги	
				клеткалар	мкм	клеткалар	мкм
1	Томпон Б	57	85	4-10	235	1-3	49
2	Бычье сердце	32	108	2-14	213	1=3	42
3	Ромашка	46	107	29	244	1=3	32
4	Россиянка	29	70	2-12	222	1-2	34

Таблицадан көрүнүп тургандай, көп жылдык сабактардын анатомиялык көрсөткүчтөрү изилденген сорттордо бир топ кескин айырмаланышат: 1 мм ^{2} аянттагы түтүктөрдүн саны Томпон Б сортунда эң көп учураса, эң аз сандагы түтүктөр Россянка сортунда байкалды. Калган эки сорт бул көрсөткүч боюнча аралык орунду ээлешет. Түтүктөрдүн диаметрлери өтө чоң көрсөткүчтү Бычье сердце (108 мкм) жана ромашка (107 мкм) көрсөтсө, эң кууш түтүктөр россиянка сортунда (70 мкм) учурады. Бул жерде түтүктөрдүн диаметри менен алардын 1 мм^2 санынын ортосунда коррелятивдик байланыш байкалат: белгилүү аянт бирдигинде саны көп түтүк болгон сорттордо алардын саны аз жана тескерисинче, аянт бирдигинде саны аз болгон сорттордо түтүктөрдүн саны көп экендиги такталды. Өзөк нурлары негизинен түз жайланышып, түтүктөргө туш келсе азыраак болсо да ийилип өтөт. Нурлар анчалык бийик эмес: иликтенген сорттордо алардын клеткаларынын катмары 12-14 төн ашпайт. Мындай нурлардын бийиктиги 231- 244 мкм дин айланасында болот, б.а., анчалык чоң айырачылыктарды бербейт. Нурлар бир - үч катардан турат да 32 мкм дан 49 мкм га чейин өзгөрөт. Вертикалдык паренхима өтө жарды, анын клеткалары негизинен түтүктөрдүн айланасында топтолгон.

Жыйынтыктар. Хурмалардын кеңири таралган 4 сортторунун көп жылдык сабактарынын түзүлүштөрүн салыштыруудан төмөндөгүлөрдү белгилөөгө болот. Сабак бирдей эле элементтерден турат да сорттордо алар сандык көрсөткүчтөр менен гана айырмаланышат. Бул иликтенген сорттор хурмалардын бир гана түрүнөн тандоо жолу менен чыгарылган сорттор экендигин эске алса, бул закон ченемдүү көрүнүш. Ал эми сабактын түзүлүшүндөгү айырмачылыктар изилдөө үчүн алынган сорттордун жаштарынын ар түрдүүлүгү, азыркы өсүп турган жерлеринин шарттарынын бирдей эместиги менен түшүндүрүлүшү мүмкүн. Жалпыга белгилүү болгондой, көп жылдык сабактардын ички түзүлүшү консервативдүү болот да сапаттык чоң өзгөрүүлөрдүн болушу сейрек кубулуш болот. Демек, алардын жашоо шарттары негзинен окшош дешке болот. Байкалган сандык айырмачылыктар изилдөө үчүн алынган сорттун жаштык айырмачылыктары менен байланыштуу болушу мүмкүн.

Адабияттар

1. Габибов, Т. Г. (2012). Р*ост и плодошения интродицурованных сортов хурмы восточной в Южном Дагестане*" /Дисс. канд. с.х.наук. Махачкала. 23 с.
2. Гаммерман, А.Ф., Никитин А.А., Николаева А.Т. (1946). Определитель древесин по микроскопическим признакам. М.: Л.: Изд-во АН СССР. 143 с.
3. Жизнь растений, т. 5 (2). (1981). Под ред. А.Л.Тахтаджяна. М..с. 101-103.
4. Гулов, С.М. (1998). *Физиологические особенности субтропических культура в условиях Таджикистана.* Дисс. д-ра наук. Душанбе, 339 с.
5. Орипов, А. (2013). Хурмо етиштириш технологиясы. Тошкент. С.56.
6. Сурхаев, Г.А., Сурхаев, Г.М. (2018). Продукционный потенциал хурмы виргинской в листосборных насаждениях. Научное обозрение. Биологические науки. № 2. С. 21-26.
7. Черняев, В.П. (2012). Культура хурмы в Крыму и на Юге Украине. Киев. с. 104-108.

УДК: 338.48

РАСТИТЕЛЬНЫЙ МИР СЕВЕРНОГО СКЛОНА АЛАЙСКОГО ХРЕБТА И ИХ ТУРИСТСКОЕ ЗНАЧЕНИЕ

АЛАЙ КЫРКА ТООСУНУН ТҮНДҮК КАПТАЛЫНДАГЫ ӨСҮМДҮКТӨР ДҮЙНӨСҮ ЖАНА АЛАРДЫН ТУРИСТТИК МААНИСИ

THE FLORA OF THE NORTH SLOPE OF THE ALAY RIDGE AND ITS TOURISTIC VALUE

Сеитова Минавархан Усеновна
Сеитова Минавархан Усеновна
Seitova Minavarkhan Usenovna
ст. преподаватель Кыргызский государственный университет им. Арабаева
улук окутуучу, И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети,
senior lecturer, Kyrgyz State University
them. I. Arabaeva
sminavar@list.ru
ORCID: 78366616

Токталиева Гульнура Раимбековна
Токталиева Гульнура Раимбековна
Toktalieva Gulnura Raimbekovna
ст.преподаватель, Кыргызский государственный университет им. Арабаева
улук окутуучу, Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
senior lecturer, Kyrgyz State University
them. I. Arabaeva
toktoalieva1975@mail.ru
ORCID:0009-000688933543

Акжолтоева Рахимбюбю
Акжолтоева Рахимбюбю
Akzholtoeva Rahimbyuby
ст. преподаватель, Кыргызский государственный университет им. Арабаева
улук окутуучу Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
senior lecturer, Kyrgyz State University them. Arabaeva
ORCID:0009000-7770-9198

РАСТИТЕЛЬНЫЙ МИР СЕВЕРНОГО СКЛОНА АЛАЙСКОГО ХРЕБТА И ИХ ТУРИСТСКОЕ ЗНАЧЕНИЕ

Аннотация

В статье представлены результаты исследований по растительного мира Памиро-Алайского хребта, их морфологические особенности тесно связаны с природно-климатическими условиями местности. Весь видовой, родовой и семейственный состав растений исторически сформировался на данной территории. В статье также рассмотрены условиях высокогорья, поясовая дифференцированность растительного мира, которые играют важную роль в экосистеме региона.

Этот регион привлекает внимание исследователей мирового научного сообщества, также туристов своей уникальной растительностью, которая адаптировалась к экстремальным условиям высокогорья.

Ключевые слова: горные хребты, Алайские горные хребты, адаптация к горным условиям, климатические условия, пояса, флоры, функция, экологические условия, фитоценоз,ландшаф,растительность, поясность, влажность.

АЛАЙ КЫРКА ТООСУНУН ТҮНДҮК КАПТАЛЫНДАГЫ ӨСҮМДҮКТӨР ДҮЙНӨСҮ ЖАНА АЛАРДЫН ТУРИСТТИК МААНИСИ

Аннотация

Алай кырка тоосунун тундук капталындагы өсүмдүктөр дүйнөсүнүн морфологиялык өзгөчөлүктөрү аймактын табигый-климаттык шарттары менен тыгыз байланышта. Бул аймакта өсүмдүктөрдүн бардык түрлөрү, уруулук жана үй-бүлөлүк курамы тарыхый жактан калыптанган. Макалада ошондой эле бийик тоолуу шарттар, аймактын экосистемасында маанилүү роль ойногон өсүмдүктөр дүйнөсүнүн белдүү дифференциациясы каралган. Бул аймак дүйнөлүк илимий коомчулуктун изилдөөчүлөрүнүн, ошондой эле бийик тоолуу экстремалдык шарттарга ыңгайлашкан уникалдуу өсүмдүктөрү менен туристтердин көңүлүн бурат.

Ачкыч сөздөр: тоо кыркалары, Алай тоо кыркалары, тоо шарттарына ыңгайлашуу, климаттык шарттар, алкактар, флоралар, функция, экологиялык шарттар,фитоценоз,ландшаф, өсүмдүктөр, Бел, нымдуулук.

THE FLORA OF THE NORTH SLOPE OF THE ALAY RIDGE AND ITS TOURISTIC VALUE

Annotation

The morphological features of the flora of the northern slope of the Alai range are closely related to the natural and climatic conditions of the region. Historically, all kinds of plants, tribal and family composition have developed in this region. The article also examines the conditions of the highlands, the lumbar differentiation of the flora, which plays an important role in the ecosystem of the region. This area attracts the attention of researchers from the world scientific community, as well as tourists with its unique plants that adapt to the extreme conditions of the highlands.

Keywords: kyrkalary llp, Alai kyrkalary, shartaryna ylayiktashuu llp, klimattyk sharttar, zhashoo choirlor, Flora, function, ecologiyalyk sharttar, phytocenosis, landscape, osumduktor, zonalyk bolustur, nimduuluk.

Введение

Горные хребты Памира, расположенные в Центральной Азии, являются одними из самых высоких и сложных в мире. В последнее десятилетие исследования нескольких научных центров Кыргызской Республики были сосредоточены на этой проблеме.Кыргызстан – горная страна. Более 90% общей площади республики занимают горы. Постилаясь на многие тысячи километры, горы отделяют Кыргызстан от таких соседних государств, как Таджикистан, Узбекистан, Казахстан, Китай, выполняя тем самым функцию естественной границы. Таким образом, горы имеют стратегическое, политическое, экономическое, экологическое значения для Кыргызстана.

Горные хребты Алая, расположенные на юге страны относятся к горной системе Памира. Самая высокая точка горных хребтов Алая достигает до 5539 м высоты. Алайский горный хребет расположен между долинами Фергана и Алай. Первые исследования Ферганской долины, Алайских хребтов были совершены еще при царской России. Представителями русского географического общества были совершены множество путешествий в Среднюю Азию, в частности в Алайскую долину. Один из путешественников, посетивших Алай, Е.Л. Марков пишет: «…За Ошем открывается красивый вид на Улькан-Тау, Алтын-Казык и весь Малый Алай, сияющий среди синего неба зубчатыми пирамидами свих снеговых вершин. …воздух делается заметно свежее и не томит своим раскаленным дыханием. Зеленые холмы

волнуются кругом, кое-где вспаханные под богару, то есть яровые посевы, не орошаемые арыками, увлажаемые единственно весенним дождем. Дальше прекращается богара, стелются одни травянистые пастбища. Попадаются кое-где кишлачки и зимовники киргизов. Зимовник – это обыкновенно опустевший загон» [Марков Е.Л. Россия в Средней Азии: Очерки путешествия по Закавказью, Туркмении, Бухаре, Самаркандской, Ташкентской и Ферганской областям, Каспийскому морю и Волге. – Спб., 1901]. Первые сведения об Алае принадлежат именно этим путешественникам-исследователям.

С точки зрения видообразования горы являются важной по значению территорией. Разнообразие климатических условий приводит к образованию различных видов растительности. Горы выполнят функцию распространителя видов на протяжении многих тысяч километров. Поэтому, растительный мир в горах разнообразен. Это зависит от следующих факторов: расположение склонов по отношению к солнцу, ветра, накопления снега, атмосферных процессов и других климатических характеристик. В зависимости от подобных климатических условий, растения адаптируются к жизни в горах. Об адаптации растений к горным условиям говорил А. Гумбольдт. Как известно, первые попытки выявить общие закономерности во влиянии климата на растительность земного шара принадлежат немецкому естествоиспытателю (A. Views of Nature, Or, Contemplations on the Sublime Phenomena of Creation: With Scientific Illustrations Его труды (1807)), которые положили начало развитию нового направления в науке – биогеографии.

Произрастая в неодинаковых условиях растения образуют различные растительные общества (фитоценозы), обуславливая ландшафтное разнообразие [Яковлев Г.П., Челомбитько В.А. Ботаника. М.: Высшая школа, 1990, -С.15.]. Своеобразен растительный мир Кыргызстана. Так как основную часть территории республики занимают горы, виды растений определяются высотой, на которой они произрастают. Растительный мир играет важную роль в развитии туризма, как природного ландшафта, так и в качестве объекта интереса для туристов. Он является одним из важнейших компонентов природы, определяющим общий вид территории, и может существенно влиять на ее живописность и привлекательность. Растительность также является важным ресурсом для различных видов туризма, таких как экологический туризм (экотуризм) и другие формы путешествий, связанные с природой. Туризм оказывает как положительное, так и отрицательное влияние на растительность. Негативное воздействие включает вытаптывание, эрозию почвы, потерю естественной среды обитания и изменение видового состава растений. Положительное влияние может проявляться в увеличении финансирования охраны природы и создании стимулов для сохранения растительности.

Актуальность темы. Растительный мир - это совокупность дикорастущих растений, их популяций, растительных сообществ и насаждений, играющих важную роль в экосистемах и жизни человека. Актуальность растительного мира связана с его влиянием на климат, поддержанием биоразнообразия, обеспечением пищи и лекарств, а также с влиянием человека на растительный мир. Леса и другие растительные сообщества регулируют водные циклы, предотвращают эрозию почвы и обеспечивают местообитания для различных видов животных.

Актуальность темы обусловлена следующими факторами:

Климатические особенности. От количества света, тепла и влаги зависит, какие виды растений будут преобладать в конкретной местности.

Географическое расположение. От него зависит количество солнечного света, попадающего на ту или иную область Земли.

В зависимости от рельефа могут меняться почвенные, климатические и другие экологические факторы, что также влияет на растения.

Свойства почв. Каждая почва имеет свои свойства, которые могут подойти или не подойти конкретным растениям.

Способность приспосабливаться к антропогенным факторам. Низкодифференцированные растения лучше приспосабливаются к последствиям человеческой деятельности, что позволяет им сохранять своё место под солнцем.

Цели и задачи исследования

Цель исследования: сохранение и восстановление, реабилитация, устойчивость лесов,для повышения продуктивности, защитных и рекреационных функций выбор приоритетных направлений на будущее.

Задачи исследования:

- социально-экономическое развитие региона, стабилизацию климата,
- решение проблем лесных экосистем (природных, а также искусственно созданные), которые способствуют устойчивому функционированию**.**
- сохранение природного биоразнообразия северного склона Алайского хребта.
- разработать комплекс необходимых мер по восстановлению и сохранению.

Выводы

1.Привлекать туристы особое значение имеют сухие светлые леса, такие как сосновые боры или дубравы, которые являются одними из самых привлекательных мест для туризма.

2.Растительный мир необходимо охранять и рационально использовать, чтобы сохранить его как важный природный ресурс для туризма и для будущих поколений.

3. Охрана природы и природных ресурсов становится выгодной для местного населения.

4. Организация экскурсий по уникальным природным объектам, посещение заповедников и национальных парков.

5.Знакомство с флорой и фауной, а также культурными и историческими достопримечательностями.

Использованная литература

1. Ботбаева М.М. Ботаника. I-II части, Бишкек 2015
2. Грин Н., Стаут У., Тейлор Д. Биология. М.: Мир, 1990.
3. Марков Е.Л. Россия в Средней Азии: Очерки путешествия по Закавказью, Туркмении, Бухаре, Самаркандской, Ташкентской и Ферганской областям, Каспийскому морю и Волге. – Спб., 1901.
4. Петров В.В. Растительный мир нашей Родины. М.: Просвещение. 1981.
5. Рейан П., Эверт Р., Айкхорн С. Современная ботаника. М.: Мир, 1990.
6. Яковлев Г.П., Челомбитько В.А. Ботаника. М.: Высшая школа, 1990
7. Космынин А.В. Комплексное использование арчовых лесов Южного Кыргызстана // Рекомендации по вопросам Лесн.хоз-ва Кыргыз.Респ.Сер.Научн.Изд. Ин-та леса и ореховодства НАН КР. №1.-Бишкек,1999.С.40-42.
8. Материалы лесоустройства. Инвентаризация земель Ноокатского опытного хозяйства- Алма-Ата: 1989.С.2-18.
9. Мусуралиев Т.С. Эколого-лесоводственные основы сохранения и устойчивого развития лесов Кыргызстана: Автореф.канд.биол.наук 03.00.16. Межвед.дис.совет.Д.03.04.224. Бишкек:-2004,-22с.
10. Мухамедшин К.Д. Можжевеловые леса и редколесья Тянь-Шаня и их лесохозяйственное значение: Автореф .дис.док.биол.наук.-Алма-Ата,1970.-54с.
11. Никитинский Ю.И. Арчевники Ноокатского лесничества.(Бассейна рек.Киргиз-Ата и Чийли). – Фрунзе : изд-во АН Кирг.ССР,1960.-164с.
12. Рекомендации по отбору и учету плюсовых деревьев и насаждений, постоянных лесосеменных участков, заготовке, переработке и хранению шишек и семян ели тянь-шаньской в Нарынской области.-Фрунзе:Б.И.,1975.-442с.
13. Рязанцева З.А. Климат //природа Киргизии.-Фрунзе,1962.-С.106-134.
14. Ткаченко В.И. Деревья и кустарники дикорастущей флоры Киргизии и их интродукция.-Фрунзе: Илим,1972.-346с.

15. Сеитова М.У «Экологическая оценка современного состояния растительности ущелья Кыргыз-Ата северного Алайского хребта». Вестник Выпуск -2. Бишкек 2002
16. Выходцев И.В. Растительность пастбищ сенокосов Киргизской ССР.Фрунзе Издательство АН Кирг.ССР 1956г.
17. Мамытов А.М. Почвы Киргизии Из-во АН Кирг-ССР 1964г.

УДК: 598.296.4 (911.3)

ОВСЯНКОВЫЕ ПТИЦЫ (EMBERIZIDAE), ОБИТАЮЩИЕ В ГОРОДЕ ОШ

ОШ ШААРЫН БАЙЫРЛАГАН ДУМБУЛ (EMBERIZIDAE) СЫМАЛ КУШТАР

EMBERIZIDAE LIVING IN THE CITY OF OSH

Стамалиев Кутманалы Ыманалиевич
Стамалиев Кутманалы Ыманалиевич
Stamaliev Kutmanaly Ymanalievich
к.б.н., доцент, Ошский государственный университет
б.и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети
Candidate of Biological Sciences, Associate Professor, Osh State University
stamaliev@oshsu.kg
ORCID: 0009-0004-1106-050X

Доолотова Гулипа Осконбаевна
Доолотова Гулипа Осконбаевна
Doolotova Gulipa Oskonbaevna
старший лаборант, Ошский государственный университет
Улук лаборант, Ош мамлекеттик университети
Senior laboratory assistant, Osh State University

Бегматов Акматбек Токтосунович
Бегматов Акматбек Токтосунович
Begmatov Akmatbek Toktosunovich
преподаватель, Ошский государственный университет
окутуучу, Ош мамлекеттик университети
lecturer, Osh State University

Медербек кызы Мээримгүл
Медербек кызы Мээримгүл
Mederbek kyzy Meerimgul
магистр, Ошский государственный университет
магистр, Ош мамлекеттик университети
master, Osh State University

ОВСЯНКОВЫЕ ПТИЦЫ (EMBERIZIDAE), ОБИТАЮЩИЕ В ГОРОДЕ ОШ

Аннотация

Урбанизация - это процесс, при котором население переселялось в городскую среду, а города расширялись в пространственном, социальном и экономическом плане. Изучение урбанизации и её воздействия на окружающую среду является предметом множества наук (биологических, социальных и географических). Необходимость комплексной оценки влияния процесса урбанизации на биологическое разнообразие и позвоночных животных, особенно на пространственную организацию популяций птиц, показывает актуальность данной статьи. Изучение фауны, играющей важную роль в обеспечении экологического баланса и устойчивости городских экосистем, и сохранение их биоразнообразия являются одними из важнейших направлений мероприятий по охране природы. Таким образом, в этой научной статье представлены результаты орнитологических исследований, проведённых на территории города Ош, одного из крупнейших городов Кыргызстана. В условиях усиливающегося процесса урбанизации на территории города Ош было исследовано видовое разнообразие и распространения овсянковых (Emberizidae) птиц. Количественные показатели и процентное соотношение овсянковых (Emberizidae) птиц, в исследуемых биотопах были обобщены с помощью статистических расчётов. В результате, для исследуемых овсянковых (Emberizidae) птиц, были определены благоприятные биотопы: одно- и двухэтажные жилые дома, сельскохозяйственные угодья и степные экосистемы, с количественными показателями от 223 до 510 особей на 1 км². Доля доминирующих видов среди всех зарегистрированных видов составила 71,93±1,69 и 82,32±1,72 по количественным показателям.

***Ключевые слова**: урбанизация, популяция, экологический баланс, зооценоз, городская экиситема, авифауна, овсянковые, экстраполяция, биотоп, статистический расчёт, доминант, субдоминант*.

ОШ ШААРЫН БАЙЫРЛАГАН ДУМБУЛ (EMBERIZIDAE) СЫМАЛ КАНАТТУУЛАР

Аннотация

Урбанизация - бул калктын шаардык чөйрөгө көчүп келүүсү жана шаарлардын мейкиндик, социалдык, экономикалык кеңейиши. Урбанизация жана анын айлана-чөйрөгө тийгизген таасирлерин изилдөө көптөгөн илимдердин предметин түзөт (биологиялык, коомдук жана географиялык). Урбанизация процессинин биологиялык артүрдүүлүккө жана омурткалуу жаныбарларга, айрыкча канаттуулардын популяциясынын мейкиндик уюшулушуна тийгизген таасирлерин комплекстүү баалоо жүргүзүү зарылчылыгынын келип чыгышы бул макаланын актуалдуулугун көрсөтөт. Экологиялык баланс жана шаардык экосистемалардын туруктулугун камсыздоодо маанилүү роль ойногон фаунаны изилдөө жана алардын биоартүрдүүлүгүн сактоо жаратылышты коргоо иш-чараларынын маанилүү багыттарынын бири. Андыктан, бул илимий макалада Кыргызстандагы эң ири шаарлардын бири болгон Ош шаарынын аймагында жүргүзүлгөн авифауналык изилдөөлөрдүн жыйынтыктары берилди. Ош шаарынын аймагында урбанизация процесси күчөп турган мезгилде, шаардын аймагын байырлаган думбул (Emberizidae) сымал канаттуулардын түрдүк курамы жана биотоптор боюнча таралуу жыштыгы изилденген. Изилденген биотоптор боюнча думбул сымал канаттуулардын сандык көрсөткүчтөрү жана пайыздык катыштары статистикалык эсептөөлөрдүн жардамы менен жыйынтыкталган. Натыйжада, изилденген думбул (Emberizidae) сымал канаттуулар үчүн жагымдуу биотоптор болуп: бир-эки кабаттуу турак жайлар, айыл-чарба аянттары жана адыр-

EMBERIZIDAE LIVING IN THE CITY OF OSH

Annotation

Urbanization is the process by which populations have moved into urban environments and cities have expanded spatially, socially and economically. The study of urbanization and its impact on the environment is the subject of multiple sciences (biological, social and geographical). The need for a comprehensive assessment of the impact of the urbanization process on biodiversity and vertebrates, especially on the spatial organization of bird populations, shows the relevance of this article. The study of fauna, which plays an important role in the ecological balance and sustainability of urban ecosystems, and the conservation of their biodiversity are among the most important areas of nature conservation activities. Thus, this scientific article presents the results of ornithological research conducted in the territory of the city of Osh, one of the largest cities in Kyrgyzstan. In the conditions of increasing urbanization process in the territory of Osh city, the species diversity and distribution of Emberizidae birds were investigated. Quantitative indicators and percentages of Emberizidae birds in the studied biotopes were summarized using statistical calculations. As a result, for the studied Emberizidae birds, favorable biotopes were identified: one- and two-storey residential buildings, agricultural lands and steppe ecosystems, with quantitative indices from 223 to 510 individuals per 1 km². The proportion of dominant species among all recorded species was 71.93±1.69 and 82.32±1.72 by quantitative indices.

талаалар биотоптору аныкталып сандык көрсөткүчтөрү 1 км2 аянтта 223-510 особдоруна туура келди. Доминанттык абалга ээ болгон түрлөрүнүн пайыздык катыштары - жалпы кездешкен түрлөрүнүн ичинен 71,93±1,69 жана 82,32±1,72 сандык көрсөткүчтөрүнө ээ болгондугу далилденди.

Негизги сөздөр: *урбанизация, популяция, экологиялык баланс, зооценоз, шаар экосистемасы, авифауна, думбул сымалдар, экстраполяция, биотоп, статистикалык эсептөө, доминант, субдоминант.*

Key words: *urbanization, population, ecological balance, zoocenosis, urban ekisitema, avifauna, buntings, extrapolation, biotope, statistical calculation, dominant, subdominant.*

Киришүү

Урбанизация (шаарлашуу) түшүнүгү - коомдун социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрү жана калкты шаарларда жыйнакталышы менен байланышкан тарыхый процесс [5]. Урбанизация - бул калктын шаардык чөйрөгө көчүп келүүсү жана шаарлардын мейкиндик, социалдык, экономикалык кеңейиши [3, 4]. Урбанизация жана анын айлана-чөйрөгө тийгизген таасирлерин изилдөө көптөгөн илимдердин предметин түзөт (биологиялык, коомдук жана географиялык). Глобалдык масштабда шаарлашуу процессинин ылдамдоо масштабы ар кандай коомдук түзүлүштөгү жана экономикалык өнүгүү деңгээли жогору болгон өлкөлөрдү камтыган замандын өзгөчөлүктөрүнүн бири. Дүйнөдөгү өнүккөн өлкөлөрдө шаардык жашоонун жана ишмердүүлүктүн түрлөрү үстөмдүк кылып жаткандыктан табигый ресурстарды коргоо жана сарамжал пайдалануу проблемаларын чечүү маанилүү маселелерге айланууда [1, 2]. Урбанизация процессинин биологиялык артүрдүүлүккө жана омурткалуу жаныбарларга, айрыкча канаттуулардын популяциясынын мейкиндик уюшулушуна тийгизген таасирлерин комплекстүү баалоо жүргүзүү зарылчылыгынын келип чыгышы бул изилдөөнүн актуалдуулугу далилдейт. Экологиялык баланс жана шаардык экосистемалардын туруктуулугун камсыздоодо маанилүү роль ойногон фаунаны изилдөө жана алардын биоартүрдүүлүгүн сактоо жаратылышты коргоо иш-чараларынын маанилүү багыттарынын бири болуп саналат.

Кыргызстандагы эң ири шаарлардын бири болгон Ош шаары акыркы он жылдыкта урбанизациянын өзгөчө бир динамикасын көрсөтүп, калктын табигый өсүшү жана ички миграция менен активдүү кеңейүүдө. Жогоруда аталган көйгөйлөр өз учурунда Жандуу жаратылыштын элементтерине өз таасирлерин тийгизет. Жандуу жаратылыштын өзгөчө бир компоненти болгон канаттуулар дүйнөсү да сырткы чөйрөнүн факторлорун аныктап туруучу индикаторлордон болуп саналат. Андыктан, Ош шаарынын аймагында урбанизация процесси күчөп турган мезгилде, шаардын аймагын байырлаган думбул (*Emberizidae*) сымал канаттууларын изилдеп, жыйынтыктарды чыгаруу маанилүү маселе.

Изилдөө жүргүзүлгөн аймактар жана изилдөө ыкмалары

Ош шаары. Ош облусунун административдик борбору, 1876-жылы шаар болуп түзүлгөн. Аянты-18,5 км^2. Калкынын саны боюнча республикада экинчи орунда. Кыргызстандын түштүк, Фергана өрөөнүнүн чыгыш тарабынан орун алып, Алай тоо кыркасындагы Кичик-Алай кырка тоосунун түндүк этегинде, Ак-Буура дарыясынын чыга беришиндеги Ош-Кара-Суу оазисинде жайгашкан (1-таблица).

1-таблица. *Ош шаарынын физикалык-географиялык шарттары*

№	Шаарлар	Деңиз деңгээлинен бийиктиги *(м* менен*)*	Ландшафттык тилкеси	Жайгашкан өрөөн	Дарыя алабы
1.	Ош	870-1 110*м*	Жарым чөл, климаты: январь -3,5°С, июль +27,7°С. Жаан-чачын-350 *мм.* Субтропикалык алкак, кургак	Ош - Кара-Суу оазиси, кичи Алай кырка тоосунун түндүк этегинде	Ак-Буура, Сыр-Дарыянын куймасы

Шаар экосистемасынын ички структурасы - топурагы, климаты, антропогендик нокстар (химиялык булгоочу заттар же биоциддер), өсүмдүктөрү жана башка тамактык базалардан түзүлгөн биотоптору бири-биринен кескин айырмаланып, өзүнүн биотоптук мүнөзүнө туура келген зооценоздордон турат [6]. Анын ички түзүлүшү: борбордук бөлүк (көп кабаттуу үйлөр, бир-эки кабаттуу турак жайлар, парктар, скверлер, тигилген бак-даректуу тосмолор, дарыялардын, каналдардын жээктери); таштанды аянттары; айыл-чарба аянттары; адырлуу-талаалар чек араларына жана мозаикалык жашоо чөйрөлөрүнө бөлүнөт. Изилденген шаардын ички структурасын классификациялап жети биотопко бөлүп алдык (2-таблица). Биотопторго бириктирүү - канаттууларды изилдөөгө, мониторинг жасоого ыңгайлуулук жаратат. Алынган авифауналык маалыматтарды түштүк Кыргызстандын аймагындагы шаарларга, поселокторго же, урбанизацияланган экосистемаларга экстраполяция кылууга болот.

2-таблица. *Ош шаарынын биотоптук структурасы*

Шаар	№	Биотоптор	Мүнөздөмөсү
Ош	1	Көп кабаттуу үйлөр (К.К.Ү.)	Көп кабаттуу турак-жай комплекстери жана бийик имараттар. Борборлоштурулган жылытуучу системалары, жашыл чөп эгилген аянтчалары, бадалдары даректары бар аймактар. Эдификатор өсүмдүктөр: виржинскийдин арчасы, мажурум тал, ат каштаны, учтуу жалбыректуу клен, америка клену, кайын, кооз катальпа, чынар терек, эмен
	2	Бир-эки кабаттуу турак жайлар (Б.К.Т.Ж.)	Шаардын четтериндеги бир-эки кабаттуу турак жайлар. Алардын айыл, мал-чарба комплекстери, бадал-даректуу бактары, маданий өсүмдүктөрдү өстүрүүчү аянтчалары. Өсүмдүк каптоолору: мырза терек, ак тал, чыгыш биотасы, алма, өрүк, чие, сирень, көп гүлдүү роза, карагат, сирия розасы, жийде
	3	Жашыл аймактар (Ж.А.)	Парктар, скверлер, жол жээгиндеги жашыл токой тилкелери (аллеялар) жана көп жылдык даректар. Эдификатор өсүмдүктөр: мажүрүм тал, ат каштаны, талаа клену, ак кайын, кооз катальпа, кадимки ясень, кадимки гледичия, чынар терек, эмен, жылма кайрагач, тянь-шань карагайы, кызыл карагай даректары, бадалдар жана гүлдөр өстүрүлгөн аянтчалар
	4	Рекреациялык аймактар (Р.А.)	Шаардык суу бассейндери, шаардык эс алуучу жайлар. Салыштырмалуу табигый экосистемалар жана жээктердеги өсүмдүк каптоолору: мажурум тал, ак тал, алтай долоносу, жылгын, чычырканак түрлөрүнөн турат.
	5	Таштанды аянттары (Т.А.)	Шаарлардын четтериндеги шаардык таштандылар төгүлгөн жайлар. Негизги өсүмдүк каптоосу: кебер, чалкан, ат кулак, кычы, Паулсен ат кулагы, чачырак даргын, койчу баштык, кадимки манкоо, түштүк кекиреси, адырашман, топчу баш түрлөрү
	6	Айыл-чарба аянттары (А.Ч.А.)	Шаарлардын айланасындагы маданий-техникалык өсүмдүктөрөстүрүлгөн аянттар. Башка биотопторго салыштырмалуу аймагы чоң
	7	Адырлуу-талаалар (А.Т.)	Шаарлардын айланасындагы адырлар, бош жаткан жана өзгөрүлгөн талаалар. Негизги өсүмдүк каптоосу: кебер, кадимки шыбак, шыралжын, кадимки сары баш түрлөрү

Изилдөө иштери түз сызыктык трансекта методу, сандык көрсөткүчтөрү маршруттук учет менен 7 биотопто стационардык абалда жүргүзүлгөн. Учет учурунда, түз сызыктуу

трансекталардын аралыгы 4-9 км, маршруттун эки тарабы 100 м (50 м оң, 50 м сол тараптан) алынган. Түрдүк курамын аныктоо бир нече аныктагычтардын жардамында жүргүзүлдү [15, 26, 40]. Сандык учет дүрбү менен визуалдык жана сайраган үндөрүн угуу менен эсептелди. Учет жүргүзүүдө сайроочу самецтеринин жардамында да түрлөр аныкталып, саналган [11]. Аралыктар «Заря» кадам эсептегичи менен эсептелип, сүрөттөр «Canon Zoom» фотоаппаратынын жардамында тартылып алынган.

Статистикалык эсептөөлөр «Statist», «Стат-обработка» программаларынын жардамында жүргүзүлгөн:

Сандык жыштыгы (особ/км2) 1-формула менен эсептелди [12, 13]:

$$\mathbf{M} = \frac{\mathbf{m}}{\mathbf{L} * \mathbf{2d}} \qquad \text{(1-формула)}$$

Мында: M – түрдүн жыштыгы (особ/км2);

m – учет убагында эсептелген особдордун саны;

L – маршруттун узундугу (км);

2d – маршруттун оң, сол жагындагы аралык (50м х 50м).

Макаланын материалдары, 2024-2025-жылдары авторлор тарабынан 17 жөө маршруттук учеттордо, узундугу 85 чакырым аралыкта жыйналган.

Жыйынтыктар жана талкуулар

Шаар экосистемасы - үчүнчүлүк экосистема, анткени, мурдагы биринчилик экосистема болгон табигый талаалар жана адырлар, кийинчерээк экинчилик экосистема болуп өздөштүрүлгөн - айыл-чарба аянттарына айланган. Ал аянттарга курулган шаарлар үчүнчүлүк экосистеманы пайда кылды [9, 10].

Биологиялык көп түрдүүлүккө ээ болгон канаттуулардын биосферада 9 миңге жакын түрлөрү белгилүү. Кыргызстандын аймагында канаттуулардын 390 түрү кездешсе, анын 183 түрү (46,9%) таранчы сымалдуулар [7]. Ал эми, биздин изилдөөлөрүбүздүн жыйынтыгы боюнча таранчы сымал (*Passeriformes*) канаттуулардын 84 түрү кездешип, алардын 6 түрү - думбул сымал (*Emberizidae*) канаттуулар тукумуна таандык (3-таблица) [14, 15].

3-таблица. *Ош шаарындагы думбул сымал (Emberizidae) куштардын түрдүк курамы*

№	Кыргызча аталышы	Латынча аталышы	Орусча аталышы
	Тукуму: **Думбул сымалдар –** ***Emberizidae Vigors, 1825*** **– Овсянковые:**		
1.	Чоң думбул	*Emberiza calandra* Linnaeus, 1758	Просянка
2.	Кадимки чыйпылдак	*Emberiza citrinella* C.L.Brehm, 1855	Овсянка обыкновенная
3.	Тоо думбулу	*Emberiza cia* Linnaeus, 1766	Овсянка горная
4.	Куркулдай думбул	*Emberiza rustica* Pallas, 1776	Овсянка-ремез
5.	Бакчы думбул	*Emberiza hortulana* Linnaeus, 1758	Овсянка садовая
6.	Сары айгыр	*Emberiza bruniceps* Brandt, 1841	Овсянка желчная

Урбанизацияланган аймактардагы биологиялык көп түрдүүлүктү экологиялык жактан изилдөө өтө татаал. Себеби, үчүнчүлүк шаар экосистемасынын түзүлүшү көп баскычтуу болуп, белгилүү бир биотопко же бөлүккө бөлүп кароо кыйынчылык туудурат. Мисалы, белгилүү бир шаар экосистемасын карасак, жаныбарлардын жашоо-тиричилиги өтө турган бир канча бөлүктөргө бөлүп кароого болот [8]. Шаар экосистемасы - айрыкча борбордук бөлүгү (көп кабаттуу үйлөр, бетон, кирпич, айнектен же таштан ж.б. курулган имараттар) жаныбарлардын жашоосу, көбөйүүсү үчүн таптакыр жаңы чөйрө-шарттардан болуп эсептелип, жаныбарлардын жашоосу үчүн өтө экстремалдуу болуп эсептелет.

Шаар экосистемасынын борбордук бөлүгүнөн башка аймактары - шаардын четиндеги, ортосундагы рекреациялык жана жашылдандырылган аймактар табигый жаратылыш менен түз же кыйыр түрүндө байланышкан. Бул аймактарда жаныбарлардын түрдүк курамы негизинен турак-жай боло электеги ландшафттарда жашаган жаныбарлардын түрдүк курамдарынан түзүлөт. Шаар экосистемасынын четки аймактарын «шаардык эмес экосистемалар» (адыр-тоолор, айыл-чарба аянттары, рекреациялык зоналар ж.б.) деп атасак болот. Ошентип, шаар экосистемасын, же урбанизацияланган ландшафттарды бир нече биотопторго (жашоо чөйрө бөлүктөрүнө) бөлүп карадык:

1. Көп кабаттуу үйлөр (К.К.Ү.);

2. Бир-эки кабаттуу турак жайлар (Б.К.Т.Ж.);
3. Жашыл аймактар (Ж.А.);
4. Рекреациялык аймактар (Р.А.);
5. Таштанды аянттары (Т.А.);
6. Айыл-чарба аянттары (А.Ч.А.);
7. Адырлар, талаалар (А.Т.).

Көп кабаттуу үйлөр биотобу. Көп кабаттуу үйлөр жайгашкан аймакты көбүнчө шаардын борбордук бөлүгү же болбосо «асфальт кургактыгы» деп атоого болот. Шаарлардын бул борбордук бөлүгү таранчы сымалдуулардын көпчүлүк түрлөрү үчүн ыңгайлуу биотоп болуп калды. Ош шаарындагы көп кабаттуу үйлөр орун алган аймактарда думбул сымал (*Emberizidae*) канаттуулар тукумуна таандык канаттуулардын 5 түрү катталды (4-таблица).

4-таблица. *Көп кабаттуу үйлөр биотобундагы думбул сымал (Emberizidae) канаттуулардын түрдүк курамы жана сандык көрсөткүчтөрү*

№	Түрлөрү	Саны	%
1.	Чоң думбул (*Emberiza calandra* Linnaeus, 1758)	172	48,31±2,64
2.	Кадимки чыйпылдак (*Emberiza citrinella* C.L.Brehm, 1855)	75	21,07±2,16
3.	Куркулдай думбул (*Emberiza rustica* Pallas, 1776)	20	5,62±1,22
4.	Бакчы думбул (*Emberiza hortulana* Linnaeus, 1758)	75	21,07±2,16
5.	Сары айгыр (*Emberiza bruniceps* Brandt, 1841)	14	3,93±1,00
Баары:		**356**	**100**

4-таблицада берилгендей, бул биотопто доминанттык орунду *Emberiza calandra* (48,31%), субдоминанттык орунду *Emberiza citrinella* жана *Emberiza hortulana* (21,07%), үчүнчү орунду *Emberiza rustica* (5,62%) ээлешти.

Бир-эки кабаттуу турак жайлар биотобу. Шаар аянттары анын айланасына, бир кабаттуу жана 2-3 кабаттуу менчик турак-жайлардан турган майда шаарчалардын курулушу менен күндөн-күнгө кеңейүүдө. Бул шаарчалар шаар экосистемасынын борбордук бөлүгүнөн (көп кабаттуу үйлөрдөн) айырмаланып, табигый жаратылыштык чөйрө шарттарына окшош мүнөздөргө ээ. Анткени, кечеги табигый талаа, же айыл-чарба аянттары болуп эсептелген аймактарга курулууда. Бирок, шаар аймагына жакын жайгашкандыктан, шаардык экосистема структуралык биотобуна кирет. Бул биотопто, канаттуулардын жашап, көбөйүүсү үчүн толук чөйрө-шарттар бар бар болгондуктан, думбул сымалдуулардын 5 түрү аныкталды (5-таблица).

5-таблица. *Бир-эки кабаттуу турак жайлар биотобундагы думбул сымал (Emberizidae) канаттуулардын түрдүк курамы жана сандык көрсөткүчтөрү*

№	Түрлөрү	Саны	%
1.	Чоң думбул (*Emberiza calandra* Linnaeus, 1758)	510	71,93±1,69
2.	Кадимки чыйпылдак (*Emberiza citrinella* C.L.Brehm, 1855)	92	12,97±1,26
3.	Тоо думбулу (*Emberiza cia* Linnaeus, 1766)	5	0,71±0,31
4.	Бакчы думбул (*Emberiza hortulana* Linnaeus, 1758)	5	0,71±0,31
5.	Сары айгыр (*Emberiza bruniceps* Brandt, 1841)	97	13,68±1,29
Баары:		**709**	**100**

Бул биотопто доминанттык орунду *Emberiza calandra* (71,93%), субдоминанттык орунду *Emberiza citrinella* жана *Emberiza bruniceps* (12,97 % жана 13,68 %) түрлөрү ээлешти.

Жашыл аймактар биотобу. Ар бир шаарда адамдардын колу менен жасалган жашыл аймактар болот. Аларды парктар, сквердер жана жолдун эки тарабында тигилген декоративдик даректар, бадалдар, гүлдөр жана башка өсүмдүктөрдүн жыйындысы түзүп, думбул сымалдуулардын 5 түрү аныкталды (6-таблица).

6-таблица. *Жашыл аймактар биотобундагы думбул сымал (Emberizidae) канаттуулардын түрдүк курамы жана сандык көрсөткүчтөрү*

№	Түрлөрү	Саны	%
1.	Чоң думбул (*Emberiza calandra* Linnaeus, 1758)	133	73,48±3,28
2.	Кадимки чыйпылдак (*Emberiza citrinella* C.L.Brehm, 1855)	20	11,05±2,3

3.	Тоо думбулу (*Emberiza cia* Linnaeus, 1766)	20	11,05±2,3
4.	Куркулдай думбул (*Emberiza rustica* Pallas, 1776)	5	2,76±1,22
5.	Бакчы думбул (*Emberiza hortulana* Linnaeus, 1758)	3	1,66±0,95
Баары:		**181**	**100**

Мында, доминант *Emberiza calandra* (73,48%), субдоминант *Emberiza citrinella* жана *Emberiza cia* (11,05 %) түрлөрү болушту.

Рекреациялык аймактар биотобу. Шаар экосистемасынын чет жактарында жана шаарды аралап өткөн дарыялар, каналдар, сайлар жана курорттук зоналар бар. Бул биотоп өсүмдүктөрдүн көп түрдүүлүгүнө ээ. Дарыялардын, каналдардын, сайлардын жана булактардын жээк экотондору жаныбарлар үчүн өтө ыңгайлуу, анткени канаттуулардын уялоосу, көбөйүүсү, балапандарын басып чыгарып өстүрүү мезгили өзгөчө табигый жаратылышка жакын болгон ушул аймактарда жүрөт. Бул биотопто думбул сымал (Emberizidae) канаттуулардын 6 түрү катталды (7-таблица).

7-таблица. *Рекреациялык аймактар биотобундагы думбул сымал (Emberizidae) канаттуулардын түрдүк курамы жана сандык көрсөткүчтөрү*

№	Түрлөрү	Саны	%
1.	Чоң думбул (*Emberiza calandra* Linnaeus, 1758)	180	49,05±2,61
2.	Кадимки чыйпылдак (*Emberiza citrinella* C.L.Brehm, 1855)	66	17,99±2,01
3.	Тоо думбулу (*Emberiza cia* Linnaeus, 1766)	44	11,99±1,69
4.	Куркулдай думбул (*Emberiza rustica* Pallas, 1776)	9	2,45±0,81
5.	Бакчы думбул (*Emberiza hortulana* Linnaeus, 1758)	20	5,45±0,81
6.	Сары айгыр (*Emberiza bruniceps* Brandt, 1841)	48	13,08±1,76
Баары:		**367**	**100**

Бул биотопто доминанттык орунду *Emberiza calandra* (49,05%), субдоминанттык орунду *Emberiza citrinella* (17,99 %) түрлөрү ээлешти.

Таштанды аянттары биотобу. Шаарлардын көчөлөрүндө таштанды ташталуучу майда аянтчалар жана алар топтолуучу шаардык таштанды топтой турган чоң аянттар болот. Таштанды аянттарында жаныбарлардын ар кандай түрлөрү жашап, көбөйүүгө ыңгайланып, кээ бир түрлөрү негизги жашоо чөйрө катары пайдаланышат. Бул биотопто думбул сымал (Emberizidae) канаттуулардын 1 эле, кадимки чыйпылдак (*Emberiza citrinella* C.L.Brehm, 1855) түрү катталды.

Айыл-чарба аянттары биотобу. Урбанизация процесси, мурдагы маданий-техникалык өсүмдүктөр (пахта, тамеки, жүгөрү, буудай ж.б.) өстүрүлгөн аймактарга курулган. Учурда Ош шаарынын чет жактары, экинчилик экосистема болуп саналган айыл чарба аянттары менен курчалып турат. Бул биотоптогу канаттуулардын жана башка жаныбарлардын пайда болушу жана калыптанышы мурдагы биринчилик жана экинчилик экосистемалардын фауналык структурасына, сандык өзгөчөлүктөрүнө түздөн-түз байланыштуу. Бул биотопто думбул сымал (*Emberizidae*) канаттуулардын 4 түрү катталды (8-таблица).

8-таблица. *Айыл-чарба аянттары биотобундагы думбул сымал (Emberizidae) канаттуулардын түрдүк курамы жана сандык көрсөткүчтөрү*

№	Түрлөрү	Саны	%
1.	Чоң думбул (*Emberiza calandra* Linnaeus, 1758)	405	82,32±1,72
2.	Кадимки чыйпылдак (*Emberiza citrinella* C.L.Brehm, 1855)	9	1,82±0,61
3.	Тоо думбулу (*Emberiza cia* Linnaeus, 1766)	49	9,95±1,35
4.	Бакчы думбул (*Emberiza hortulana* Linnaeus, 1758)	29	5,89±1,06
Баары:		**492**	**100**

Мында, доминант *Emberiza calandra* (82,32%), субдоминант *Emberiza cia* (9,95 %) түрлөрү болушту.

Адырлар, талаалар биотобу. Шаарлардын чек арасы айыл чарба аянттары менен бирге адырлар, талаалар менен курчалып турат. Адырлар, талаалар биотоптору негизинен өзгөрүлгөн биотопторго кирет. Бул аймактар адам баласы тарабынан көбүнчө эрте жазда

жайыт катары пайдаланылат. Бул биотопту изилдөөдө думбул сымал (*Emberizidae*) канаттуулардын 3 түрү аныкталды (3.9-таблица).

9-таблица. *Адырлар, талаалар биотобундагы думбул сымал (Emberizidae) канаттуулардын түрдүк курамы жана сандык көрсөткүчтөрү*

№	Түрлөрү	Саны	%
1.	Чоң думбул (*Emberiza calandra* Linnaeus, 1758)	223	79,92±2,39
2.	Кадимки чыйпылдак (*Emberiza citrinella* C.L.Brehm, 1855)	53	18,99±2,35
3.	Куркулдай думбул (*Emberiza rustica* Pallas, 1776)	3	1,07±0,61
Баары:		**279**	**100**

Мында, доминант *Emberiza calandra* (79,92%), субдоминант *Emberiza citrinella* (18,99 %) түрлөрү болушту.

Корутунду

1. Ош шаарында думбул сымал (*Emberizidae*) канаттуулардын 6 түрү байырлагандыгы аныкталды.

2. Ош шаарындагы изилденген жети биотоптордо сандык көрсөткүчтөрү боюнча *Emberiza calandra* кушу доминантык абалга ээ болуп, сандык катышы - 48,31% дан 82,32% ын түздү.

Практикалык сунуш. Урбанизацияланган экосистемалар табигый экосистемалардан айлана-чөйрөнүн туруксуз болгондугу менен айырмаланышат. Думбул сымалдар (*Emberizidae*) тукумуна канаттуулардын түрдүк курамы, сандык көрсөткүчтөрү адам баласынын иш-аракети менен тыгыз байланышкан. Ошондуктан, канаттуулардын сандык жыштыгы төмөнкү көрсөткүчтөргө ээ болгон пайдалуу түрлөрүн жана сандык жыштыгы жогорку көрсөткүчтөргө ээ болгон массалык түрдө кездешүүчү синантроптук түрлөрүнүн санын жөнгө салуу боюнча илимий жактан негизделген методдорду иштеп чыгуу; Канаттуулар уя салууга ыңгайлуу болгон дарак, бадал өсүмдүктөрү өскөн токой тилкелерин көбөйтүү; Канаттууларды коргоо боюнча узак мөөнөттөгү максаттуу иш-чараларды иштеп чыгуу; Туруктуу өнүгүү, биологиялык көп түрдүүлүктү сактоо багытында коомчулуктун ар кандай катмарларынын экологиялык аң-сезимдерин, тарбия, билимдерин жогорулатуу максатында натыйжалуу жана тынымсыз иш жүргүзүү.

Колдонулган адабияттар

10. Blümel H, Blümel R. Wirbeltiere als Opfer des Strassenverkehrs. Abh. Ber. Naturkundemus. Görlitz 54, 1980. – P. 19-24.
11. Абдыкааров, А.М. Птицы города Ош и его окрестностей [Текст]: автореф. канд. биол. наук: 03.00.08 / А.М.Абдыкааров. –Бишкек, 2005. –25 с.
12. Абдыкааров, А. М. Фауна синантропных видов птиц города Ош / А. М. Абдыкааров, Ф. К. Маткеримова, Н. М. Кудайназарова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2022. – № 1. – С. 41-44. – EDN VPYVMS.
13. Демографический энциклопедический словарь/ гл.ред. Д.И.Валентей. – М.: «Советская энциклопедия», 1985. -608 с.
14. Йост ван дер Вен, Птицы Киргизии, 2002. Определитель позвоночных животных СССР. Часть 2.
15. Клаустнитцер, Б. Экология городской фауны [Текст] / Б.Клаусницер. – М.: Мир, 1990. – 246 с.
16. Константинов, В.М. Зоология позвоночных. [Текст]: учебник для студ. биологич. фак. педвузов / В.М.Константинов, Н.П.Наумов, С.П.Шаталова – М.: Академия, 2000. – 496 с.
17. Кулназаров, Б.К. Жалпы экология [Текст]: учеб. пособие для вузов / Б.К.Кулназаров. – М.: Красный пролетарий, 1999. – 364 с.

18. Кулназаров, Б.К. Научные проблемы экологии и охраны природы [Текст] / Б.К.Кулназаров // Вестник ОшГУ. №3. Серия естественных наук. – Ош, 2009. – С. 57-59.
19. Наумов, Р.Л Методика абсолютного учета птиц в гнездовой период на маршрутах [Текст]: Зоол. журнал: №1 / Р.Л. Наумов. –М.: 1965. –С. 81-92.
20. Преображенская, Е.С. Экология воробьиных птиц Приветлужья [Текст]: / Е.С.Преображенская. – М.: 1998. КМК Scientific Press Ltd. 200 с.
21. Равкин, Ю.С. К методике учета птиц лесных ландшафтов во внегнездовое время [текст]: // организация и методы учета птиц и вредных грызунов / Ю.С. Равкин, Б.П. Доброхотов. – М.: 1963. – с. 130-136.
22. Систематический список позвоночных животных Кыргызстана [Текст]/[Т.Хардер, В.И.Торопова, С.В.Кулагин и др.] – Бишкек, 2010. – 116 с.
23. Стамалиев, К.Ы. Урбанизацияланган экосистемалардагы таранчы сымал *(Passeriformes)* канаттуулар [Текст] / К.Ы.Стамалиев, А.М. Абдыкааров // Вестник ОшГУ. Серия естественных наук. № 5. – Ош, - 2014. – С.
24. Флинт, В.Е. Закономерности формирования орнитофауны городских лесопарков [Текст]: // В.Е. Флинт, А.Л. Тейхман. / Орнитология. – М.: Наука, 1976. – Вып. 12. – С. 41-58.

УДК: 582.734:581.4(575.6)

МОРФОЛОГИЧЕСКИЕ ОСОБЕННОСТИ ГЕНЕРАТИВНЫХ ОРГАНОВ НЕКОТОРЫХ ВИДОВ РОДА LONICERA.L СЕВЕРНОГО СКЛОНА АЛАЙСКОГО ХРЕБТА

АЛАЙ ТОО КЫРКАСЫНЫН ТҮНДҮК КАПТАЛЫНЫН LONICERA.L ТУКУМУНДАГЫ АЙРЫМ ТҮРЛӨРДҮН ГЕНЕРАТИВДИК ОРГАНДАРЫНЫН МОРФОЛОГИЯЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

MORPHOLOGICAL FEATURES OF GENERATIVE ORGANS OF SOME SPECIES OF THE GENUS LONICERA.L OF THE NORTHERN SLOPE OF THE ALAI RANGE

Сагынбаева Гулзада Авазбековна
Сагынбаева Гулзада Авазбековна
Sagynbaeva Gulzada Avazbekovna
старший преподаватель, Ошский государственный педагогический университет
улук окутуучу, Ош мамлекеттик педагогикалык университети
Senior lecturer, Osh State Pedagogical University
Gulzada75g@mail.ru

МОРФОЛОГИЧЕСКИЕ ОСОБЕННОСТИ ГЕНЕРАТИВНЫХ ОРГАНОВ НЕКОТОРЫХ ВИДОВ РОДА LONICERA.L СЕВЕРНОГО СКЛОНА АЛАЙСКОГО ХРЕБТА

Аннотация

В статье представлены результаты исследования морфологических особенностей генеративных органов пяти видов рода Lonicera L. (L. microphylla, L. korolkowii, L. karelinii, L. nummularifolia, L. hispida), произрастающих на северном склоне Алайского хребта. Изучены качественные и количественные признаки цветков, соцветий и плодов, выявлены видовые различия и адаптации к высокогорным условиям. Установлено, что с увеличением высоты (1500–3000 м) уменьшаются размеры цветков (на 22–28%) и увеличивается толщина стенки завязи (на 40–45%). Выявлены диагностические признаки для разграничения таксонов, включая форму рыльца и характер опушения. Особое внимание уделено уникальным особенностям L. nummularifolia (необычная форма плодов) и L. hispida (наличие железистых трихом). Полученные данные важны для систематики рода, оценки биоразнообразия и разработки мер охраны редких видов в условиях климатических изменений. Особое внимание уделено внутривидовой и межвидовой изменчивости репродуктивных структур в условиях высокогорья. Полученные данные позволяют уточнить диагностические признаки видов Lonicera в данном регионе и могут быть использованы для систематики, экологии и флористических исследований.

Ключевые слова: *жимолость, адаптация, нектарник, соцветие, пестик, тычинка, венчик, чашечка*.

АЛАЙ ТОО КЫРКАСЫНЫН ТҮНДҮК КАПТАЛЫНЫН LONICERA.L ТУКУМУНДАГЫ АЙРЫМ ТҮРЛӨРДҮН ГЕНЕРАТИВДИК ОРГАНДАРЫНЫН МОРФОЛОГИЯЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

Аннотация

Макалада Алай кырка тоосунун түндүк капталында өсүүчү L. (L. microphylla, L. korolkowii, L. karelinii, L. nummularifolia, L. hispida) тукумунун беш түрүнүн генерациялык органдарынын морфологиялык өзгөчөлүктөрүн изилдөөнүн жыйынтыктары берилген. Гүлдөрдүн, гүлдөрдүн жана мөмө-жемиштердин сапаттык жана сандык мүнөздөмөлөрү изилденип, түрлөрдүн айырмачылыктары жана бийик тоолуу шарттарга ыңгайлашуусу аныкталган. Бийиктикке (1500-3000 м) өскөн сайын гүлдөрдүн көлөмү кичирейип (22-28%ке), энелик бездин дубалынын калыңдыгы (40-45%ке) чоңойору аныкталган. Таксаларды айырмалоо үчүн диагностикалык өзгөчөлүктөр, анын ичинде стигманын формасы жана жыныстык жетилүүнүн үлгүсү аныкталган. L. nummularifolia (өзгөчө мөмө формасы) жана L. hispida (бездүү трихомалардын болушу) уникалдуу өзгөчөлүктөрүнө өзгөчө көңүл бурулат. Алынган маалыматтар тукумдун таксономиясы, биологиялык ар түрдүүлүктү баалоо жана климаттын өзгөрүшүнө байланыштуу сейрек кездешүүчү түрлөрдү коргоо чараларын иштеп чыгуу үчүн маанилүү. Бийик тоолуу аймактарда тукум улоо структураларынын түр ичиндеги жана түр аралык өзгөрмөлүүлүгүнө өзгөчө көңүл бурулат. Алынган маалыматтар бул аймактагы Lonicera түрлөрүнүн диагностикалык өзгөчөлүктөрүн тактоого мүмкүндүк берет жана таксономия, экология жана флористикалык изилдөөлөр үчүн колдонулушу мүмкүн.

Ачкыч сөздөр: *ыргай, адаптация, шире, гүлдөө, пистиль, стамен, королла, чөйчөкчө*.

MORPHOLOGICAL FEATURES OF GENERATIVE ORGANS OF SOME SPECIES OF THE GENUS LONICERA.L OF THE NORTHERN SLOPE OF THE ALAI RANGE

Annotation

The article presents the results of a study of the morphological features of the generative organs of five species of the genus Lonicera L. (L. microphylla, L. korolkowii, L. karelinii, L. nummularifolia, L. hispida) growing on the northern slope of the Alai range. Qualitative and quantitative characteristics of flowers, inflorescences and fruits were studied, species differences and adaptations to high-altitude conditions were revealed. It was found that with increasing height (1500-3000 m), the size of the flowers decreases (by 22-28%) and the thickness of the ovary wall increases (by 40-45%). Diagnostic features for distinguishing taxa, including the shape of the stigma and the pattern of pubescence, have been identified. Special attention is paid to the unique features of L. nummularifolia (unusual fruit shape) and L. hispida (the presence of glandular trichomes). The data obtained are important for the taxonomy of the genus, the assessment of biodiversity, and the development of measures to protect rare species in the face of climate change. Special attention is paid to the intraspecific and interspecific variability of reproductive structures in the highlands. The data obtained make it possible to clarify the diagnostic features of Lonicera species in this region and can be used for taxonomy, ecology and floristic studies.

Keywords: *honeysuckle,adaptation, nectary, inflorescence, pistil, stamen, corolla, calyx.*

Введение

Северный склон Алайского хребта, характеризующийся резко континентальным климатом и значительными высотными градиентами, представляет уникальную возможность для изучения морфологической изменчивости репродуктивных структур растений. Одной из таких интересных и распространённых групп растений являются представители рода *Lonicera* L. (жимолость), относящиеся к семейству Caprifoliaceae Juss. Род *Lonicera* насчитывает более 200 видов, распространённых преимущественно в умеренных зонах северного полушария, в том числе на территории Центральной Азии [25],. Лишь немногие виды заходят в горные районы тропиков, а единичные - изредка встречаются и в южном полушарии. Из приведенных 52 видов жимолости [26], распространенных в бывшем СССР, в Кыргызстане встречаются более 20 [12] (Головкова, Чубарова, 1988). Как и в случае с другими растениями, существует мало работ по формированию и расположению генеративных органов жимолости. Хотя поверхностно к таким работам Н.Е.Булыгин [1965], Е.Л.Нухимский [1970], М.Т.Мазуренко,А.П.Хохряков [1977] и другие.Н.Е. Булыгин классифицирует генеративные ветви древесно-кустарниковых растений на 2 группы в зависимости от их состояния после окончания цветения. Первая группа включала тех, у генеративные ветви распускаются и умирают после плодоношения, а вторая-тех, у генеративный рост и только генеративная часть умирает после цветения. Нами изучено 9 видов жимолости, распространенных на северном склоне Алайского хребта. Все они – кустарники.

Актуальность исследования обусловлена: недостаточной изученностью морфологии генеративных органов Lonicera в высокогорьях Алайского хребта и полученные данные важны для сохранения биоразнообразия, интродукции и использования жимолостей.

Целью работы является комплексное изучение морфологических особенностей генеративных органов (цветков, соцветий, плодов) представителей рода Lonicera северного склона Алайского хребта. Для достижения этой цели были поставлены следующие задачи:

- провести детальный морфометрический анализ репродуктивных органов;

-выявить видовые диагностические признаки;

-оценить степень изменчивости морфологических характеристик;

